**А. С. Сагдуллаев, В. А. Костецкий**

# Т А Р Ы Х

## БАЙЫРКЫ ДҮЙНӨ

*Жалпы орто билим берүүчү мектептердин*
*6-класс окуучулары үчүн окуу китеби*

*Оңдолгон жана толукталган үчүнчү басылышы*

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү*
*министрлиги тарабынан сунуш кылынган*

**«YANGIYO‘L POLIGRAF SERVISE»**
**ТАШКЕНТ – 2013**

**63.3(0)3**

*Р е ц е н з е н т т е р :*
*тарых илимдеринин доктору, академик* **Й. А. Буряков**
*тарых илимдеринин кандидаты* **О. М. Мавлонов**,
*тарых илимдеринин кандидаты* **Н. Т. Палванов,**
*Өзбекстандын эң жаңы тарыхы маселелери боюнча макулдаштыруучу методикалык борбордун сектор башчысы* **А. Замонов**,
*РББнун коомдук-экономикалык билим негиздери жана руханий-агартуу иштери бөлүмүнүн башкы методисти* **М. Холбоева**.

*S16*
**А. Сагдуллаев, В. Костецкий.**
*Тарых. Байыркы дүйнө: Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 6-класс окуучулары үчүн окуу китеби . Оңдолгон жана толукталган 3-басылышы./ А. Сагдуллаев, В. Костецкий. — — Ташкент: "Yangio'l poligraf servise", 2013. — 192 б.*

I. Костецкий, Василий Ануфриевич. BBK 63.3(0)3я72 + 63.3(5Ў)

Окуу китебинде алгачкы жолу Дүйнө тарыхы менен Өзбекстан тарыхын шайкеш келтирүүнүн негизинде Байыркы дүйнө тарыхы курсун иштеп чыгууга урунуулар ишке ашырылды.

Окуу китебинин материалдары Билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарына ылайык иретке салынды. Авторлор Өзбекстан жана чет өлкөлүк тарых мугалимдеринин иш тажрыйбаларындагы жаңы методикадан да кеңири пайдаланышкан.

1.1,2. Авторлош.

**Мамлекеттик бюджет каражаттары эсебинен ижара үчүн басылды. Акысыз.**

ISBN 978-9943-366-00-8

© Yangio'l poligraf servise, 2009, 2013
© А.С.Сагдуллаев, В.А.Костецкий, 2009, 2013

# М А З М У Н У

Авторлордон.....................................................................................5

## I Б Ө Л Ү М

### Эң байыркы түзүлүштөн цивилизацияны карай

1-§. Байыркы тарых – цивизациянын башаты..............................8
2-§. Эң байыркы адамдар өнүгүшүнүн алгачкы этаптары..........13
3-§. Уруучулук коому...................................................................18
4-§. Энеолит жана коло доорлорунун дыйкандары....................22
5-§. Темир дооруна өтүү мезгилинде Орто Азиянын өнүгүшү....25

## I I Б Ө Л Ү М

### Байыркы Чыгыш жана Орто Азия

6-§. Нил өрөөнү жана анын калкы...............................................28
7-§. Египет жана кошуна элдер ...................................................32
8-§. Байыркы Египеттин дини .....................................................34
9-§. Пирамидалар жана күмбөздөр .............................................37
10 – 11-§§. Байыркы Египеттин маданияты................................40
12-§. Месопотамиянын цивилизациялары..................................43
13-§. Вавилон падышалыгы.........................................................49
14-§. Алдыңкы Азия мамлекеттери жана алардын
кошуналары...........................................................................53
15-§. Ахаманийлер мамлекети ....................................................57
16-§. Индия цивилизациясы.........................................................61
17-§. Биздин заманга чейинки I миң жылдыкта Индия ................65
18-§. Кытайдын байыркы цивилизациялары ...............................68
19-§. Б. з. чейинки III – б. замандын II кылымдарында Кытай.....72
20-§. Өзбекстандын аймагындагы алгачкы мамлекеттер............75
21 – 22-§§. Зороастризм..............................................................80

## III БӨЛҮМ
## Байыркы Греция

23-§. Антикалык тарыхтын башталышы....84
24 – 25-§§. Байыркы Грециянын өнүгүшү....86
26-§. Афинада демократия....93
27-§. Грек-фарс согуштары....98
28-§. Грециянын Македония тарабынан басып алынышы....102
29 – 30-§§. Байыркы Грециянын маданияты....105
31 – 32-§§. Окумуштуулар жана ойчулдар....111
33 – 34-§§. Байыркы Грециянын уламыштары....115

## IV БӨЛҮМ
## Биздин заманга чейинки VI – биздин замандын IV кылымдарында Орто Азия

35 – 36-§§. Ахаманийлердин Орто Азияга жасаган баскынчылык жортуулдары....118
37 – 38-§§. Орто Азия калкынын грек-македония баскынчыларына каршы күрөшү....123
39 – 40-§§. Салавкийлер мамлекети жана Грек-Бактрия падышалыгы....128
41-§. Байыркы Харезм, Канг жана Даван мамлекети....132
42 – 43-§§. Кушандар падышалыгы....137
44-§. Улуу Жибек жолу....141

## V БӨЛҮМ
## Байыркы Рим

45-§. Италия жана анын калкы....145
46-§. Рим Республикасы....148
47-§. Рим Республикасы калкынын турмушу....151
48-§. Жер Ортолук деңизинде бийлик үчүн күрөш....155
49-§. Кулдар жана гладиаторлор....160
50-§. Рим Республикасынын кулашы....164
51-§. Рим империясынын кыйрашы....168
52 – 53-§§. Байыркы Рим маданияты....172
54-§. Руханият булактарында....178
Тарыхый терминдер сөздүгү....181
Жыйынтыктоочу кайталоо....185
Байыркы дүйнө тарыхына таандык тарыхый жана географиялык терминдер....186
Байыркы дүйнө тарыхындагы аттар....187
Байыркы дүйнө тарыхы даталарда....188

## АВТОРЛОРДОН

5-класста «Тарыхтан аңгемелер» менен тааныштың. Сен эми алыскы өтмүш жөнүндө билимдер кандай чогултулушун билип алдың.

6-класста алыскы доорлорго саякатыбызды улантабыз, эң байыркы мамлекеттер менен элдердин тарыхы, маданияты жана үрп-адаттары менен таанышып чыгабыз.

Месопотамия, Египет, Греция, Рим өлкөлөрү жана Орто Азиянын алгачкы мамлекеттери өкүм сүргөн доордон миңдеген жылдар өттү. Бирок адамдар байыркы заманда жараткан көптөгөн нерселерден бүгүн да күндөлүк турмушубузда пайдаланып келебиз. Булар – эмгек шаймандары, чопо буюмдар, дөңгөлөк, чопо ноолор, кездемелер, жазуулар жана башкалар. Байыркы замандын авторлору жазып калтырган чыгармалар азыркыга чейин адамдарга билим жана тарбия берип келет.

Окумуштуулар жер жүзүндө бир кездерде болуп өткөн окуяларды кайрадан калыбына келтирүү үчүн кыйла күч-аракеттерин сарпташкан. Алар байыркы шаарларды табышты, көптөгөн казуу жумуштарын аткарышты, териге, чопого, ташка, ошондой эле тыйындарга жазылган сырдуу жазууларды окушту. Сен эми археологиялик табылгалар эмнелер жөнүндө кабар беришин билесиң. Байыркы жазууларды үйрөнүү менен *эпиграфика*, ал эми тыйындарды изилдөө менен *нумизматика* деген атайын илим алектенет.

Адам баласы өтө жөнөкөй эмгек шаймандарынан кол өнөрчүлүк буюмдарын жасаганга, жөнөкөй турак-жай кургандан шаарларды жаратканга чейин болгон алыс жолду басып өттү. Эң байыркы шаар жана мамлекеттердин пайда болуш доорун окумуштуулар баштапкы *цивилизация* деп аташат. Алардын тарыхы Байыркы Чыгышта, андан кийин Грециядагы Крит аралында башат алган болчу. Байыркы цивилизациялар дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндөгү сыяктуу Орто Азияда, ошонун катарында Өзбекстандын аймагында да пайда болгон.


**Байыркы жазуунун үлгүсү**

Жер жүзүндө адам баласы пайда болгондон **биздин замандын 476-жы-**



**Археологиялык казуулар**

**лында** Батыш Рим империясы кулаганга чейин болуп өткөн окуялар тарых илиминде *Байыркы дүйнө тарыхы* деп аталат. Бул тарых ар түрдүү археологиялык жана жазма булактардын негизинде үйрөнүлөт.

Байыркы дүйнөнүн тарыхы Байыркы Чыгыш, Греция жана Рим сарай өкүлдөрү менен падышаларынын түрдүү жылнаамаларында (окуялардын жылдар боюнча жазылышы), мыйзамдар жыйнагында, өмүр баяндарында чагылдырылган. Аларда жортуулдар жана салгылашуулар, чиркөөлөр, сарайлар жана чептердин курулушу, кол өнөрчүлүк жана дыйканчылык, байыркы илим жана көркөм өнөр жөнүндө баяндалат.

Окумуштуулар окуган байыркы тексттер, мисалы, «Пирамида тексттери» менен «Маркумдар китеби» египеттиктердин тарыхы жөнүндө, «Библия» — еврейлердин, «Ригведа» — индилердин, ал эми «Авесто» болсо Орто Азия элдеринин тарыхы жөнүндө баяндайт.

Нил өрөөнүндөгү Египет *пирамидаларынын комплекси*, Тигр жана Ефрат аралыгындагы *Вавилон*, Инди өрөөнүндөгү *Мохенжодаро*, Ирандагы *Персеполь*, Греция, Рим жана Орто Азиянын көптөгөн шаарларындагы казуу иштери бүткүл дүйнөгө белгилүү.

Бирок байыркы дүйнө тарыхына тиешелүү али ачыла элек сырлар аз эмес. Балким кимдир бирөөң аларды ачарсың. Тарых бизди көп нерсеге үйрөтөт. Бекеринен аны “улуу мугалим” деп аташпайт. Ошол



**Тыйындардагы жазуулар**

себептүү ар бирибиз Мекенибиздин тарыхын билүүгө жана башка өлкө элдеринин тарыхы менен маданиятына урмат менен мамиле жасоого тийишпиз. Бул окуу китебин окуп жатып түшүнүүгө кыйын болгон көптөгөн сөздөргө, тарыхый термин жана сөздөргө туш келесиң. Аларды жаттоо жана эсте тутуу керек болот.

**Окуу китебинин тексти менен иштөө**

Бул кеңештерибизди көнүл коюп оку, алар сага үйрөнүлүп жаткан теманы эстеп калууда жардам берет.

Үйгө берилген тапшырмаларды аткарууда төмөнкүлөргө баш ий:

1. Сабакта жазып алгандарыңды бир нече жолу оку.
2. Окуудан мурда теманын аталышына көңүл бур, сабакта эмнелер айтылганын эске ал.
3. Ар бир теманын аягында берилген суроолорду оку. Ошондо сен жазгандарыңды окуганда эмнелерге көңүл буруу, окугандарыңды кандай тартипте баяндоо керектигин билип аласың.
4. Текстти болжолдоп бөлүктөргө бөл жана ар биринин негизги мазмунун өз сөзүң менен айт, андан кийин бүткүл теманы сүйлөп бер. Сүйлөй албасаң, татаал жерлерин кайра оку. Кайтала. Окуу китебинин текстин жаттоо шарт эмес.
5. Текстти окуу процессинде анда эскертилген сүрөт менен жадыбалдарды тап, түшүндүрмөлөрдү оку, текстте жолуккан шаарлардын, мамлекеттердин аттарын картадан тап.
6. Суроолорго жооп бер жана теманын аягындагы тапшырмаларды аткар.

Эгерде сен ар бир параграфтын аягында берилген таяныч конспекттер боюнча тарыхты үйрөнүүнү чечсең, анда төмөнкүлөрдү аткарууга тийишсиң:


1. Параграфтардын текстин таяныч конспекттин сөздөрү менен салыштырып оку.
2. Конспекттен пайдаланып, параграфты бир нече жолу сүйлөп бер.
3. Таяныч сөздөрдү жаттан айтып берүүгө аракеттен (терең ойлонгондон кийин гана өздөштүрүү керек) .
4. Бир нече сааттан кийин дагы бир жолу таяныч конспектини кайтала.

Биз, китептин авторлору, сага алыскы тарыхка саякат жасоодо, маданий эстеликтер менен таанышууда жана байыркы дүйнөнүн тарыхын үйрөнүүдө жардам беребиз.



# I БӨЛҮМ
# ЭҢ БАЙЫРКЫ ТҮЗҮЛҮШТӨН ЦИВИЛИЗАЦИЯНЫ КАРАЙ

## 1-§. Байыркы тарых – цивилизациянын башаты



Байыркы шаар-дын урандылары


**Байыркы тарыхты үйрөнүү**

*Адамзаттын байыркы тарыхын* адистиги түрдүүчө болгон окумуштуулар үйрөнүшөт. *Археологдор* байыркы замандарда адамдардын *турактарында* казуу жумуштарын ишке ашырышат.

*Антропологдор* байыркы адамдардын калдыктарын (скелетин, баш сөөгүн) кылдаттык менен текшерип, алардын кебете-кешпирин кайрадан түзүүгө, миңдеген жылдар ичинде адамдын тышкы көрүнүшүндө кандай өзгөрүүлөр болуп өткөнүнө байкоо жүргүзүшөт.

*Этнографтар* байыркы адамдардын көптөгөн үрп-адаттарын, чарбалык жана маданий салттарын сактап калган азыркы уруу жана элдерди үйрөнүшөт.

*Лингвисттер*, башкача айтканда тилчилер азыркы тигил же бул тил кандайча калыптангандыгын түшүнүп жетүү максатында байыркы тилдерди изилдешет.



Байыркы кол жазмалардын калдыктары

***Өзүңдү сынап көр!***


| | |
|---|---|
| ***Археологдор* — ...** | ***Этнографтар* — ...** |
| ***Антропологдор* — ...** | ***Лингвисттер* — ...** |

**Байыркы тарых боюнча булактар**

Өлкөбүздүн эң байыркы тарыхын биз кайдан билебиз? Анткени ал мезгилдерде жазуу болгон эмес эле го! Тарых таануучулар тарабынан табылган *материалдык булактар* өлкөбүздүн эң байыркы тарыхы кеңири үйрөнүлгөн булактар саналат. Эмгек шаймандары,


чопо идиштер, курал-жарактар, жасалгалар, кыскасы, илгери адамдын колу менен жаралган бардык нерселер ушулардын катарына кирет.

Жазма булактар аркылуу окумуштуулар үчүн байыркы тарыхты үйрөнүү оңойлошту. Орто Азиянын тарыхы боюнча эң байыркы булак – бул зороастризмдин ыйык китеби *"Авесто"*. Анда өлкөбүздүн байыркы тарыхый аймактары – *Бактрия, Согдияна* жана *Харезм* калкынын маданияты жөнүндө баяндалат.



**"Авесто" кол жазмасынын барагы**

Дагы бир жазма булак – бул *Бехистун* аскасындагы жазуулар. Бехистун аскалары Ирандагы *Кирманшах* шаарына жакын жерде жайгашкан. Иран падышасы *Доро I* дин буйругу боюнча аскага оюп жазылган үч (байыркы *иран, элам, вавилон*) тилдеги жазмаларда ал басып алган мамлекет жана элдер, ошолордун катарында Харезм, Согдиана, Бактрия мамлекеттери жөнүндө сөз болот.



**Геродот – байыркы грек тарыхчысы**

Б. з. ч. V кылымда байыркы грек тарыхчысы *Геродот* ааламга саякат жасап, тогуз китептен турган «Тарых» чыгармасын жазат. Анда өлкөбүздүн байыркы калкы жөнүндө толук маалымат берилген.


Б. з. ч. I кылымдын аяктарында байыркы грек тарыхчы-географы *Страбон* «География» аттуу чыгармасында көптөгөн элдердин маданияты, тарыхый окуялар жөнүндө маалыматтар берет.

Б. з. ч. II кылымдын аягы – I кылымдын баштарында байыркы Кытай тарыхчысы *Сим Цянь* Кытай тарыхына таандык «Тарыхый жылнаамалар» аттуу чыгармасын жазган. Ал өлкөбүздүн байыркы калкы жана өлкөлөрү жөнүндө да маалымат берет.



**Чоподогу жазуу. Клинопись**

Биздин замандын I кылымында байыркы Рим тарыхчысы *Квинт Курций Руф* «Улуу Александрдын тарыхы» аттуу чыгармасын жазган. Македониялык Александрдын Борбордук Азияга жасаган аскердик жортуулдары жөнүндөгү маалыматтарды биздин замандын II кылымында жашаган грек тарыхчысы



Орто Азиянын тоолору

*Арриан* да кыйла толуктаган. Ал «Александрдын аскердик жортуулдары» аттуу чыгарма жазган.


Ошолор жана кийинчерээк жаратылган илимий эмгектер аркылуу окумуштуулар өлкөбүздүн байыркы тарыхын калыбына келтиришти.

***Өзүңдү сынап көр!***

| | |
|---|---|
| ***Геродот — ...*** | ***Квинт Курций Руф — ...*** |
| ***Страбон — ...*** | ***Сим Цянь — ...*** |
| ***Арриан — ...*** | ***Бехистун жазуулары — ...*** |


**Өзбекстан жана дүйнөлүк цивилизация**

Өзбекстан географиялык орду боюнча байыртадан Орто Азия деп аталып келген чөлкөмдүн курамына кирет. Ал кыйла чоң аймакты ээлейт. Амударыя менен Сырдарыянын аралыгы, Фергана, Зерафшан өрөөндөрү жана Сурхандарыя оазиси өзүнүн түшүмдүүлүгү жана жылуу климаты натыйжасында байыртадан эле гүлдөгөн өлкө болгон. Ыңгайлуу географиялык чөлкөмгө ээ бул жер Чыгыш жана Батыш мамлекеттерин байланыштырып келген. Мында Өзбекстандын байыркы шаарлары аркылуу өткөн Улуу Жибек жолунун мааниси аябай чоң болгон. Өзбекстан адамзат маданияты тарыхынын эң байыркы жерлеринен бири саналат.



Толуп аккан Амударыя

Бул жерде жергиликтүү калк байыркы замандардан жашап келген. Б. з. ч. VI – V кылымдарда гректер өлкөбүздүн калкы, аймагы жөнүндө маалыматтарга ээ болушкан. Орто Азиянын эки ири дарыясы – Амударыя менен Сырдарыя Гиндикуш, Памир жана Тянь-Шань тоолорунан башат алган дарыялардын суулары менен толуп деңизди көздөй бет алат. Дарыянын оазистерин бойлой маанилүү соода жолдору өткөн.



Ийгиликтүү уудан кийин

Байыркы турактарды казуу учурунда археологдор Индия, Иран жана Месопотамиянын кол өнөрчүлөрү тарабынан жасалган чопо жана металл

идиштерди, зергерлик буюмдарын табышкан.

Биздин заманга чейинки 1-миң жылдыкта Чыгышта байыркы ири мамлекеттер гүлдөгөн учурда маданий карым-катыштар дагы да күчөйт. Ар түрдүү жазма жана археологиялык булактарда ошол байыркы элдердин кол өнөрчүлүгү, архитектурасы жана айыл чарбасы өнүккөндүгү баса белгиленет.



**Алгачкы аңчылар**

**Эң байыркы түзүлүштү баскычтарга бөлүү**

Дүйнөдөгү бардык элдер алгачкы общиналык түзүлүштү башынан өткөрүшкөн.

*Алгачкы общиналык түзүлүш* — **адамзат тарыхынын бардык эмгек шаймандары жалпы болгон, бардыгы бирдей эмгектенген бир доору.**

**Эсте сакта!**


Мындан 5 – 4 миң жыл мурда Орто Азиянын байыркы калкы менен Байыркы Чыгыштын элдери ортосунда карым-катыш башталган.

Адамзаттын өнүгүшүндөгү алгачкы баскыч адамдардын *алгачкы уруктарга* биригиши болуп, бул урук өзүнө байыркы адамдардын чоң жамаатын камтыган.

*Алгачкы урук* — **турмуш менен эмгектин жалпылыгы негизинде бириккен эң байыркы адамдардын жамааты.**

Эң байыркы урук акырындык менен жуурулушуп, тууган-туушкандардын өз алдынча уюмуна – уруу жамаатарына айланып олтурду.

*Уруу* — **чогуу жашаган жана эмгектенген, жалпы эмгек шаймандары жана курал-жарактарга ээ болгон тууган-туушкандардын жамааты.**



**Адамдар жамаат менен эмгектенишкен**

Алгачкы уруу жамааттары аялдын, башкача айтканда эненин айланасында чогула баштаган. Адамзаттын тарыхындагы бул баскыч эне уруусунун доору – *матриархат* деп аталат.



**Жапайы аттар үйүрүнүн куугунтукка алынышы**

> *Матриархат* — **эң байыркы түзүлүштүн өнүгүшүндөгү баскыч болуп, тууган-туушканчылык мамилелери эне жакка карай белгиленип, уруунун жана үй-бүлөнүн башчысы аял киши болгон.**

Кийинчерээк эмгек шаймандары жана чарба жүргүзүүнүн формалары өркүндөгөн сайын топтордогу жетекчилик акырындык менен эркек кишиге өтө баштайт, эркек киши урууга башчы болуп калат. Окумуштуулар адамзаттын тарыхындагы бул доорду *патриархат* деп аташат, патриархат менен эң байыркы урууулук түзүлүш да аягына чыгат.

**Эсте сакта!**

Таш доорунун баскычтары:
- палеолит,
- мезолит,
- неолит,
- энеолит.

> *Патриархат* — **адамзат өнүгүшүнүн доору, анда эркек адам коомдун турмушунда жетекчи орунга ээ болуп, тууган-туушканчылык мамилелер да ата жакка карай белгиленген.**

Эң байыркы адамдар алгачкы эмгек шаймандарын таштан жасашкандыктан, археологдор адамзат тарыхынын башталышын *"таш доору"* деп аташат. Таш доору кыйлага созулган. Ошондуктан аны төмөнкү баскычтарга ажыратышат, алсак:

— байыркы таш доору – *палеолит (грекче "paleos" – "байыркы" жана "litos" – "таш" сөздөрүнөн)*;



**Таштан жасалган эмгек шаймандары**

***Таяныч конспект***

*тарыхый булактар*:
- материалдык (предметтик) булактар →
  - эмгек шаймандары
  - жасалгалар
  - курал-жарактар
- жазма булактар →
  - "Авесто"
  - Бехистун жазуулары
  - Геродот, Страбон
  - Сим Цянь
  - Квинт Курций Руф
  - Арриан

→ археологдор
→ антропологдор
→ этнографтар
→ лингвисттер
→ палеолит → мезолит → неолит → энеолит
↓
матриархат → патриархат

Эсте сакта!

**Палеолит**
- *Олдувай*[1] → б. з. ч. 3 – 2 млн. жыл.
- ***алгачкы*** → б. з. ч. 1 млн. – 100 миң жыл.
- **ортоңку** → б. з. ч. 100 – 40 миң жыл.
- **акыркы** → б. з. ч. 40 – 12 миң жыл.


— ортоңку таш доору – *мезолит (“mezos” – “орто”)*;


— жаңы таш доору – *неолит (“neos” – “жаңы”)*;


— жез-таш доору – *энеолит (латинче “eneus” – “жез” жана грекче “litos” – “таш” сөздөрүнөн).*

*Суроолор жана тапшырмалар*

1. Эмне үчүн археологдор адамзат тарыхынын башталышын “таш доору” деп аташкан?
2. Таш доорунун баскычтарын айтып бер. Эмне үчүн алар мындайча аталган?
3. Окумуштуулар тарыхты кайра калыбына келтире турган булактарды айтып бер.
4. Тарыхты үйрөнүүдө пайдаланылган кайсы материалдык булактарды билесиң ?
5. Археология, антропология жана этнография сыяктуу илимдер жөнүндө эмнелерди билесиң?


**Акыркы палеолит доорунда адамдар жашаган жер**


**Эң байыркы адам**


**Австралопитек**

## 2-§. Эң байыркы адамдар өнүгүшүнүн алгачкы баскычтары

**Эң байыркы адамдар**

Жер жүзүндөгү алгачкы адамдар тулку-боюн тик кармаган, эмгек шаймандарын жасай алган жана андан пайдаланууну билген кишилер болуп, мына ошол өзгөчөлүктөрү адамдарга айбанаттар дүйнөсүнөн айырмаланып

[1] *Адамзат ата тегинин байыркы эстеликтери табылган Чыгыш Африкадагы Олдувай капчыгайы (Танзания).*




Зинжантроп

туруу мүмкүнчүлүгүн берген. Окумуштуулар таштан өтө жөнөкөй эмгек шаймандарын жасаганды билген эң байыркы адамдар: Түштүк Африкадан – *австралопитек*, Чыгыш Африкадагы Зинж өрөөнүнөн – *зинжантроп*, Ява аралынан (Индонезия) – *питекантроп*, Кытай чөлкөмүнөн – *синантроп*, ошондой эле Германиядан – *неандертал* жана Франциядагы Кроманьон үңкүрүнөн – *кроманьон*дун сөөктөрүн таап текшеришкен.



Синантроп



Питекантроп Синантроп Неандертал Кроманьон

Жер жүзүндө аба ырайы жылуу болгон учурларда адамдар кичине дарыя же өзөндөргө жакын жерлердеги дөңсөөлөрдө жашашкан. Алгачкы палеолиттин акыркы доорлорунда *Улуу муздук доору* башталат. Алгачкы адамдар өтө катуу суукка туш болот. Мындай жагдай адамдарды жаңыча турмуш шарттарына ыңгайлашууга үндөйт. Мындайда күчтүүлөр гана жашап калган.


**Байыркы адамдардын турмуш-тиричилиги**

Эң байыркы адамдардын турактары Африка, Азия жана Европанын көптөгөн өлкөлөрүнөн табылган. Орто Азияда таштан жасалган байыркы эмгек шаймандары Фергана өрөөнүндөгү Селунгур турагынан жана Ташкент оазисиндеги Көлбулактан да табылган. Алар одоно жасалган таш куралдар болуп, бир жагы согуу менен курчутулган. Археология илиминде мындай таш куралдар *чопперлер* деп аталган.



Аюуга аң уулоо

Эмгек шаймандары адамдарга тамак-аш тапканга кызмат кылган. Баштап мындай куралдар өтө жөнөкөй болгон. Учу курчутулган таш жана жыгач менен куралданган адам жаныбарларга аң уулаган, учу өткүр жыгачтын жардамында өсүмдүктөрдүн жешке жарактуу тамырлары менен тамыр-түйнөктөрүн оюп алышкан. Жаратылыш адамга эмнени берсе, ал ошону алган, тапкан тамак-ашына канааттанган, ошондуктан адамдардын эң байыркы жумушу болгон *термечилик* менен *мергенчилик өздөштүрүүчү чарба* деп аталат.



**Тешикташ үңкүрүнүн табылгалары**

***Өзүңдү сынап көр!***

*Чопперлер — бул...* *Өздөштүрүүчү чарба* ***— бул...***

А. П. Окладников тарабынан 1938-жылы Байсун тоолорунда табылган Тешикташ үңкүрү байыркы таш доору маданиятынын дүйнөгө белгилүү эстелиги болуп саналат. Тешикташ үңкүрүнөн үч миңге жакын таш куралдар жана алардын сыныктары, аркардын, кийиктин, жапайы жылкынын, кабылан-дын, коёндун, майда кемирүүчүлөрдүн, ошондой эле канаттуулардын сөөктөрү табылган.

Тешикташ үңкүрүнөн казып алынган таш дооруна таандык 8-9 жаштагы баланын сөөк калдыктары эң белгилүү табылга болуп эсептелет. Археологдор мындай неандертал адамдын сөөк калдыктарын чанда гана кездештиришет.

Баланын сөөгү жерге коюлган. Сөөктүн айланасына аркардын мүйүздөрү кыдырата тизип чыгылган. Мүрзөнүн жерге коюлушу алгачкы диний ишенимдер менен тыгыз байланышкан.




**Палеолит доорунун турактары**



Неандертал бала (Тешикташ)

**Диний ишенимдердин пайда болушу**

Эмгек ишмердүүлүгү, айлана-чөйрө жөнүндө топтолгон билимдер акырындык менен инсандын ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн жана акыл-эсин өнүктүрө баштайт.

Адамдар өзү үчүн түшүнүксүз болгон кубулуштар жөнүндө ой жүгүртө башташат: күн менен түндүн, жыл мезгилдеринин оошуусу, вулкандын атылышы, жер титирөө жана башка жаратылыш кубулуштары адамдардын көңүлүн өзүнө тарта баштайт.

Мына ушундай кубулуштарды түшүндүрүп бере албаган адамзат күн күркүрөө, чагылган, шамал, жамгыр сыяктуу жаратылыш күчтөрүнө сыйына баштайт.


Барган сайын эң байыркы адамдарда адам өлгөндөн кийин жашоо улана турган башка бир дүйнөгө кетет, деген түшүнүккө ишеним пайда болот.



Аң уулоого даярдык көрүү ритуалдары

Жыл мезгилдеринин оошуусун, күн күркүрөшүн, бороонду байыркы адамдар рух колдогон жаратылыш күчтөрүнүн кыймыл-аракети деп түшүнүшкөн. Адамды курчап турган чөйрөдө адамдын жаны менен руху бар экендигине ишенүү илимде *анимизм* аталышын алган.

> *Анимизм* — **адамды курчап турган чөйрөдө жан менен рухтун бар экендигине ишенүү.**



Байыркы сүрөтчү

Эң байыркы адамдар тигил же бул буюм ийгилик алып келишине, же болбосо ар түрдүү кырсыктардын алдын алышына да ишенишкен. Бул ишеним *фетишизм* аталышын алган.

Акыркы палеолитке таандык аскадагы сүрөттөрдүн табылышы эң байыркы адамдарда диний ишенимдер болгондугу жөнүндөгү далилдерден бири эсептелет. Аскадагы сүрөттөрдүн эң байыркылары Испаниядагы *Альтамира*, Франциядагы *Ласко* жана Башкыртстандагы *Капова* үңкүрлөрүнөн табылган.

### *Таяныч конспект*

- алгачкы палеолит
  - австралопитек
  - зинжантроп
  - питекантроп жана синантроп
- ортоңку палеолит → неандертал → Тешикташ (1938-ж.)
- соңку палеолит → кроманьон
- аска сүрөттөрү
  - Альтамира
  - Ласко
  - Капова үңкүрү
- анимизм → фетишизм

**Эсте сакта!**

Аска таш сүрөттөрүнөн эң байыркылары Испаниядагы Альтамира, Франциядагы Ласко, Башкыртстандагы Капова үңкүрлөрүнөн табылган.

Адамдар сүрөттөр кийинки аң уулоодо өздөрүнө жардам берет деп ишенишкен. Сүрөттөрдүн каршысында жаныбарлардын кыймыл-аракетин туурашып бийлешкен, аң уулоону элестетишкен, найза атканга машыгышкан.

Байыркы аска-таш сүрөттөрү баалуу тарыхый документтер саналат. Алар адамдар эмнелерди ойлогону, айлана чөйрөнү кандай түшүнүшкөнү, кайсы жаныбарга аң уулашканы, кандай эмгек шаймандары менен курал-жарактардан пайдаланышканын билип алууда жана түшүнүүдө жардам берет.

Адамдардын курчап турган айлана чөйрөнү түшүнүүгө умтулушу эң байыркы көркөм сүрөт өнөрүнүн өнүгүшүнө негиз болуп кызмат кылган.



**Жаа менен аң уулоонун сүрөттөлүшү**




**Алгачкы сүрөтчүлөр**


### *Суроолор жана тапшырмалар*

1. Алгачкы палеолит адамынын тышкы көрүнүшүн сүрөттөп бер.
2. Өзбекстандын аймагындагы кайсы алгачкы палеолит турагын билесиң?
3. Ортоңку палеолит доорундагы эң байыркы адамдардын машыгууларын айтып бер.
4. Диний ишеним бүчүрлөрүнүн пайда болуу себептерин айтып бер.
5. Алгачкы аска сүрөттөрү кайсы доордо пайда болгон?

## 3-§. Уруучулук коому



Кыштын башталышы



Кроманьон



Үңкүрдө жашаган арстан

**Соңку палеолит доору**

Соңку палеолит доорунда **(биздин заманга чейинки 40–12-миң жылдыктарда)** көптөгөн окуялар болуп өттү. Бул доордо ташты иштетүү жана эмгек шаймандарын жасоо усулдары өзгөрдү. Адамдын өзү да, тышкы келбети да өзгөрүп олтурду. Бул доордо азыркы көрүнүштөгү адам – кроманьон адамы жашаган.

Соңку палеолит доорундагы адамдардын турагы Самарканд шаары айланасынан, Ташкент областынын Ахангаран дарыясы өрөөнүндөгү Көлбулак турак жайынын жогорку маданий катмарларынан, ошондой эле Фергана өрөөнүнөн табылган.

Соңку палеолит доорунда адамдар кыйла өркүндөгөн кесүүчү, араалоочу, бурмалоочу эмгек шаймандарын жасай башташкан. Кийинчерээк жасалга – мончок, тумар жана шакек да жасай баштаган.

Ошентип соңку палеолитте адам баласы өзүнүн өнүгүүсүндө дагы бир баскычка жогорулады. Адамдар тууган-туушкандардан турган чакан топторго – *урук жамааттарына бөлүнүп чыккан*.

Уруктун мүчөлөрү бир туракта жашашкан. Бир жерде жашаган бир канча уруктар урууну түзгөн.

Турак-жайларды куруу соңку палеолит доору адамдарынын олуттуу ойлоп табуусу болду. Кийим-кече даярдоодо жаныбарлардын терилерин иштетишкен. Адам баласы бул доордо жасалма түрдө (жыгачты бирин-бирине сүртүү, оттукту кагыштыруу аркылуу) *от алууну да үйрөнүп алган.*

**Мезолит доору**


Мезолит доору (ортоңку таш доору) болжол менен **биздин заманга чейинки 12–7 миң жылдыктарда** өкүм сүргөн. Мезолит доорунун башталышы менен Муздук доору аягына чыгат, бул болсо климаттын кыйла ысый түшүшүнө жана адамдардын турмушунда өзгөрүүлөр болушуна алып келди.




**Уруучулук коому**



**Түстүү таштардан жасалган мончок**



**Мамонттун сөөгүнөн курулган турак-жай**



**От алуу процесси**

Мезолит доорунда адам баласы *жаа-жебе* жасаганды үйрөнөт. Жебенин ойлоп табылышы менен адамдарда күлүк жаныбарларга жана канаттууларга аң уулоо мүмкүнчүлүгү пайда болот.

Мезолит доорунун аягында адам жаныбарларды колго үйрөтө баштайт. Аңчылар итти колго үйрөтүшөт, иттер менен ууга чыкканда олжо мурдагыга караганда көп болот. Тирүү кармалган жаныбарларды (козулар, улактар, торопойлор) эми адамдар өлтүрбөй, тамак-аш запасы катарында сактап коё турган болушат.

Мезолит доорунун аягында Алдыңкы Азияда чарбанын жаңы тармактары – **алгачкы дыйканчылык жана мал чарбасы** пайда болду.

Муздуктун чегинүүсү менен урук жамааттары Азия менен Африканын аймактарында гана эмес, ошондой эле Европанын түндүгүндө да кеңири жайлаша баштайт.

Бүгүнкү күндө мезолит дооруна таандык жүздөгөн турактар ачылган. Фергана өрөөнүнүн тоо алды жана тоолуу аймактарында, Ташкент оазисинде жана Өзбекстандын түштүгүндө мындай турактар арбын кездешет. *Обишир, Кошулуш* жана



Эмгек шайманын жасоо

**Эсте сакта!**
Өндүрүүчү чарба – бул кыйла убакытка урууну тамак-аш продуктулары менен камсыздап келген дыйканчылык жана мал чарбасы. Дыйканчылык термечиликтен башталган, мал чарбасы болсо аң уулоо жана жаныбарларды колго үй-рөтүүдөн келип чыккан.



Таштан жасалган эмгек шаймандары

*Мачай* турактарындагы, ошондой эле *Зараутсай* капчыгайындагы аска сүрөттөрү толугураак үйрөнүлгөн.

Амударыя менен Сырдарыянын, Өзбекстандагы көлдөр менен дарыялардын жээктери мезолит доорунун аңчылары жана балыкчылары көчүп келип отурукташкан мекенге айланды.

**Дыйканчылык менен мал чарбачылыгынын өнүгүшү**

Неолит доорунда өздөштүрүүчү чарбада түпкү өзгөрүш болду, жаратылыштан бардык даяр нерсени алган адам Байыркы Чыгыштын түрдүү аймактарында *өндүрүүчү чарба* – дыйканчылык жана мал чарбачылыгына өттү. Орто Азияда неолит доору **б. з. ч. 6–4-миң жылдыктар** менен белгиленет. Археологдор неолит доорунун башталышын чопо идиш жасоонун ойлоп табылышы менен белгилешет.

Мезолит жана неолит доорунда адам таштан чакан эмгек шаймандары – *микролиттер* жасоону, ташты иштетүүнүн адамга тааныш болбогон ыкмаларын: жылмакайлоо, араалоо, боёо жана көзөнөк ачууну колдоно баштайт.

Неолит доорунда көпчүлүк уруулар отурукташууга өтүп, ылайдан туруктуу турак-жайлар кура баштаган. Акырындык менен уруулардын отурукташкан турактары калыптана барган. Отурукташкан турмуш мүнөзүнө өтүү ар түрдүү буюмдарды даярдоо тармагы болгон кол өнөрчүлүктүн өнүгүшүнө өбөлгө түздү.

Ылайдан жасалган жана отто күйдүрүлгөн идиштерди жасоо тармагы – *карапачылык*, була жана жүндөн кийим-кече даярдоо тармагы – *токуучулук* кол өнөрү неолит доорунун маанилүү ачылыштары жана ойлоп табуулары болуп саналат.

Орто Азиянын түштүк аймактарында калк биздин заманга чейинки 6–5-миң жылдыктардын

баштарында дыйканчылыкка өткөн болсо, борбордук жана түндүк өлкөлөрдө мергенчилик жана балыкчылык улантыла берди.

***Өзүңдү сынап көр!***

*Микролиттер — бул...* *Өндүрүүчү чарба — бул...*



**Ылайдан жасалган жана отто күйдүрүлгөн идиш**

### *Таяныч конспект*

***Соңку палеолит доору (биздин заманга чейинки 40 – 12- миң жылдыктар)***

- кроманьон адамы
- оттун ойлоп табылышы
- Самарканд, Көлбулак турактары (Ташкент областы), Фергана өрөөнү
- урук жамааттары
- жасалгалар, турак-жайлардын курулушу, кесе турган, араалай турган эмгек шаймандары




**Чоподон идиш жасоо**

***Мезолит доору (б. з. ч. 12 – 7- миң жылдыктар)***

- жебелүү жаа, жаныбарларды колго үйрөтүү
- Обишир, Кошулуш, Мачай, Зараутсай
- дыйканчылык, мал чарбачылыгы (Алдыңкы Азия)

***Неолит доору (б. з. ч. 6 – 4- миң жылдыктар)***

- өндүрүүчү чарба
- микролиттер, карапачылык, токуучулук
- отурукташкан турмуш мүнөзү



**Неолит доору дыйкандары менен малчыларынын турактары**

### *Суроолор жана тапшырмалар*

1. Соңку палеолит адамынын тышкы көрүнүшүн сүрөттөп айтып бер.
2. Эң байыркы адамдардын жамааты урук жамаатынан эмнеси менен айырмаланат?
3. Соңку палеолит доорунун маанилүү ойлоп табуулары жөнүндө эмнелерди билесиң?
4. Өзбекстандын аймагынан табылган мезолит дооруна таандык кандай археологик эстеликтерди билесиң?
5. Орто Азиянын чоң-чоң аймактарына эң байыркы уруулардын көчүп келип жайлашуусунун негизги себептерин айт.
6. Мезолит доору палеолит доорунан эмнеси менен айырмаланат?
7. Неолит доорунун ойлоп табууларын айт.
8. Өндүрүүчү чарба аңчылык менен термечиликтен эмнеси менен айырмаланат?

## 4-§. Энеолит жана коло кылымы дыйкандары



Чопо идиштер

**Металл доорунун негизги өзгөчөлүктөрү**

Неолит доорунун аягында адамдар ойлоп табуу жана ачылыштардын эң олуттууларын жаратууга жетишти: металл-жезден эмгек шаймандарын, курал-жарак жасоого өтүлдү.

Жезден жасалган куралдардын таштан жасалгандары менен бирдей колдонулуш доору *энеолит – жез-таш кылымы* деп аталат. Бул доор **б. з. ч. 4–3-миң жылдыктардын ортолоруна** туура келет.



Жебенин түпөктөрү

Жез куралдар артыкчылыгына карабастан таш куралдарга караганда кеңири таралбады. Адамдар жезди калай, коргошун же цинк менен кошуп, коло алганды үйрөнгөндөн кийин металл ташты сүрүп чыгара баштады. Андан кийин жезден катуу жасалма металл кеңири таралды.

**Эсте сакта!**

*Энеолит* – **жез-таш кылымы.**

Металлургиянын өнүгүшү адамдардын материалдык жана рухий маданиятына чоң таасир тийгизди. Б. з. ч. 4-миң жылдыкта байыркы Чыгышта алгачкы шаарлар менен мамлекеттер пайда боло баштады. Орто Азиянын түштүгүндө *жасалма сугатка негизделген дыйканчылык* пайда болду, чийки кыштан көп бөлмөлүү үйлөр курула баштады, чопону күйдүрүү үчүн *карапачылык мештеринен* пайдаланылды. Чопо идиштер жаныбарлардын, канаттуулардын жана өсүмдүктөрдүн сүрөттөрү (жалбырактар, гүлдөр) менен кооздоло башталды.



Колодон жасалган төөнөгүч жана таш мончоктор. Б. з. ч. XVII кылым

Коло жезге караганда кыйла катуу болгондуктан, **биздин заманга чейинки 3-миң жылдык ортолорунан** баштап акырындык менен эмгек шаймандары, курал-жарак жана жасалгаларды даярдоодо иштетилчү негизги материалга айланды.

Колодон жасалган эмгек шаймандары менен куралданган адамдар эми талааларды кыйла дурус иштетүү жана эгин талааларын кеңитүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болду. Натыйжада аларда артык баш айыл чарба продукциялары пайда боло

баштады. Мал чарбачылык акырындык менен дыйканчылыктан бөлүнүп чыкты.

### Патриархаттын башталышы

Тарыхтын узак доорлорунда урук жамаатындагы маанилүү иштер аялдардын чегине түшүп (балдарды тарбиялоо, тамак бышыруу, айбанаттардын терисин тазалоо, кийим-кече жасоо), жамаатта алардын, айныкса, улуу жаштагы аялдардын аброю эркектердикине караганда кыйла бийик болгон. Соко менен жер айдап дыйканчылык кылуу, мал чарбачылык жана кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү натыйжасында урууларды продукту менен камсыз кылуу эркектердин колуна өттү. Аялдар үй жумуштары менен алектене баштады. Эми урууучулук үй-бүлөсүндө эркектер негизги роль ойной баштады. Тууганчылык эркектердин аты менен белгилене турган болду жана *патриархат* доору башталды. Үй-бүлө ата тарабынан жакын туугандардын бир нече муундарынан түзүлө турган болду.

### Коло доорунун дыйкандарынын турактары


Дыйкандардын байыркы турактарынан бири Зерафшан дарыясынын бассейниндеги Заманбаба көлүнө жакын жерден табылган. Байыркы дыйканчылык турактары Харезм аймагынан да табылган.

Сурхандарыя өрөөнүнөн археологдор байыркы дыйкандардын турактарынан бири болгон **Сапалдуу дөбөнү** табышкан. Алып барылган казуулар учурунда бул жерден жашоо, тейлөө жана чарба жүргүзүүгө ылайыкташкан бөлмөлөрдөн турган ылайдан жасалган үйлөр, чопо буюмдар, колодон жасалган эмгек шаймандары жана жасалгалар жасалчу устакананын калдыктары, ошондой эле ири кумураларда сакталган буудай менен арпанын калдыктары табылган.

Мындан уч жарым миң жыл илгери Сурхан оазисинде, азыркы Шерабаддан анчалык алыс

**Эсте сакта!**

Патриархаттык үй-бүлө – ата тарабынан жакын тууган-туушкандардын бир нече муундарынан түзүлгөн үй-бүлө.




**Жыландын сүрөтү түшүрүлгөн таш тумар. Б. з. ч. 2-миң жылдык**



**Колодон жасалган билерик. Б. з. ч. VII кылым**

**Эсте сакта!**

*Заманбаба* – Бухара областынын Каракөл районундагы Заманбаба көлүнүн жээктеринде б. з. ч. 2-миң жылдыкта жашаган малчылар менен дыйкандардын байыркы турагы.



**Жаркотон турагы казылмалары**

> **Эсте сакта!**
> *Сапалдуу дөбө* — Өзбекстандын түштүгүндөгү коло доору дыйкандары-нын турагы (б. з. ч. 2-миң жылдык).

эмес жерде **Жаркотон** турагы пайда болгон. Жаркотондун курулуш планынан шаардын алгачкы белгилери көзгө ташталат. Ал эки бөлүктөн турган: чеп жана аны тегерете жамааттын мүчөлөрү болгон кол өнөрчүлөр менен дыйкандардын үйлөрү жайгашкан. Чептин ичинде ибадаткананын калдыктары табылган.

Коло доору туралтарынын калкы ар түрдүү кол өнөрчүлүк, токуучулук, карапачылыкты өнүктүрүүдө, жасалга жасоо, курулуш жаатында чоң-чоң ийгиликтерге жетишкен. Коло доорунда адамдар *карапачылык чаркын* жана *дөңгөлөктү* ойлоп табышты. Ошондой түрдө унаа каражаттары да пайда болду.

### *Таяныч конспект*

***Энеолит доору (б. з. ч. 4-миң жылдык – 3-миң жылдыктын ортолору)***


- → артык баш продуктулар
- → сугарма дыйканчылык
- → жезден жасалган эмгек шаймандары
- → Чыгышта алгачкы мамлекеттер, шаарлар

***Коло доору (б. з. ч. 3-миң жылдыктын ортолору – 2-миң жылдык)***

- → патриархат
- → Заманбаба, Сапалдуу дөбө, Жаркотон
- → карапачылык чаркы, дөңгөлөк
- → ибадаткана

### *Суроолор жана тапшырмалар*

1. Энеолит доорунун неолит доорунан негизги айырмачылыгын айт.
2. Сенин оюңча, жездин ачылышы кандайча жүргөн?
3. Жез колодон эмнеси менен айырмаланат?
4. Эмне үчүн матриархаттан патриархатка өтүү процесси жүрдү?
5. Коло доору дыйкандары эмне менен алектенгендиги жөнүндө сүйлөп бер.
6. Дыйкандар турак-жай курулушунда кандай металлдан пайдаланышкан?




**Коолдолгон чопо идиш**



**Жез күзгүлөр. Заманбаба турагы**


## 5-§. Темир дооруна өтүү мезгилинде Орто Азиянын өнүгүшү

**Темирден пайдалануу** Адамдар жез менен колодон эмгек шаймандарын жасоону үйрөнгөн учурдан улам арадан көп кылымдар өттү. **Биздин заманга чейинки I миң жылдыктын баштарында** гана темирден эмгек шаймандарын жасоо мүмкүнчүлүгү пайда болду. Бул процесс эмгекти көп талап кылган, анткени темир жезге караганда кыйла жогору температурада эрийт (1500° С). Бирок темир жез менен колого салыштырмалуу бир топ жакшы сапаттарга ээ эле: темир алардан катуураак болчу.



Байыркы темирчилер

Темирден биринчи болуп Кичи Азияда хеттер (б. з. ч. XIV –XIII кылымдар), андан кийин кошуна мамлекеттердин (Месопотамия, Иран, Кавказ арты) элдери пайдалана баштады. Темир буюмдардын таралышы акырындык менен жүргөн. Темир кемчил жана баалуу металл болгондуктан, андан баштап жасалга буюмдары иретинде пайдаланышкан. Мындай жасалгалар Египеттин фараону *Тутанхамондун* күмбөзүнөн жана Кавказдагы *Майкоп* чебинин эстелигинен табылган.



Чопо идиштер

**Эсте сакта!**

Темирден биринчи болуп Кичи Азиядагы хеттер пайдалана баштащкан (б. з. ч. XIV – XIII кылымдар), кийинчерээк аларга кошуна турган эки дарыя аралыгы, Иран, Кавказ арты мамлекеттеринин калкы да пайдаланышкан.



Колодон жасалган казан. Б. з. ч. VI – V кылым

Эмгек шаймандарын жасоо үчүн темирден пайдалануу эң мурда дыйканчылык техникасынын өнүгүшүнө таасирин тийгизди. Темир тиштүү соколор, темир балталар пайда болду. Бул эмгек шаймандары чоң-чоң талааларда дыйканчылыкты өнүктүрүүгө өбөлгө түздү. Орто Азиядан табылган эң байыркы темирден жасалган буюмдар биздин заманга чейинки IX–VIII кылымдарга таандык болгону менен, алардан көбү биздин заманга чейинки VII–VI кылымдарга тиешелүү эсептелет.

Европадан айырмалуу түрдө Чыгышта дыйканчылык негизинен жасалма сугатчылыктын негизинде өнүктү. Гүлдөгөн бактар жана мол түшүмдүү талаалар үчүн Чыгышта канал менен арыктардын ке-ңири тармагы иштеп чыгылган.

**Эсте сакта!**

*Аскердик демократия* – алгачкы мамлекетчиликке өтүү доорунда урууга шайлап коюлган аскер башчылар жетекчилик кылган башкаруу формасы.

**Коомдук түзүлүш**

Темир шаймандардын кеңири таралышы эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатты. Мындай жагдай дагы да өнүккөн өндүрүш усулуна өтүүгө өбөлгө түздү. Урууччулук коомдун ордун **аймактык кошуначылык коому** ээлей баштады.

Биздин заманга чейинки I миң жылдыктын баштарында Орто Азиядагы калк төрт топко бөлүнгөн: төлгөчүлөр, жоокерлер, дыйкандар, кол өнөрчүлөр.

Уруу-урук башчыларынын аброю акырындык менен жогорулап отурду. Айныкса кол башчылардын аброю жогорулап, бийлик атадан балага кала турган болду.

Үзгүлтүксүз аскердик кагылышуу шарттарында кол башчы – уруу башчыларынын аброю жогорулап, коом болсо аскердик демократия принциптеринин негизинде жашай баштады.

Орто Азияда коомдун негизи "нмана" деп аталган чоң патриархаттык үй-бүлө болгонун «Авесто»дон билип алабыз. Бир нече «нмана»лар



Жаа жебелеринин темир түпөктөрү

урук жамааты – «вис»ти түзгөн. Аймактык кошуначылык жамаат «варзана» деп аталган. Мындай жамааттар урууга – «занту»га бириккен. Өздөрүнүн аймактарын коргоо үчүн бир нече уруулар уюмга – «дахью»га бириккен. «Авесто» боюнча коомду башкаруунун төмөнкүдөй системасы болгон:

- ♦ аксакалдар кеңеши;
- ♦ элдик чогулуш;
- ♦ өз алдынча жерлердин жетекчилери;
- ♦ аймактардын жетекчилери.

Калктын урук жана уруу боюнча эмес, аймактык принциптин негизинде топторго бөлүнүшү б. з. ч. IX – VIII кылымдарда Орто Азияда куралып келе жаткан алгачкы мамлекеттер бирикмесинин маанилүү белгиси болчу.

**Эсте сакта!**


Коомдук түзүлүштүн өнүгүшү: **алгачкы топтор: урук → урук жамааты → уруучулук жамаа-ты → аймактык кошуначылык коому → уруу → уруулар уюму → мамлекет.**



**Темир бычак. Б. з. ч. VII – V кылымдар**

### *Таяныч конспект*

- → б. з. ч. XIV – XIII кылымдар – хеттер (Кичи Азия) биринчи болуп темирден эмгек шаймандарын жасашкан
- → б. з. ч. I миң жылдыктын баштары – Орто Азияда темирден жасалган алгачкы эмгек шаймандары
- → урук жамааты – кошуначылык жамааты
- → аскердик демократияга өтүү
- → «Авесто»: нмана, вис, варзана, занту, дахью
- → б. з. ч. IX – VIII кылымдар – Орто Азия аймагында алгачкы мамлекеттик бирикмелердин куралышы



**Темирден жасалган канжар жана кын. Б. з. ч. I миң жылдык**


### *Суроолор жана тапшырмалар*

1. Эмне үчүн темир шаймандар жезге караганда кечирээк жасала баштады?
2. Темирден эмгек шаймандарын жасоонун башталышы коомдо кандай өзгөрүүлөргө алып келди?
3. «Авесто»до патриархаттык үй-бүлө, урук жамааты, аймактык урук жамааты жана уруу кандай аталган?
4. Алгачкы мамлекеттин пайда болушу доорундагы коомду башкаруу жөнүндө сүйлөп бер.
5. Мамлекеттин пайда боло башташы жөнүндө кайсы белгилер боюнча жыйынтык чыгарууга болот?



## II БӨЛҮМ
## БАЙЫРКЫ ЧЫГЫШ ЖАНА ОРТО АЗИЯ

### 6-§. Нил өрөөнү жана анын калкы



**Нил дарыясынын өрөөнү**

**Египет – Нилдин белеги**


Өзү менен жан жыргаткан салкын аба жана мол түшүм алып келген сууга толо Нил салабаттуу агат. Бул дарыя Африканын түндүк-чыгышында цивилизациянын пайда болушуна шарт түзгөн. Аяк ченинде бир канча куюлмаларга бөлүнүп кеткен Нил Жер Ортолук деңизине куят. Нил дарыясынын куюлмаларын гректер **дельта** деп аташкан, анткени куюлмаларынын толук көрүнүшү үч бурчтук, башкача айтканда грекче «дельта» тамгасына окшош болгон.

Нил өрөөнү – эки жээгин бойлой 3 км ден 22 км ге чейинки кеңдиктеги жана 6 миң километр узундуктагы сугат жерлерден турат. Нил өрөөнүн эки жагынан тең тоолор чеп сымал курчап турат, адырлардын артында *Сахара* жана *Ливия* чөлдөрүнүн көз жеткис кумдуктары жатат. Дарыянын эки жээгин тең кара топурактуу түшүмдүү талаалар ээлеген. Өрөөндүктөр журтуна «Кара топурак» же "Нилдин белеги" деп наам беришкен.

**Эсте сакта!**

Нил дарыясы акыры барып Жер Ортолук деңизине куят. Нил дарыясынын куюлушун гректер **дельта** деп аташкан.


Бирок ар дайым эле ошондой боло бербеген. Байыркы замандарда Нил өрөөнү адам өтө албаган, папирустун бадалдары бири-бирине чырмашып кеткен, саздуу жер болгон, сууларын эсебине сан жеткис жырткыч крокодилдер байырлаган, кургак жерлерде жапайы айбанаттардын үйүрү тентип, саздарында болсо уулуу жыландар жашаган.



**Нил дарыясынын жээктеринде**

Убакыттын өтүшү менен климат өзгөрүп барды, суу да жылдан-жылга азайып, Түндүк Африка чөлгө айлана берди. Адамдар Нил өрөөнүн жана анын дельталарын өздөштүрө башташат. Ошентип

дыйканчылык калктын негизги жумушуна айланат. **Б. з. ч. 4-миң жылдыктын баштарында** адамдар Нил дарыясынын жээгиндеги дың жерлерди өздөштүрүүгө бел байлашкан.




**Нил дарыясынын өрөөнү**

### Египеттиктердин турмуш-тиричилиги

Нил дарыясы талааларды сууга бастырып кенен аккан жылдары египеттик дыйкандардын түшүмү да берекелүү болгон.


Египеттик дыйкандар буудай менен арпа, ошондой эле зыгыр өстүрүп, алынган кенептен кездеме токушкан. Нил өрөөнүндө жүзүм, коон, анар, курма, пияз, бадыраң, буурчак сыяктуу мөмө жана жашылчалар өстүрүлгөн.

Байыркы заманда жерди соко менен айдап, үрөндү колдо себишкен, андан кийин үрөндү жерге батыруу үчүн бодо малды эгин аянтынан айдап өтүшкөн. Эмгек шаймандары өркүндөгөндөн кийин жерди иштетүүдө сокодон жана жаныбарлардын күчүнөн пайдалана башташкан. Уй, өгүз, кой, эчки жана чочко багышып, өгүздөрдү талаа жумуштарына кошушкан.





**Египет падышалыгы**

Египеттик дыйкандар үрөн себүү жана түшүмдү жыйнап алуу жумуштарын адаттан тышкары мөөнөттөрдө өткөзүшкөн. Июль – сентябрь айларында эс алышкан, үрөндү себүүгө даярдашкан, анткени бул учурда бардык эгин талааларын суу баскан. Күзүндө талаага үрөн себишкен, сугат үчүн каналдар менен арыктарды тазалашкан, себеби жамгыр өтө аз жааган. Кышында болсо түшүмдү жыйноо башталган. Эгинди жез орoктор менен оруп алышып, атайын даярдалган жерге ташып келишкен, буудай жана арпа боолорунун үстүнөн жаныбарларды айдап өтүшүп, түшүмдү жанчышкан. Алынган данды чоподон жасалган кумураларда сакташкан. Бул болсо данды кемирүүчү зыянкечтерден сактаган.



Соода-сатык



Египет фараондорунун таажылары



Жогорку Египеттин падышасы Төмөнкү Египеттин падышасын өлтүрүүдө

**Кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү**

Байыркы Египет кол өнөрчүлөрүнүн 30 дан ашуун кесиптери болгон. Мискерлер жезди эритип, андан эмгек шаймандарын куюшкан. Карапачылар чоподон ар түрдүү идиштерди жасашкан, бекем болушу үчүн аларды отто күйдүрүшкөн. Куруучулар сарай, ибадаткана жана үй курушкан. Карапайым египеттиктердин үйлөрү ылай сүртүлгөн папирустун сотолорунан, ал эми ак сөөктөрдүн үйлөрү болсо саман кошулган ылайдан жасалып, күндө кургатылган кыштан курулган. Өкүмдар фараондордун сарайлары жана ибадатканалар таштан курулган. Жыгач усталар эшик жана терезелерди жасашкан. Кеме куруучулар камыштан кайык, жыгачтан болсо кеме жасашкан. Көнчүлөр менен токуучулар кийим-кече үчүн материал даярдашып, тигүүчүлөр кийим тигишкен. Зергерлер алтын жана баалуу таштардан жасалгалар жасашкан.

**Египет мамлекетинин түзүлүшү**

Адамдар биздин заманга чейинки IV миң жылдыктын аягында Нил өрөөнүндөгү оор турмуш шарттарына ыңгайлаша баштаган. Бытыранды турактар «ном» деп аталган чакан мамлекеттерге бириккен.


Убакыттын өтүшү менен уруу башчылары па-дышаларга айланган, ал эми аксакалдар болсо башкаруу иштеринде аларга жардам беришкен. *Төлгөчүлөр* өзгөчө урмат жана абройго ээ болушкан. Алар диний каада-салттарды аткарышып, маанилүү иштердин алдынан кудайдан жардам сурап жалбарышкан.

Египетте эки падыша бийликте турган. Бири Төмөнкү (Түндүк) Египетте, ал эми экинчиси болсо Жогорку (Түштүк) Египетте мамлекет башкарган. **Биздин заманга чейинки 3000-жылы** эки мамлекеттин ортосунда башталган согушта Жогорку Египеттин падышасы *Менес* жеңип чыгат.

Ал бириккен мамлекеттин алгачкы падышасы, башкача айтканда *фараону* болот. Бириккен жалгыз мамлекет үчүн жаңы борбор болгон *Мемфис* шаары курулат.

Көп жылдар бою «нам»дардын падышалары өздөрүнүн мал-мүлкүн көбөйтүп алышты, Египет кайра өз алдынча мамлекетгерге айланган «нам»дарга бөлүнүп кетти. 200 жылдан кийин мамлекеттин кайра биригүүсү болуп өттү, ошентип Ортоңку падышалык бийлиги доору башталды. Бул мамлекеттин борбору *Фива* шаары эле.

Окумуштуулар Египеттин тарыхын *Алгачкы*, *Байыркы*, *Ортоңку*, *Жаңы* жана *Соңку* падышалык доорлоруна бөлүштүрүшкөн.



**Эгин талаасын иштетүү**

**Эсте сакта!**

Окумуштуулар Египеттин тарыхын Алгачкы, Байыркы, Ортоңку, Жаңы жана Соңку падышалык доорлоруна бөлүштүрүшкөн.

***Өзүңдү сынап көр!***


***«Нам» — бул...***
***Менес — бул...***
***Мемфис жана***
***Фива — бул...***
***Фараон — бул...***

### *Таяныч конспект*

- Африканын түндүк чыгышы — б.з.ч. 4- миң жыл. башы
- Нил → дельта → Жер Ортолук деңизи
- «Кара топурак» — кеңдиги 3 км ден 20 км ге чейин, узундугу 6 миң км
- дыйканчылык, мал чарбачылыгы
- папирус — үй курулушу
- мамлекеттер – «нам»
- б. з. ч. 3000-жыл — Жалгыз бириккен Египет
- борбор — Мемфис

*Суроолор жана тапшырмалар*

1. Эмне үчүн Египеттиктер өздөрүнүн мамлекетин «Нилдин белеги» деп мүнөздөшкөн?
2. Байыркы Египеттин табигый шарты эмнеликтен дыйканчылык үчүн ыңгайлуу эле?
3. Картадан Байыркы Египетти тап. Нил дарыясынын дельтасын, Төмөнкү жана Жогорку Египетти көрсөт.
4. Эмне үчүн адамдар узак мөөнөт Нил өрөөнүнө көчүп келишпеген?
5. Египеттиктердин турмуш-тиричилигин эмнелер түзгөн?
6. Байыркы Египеттин тарыхы кандай доорлорго бөлүнөт?



**Каналдар менен арыктардын жардамында эгиндерди сугаруу**


## 7-§. Египет жана кошуна элдер

**Эсте сакта!**
Нубия, Ливия, Сирия, Палестин мамлекеттери байыркы египеттиктерге кошуна болушкан.

**Байыркы Египеттиктердин кошуналары**

Египет түштүктөн *Нубия* менен чектеш болгон. Бул мамлекетке египеттиктер алтын, мом, пил сөөгү, баалуу жыгачтарды алмаштыруу үчүн барышкан.

Египеттин батышында, *Ливия* чөлүндө ошол аталыштагы мамлекет жайгашкан. Чөлдүн калкы көчмөн малчылар болгон. Төмөнкү Енипеттеги Мемфис шаары аркылуу өткөн жол Синай жарым аралына алып барган, ал жерден жез казып алынган. Синай жарым аралынан туштүгүрөөктө *Палестин*, анын жанында *Сирия* жайлашкан. Бул мамлекеттер жез жана темир рудасына, ошондой эле кен байлыктарына бай болгон. Палестин жана Сириядан Египеттиктер кол өнөрчүлөр жасаган буюмдарды жана кымбат баалуу таштарды алып келишкен.




**Тутанхамондун такты**

**Фараондордун баскынчылыктары**

Ортоңку падышалык доорунда Синай жарым аралы басып алынды, жергиликтүү уруулар Египетке салык төлөй баштады. Фараондор Нубия жана Ливияга да жортуул жасап, шаарларды талап-тоношкон, туткундарды, малдарды жана башка байлыктарды ээлеп алышкан. Ортоңку падышалыктын фараондору Түштүк Палестиндин жерлерин жана Нубиянын түндүгүн Египетке кошуп алышкан.

Б. з. ч. XVIII кылымдын аягында көчмөн *гиксос* уруулары Египетке чабуул жасашат. Египеттиктердин жөө аскерлеринен айырмаланып, алардын негизги күчү жеңил арабалар – ат чегилген согуш арабалары болгон. Бир аскер аттарды башкарып турган учурда экинчиси жаадан душмандарды мээлеп жебе аткан. Төмөнкү Египетти басып алган гиксостор египеттиктердин шаар-кыштактарына чабуул жасашты, аларды аёосуз талап-тоноду жана адамдарын туткундукка айдап кетишти.



**Байыркы Египет жоокерлеринин чоподон жасалган айкелдери**

Бул мезгилде Ортоңку падышалык көптөгөн майда *«ном»*дарга бөлүнүп кетип, гиксосторго

салык төлөгөн. Фива шаарынын падышалары гана гиксосторго баш ийишпеген.

Баскынчылардын эзүүсүнөн кутулууну ойлогон «нам»дардын падышалары Фива шаарынын тегерегинде бириге башташты. Көпкө узабай Жогорку Египеттин бардык «нам»дары Фива «нам»ы фараонунун айланасына биригишти. Бир топ согуштарда фараон Яхмос гиксосторду талкалап, баскынчыларды Египеттен кууп салды. Баш ийбеген падышаларды өзүнө баш ийдирген Яхмос жаңы фараондор династиясынын негиздөөчүсүнө айланды, анын заманасынан Жаңы падышалык доору башталды. Яхмостун бийлиги доорунда Египет жогорку күч-кудуретке ээ болду.


**Эсте сакта!**

Фараон Яхмос гиксосторду талкалап, баскынчыларды мамлекеттен кууп салган. Ал жаңы фараондор династиясынын негиздөөчүсүнө айланды жана Жаңы падышалык доору башталды.

### Фараондор жортуулдарынын натыйжалары

Мамлекетти эркиндикке алып чыккан Жаңы падышалыктын өкүмдарлары кошуна мамлекеттер менен болгон күрөштү эми баскынчы катары улантышты. Кошуундарын найза, кылыч, узун саптуу согуш айбалталары жана согуш арабалары менен куралдандырган фараондор Нубия менен Алдынкы Азия мамлекеттерине чабуулду баштап жиберишти.

Бир топ жортуулдардан кийин фараондор дээрлик бүткүл Нубияны Египетке кошуп алышты. Ливия урууларын салык төлөөгө аргасыз кылышты. **Биздин заманга чейинки 1500-жылдардын** тегерегинде фараон *Тутмос II* чоң жортуул уюштурду. Палестин менен Сирияны басып алуу башталды, бир нече он жылдарга созулган жортуулдар эркиндикти сүйгөн урууларды толук багынта албады. Фараон Тутмос III гана Палестинди басып алууга жетишкен.



**Тутмос III түн жоокерлери шаарга чабуул жасашууда**

Баш ийдирилген элдер египеттиктерди жек көрүп, өз эркиндиги, азаттыгы үчүн күрөшкөн. Египеттин фараондору бир нече жыл жергиликтүү уруулар менен согуш алып барган. Бул болсо фараондорду алдан тайдырган, мамлекет алсызданган, Жаңы падышалык да өз алдынча «нам»дарга бөлүнүп кеткен.



**Египеттиктерди туткунга алган байыркы Персиянын падышасы Камбиз II**

Биздин заманга чейинки VII кылымда Египет кайрадан жалгыз мамлекетке бирикти, мамлекетгин экономикасы жана маданияты өнүгө баштады. Бирок биздин заманга чейинки VI кылымда Египетке жаңы душман бастырып кирди. Фарстардан чоң кошуун чогулткан падыша Кир II нин уулу Камбиз биздин заманга чейинки 525-жылы Египетти басып алды.

***Өзүңдү сынап көр!***

| | |
|---|---|
| ***Гиксостор — бул...*** | ***Тутмос III — ...*** |
| ***Яхмос — ...*** | |

***Таяныч конспект***

→ Египет менен чектеш — Нубия, Ливия, Палестин, Сирия
→ кошуна мамлекеттердин Египет тарабынан басып алынышы
→ Төмөнкү Египеттин гиксостор тарабынан басып алынышы – б.з.ч. XVIII кылым
→ Яхмос → гиксостордун куулушу → Жаңы падышалык
→ Тутмос II – б. з. ч. 1500-ж. баскынчылык жортуулдары
→ Б. з. ч. 525-жыл – Египеттин Иран падышасы Камбиз тарабынан басып алынышы



**Күн кудайы Ранын Гелиополдогу храмы (Баальбек)**

*Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Байыркы Египетке кошуна болгон мамлекеттерди айт жана картадан көрсөт.
2. Байыркы Египеттин фараондору кайсы мамлекеттерди басып алган эле?
3. Эмне үчүн көчмөн гиксостор Египет үчүн коркунучтуу күчкө айланган?
4. Кайсы фараондун бийлиги доорунда гиксостор мамлекеттен айдап чыгарылган?
5. Жаңы падышалыктын өкүмдарлары кайсы аймактарды басып алышты?
6. Египет качан жана ким тарабынан басып алынды?

## 8-§. Байыркы Египеттин дини


**Египеттиктердин кудайлары**

Египеттин калкы үчүн дин күндөлүк турмуштун ажырагыс бир бөлүгү саналган. Байыркы египеттиктер кудайлар жаныбарлардын кейпине кирип, мышык, кой, өгүз, арыстан, уй көрүнүшүндө адамдардын арасында жашайт деп эсептешкен.



**Апис. Өгүз кейпиндеги түшүмдүүлүк кудайы**

Египеттиктер кудайлардын бир нече жаны бар: алардан бири денеде болсо, ал эми экинчиси айкелде жашайт, деп билишкен. Алардын үйлөрү текчесине кудайлардын айкелчелери орнотулган. Төлгөчүлөр кудайларды дин адамдары белек катары алып келген нерселер менен багышат, деп эсептешкен.



**Күн кудайы – Амон-Ра**

Борбор *Мемфис*те өзүнүн кудайы – *Птах* болгон. Ал египеттиктердин ишениминде ааламды жаратканда ар бир нерсенин аталышын адамга үйрөткөн. Кудай абдан кудуреттүү болгондуктан, анын чыныгы кейпин көрүүгө болбойт. Ошондуктан Птах деген кудайдын Жер бетиндеги элеси *Апис* болуп, ал маңдайы менен жонунда ак тагы бар кара өгүз көрүнүшүндө элестетилген.



**Исида – Осиристин аялы**

Египеттиктер өз кудайларына катуу ишенишкен, ар бир жумушту аткаруудан мурда алардан кеңеш, жардам же макулдук сурашкан.

Б. з. ч. 2 миңинчи жылдан баштап Күн кудайы *Амон-Ра* фараондордун башкы кудайы жана демөөрчүсү эсептелген. Баштап эки кудай болгон: Фива шаарынын демөөрчүсү Амон жана Күн кудайы Ра, андан кийин экөөсү жалгыз кудайга бириккен. Ибадатканасы *Гелиопол*до (Баальбек) болгон.

Фараондор Күн кудайынын уулдары, алар бардык жумуштарды өздөрүнүн асмандагы атасынын буйругу менен аткарышат, деген түшүнүк болгон.



**Тот – Айдын, даанышмандыктын жана дарыгерлик-тин кудайы**

*Хапи* – Нилдин кудайы – Египеттеги жашоонун биринчилик булагы жана коргоочусу, *Осирис* – жер асты падышалыгынын кудайы эсептелген. Уламыш боюнча, Осирис Египеттин алгачкы падышаларынан болуп, калкын дыйканчылыкка үйрөткөн. Агасы *Сет* болсо аны өлтүрөт. Бирок Осиристин аялы *Исида* аны мумиялап, кайра тирилтет. Ошондон баштап жан кайтып келе турган жер болушу үчүн бардык маркумдар мумияланат.



Анубис – маркумдар менен мумияланган-дардын кудайы



Маат – чындыктын жана адилеттүүлүктүн кудайы



Хатхор – сүйүүнүн, сулуулуктун жана музыканын кудайы

Осирис ибадатканасынын урандылары *Абидос* шаарында азыркы күнгө чейин сакталып калган.

**Ибадатканалар жана төлгөчүлөр**

Египеттиктердин оюнча, эгерде Жер жүзүндө атайын диний каада-салттар өткөрүлбөсө, кудайлар адамдарга жардам бербей коюшат. Төлгөчүлөр диний каада-салттарды билишкен жана курмандык чалышкан. Күндөлүк турмушта да аларсыз кандайдыр жумуш аткаруу кыйын болгон. Алар суу ташкыны качан болушун, качан үрөн себүү, түшүмдү жыйноо керектигин билишкен. Бардык «ном»дарда ибадаткана-лар болгон, фараондор аларга жер беришкен. Кудайларга атап курулган ибадатканалардын ири жер мүлкү болгон. Ар бир жеңиштүү баскынчылык жортуулдардан кийин фараондор олжосунун бир бөлүгүн ибадатканаларга белек кылышкан.

***Өзүңдү сынап көр!***

| | |
|---|---|
| *Птах — бул...* | *Амон-Ра — бул...* |
| *Хатхор — бул...* | *Маат— бул...* |
| *Апис — бул...* | *Тот— бул...* |
| *Исида — бул...* | *Осирис — ьул...* |

***Таяныч конспект***

- → кудайлар адамдардын арасында жашашат
- → Амон-Ра
- → Птах → Апис
- → Хапи, Осипис, Сет, Тот, Хатхор, Анубис, Маат
- → ибадатканалар → төлгөчүлөр → курмандык чалуу

*Суроолo жана тапшырмалар*

1. Египеттиктердин жаныбар көрүнүшүндөгү кудайларга сы-йынышы жөнүндө сүйлөп бер.
2. Эмнеге Күн кудайы Египттин башкы кудайы эсептелген?
3. Байыркы египеттиктер дининин эң байыркы адамдардын диний ишенимдери менен окшоштугу эмнеде?
4. Байыркы Египеттин кудайларын санап бер.
5. Төлгөчүлөр аброюнун себеби эмнеде?

## 9-§. Пирамидалар жана күмбөздөр

**Бардык нерсе убакыттан коркот, убакыт болсо пирамидалардан!**


Байыркы жана Ортоңку падышалык доорунда египеттиктер курган ири *пирамидалар* фараондордун сөөгү коюла турган жер – күмбөздөр болгон. Өткөн миң жылдыктар ичинде көптөгөн шаарлар жана мамлекеттер жок болуп кетти, ибадатканалар менен сарайлар урандыга айланды, бир гана пирамидалар убакыттан коркпойт, бир гана пирамидалар 4 миң жылдан ашуун убакыт бою өзгөрбөй турат.

Эң белгилүү пирамидалар Мемфис шаарына жакын жерде үч фараон – *Хуфу, Хафра* жана *Менкаура* үчүн курулган. Бул пирамидалар дүйнөнүн жети укмушунун бири, ошондой эле алардын ичинен азыркы күнгө чейин сакталып калган жападан жалгыз курулуш эсептелет. Эң чоң пирамида Хуфу үчүн (гректер аны Хеопс деп аташкан) биздин заманга чейинки 2600-жылы курулган эле. Анын бийиктиги 147 метр.


Пирамида ар бири эки тоннадан оор болгон 2,5 миллион даана таш бөлүктөрүнөн турат. Таштар өтө анык-так өлчөө менен кесилип жылмакайлангандыктан, алардын арасындагы жылчык 0,5 миллиметрден да ашпайт. Пирамиданын ичинде коридор аркылуу туташкан бир нече бөлмөлөр бар. Алардын биринде фараондун мумияланган сөөгү салынган таш *табыт – саркофаг* жайлашкан.

Египеттиктер адам кайтыш кылгандан кийин башка дүйнөгө барат, бул жашоодо пайдаланган нерселеринин бардыгы тиги дүйнөдө да керек болот деп эсептешкен.


Бөлмөлөрдүн ичи болсо табынуу жана каргыштардан турган жазуулар менен капталган, алар аркылуу фараонду коргоо жана аркы дүйнөгө өтүп жатканда ага жардам берүү көздө тутулган.



**Пирамиданын курулушунда**



**Байыркы убакыттарда пирамидалар өрөөнүнүн көрүнүшү**




**Пирамидалар сакчысы – сфинкс**



Тутанхамондун алтын бет кабы

Ири пирамидаларды орточо 20 жыл бою курушкан. Пирамидаларды *сфинкстер* – тулкусу арстан, башы адам сымал айкелдер корукташкан. "Чөл сакчысы" – сфинкстин айкели таштан жасалган болуп, анын бийиктиги 20 м келет.Жаңы падышалык доорунда башка пирамида курушпай койду. Фараондордун сөөгүн тоолордо оюлган таш күмбөздөргө коё турган болушту. Аларга кирүү жолдорун бекитип салышкан.

Эң белгилүү күмбөз фараон *Тутанхамонго* таандык болгон. Күмбөздүн ичиндеги сансыз байлыктар бизге чейин жетип келген.



Ибадаткананын дубалдары

**Мумиялоо**

Байыркы египеттиктер адам кайтыш кылгандан кийин маркумдар падышалыгына кетет, ошол жерде жашоону улантат деп эстептешкен. Бирок маркумдар падышалыгындагы жашоо, египиттиктердин пикири боюнча, Осирис сотунун натыйжасынан көз каранды болгон. Таразанын бир жагына маркумдун жүрөгү, башкасына канаттуунун куш жүнү коюлат. Эгерде таразанын эки жагы теңешсе, анда адам бул дүйнөдөгү жашоосунда жалаң изги иш жасаган болот, ал кайтыш кылгандан кийин жыргал турмушта жашоосун улантат. Эгерде жүрөк оордук кылса, анда адам бир топ жаман иштерди жасаган болуп чыгат, түрү суук макулуктарга жем болот. Осиристин алдында келбеттүү көрүнүшү үчүн болсо египеттиктер сөөктү мумиялашкан.

Адатта мумиялоо 70 күнгө созулган. Сөөктү атайын иштешкенден кийин көптөгөн кездемелер менен орошкон, баалуу жасалгалар менен коздошкон. Кездеменин араларына ийгилик алып келүүчү тумарлар коюлган. Ошентип иштелген сөөккө мумия дейилген. Бирок мумиялоо маркумдун артында калган бай тууган-туушкандарына гана буюрган.



Осирис - жер асты падышалыгынын кудайы

***Өзүңдү сынап көр!***

| | |
|---|---|
| ***Пирамидалар – бул ...*** | ***Мумиялоо – бул...*** |
| ***Таш табыт – бул...*** | ***Сфинкс – бул...*** |


**Ыйык жаныбарлар**

Египеттиктердин диний ишеними боюнча кудайлар көбү-несе ыйык жаныбарлардын кейпинде көрүнүшөт. Египеттиктердин кудайлары көп болгондуктан, дээрлик бардык жаныбарлар кудай эсептелген. Мышык, кой, өгүз, уй, арыстан, ылаачын, жылан жана башкаларды ыйык жаныбарлар деп билишкен.

Курт-кумурскалардын ичинен коңуз өзгөчө урмат-сыйга татыктуу болгон. Египеттиктер Жер шары да коңуз тоголотуп бараткан шарча өңдүү мейкиндикте айланып, кезип жүрөт деп эсептешкен. Ошондуктан коңуздар Күндүн жардамчылары эсептелген. Денесинде *Бастет* деген аял кудай көрүнгөн мышыктын урматына уюштурулган майрамдарда Египеттин жалпы эли катышкан. Ыйык жаныбарларды да куду кайтыш кылган адамдар сыяктуу мумиялашкан, урмат-сый менен сөөгүн жерге беришкен.



**Мумияланган ит**



**Ыйык саналган коңуздар**



**Мышык көрүнүшүндөгү сулуулук кудайы – Бастет**


### *Таяныч конспект*

- → пирамида — фараондун күмбөзү
- → Хуфу → Хафра → Менкаура
- → Хуфу (грекче — Хеопс) — б. з. ч. 2600- жылдар
- → сфинкс
- → Тутанхамон
- → мумиялоо — 70 күн → мумия
- → Бастет — сулуулуктун кудайы

*Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Байыркы Египеттин падышалары пирамидаларды кандай максатта курушкан?
2. «Бардык нерсе убакыттан коркот, убакыт болсо пирамидалардан!» дегенди кандай түшүнөсүң?
3. Египеттеги эң белгилүү пирамидалар каерде курулган?
4. Эмне үчүн фараондордун сөөгүн койгондо күмбөзгө турмушта пайдаланган буюмдарын чогуу коюшкан?
5. Маркумдар кандай максатта мумияланган?


## 10 – 11-§§. Байыркы Египеттин маданияты



Жазгычтын айкели



Папирус



Таш тактай

**Жазуу**

Байыркы Египеттиктердин жазуусу адамзаттын алгачкы жазууларынан бири болгон. Баштап сөз сүрөт түрүндө жазылган. Жазуудан каада-салттарды жазып барууда пайдаланышкандыктан, аны *«ыйык»*, же *«кудайлардын сөзү»* деп аташкан.

Байыркы гректер аларды *«иероглифтер» («ташка чегилген ыйык жазуулар»)* деп аташкан. Жазуулар күмбөздөрдүн дубалдарына, кудайлардын айкелдерине чегип жазылган. Египеттиктердин алиппеси 750 иероглифтен турган. Иероглифтерди үйрөнүү өтө татаал иш болуп, сабат чыгаруу көпчүлүккө буюрбаган. Иероглифтерди камыш кыл калем менен папируска жазышкан. Ар түрдүү түстөгү минералдык боёктор сыянын милдетин аткарган. Билим алууда чоподон жасалган буюмдун бөлүктөрүнө же акиташка жазышкан. Сулуу жазуу өнөрүн ээлеген адамдар жогорку деңгээлде маалыматтуу жана сабаттуу адамдар эсептелген, чоң артыкчылыктарга ээ болуп, урматсый көрүшкөн. Жакыр үй-бүлөлөрдүн балдары сабатсыз бойдон кала беришкен, өнөрдү болсо ата-энелеринен үйрөнүшкөн.

**Иероглифтер сырларынын ачылышы**

Белгилүү француз окумуштуусу *Франсуа Шампольон* 1822-жылы дүйнөлүк мааниге ээ болгон ачылыш жасады: Египет тексттерин окуунун ачкычын тапты. Бул ачылышка *Каир* шаарынан анчалык алыс болбогон *Розетт* шаарына жакын жерде ташка чегилген байыркы египет жана грек тилдериндеги жазуу себеп болду. Грек тилинен которуу кыйынчылык туудурбады, тексттерди салыштырып көрүп, ар бир иероглифтин маанисин түшүнтүрүп берүү мүмкүнчүлүгү табылды. Мына ушул ачылыштан кийин папирустарга

жазылган көптөгөн тексттер, ибадатканалар менен пирамидалардын дубалда-рындагы жазуулар көп кылымдык жымжырттыктан кийин «сүйлөй баштады». Тарыхчылар болсо ба-йыркы Египет цивилизациясын үйрөнүүдө негизги жана ишеничтүү булактарга ээ болушту. Бүгүнкү күндө Розетт жазуулары Лондондогу Британия музейинде сакталууда.




**Нефертити – Египет канышасы**

***Өзүңдү сынап көр!***

***Иероглифтер – бул ... Папирус – бул ...***
***Ж. Шампольон – бул... Розетт таш жазуусу – бул ...***

### Теориялык билимдердин пайда болушу

Египеттиктердин теориялык билимдеринин пайда болушу жана өнүгүшү алардын күндөлүк турмушу менен байланышта болгон. Дыйкандар үчүн качан үрөн себүү жана качан түшүм жыйноо керектигин билүү зарыл болчу. Бул убакытты египеттиктер жылдыздарга карап аныкташкан. Ошентип астрономия – жылдыздар жөнүндөгү илим пайда болду.




**Окумуштуу-астроном иш үстүндө**

Жылдыздарга байкоо жүргүзүү менен египеттиктер жылдын созулушун 365 күн деп анык-так белгилешкен, биринчи болуп календарь түзүшкөн, 365 күндү болсо 30 күндөн 12 айга бөлүштүрүшкөн, ашып калган 5 күндү болсо майрам күндөрү эсептешип эсепке киргизишпеген. Египеттиктер тарабынан түзүлгөн асмандагы жылдыздардын жайгашуу картасы азыркы күнгө чейин сакталып калган. Египеттиктер деңиз жана чөлдөрдө жылдыздарга карап болжол алышкан, жолду белгилешкен.



**Египеттиктердин медициналык аспаптары**

Өстөн казганда, үй жана имарат курганда аянтты жана көлөмдү ченөө зарылчылыгы туулду, ошентип геометрия – жердин аянтын ченөө илими пайда болду. Египеттиктер жөнөкөй арифметикалык эсептөөлөрдү гана эмес, ошондой эле бөлчөктөрдү, бө-



«Падышанын чыканагы» – чен бирдиги



Байыркы Египет суу сааты



Осирис – мүрзөлөр дүйнөсүнүн башчысы

лүмдөрдү жана татаал эсептөөлөрдү билишкен. Математика илими да мына ушунун негизинде өнүктү.

Египеттиктерге дарыгерлик илими да жакшы тааныш болгон. Мумияланган сөөктөрдү даярдоо менен египеттиктер адамдын ички түзүлүшүн да мыкты үйрөнүшкөн. Кан тамырынын согушуна карап оорунун себебин аныкташкан. Дарылоодо кайнатылган чөптөрдөн, минералдык суу жана туздардан кеңири пайдаланышкан. Египетттин шаарларында дарыгерлерге билим берүүчү атайын мектептер болгон.

Египетте негизги чен бирдиги *«чыканак»* болуп, ал чыканактан манжалардын учуна чейинки аралыкка тең болгон. Колдордун узундугу ар түрдүү болгондугу себептүү «падыша чыканагы» деген жалгыз чен бирдиги киргизилген, ал 52,5 сантиметрге барабар болгон. «Падыша чыканагы» бүткүл мамлекет боюнча үлгүгө айланган. Мындан да кичүү узундуктарды өлчөөдө алакан же манжалардан пайдаланышкан.

Египетте убакыт суу сааттарынын жардамында өлчөнгөн, ал 24 бөлүккө бөлүнгөн атайын идиш болгон. Бир бөлүктөн экинчисине агып өткөн суунун көлөмү бир саат деп эсептелген.


Байыркы гректер математика, архитектура, медицина жана башка тармактардагы көптөгөн жетишкендиктерди египеттиктерден өздөштүрүп алышкан.

**Адабият**

Египеттиктердин жазуусу өтө татаал болгон. Бирок негизги жумушу текстттерди жазуу жана окуу болгон жазгычтардын эмгеги натыйжасында египеттиктердин көркөм чыгармалары бизге чейин жетип келген.

Жомоктор, уламыштар, мифтер, кудайларга жана падышаларга арналган одалар кеңири таралган болчу. Аларда болгон окуялар уламыштар менен жуурулушуп кеткен. Адамдардын кый-

мыл-аракетине кудайлар аралашат, изгилик жамандыктын үстүнөн жеңишке жетишет. Мисалы, *«Эки ага-ини жөнүндө жомок», «Өлүм падышасы жөнүндө жомок»*, Исида менен Осирис жөнүндө уламыш, *«Синухеттин аңгемеси»* сыяктуу чыгармалар белгилүү болгон.



**Сет кудайы Осиристин алдындагы салтанатта**

***Таяныч конспект***

- → иероглифтер — 750 — «кудайлардын сөзү», «кудай жазуусу»
- → папирус
- → Жак-Франсуа Шампольон (1822- жыл)
- → Розетт таш жазуусу — байыркы египет жана грек тилдери
- → астрономия → календарь
- → геометрия
- → математика
- → медицина
- → жомоктор, мифтер, уламыштар




**Шумер чопо идиштери**

*Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Байыркы Египет жазуусунун өзгөчөлүгү эмнеде?
2. Эмне үчүн египеттиктер иероглифтерди «ыйык сөз» деп аташкан?
3. Египет жазууларын ким окуган? Кантип?
4. Сенин оюңча, илим кантип пайда болгон?
5. Египеттиктердин илим жаатында жетишкен ийгиликтерин айтып бер?
6. Пирамидалар курулушуна жетекчилик кылган ибадаткана кызматкерлери кандай билимдерге ээ болушу керек эле?

## 12-§. Месопотамиянын цивилизациялары



**Жазгыч иш үстүндө**


**Табигый шарттар**

Тигр жана Евфрат дарыяларынын ортосундагы өрөөнду гректер *Месопотамия (эки дарыя аралыгы)* деп аташкан. Адамдар Месо-потамияга байыркы замандарда көчүп өтүшкөн.

Месопотамия дарыяларынын ташкын суулары түрдүү топурак жана таштардан турган ылайды алып келген. Алар жер семирткичтин ордун баскан. Ошондуктан Месопотамиянын жерлери иштетүү

үчүн оң, түшүмдүү келген. Кышында жамгыр жана дарыя ташкыны башталат. Ошол себептүү Месопотамияда дүйнөдөгү эң байыркы мифтерден бири – *Жер жүзүн суу алышы* жөнүндөгү уламыш жаралды.

Курма дарагын Месопотамиянын калкы *«жашоонун дарагы»* деп атаган. Бир түп дарак 50 кг га чейин түшүм берген. Курманын мөмөсүнөн балга окшогон май алынган. Дарактын жыгачы курулуш материалы жана отун иретинде иштетилген. Курманын данегинен малды бордоо үчүн жем даярдалган. Курманын данектерин ошондой эле темирчилик устанаканасында отундун ордуна да иштетишкен. Месопотамиялыктар пахса жана чийки кыштан там салышкан.



**Курма дарагы – «Жашоонун дарагы»**

**Эсте сакта!**


Б. з. ч. 4-миң жылдыкта Месопотамияда шумерлер турагы пайда боло баштайт. Алар Түш-түк Месопотамияга жайлашып, бул жерди Шумер деп аташкан. Месопотамиянын Аккад деп аталган түндүк бөлүгүндө көчмөн малчылар аккаддар орношкон.

**Б. з. ч. 4-миң жылдыкта** Месопотамияда шумерлердин турагы пайда болот. Алар Түштүк Месопотамияга жайлашып, бул жерди *Шумер* деп аташкан. Мамлекеттин *Аккад* деп аталган түндүк бөлүгүндө көчмөн малчылар – аккаддар орношкон. Б. з. ч. 3-миң жылдыктын аягында шумерлерге жуурулушуп кеткен аккаддар бүткүл Месопотамияны ээлеп алышкан.

**Месопотамия калкынын турмуш-тиричилиги**

Месопотамия элинин негизги тиричилиги дыйканчылык болгон. Тигр, Евфрат дарыяларынын ар жылкы суу ташкыны учурунда суу менен бирге талааларга түшүмдүү ылайка агып келген.


Месопотамияда жыгач, таш, металл, сыяктуу материалдар болбогон, бирок дан эгиндери мол түшүмдүү болуп, мал чарбасынын туягы көп болчу. Ошондуктан Месопотамиянын калкы соода-сатык менен да алектенишкен. Кошуна Кавказ арты жана Иран өлкөлөрүнөн алтын, жез, күмүш, калай жана кемчил таштарды алып келишкен. Сириядан болсо кедр жыгачы алып келинген. Соода иштери суу жана кургактык жолдору аркылуу жүргүзүлгөн.




**Байыркы шумерлер**




**Месопотамия**



**Клинопись жазуусу**



**Шумерлердин Ур шаары**

Месопотамияда түрдүү продуктулар жана кол өнөрчүлүк буюмдары менен соода кылышкан. Айныкса металл буюмдар, жасалгалар, курал-жарак, карапачылык буюмдары кадырлуу болгон. Соода-сатыкта күмүш металл тыйындар иштетилген. Месопотамияда оордуктун чен бирдиги болгон «*мино*» 550 грамм күмүшкө барабар болгон.

**Б. з. ч. 4-миң жылдыкта** шумерлер эң байыркы жазуу – клинописти ойлоп табышкан. Алар учу өткүрлөнгөн таякчалар менен ылай-тактайларга жазышкан. Шумерлер өнөрү күчтүү куруучу жана кол өнөрчүлөр болушкан. Зергердик өнөрү шумердиктердин арасында жогорку деңгээлге көтөрүлгөн. Колунан көөрү төгүлгөн усталар алтын жана күмүштөн ар түрдүү жасалгалар жасашкан.

**Шаар-мамлекеттер** Биздин заманга чейинки 4-миң жылдыктын аягында Месопотамияда *Урук, Умма, Лагаш, Ур* жана башка шаарлар пайда боло баштады. Алар шаар-мамлекеттер деп аталып, шаар менен ага туташ дыйканчылык райондорунан турган. Ар бир шаардын башчысы жогорку кудай – шаардын демөөрчүсү эсептелген. Кудайдын атынан төлгөчүлөр бийлик жүргүзүп, кудайлардын ибадатканасы болсо мамлекеттеги бийликтин

**Эсте сакта!**

Б. з. ч. 4-миң жылдыктын аягында Месопотамияда Урук, Умма, Лагаш, Ур шаарлары пайда болгон. Аларды шаар-мамлекеттер деп аташкан



**Иштар – түшүмдүүлүктүн, сүйүүнүн жана согуштун кудайы**

борбору болгон. Месопотамиянын байыркы ибадатканалары – зиккураттар чийки кыш кыналган кооз имарат көрүнүшүндө болгон.


Күндүн кудайы *Шамаш* өзгөчө урматка татыктуу кудай, жогорку сот эсептелип, жаман иштери үчүн адамдарды соттогон. Айдын кудайы *Сина*, суунун кудайы *Эа* болгон, шумерликтер түшүмдүүлүк менен махабаттын, согуш менен жеңиштин кудайы *Иштар*га сыйынышкан.

***Өзүңдү сынап көр!***

***Шамаш — бул ...*** ***Иштар – бул...***
***Сина — бул...***

Шаар-мамлекеттердин үстүндө падышалар турган. Б. з. ч. 3-миң жылдыктарда Шумер шаарларынын арасында эң күчтүүсү Ур шаары болгон. Археологдордун падышалардын күмбөзүнөн тапкан табылгалары да Урдун күч-кудуретинен күбөлүк берет. Алар алтын буюмдар, кооздолгон курал-жарактар, күмүш идиштер эле.

Месопотамиядагы ири жер мүлктөрү падышалар менен төлгөчүлөрдө болгон. Жерлерде кулдар жана эркин жалданма эмгекчилер иштешкен. Шаар айланасында жашаган калк чакан жер үлүштөрүнө ээлик кылышкан. Өздөрүнүн үй-бүлөлөрүн багуу үчүн кедейлер падыша менен ибадатकананын мүлктөрүндө эмгектенишкен.




**Уруктун падышасы – Гильгамеш**

Б. з. ч. 3-миң жылдыктын ортолорунда Лагаш мамлекети өнүгө баштайт, Шумер менен Аккаддын көптөгөн шаарлары Лагашка кошуп алынат. Шумер шаарлары коргоо чептери менен курчап алынган. Шаарлардын башкы дарбазасынан башталган көчөлөр борбордук аянтка, ибадатканага жана падышанын сарайына барган. Курулуш таш, чийки жана күйдүрүлгөн кыш менен ишке ашырылган. Лагаштагы ибадаткана кудайлар жана баатырлардын айкелдери менен кооздолгон.

Ибадаткана көлмөсүндө балыктар сүзүп жүргөн, ошондой эле көгүчкөндөр жана ар түрдүү жаныбарлар үчүн айбанат бактары курулган.

Согуш мезгилинде шаардын калкы падышаны шайлаган. Барган сайын алардын кадыр-баркы ашып, падышалар токтоосуз бийлик жүргүзө баштташат. Падыша шаар-мамлекетти ак сөөктөргө, төлгөчүлөргө жана армияга таянган түрдө кызмат адамдары жардамында башкарган.



Урдагы чоң зиккурат (ибадаткана)

**Гильгамеш жөнүндө уламыш**

Месопотамиянын эң сүйүктүү каарманы *Гильгамеш* Урук шаарынын падышасы болгон. Анын турмуш-тиричилиги кийинчерээк көптөгөн уламыштар үчүн уютку болуп кызмат кылды.

Уламышта айтылышынча, Гильгамеш дүйнөгө келгенден кийин мамлекет падышасы болгон чоң атасы небереси андан бийликти тартып алышынан чочуп, аны жарга таштап жиберүүгө буйрук берет. Жарга кулап бара жаткан Гильгамешти бүркүт кармап калат да, бир багбанга алып барып берет. Багбан Гильгамешти боорукердик менен тарбиялап чоңойтот. Эресеге жеткен Гильгамеш чоң атасынан бийликти тартып алат, өзү Урук шаарын башкарууга киришет. Гильгамеш *Энкиду* деген баатыр менен достошот. Экөөсү биригип кара ниеттүү макулуктарга каршы күрөшөт, ал үчүн кудайлар Энкидуну жазалашат жана ал өлөт. Түбөлүк жашоого жетишүү үчүн Гильгамеш деңиздин түбүндө өскөн сыйкырдуу чөптү издеп табат, андан өз эли менен биргеликте пайдаланууну чечет. Бирок кайтып жатып бир көлдө киринген учурда гүлдүн жытын жылан сезип калат жана мээрчөптү уурдап кетет. Ошондон улам жыл сайын жыландар түлөп жашарышат экен. Гильгамеш өз шаарынын дубалдары аны коргошун, ал эми изги иштери болсо анын өмүрүн түбөлүктүү кылышын түшүнүп жетет.



Гүлдү алып качкан жылан. Гильгамеш жөнүндөгү уламышка тартылган сүрөт



**Эки дарыя аралыгынын падышасы – Саргон I**

**Аккаддын өнүгүшү**

Шаар-мамлекеттер бири-бири менен тынымсыз согушуп турган. Ошонун натыйжасында Саргон I бүткүл Шумердин падышасы болуп алат. **Б. з. ч. 3-миң жылдыктын экинчи жарымында** ал Аккад жана Шумер шаарларын кол астына бириктирет. Сооданы өнүктүрүү максатында бардык шаарлар үчүн жалпы болгон узундук, аянт жана оордук чен бирдиктерин киргизет. Дүйнөлүк тарыхта биринчи болуп регулярдуу кошуун түзөт. Бул кошуун 5400 жоокерден турган, кийинчерээк ал Саргон I ге көптөгөн шаар жана мамлекеттерди басып алууга шарт түзгөн чоң армиянын негизине айланган. Саргон I Месопотамиядан Аравия, Иран жана Индияга баруучу деңиз соода жолдорун ээлеп алат. Падышалыгынын аягында ал «дүйнөнүн төрт бурчунун падышасы» деген наам алат. Саргон I кайтыш кылгандан кийин бул мамлекет бири-бири менен согушту уланткан көптөгөн шаар-мамлекеттерге бөлүнүп кетет. **Б. з. ч. 2-миң жылдыкта** Шумер-Аккад мамлекети көчмөн уруулардын соккусунан ыдырап кетти.

***Таяныч конспект***

- Месопотамия – Эки дарыянын аралыгы (Тигр жана Евфрат дарыяларынын аралыгы)
- б. з. ч. 4-миң жылдык шумерлер – түштүк; аккаддар – түндүк
- дыйканчылык, кол өнөрчүлүк, соода
- шаарлар – Урук, Умма, Лагаш, Ур
- зиккураттар – ибадатканалар
- кудайлар – Шамаш, Сина, Эа, Иштар
- Гильгамеш –Уруктун падышасы
- Саргон I – Шумердин падышасы
- Б. з. ч. 2-миң жылдык – Шумер-Аккад мамлекетинин кулашы

**Эсте сакта!**

Падыша Саргон I б. з. ч. 3-миң жылдыктын экинчи жарымында өз бийлиги астында Аккадды бириктирди жана «дүйнөнүн төрт бурчунун падышасы» наамын алды.

*Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Картадан Алдыңкы Азияда жайлашкан мамлекеттерди тап.
2. Тарыхый терминдер сөздүгүнөн пайдаланып, "цивилизация" сөзүнө түшүндүрмө бер.
3. Эки дарыя аралыгы байыркы заманда кандай аталган?
4. Месопотамиянын кайсы бөлүгү мамлекеттин алгачкы калкы тарабынан өздөштүрүлгөн эле? Качан?

## 13-§. Вавилон падышалыгы


**Вавилон – «кудайлардын дарбазасы»**

**Б. з. ч. II миң жылдыкта** *Вавилон падышалыгы* Месопотамиянын түштүгүндөгү эң ири күчтүү мамлекетге айланды. Вавилондун географиялык орду ыңгайлуу жер болуп, ал Евфрат жана Тигр дарыяларынын жээктери бири-бирине туташып кеткен жерде жайлашкан. Кемелерде товарлары менен келген көпчүлүк соодагерлер бул шаарга конуп өтүшкөн. «Вавилон» сөзү болсо «*кудайлардын дарбазасы*» деген маанини билдирет. Вавилон шаарында укмуштуу сарайлар, кооз ибадатканалар болгон. Вавилондун башкы көчөсү жеңиштин кудайы Иштардын дарбазасы менен башталган. Ал жерде дыйканчылык, көл өнөрчүлүк жана соода-сатык жакшы өнүккөн. Бирок өз ара согуштар буга тоскоолдук кылган.



Вавилон

Биздин заманга чейинки XVIII кылымда (б. з. ч. 1792 – 1750-жылдар) Вавилондун падышасы *Хаммурапи* бүткүл Месопотамияны жалгыз мамлекетке бириктирет. Хаммурапинин бийлиги доорунда Вавилон эң күчтүү мамлекетке айланат.




Иштар кудайы ибадатканасынын дарбазасы

**Хаммурапинин мыйзамдары**

Хаммурапи тарыхта мыйзам чыгаруучу падыша иретинде наам калтырган. Анын мыйзамдары көлөмү, турмуштун түрдүү жагдайларын өзүндө камтыгандыгы менен мурдагы бардык мыйзамдардан жогору турган. Алар бардыгына: байларга да, кедейлерге да бирдей болгон. Мыйзам тексттери мамлекеттин бардык шаарларына орнотулган таш устундарга жазып коюлган.

Хаммурапинин мыйзамдары талапчандыгы менен адамды таң калтырат. Эгерде дарыгер жасаган туура эмес иш-аракеттердин натыйжасында оорулуу дүйнөдөн көз жумса, анда дарыгердин манжалары кесип салынууга тийиш болгон. Эгерде архитектор курган үй кокусунан кулап, бирөөнү



Хаммурапи



**Ассириянын жоокерлери чепке чабуул жасашууда**

басып калса, архитектор өлтүрүлүүгө тийиш болгон. Карызын өз убагында кайтарбаган адам үй-бүлө мүчөлөрүн карыз берген адамга үч жылга кулдукка берүүгө тийиш болгон. Эгерде күнөөлүү жабыркаган адамдын көздөрүнө зыян жеткирген болсо, өзү да ошондой жазаланышы – көздөрүнө зыян жеткирилиши керек болгон. Өрт маалында уурулук менен колго түшкөн адам ошол замат өрткө ташталган. Ачкычты бузган ууру мындан да оор жазага туш болгон: ал бирөөнүн мүлкүнө кирген жеринде өлтүрүлүп, ошол жердин өзүнө көөмп салынган.

Хаммурапинин мыйзамдары тек гана падышанын өкүмү болбостон, кудайлардын каалоо-тилеги иретинде түшүндүрүлгөн, ошондуктан аларга сөзсүз баш ийүү талап кылынган. Талапчандыгы жана аёосуздугуна карабастан Хаммурапинин мыйзамдары коомдун өнүгүшүнө шарт түзүп берди, анткени талоончулук, уурулук жана мамлекеттик мүлктү уурдоо сыяктуу кылмыштар дээрлик болбогон.

***Өзүңдү сынап көр!***

| | |
|---|---|
| ***Вавилон сөзүнүн мааниси — бул ...*** | ***Хаммурапи — бул...*** |



**Согуштагы жаачылар**

Хаммурапи дээрлик отуз жыл бою кошуна мамлекеттерди өзүнө багындыруу үчүн тынымсыз согуш алып барды. Ал дүйнөдөн кайткандан кийин тоолук *касситтер* уруусу шаарды басып алат. Алардын баскынчылыгы Вавилондун кыйрашына шарт түздү. Узакка созулган бул жагдай б. з. ч. VII кылымда *Жаңы Вавилон* падышалыгынын куралышы менен аягына чыгып, Вавилон кайра өнүктү.

**Жаңы Вавилон падышалыгы**

*Навуходоносор* II нин бийлиги тушунда Вавилон өнүгүүнүн туу чокусуна чыгат. Бул падыша Египетти Жаңы Вавилон падышалыгына кошуп алат, Иерусалимдин таш-талканын чыгарат, Вавилонду болсо жеңилгис чепке айландырат. Навухо-

доносор II турак-жай имараттары менен коргонуу дубалдарын курууда күйдүрүлгөн кышты иштетүү жөнүндө буйрук берет. Ал бийлик жүргүзгөн доордо Вавилон шаарынын сегиз дарбазасы болгон, алардын ар бири мамлекеттин башкы кудайларынан биринин аты менен аталган. Айныкса кудай Иштардын атындагы дарбаза өтө кооз болуп, ал канаттуулар менен жаныбарлардын сүрөттөрү тартылган көгүлтүр орнаменттүү таш-тактайлар менен кооздолгон.



**Навухудоносор II**

Байыркы ирандыктардын кошууну 539-жылы Вавилонго бастырып кирет. Фарстар шаарды алышат. Жаңы Вавилон падышалыгы Иран мамлекетинин курамына кирет. Ирандыктарды Вавилондон Македониялык Александр кууп чыгат. Ал дүйнөдөн кайткандан кийин Вавилон Салавкийлер мамлекетинин курамына кирет.

> **Эсте сакта!**
>
> **Б. з. ч. 539-жылы** фарстар Вавилонду басып алышат. Жаңы Вавилон падышалыгы Иран мамлекетинин курамына кирет.

**Вавилон маданияты**


Шумер менен Аккад Вавилон маданиятынын эң байыркы очоктору болгон. Дүйнөдөгү эң байыркы жазуулардан бири саналган Шумер клинописи б. з. ч. IV миң жылдыкта пайда болгон эле. Бул жазуу баштап «суу», «күн» жана башка өз алдынча сөздөрдү билдирген сүрөттөрдөн турган.

Падышалардын сарайлары менен ибадатканаларда ак сөөктөр жана бай адамдардын перзенттери билим алуучу мектептер түзүлгөн эле. Окуучулар кургай элек *чопо-тактай*ларга сөөк жана жыгачтан жасалган таякчалар менен жазышкан. Чопо-тактайлар баштап күндө кургатылган, андан кийин мештерде күйдүрүлгөн. Бул тактайлар алгачкы китептер болуп, окуучулар миф жана уламыштарды көчүрүп жазышкан, өсүмдүктөр, канаттуулар, жаныбарлар жана курт-кумурскалардын аттарын тизмеге алышкан. Чопо-тактайларда мамлекеттердин, шаарлардын жана айылдардын аттары да жазылган.



**Шумер клинописи**

Шумерлер эсептөө системасын, күн жана ай календарларын да түзүшкөн. Күн жылынын



**Байыркы жазуунун пайда болушу**

созулу-шу шумерликтер тарабынан 365 күн, ал эми ай жылы болсо 354 күн деп белгиленген. Шумерлик жана вавилондук төлгөчү-астрономдор астрономияга таандык билимдерге ээ болушкан. Эң байыркы обсерваториялар бийик, көп тепкичтүү ибадатканалар – *зиккураттар*дын үстүндөгү аянтчага курулган.

Биздин заманга чейинки 3-миң жылдыкта эле Месопотамия жеринде ар түрдүү дары-дармектерди даярдоо боюнча пландар түзүлгөн.

География жаатындагы билимдер шумерликтер менен вавилондуктарга кемелерде деңизде сүзүүгө мүмкүнчүлүк берген.

Ааламдын жаралышы жөнүндөгү эң байыркы мифтерден бири Месопотамия жергесинде жаралган эле.



**Вавилон мунарасы**

### *Таяныч конспект*

- Б. з. ч. 2-миң жылдык – Вавилон падышалыгы
- Вавилон – «кудайлардын дарбазасы»
- Хаммурапинин мыйзамдары
- Навуходоносордун бийлиги – өркүндөшү

- б. з. ч. 539- жыл — фарстардын Вавилонду басып алышы
- клинопись, календарь
- ааламдын жаралышы жөнүндөгү уламыштар

**Эсте сакта!**

Байыркы жазуулардан бири – шумер клинописи – б. з. ч. 4-миң жылдыкта пайда болгон. Шумерликтер өздөрүнүн эсептөө системасын, күн жана ай календарларын түзүшкөн.

### Суроолор жана тапшырмалар:

1. Картадан Вавилон падышалыгын жана анын борборун тап.
2. Эмне үчүн Вавилон шаарын «кудайлардын дарбазасы» деп аташкан?
3. Кайсы падышанын доорунда жана качан Вавилон жеке мамлекетке айланган?
4. Хаммурапинин мыйзамдары кандай максатта жаратылган? Алар кимдерге каратылган эле?
5. Сенин оюңча, эмне үчүн Хаммурапинин мыйзамдары мынчалык катуу болгон?
6. Нахудоносор II нин бийлиги доорунда Жаңы Вавилон падышалыгында кандай өзгөрүүлөр болду?
7. Вавилондун маданияты жөнүндө эмнелерди билесиң?

## 14-§. Алдыңкы Азия мамлекеттери жана алардын кошуналары


**Биздин заманга чейинки 2-миң жылдыкта** Алдыңкы Азияда жашаган калктарды бириктирген алгачкы мамлекеттер пайда боло баштады, *Хетт, Митанни, Ассирия, Урарту, Финикия шаар-мамлекеттери* ошолордун катарына кирет. Бул мамлекеттер токтоосуз баскынчылык жана коргонуу согуштарында күн көрүшкөн



Ассириялык жаачы

**Ассирия падышалыгы**

Байыркы замандарда ассириялыктар Тигрдин жогорку агымындагы чаканыраак аймакты ээлешкен. Баштап *Ашшур* шаары, кийинчерээк *Ниневия* шаары борбор болгон. Калктын негизги машыгуусу дыйканчылык жана соода эле. Ассириялыктардын мамлекети **биздин заманга чейинки XX кылымдын тегерегинде** пайда болгон.




**Арстан менен салгылашуу.**
*Фреска*

Ассириялыктар согушчул калк болгон. Алар кошуна жерлерге бат-бат чабуул жасап турушкан. Алардын кудуреттүү кошууну ар жылы жаңы жерлерди басып алууга аттанган. Багындырылган элдер Ассириянын падышасына чоң сандагы салык төлөшкөн. **Б.з.ч. VIII кылымда** падыша *Салманасар*дын бийлиги доорунда Ассирия падыша-




Ассирия падышалыгы



Ассириянын жоокерлери шаарды окко тутушууда

лыгы өнүгүүсүнүн туу чокусуна чыгат. **Б.з.ч. VIII-VII кылымдарда** Ассирия падышалыгы кайра күчөгөн доордо *Вавилон, Библ, Тир*, Сидон жана Палестиндин бир бөлүгү басып алынат.




**Ассириянын борбору – Ниневия.**
*Реконструкция*

Шаарды басып алган ассириялыктар чептин дубалдарын, үйлөрдү жана ибадатканаларды бузуп салып, калкты туткундукка айдап кетишет.

Падышаларынын ырайымсыздыгы натыйжасында Ассириянын борбору *Ниневия*ны «канга баткан шаар», же «арыстандар капчыгайы» деп мүнөздөшкөн. Жортууларда талап-тоноп алынган нерселер менен сарайлар жана ибадатканалар толуп кеткен. *Ашшурбанапал* доорунда Ниневияда Алдыңкы Азиядагы эң ири, чопо-тактайлардан турган китепкана чогултулган.

Акырындап Ассирия мамлекети алсыздайт. Б.з.ч. 627-жылы Вавилон, андан кейин *Мидия* Ассириядан бөлүнүп чыгат. Вавилон менен Мидия биригип, бир гана чабуул менен Ашшур жана Ниневияны **б.з.ч. 612-жылы** басып алат. **Б.з.ч. 605-жылы** Ассириянын армиясы таптакыр кырып ташталып, мамлекет да кризиске кабылат.



**Ашшурбанапалдын клинопись жазуусундагы китепканасы**

## Хет жана Митанни падышалыгы

Болжол менен **б.з.ч. XVIII кылымда** Кичи Азиянын борборунда (азыркы Түркиянын аймагында) *хеттер* деген түндүк калкы өзүнүн мамлекетине негиз салат. *Хаттуса* шаары ошол мамлекеттин борбору болгон. Калктын негизги ма-шыгуусу дыйканчылык жана мал чарбачылыгы эле.

Хеттер кошуна мамлекеттер менен тынымсыз согуш жүргүзгөн. Согуштук араба жана ортосуна темир түпөк орнотулган калкандан пайдаланышкан. Хеттер Сириянын бир топ шаарларын басып алып, Вавилонду талоончулукка алышкан.

**Эсте сакта!**

**Хетт** мамлекети азыркы Түркиянын аймагында, ал эми **Митанния** мамлекети болсо азыркы Сириянын аймагында жайлашкан.

Азыркы Сириянын аймагында пайда болгон *Митанни падышалыгы* хеттердин кооптуу душманына айланат. Согушта митанниликтер атчан

кошуундан пайдаланышкан, хеттердин борбору Хаттусаны басып алууда атчан кошуундар чечүүчү роль ойногон. Ошентсе да б. з. ч. XIV кылымдын баштарында Хеттер падышалыгы кайра күчөй баштайт. Хеттер согушуп олтуруп Жер Ортолук деңизинин жээктерин кайтарып алышат жана Митанни падышалыгын жеңип чыгат. Ассириянын кооп салуусунан корккон хеттер египеттин падышасы менен келишим түзүүгө аргасыз болот. Ассириялыктар Вавилонду басып алышат, бирок хеттер алардын кооп салуусун токтото алышат.



**Хеттердин согуш арабасы согуш алдынан**

**Б. з. ч. XIII кылымдын аягында** тарыхта аттары белгисиз элдер (аларды «деңиз элдери» деп аташкан) хеттердин борборун басып алып, таптакыр урандыга айландырышат. Мамлекет урайт, хеттер болсо башка элдер менен жуурулушуп кетет.

**Эсте сакта!**


Ассирия б.з.ч. XX кылымда пайда болду; б.з.ч. XIII кылымда өнүгүүсүнүн туу чокусуна чыкты; б. з. ч. 605-жылы тарых сахнасынан кетти.

**Урарту падышалыгы**

*Урарту мамлекети* Кавказ артында, *Ван, Урмия* жана *Севан* көлдөрүнүн аралыгында жайгашкан. Калкын урарттар дейишкен. Жеке мамлекеттин түзүлүшү Ассириянын чабуулдарынан коргонуу зарылчылыгын тездештирди. Ассирияга тең келе албаган Урартунун кошуундары тикеден-тике согушка кирбестик тактикасына баш ийишкен.

**Б. з. ч. IX кылым – VIII кылымдын баштарында** *Сардур I* жана *Менуа*нын доорунда Урарту мамлекети гүлдөп-жайнаган. *Тушпа* шаары Урарту мамлекетинин борборуна айланат. Урарттар бир топ баскынчылык жортуулдарга чыгышып, ассириялыктарды жеңип алышат. Бирок **б. з. ч. 704-жылы** ассириялыктардын кошуундары урарттардын армиясын талкалап салат.

Бир нече Урарту падышалары доорунда чогулган ири казна жеңүүчүлөрдүн колуна өтөт. *Тейшебаини* шаарындагы чеп басып алынат жана талкаланат. Алсызданган Урарту падышалыгын көчмөн *скиф* уруулары менен Мидия падышалыгы



**Тейшебаини шаарындагы чеп**

багындырат. **Б. з. ч. 590-жылы** Урарту падышалыгы да тарых сахнасынан кетет.



Финикиялыктар

**Финикия жан Палестин** Илгери *Финикия* Жер Ортолук деңизинин чыгыш жээгин бойлой азыркы Ливандын аймагында жана Сириянын бир бөлүгүндө жайгашкан. Финикиялыктар дыйканчылык менен машыгышкан, бак жана жүзүм өстүрүшкөн. Финикия ийне жалбырактуу дарак – кедр токойлоруна бай эле. Кедр жыгачынан кемелер жасашкан. Кедрдин момун мумия даярдоо үчүн Египетке алып келишкен.

Соода Финикиялыктардын негизги машыгууларынан бири болгон. Алар кошуналарына жыгач, металл жана кездемелер сатышкан. Жер Ортолук деңизинин жээктеринде *Тир, Сидон, Угарит* сыяктуу ири деңиз жээги шаарлары пайда болду.



Соломон – Израиль падышалыгынын даанышман падышаларынан бири

Финикиялыктар деңизчилик ишин мыкты билишкен. Б. з. ч. 2-миң жылдыктарда эле алар Кипр аралы менен Кичи Азиянын жээктеринде колонияларга негиз салышкан. Ошондон кийин финикиялыктар Түндүк Африка, Испания жээктеринде, *Сардиния* жана *Сицилия* аралдарында да пайда болушкан.

**Б. з. ч. X – IX кылымдарда** Финикияда *Тир-Сидон* падышалыгы пайда болот. **Б. з. ч. VII кылымда** аны Ассирия падышалыгы басып алат.

Б. з. ч. X кылымда Финикияда 22 үнсүз тамгадан турган алиппе жаратылды. Гректер аны өздөштүрүп, аларга үндүү тамгаларды да кошушту.



**Иудея падышалыгы бийлик сарайы.**
*Реконструкция*

Б. з. ч. 2-миң жылдыктын ортолорунда Палестинге байыркы еврей уруулары көчүп келип жайгашты. Б. з. ч. XI кылымда Палестин аймагында *Израиль* падышалыгы түзүлдү, кийинчерээк ал *Иудея* падышалыгы менен бирикти. Б. з. ч. 928-жылы Израиль-Иудея падышалыгы өз алдынча Израиль (Түндүк Палестин) жана Иудея (Түштүк Палестин) падышалыктарына бөлүнүп кетти. **Б. з. ч. 586-жылы** Иудея Вавилон падышалыгы тарабынан басып алынды.

Байыркы еврейлердин мифтери диний китептерге жазылган. Алар «*Библия*»га (грекче «китеп») бириктирилген. «Библия»да Аалам, Жердеги алгачкы адамдар – Адам Ата жана Обо Эне, Жер жүзүн суу алышы жөнүндөгү уламыштар бар.



Эски окуунун барактары

### *Таяныч конспект*

- б. з. ч. 2-миң жылдык – алгачкы мамлекеттер: Хетт, Миттани, Ассирия
- б. з. ч. XVIII кылым –Хетт падышалыгы, борбору Хаттуса
- б. з. ч. XIII кылым – «деңиз элдери» тарабынан Хаттусанын ойрондолушу, мамлекеттин ыдырашы
- Ассирия падышалыгы – борбору Ашшур – Ниневия
- Ашшурбанапал – клинопись жасуусундагы китепкана
- б. з. ч. 605-жыл – Ассирия Мидия жана Вавилон тарабынан басып алынды
- Урарту мамлекети, борбору – Тушпа
- б. з. ч IX кылым – VIII кылымдын баш. – Урарту мамлекетинин гүлдөгөн доору
- Финикия – Тир, Сидон, Угарит шаарлары
- б. з. ч. XI кылым – Израиль мамлекетинин пайда болушу



**Вавилондуктар Иудеянын элин туткундукка алып кетүүдө**

*Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Б. з. ч. 2-миң жылдыкта Алдыңкы Азия мамлекеттерин картадан тап жана аттарын айтып бер.
2. Алдыңкы Азия аймагында алгачкы мамлекеттер качан пайда боло баштаган?
3. Ассирия падышалыгы жөнүндө эмнелерди билесиң?
4. Ассириянын падышасы Ашшурбанапал эмнеси менен тарыхта наам калтырган?
5. Хетт падышалыгы кандайча түзүлгөн? Хетт падышалыгы бийлигинин өзгөчөлүгү эмнеде?
6. Хетт падышалыгы кандайча жоюлду?
7. Урарту мамлекетинин өнүгүү жана кыйроо себептери эмнеде?

## 15-§. Ахаманийлер мамлекети

**Эсте сакта!**

Б. з. ч. VI кылымда азыркы Ирандын аймагында (Фарс булуңунун жээктери) ахаманийлер династиясына таандык падыша – Кир II негиз салган Фарс падышалыгы пайда болгон.

**Байыркы Ирандын калкы**

**Б. з. ч. VI кылымда** азыркы Иран аймагында *Ахаманийлер* династиясына таандык падышалар негиздеген *Фарс падышалыгы* пайда болду. Ахаманийлердин падышалыгы дүйнөдөгү эң ири мамлекеттерден бири болгон.

Азыркы Иран аймагында байыркы замандарда *кассийлер*, *эламийлер* сыяктуу түрдүү уруулар жашап келген. Б. з. ч. IX кылымда бул мамлекетке *мидиялыктар* жана *фарстар* көчүп келишкен.

Иран бөксө тоолуу мамлекет. Мамлекеттин аймагы дээрлик ар тараптан токойлуу тоолор менен курчалган. Тоо алды өрөөндөрүндө калк дыйканчылык менен алектенген, мээ куйкалаган чөл зоналарында малчылык менен күн көрүшкөн.

Иран да Кичи Азия, Месопотамия, Кавказ арты, Орто Азия жана Индия мамлекеттерин байланыштырып турган кербен жолдорунун тоомунда жайгашкан эле.

**Эсте сакта!**

Б. з. ч. 3-миң жылдыкта Ирандын батыш бөлүгүндө, Месопотамия менен чектеш жерде Элам мамлекети пайда болот. Бул мамлекеттин борбору Суза шаары болгон.



**Жоодогу фарстар.** *Сырдалган плиталардан турган сүрөт*




**Байыркы Фарс мамлекети**

## Байыркы мамлекеттер

**Б. з. ч 3-миң жылдыкта** Ирандын батыш тарабында, Месопотамия менен чектеш жерде *Элам мамлекети* пайда болду. Бул мамлекетгин борбору *Суза* шаары болгон. Эламда дүйнөдөгү эң байыркы жазуулардан бири жаратылган эле.

**Б. з. ч. IX кылымда** Каспий деңизинин түштүк-батышында жайлашкан *Мидияда* уруулар союзу пайда болду. Б. з. ч. VII кылымда падыша *Киаксардын* бийлиги доорунда Мидия күчтүү мамлекетке айланды. Биздин заманга чейинки 612 – 615-жылдарда Мидия мамлекети Вавилон менен союз түзүп, Ассирияны басып алды.

**Эсте сакта!**

Б. з. ч. VII кылымда падыша Киаксардын бийлиги доорунда Мидия күчтүү мамлекетке айланат. Б. з. ч. 612–605-жылдарда Мидия мамлекети Вавилон менен биргеликте Ассирияны басып алат.


**Кир II Фарс өкүмдары**

Ирандын туштүгүндө, Фарс булуңуна туташкан жерлерде Фарс аймагы – байыркы фарстар орношкон өлкө жайгашкан эле.



Кир II

**Б. з. ч. 558-жылы** Ахаманийлар династиясынан чыккан падыша *Кир* II бардык фарстарды өзүнүн бийлиги астына бириктирген. Мидия падышалыгын баш ийдиргенден кийин Кир II ири кошуун түздү жана баскынчылык жортуулдарын улантты. Армения, Мидия жана Вавилон басып алынды (б. з. ч 539-ж). Ирандыктар Жер Ортолук деңизинин жээгине чыгышты, Палестин менен Финикияны багындырышты. Кир II нин Орто Азияга, *сактар* менен *массагеттердин* үстүнө жасаган жортуулу ийгиликсиз аяктады. Кир II нин баскынчылык саясатын мураскорлору *Камбиз* менен *Доро* I да улантышты. Камбиз Египетти басып алуу менен Иран мамлекетинин жерлерин аябай кеңитти.



Доро I тактыда

**Доро I дин реформалары**

**Биздин заманга чейинки 522-жылы** падыша Доро I (б. з. ч. 522–488-жылдары падыша) Байыркы Фарс мамлекетинин тактыга отурду. Бул убакытта басып алынган бардык мамлекеттерде көтөрүлүштөр башталып кетти. Ахаманийлердин падышасы Доро I аларды бастырууга киришти.

Падыша «доройи» деп аталган алтын тыйынды мамилеге киргизди. Персеполдон Жер Ортолук деңизине чейин «падышанын жолу» аттуу соода жолу курулган эле. Доро I кошуунду кайрадан түздү, державаны «сатраптыктар» деп аталган атайын аскердик-админстративдик аймактарга бөлдү.




Доройи – алтын тыйын

Доро I скифтерге каршы жортуулга чыкты. Анын Алдыңкы Азиядагы грек колонияларын, *Фракияны* басып алышы грек-фарс согушунун башталышына себеп болду. Доро I дин бийлиги тушунда Индиянын түндүгүнөн Жер Ортолук деңизине чейин созулган ири империя түзүлдү.



**Доро I дин сакчылары**



**Көтөрүлүш жетекчилерин Дарий I ге алып барышууда** *Бехистун аска ташы.*

**Байыркы фарстардын маданияты** *Суза, Экбатана* жана башка шаарлар Ахаманийлер мамлекетиндеги маанилүү соода борбору эле. *Персеполь* шаарында Доро I жана Ксеркстин кооз бөлмөлөрү жана жүз устундуу залы болгон сарайынын калдыктары сакталып калган. Сарай мифологиялык жана фантастикалык канаттуулардын сүрөттөрү менен кооздолгон эле. Персеполдун бөртмө орнаменттеринде ахаманийлер баш ийдирген көптөгөн калктардын жана элдердин аттары сакталып калган.

Байыркы фарстар клинопись сымал белгилер менен жазышкан. Фарс падышаларынын жазуулары *Бехистун* жана *Накши Рустам* аскаларына, ошондой эле Персеполь сарайынын дубалдарына чегип жазылган. Алар жортуулдар жана көтөрүлүштөр тууралуу, ошондой эле мамлекеттин турмушундагы маанилүү окуялар жөнүндө маалымат берет.

Македониялык Александр **б. з. ч. 330-жылы** Фарс мамлекетин басып алды. Ахаманийлер мамлекети 200 жылдан ашуун бийлик жүргүзгөн.

***Таяныч конспект***

- кассийлер, эламийлер, мидиялыктар, фарстар
- Элам, Мидия мамлекети
- б. з. ч. 558-жыл – Фарс мамлекетинин пайда болушу (Кир II)
- Кир II – Армения, Вавилон жана Мидияга баскынчылык жортуулдары
- б. з. ч 530-жыл – Кир II нин Орто Азияда жеңилиши (Томарис)
- б. з. ч. 522-жыл – Доро I
- мамлекеттин сатраптыктарга бөлүнүшү
- б. з. ч. 330-жыл – Ахаманийлер империясынын Македониялык Александр тарабынан басып алынышы
- Ахаманийлер мамлекети 200 жылдан ашуун бийлик жүргүзгөн

*Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Иран падышалыгы качан түзүлгөн?
2. Кайсы династиянын падышалары Фарс падышалыгын негиздеген?
3. Элам мамлекети качан пайда болгон?
4. Б. з. ч. VI кылымда Кир II кайсы мамлекеттерди басып алды?
5. Доро I өзүнүн мамлекетинде кандай реформалар өткөрдү?
6. Ахаманийлердин мамлекетин ким жана качан басып алды?

**Эсте сакта!**


Македониялык Александр б. з. ч. 330 - жылы Фарс мамлекетин басып алды. Ахаманийлердин мамлекети 200 жылдан ашуун бийлик жүргүзгөн.

## 16-§. Индия цивилизациясы

**Индия цивилизациясы**

Индия мамлекети ошол атачыштагы жарым арал менен Азия материгинин Инди жана Ганг дарыялары өрөөнүндөгү бир бөлүгүн ээлеген. Жаратылыш шарттары боюнча Египет жана Месопотамияга окшош келет. Жылуу климат жана суу менен бирге түшүмдүү ылайканы кошо агызып кеңири жайылганча аккан дарыялар дыйканчылыктын пайда болушуна жана өнүгүшүнө өбөлгө түздү. Гималай тоолору түндүк-чыгыштан келчү душмандар менен муздак шамалдардын баскынчылыгынан сактаган табигый коргоо дубалы болуп кызмат кылган.

Ганг өрөөнүндөгү тропик токой ири дарактар менен миң түркүн өсүмдүктөргө бай болгон. Дарактардын гигант денелеринде желелерин тарткан ири чырмооктор чырмашып өскөн. Чытырман токойдо балта менен гана жол ачып жүрүүгө мүмкүн болгон. Б. з. ч. III миң жылдыкта Инди дарыясынын өрөөнүндө жеке мамлекетке бириккен ири шаарлар пайда боло баштады.




Инди дарыясынын өрөөнү

**Эсте сакта!**


Индия Инди жарым аралын жана Азия материгинин Инди жана Ганг дарыялары өрөөнүндөгү бөлүгүн ээлейт.




**Байыркы Индия**



**Индилердин согуш пилдери**



**Мохенжодародогу көчө**

**Эсте сакта!**

**Мохенжодаро** жана **Хараппа** шаарлары Инди дарыясы бассейнинин эң ири шаарлары болгон. Калктын негизги турмуш-тиричилиги дыйканчылык жана мал чарбасы болгон.



**Арстандын сүрөттөрү менен ибадаткананын устундары кооздолгон**

**Индия цивилизациясы** *Мохенжадаро жана Хараппа* шаарлары Инди дарыясы бассейнинин ири цивилизациясы болгон. Эки шаар тең бекем чептер менен корголгон жана ичинде сарайлары болгон. Бири-биринен көчөлөр менен ажыратылган массивдерде күйдүрүлгөн кыштан курулган үйлөр табылды. Чоң жана кооз шаар – Мохенжодаронун калкы колунан көөрү төгүлгөн кол өнөрчүлөр болгон.

Калктын негизги турмуш тиричилиги дыйканчылык жана мал чарбачылыгы болгон. Алар кант тростниги, пахта өсүмдүктөрүн өстүрүшкөн, пилди колго үйрөтүшкөн. Бирок биздин заманга чейинки XVIII кылымдан кийин Инди дарыясы өрөөнүндөгү турактар бат-бат болуп турган суу ташкындары, жунглинин кеңиши жана топурак түшүмдүүлүгүнүн төмөндөшү натыйжасында өнүгүүдөн калат.

Биздин заманга чейинки 1500-жылы Индия жерлерине баскынчылар бастырып кирет. Окумуштуулардын пикири боюнча, баскынчылар *арийлер* – Чыгыш Европа менен Уралда жашаган көчмөн уруулар болгон. Арийлердин чабуулунан кийин Мохенжодаро менен Хараппа таптакыр урандыга айланат, бул шаарлар кайра калыбына келбейт.

***Өзүңдү сынап көр!***

***Индия – бул ...***
***Мохенжодаро – бул ...***
***Арийлер – бул ...***


**Диний ишенимдер** Байыркы индилер куду египеттиктер жана вавилондуктар сыяктуу жаратылыштын көптөгөн кубулуштары алдында алсыз болушкан: тропик нөшөр, суу ташкындары жана кургакчылыктан коркушкан. Индилердин түшүнүгүндө жаратылышты кудайлар башкарып жаткандай сезилген. Байыркы инди уламыштарында айтылышынча, Күндүн кудайы ар

күнү таң заарда алтын арабада асманды бойлой жолго түшкөн. Күн түнкү караңгылыктын тытпытын чыгаргандан кийин, адамдарга жылуулук жана жарыктык таратуу максатында горизонттон чыгып келген. Күн күркүрөөнүн кудайы Индра асмандагы сууну туткундуктан бошоткондон кийин жер жүзүндөгү кургакчылыкка чек коюлган, деп элестетишкен.



Ганеша – акылмандык кудайы

Индилер кээ бир кудайларды жапайы айбандардын көрүнүшүндө элестетишкен. Мисалы, пилге сыйынышкан: башкы кудайлардан бири башы пилдин башына окшош даанышман *Ганеша* болгон. Уй болсо индилер арасында өзгөчөчө урмат-сыйга татыктуу болгон. Уй ыйык жаныбар эсептелген. Уйду өлтүргөн адам кылмышкер деп жарыяланган: мындай адам коомдон кууп салынып, аны менен мамиле жасоого эч кимдин укугу болбогон.




Уй Индияда ыйык саналат

Индилер жан бир денеден экинчисине көчүп өтүшүнө ишенишкен.

Алар, кайтыш кылгандан кийин адам таптакыр өлбөйт, башка бир жанзатка айланып, өзүнүн тышкы көрүнүшүн өзгөртөт, жаныбарга, курт-кумурскага жана өсүмдүккө айланат деп эсептешкен. Адамдын өлгөндөн кийин эмнеге айланып калышы болсо анын бул жашоодогу турмуш-тиричилигинен көз каранды деп ойлошкон.

### Инди касталары

Байыркы индилер турмуш-тиричилигинин түрүнө карай төрт топко бөлүнгөн. Бул топтор *каста* же *варна* деп аталган, алсак: төлгөчүлөр – *брахмандар*, жоокерлер – *кшат-рийлер*, дыйкан, кол өнөрчү жана соодагерлер – *вайшилер*, кызматкерлер менен кулдар – *шудралар*.



Инди касталары

Индилердин ишеними боюнча, касталардын ар бирин жогорку кудай Брахма өз денесинин кандайдыр бир бөлүгүнөн жараткан экен. Мисалы, ибадаткана кызматкерлери анын оозунан, жоокерлер колдорунан, дыйкандар жамбашынан, кызмат-

керлер болсо бутунун таманынан жаралган. Балдар ар дайым ата-энесинин касталарына таандык деп табылган. Бир кастадан экинчисине өтүүнүн мүмкүнчүлүгү болбогон. Түрдүү кастадагы адамдарга нике да кыйылбаган.



Кудай Брахма

Эч бир кастага таандык болбогондор атайын статуска ээ болушкан. Андайларга «*чандал*»дар, башкача айтканда «*жийиркеничтүү*»лөр дейишкен. «Чандал»дар кастага таандык адамдар менен бир үйдө чогуу жашай алышпаган, алар менен бир дасторкондун тегерегинде отурууга тыюу салынган. Алыстан көрүнүп таанымал болушу, кимдир бирөө кокустан аларга тийип кетпестиги үчүн «чандал»дар атайын кийим кийип жүрүүгө тийиш эле. Алар айылдардан четте жашоого аргасыз болушкан.

***Өзүңдү сынап көр!***

***Инди жана Ганг – бул …*** ***Чандалдар – бул …***
***Касталар – бул …***

### *Таяныч конспект*

- Индия жарым аралы (Инди жана Ганг дарыялары)
- б. з. ч. 3-миң жылдык – Мохенжодаро жана Хараппа шаарларынын пайда болушу
- б. з. ч.1500 – жылдар көчмөн арийлер тарабынан талкаланышы
- кудайлар – Индра, Ганеша, Брахма
- каста (варна)лар
  – төлгөчүлөр – брахмандар
  – жоокерлер – кшатрийлер
  – дыйкан, кол өнөрчү жана соодагерлер – вайшилер
  – кызматкерлер менен кулдар – шудралар
- «чандалдар»



Чагылгандын кудайы – Индра

*Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Картадан Индияны тап. Индиянын географиялык ордунун өзгөчөлүктөрүн сүйлөп бер.
2. Индиянын коомчулугу кандай касталарга бөлүнгөн?
3. Калкты касталарга бөлүштүрүү кимдер үчүн пайдалуу болгон?
4. Сенин оюңча, эмне үчүн бир кастадан экинчисине өтүүгө жол берилбеген?
5. Египеттиктер менен индилердин диний ишенимдеринин окшоштугу жана айырмачылыгы эмнеде?


## 17-§. Биздин заманга чейинки I миң жылдыкта Индия

**Индия мамлекеттери**

Дыйканчылык, кол өнөрчүлүк жана сооданын өнүгүшү менен Индияда аскердик ак сөөктөр менен дин кызматкерлери кыйла күчөйт. Кулдарды жана башка эмгекчилерди баш ийдирип туруу үчүн армиясы, чиновниктери, соттору, сакчылары жана салык жыйноочулары болгон күчтүү мамлекет зарыл эле. Кол башчылар менен аксакалдардын арасынан ажырап чыккан акимдер бийликти мураскорлук жолу менен урпактарына калдыруучу падышаларга айланышты. Ошентип **биздин заманга чейинки VII – VI кылымдарда** Индияда бир топ мамлекеттер пайда болду, атап айтканда: *Магадха, Кошала, Малла* жана башкалар.

Македониялык Александр Орто Азияны басып алгандан кийин **б. з. ч. 327-жылы** *Панжаб* жерлерине бастырып кирет. Бул өлкөдө жайлашкан мамлекеттердин падышалары баскынчыларга катуу каршылык көрсөтүшөт. Македониялык Александр оор кыйынчылыктар менен Инди өрөөнүнө чейин жетип барып, б. з. ч. 325-жылы Вавилонго кайтып кетет. **Б. з. ч 318-жылы** грек-македония кошуундары Индиядан таптакыр кууп салынат.

Грек-македония кошуундарына каршы күрөшкө белгилүү инди кол башчысы *Чандрагупта* башчылык кылат. Грек-македония кошуундары кууп жиберилгенден кийин Чандрагупта Түндүк Индиядагы бардык мамлекеттерди өз ичине алган *Маурья* мамлекетине негиз салат. *Паталипутра* шаары болсо Маурья мамлекетинин борборуна айланды. **Б. з. ч. III кылымда** падыша Ашоканын бийлиги доорунда Маурья өнүгүүнүн туу чокусуна чыкты. Бирок падыша Ашока кайтыш кылгандан кийин өз ара согуштар күчөдү, Индия кайра чакан мамлекеттерге бөлүнүп кетти. Көпкө созулбай алардын көпчүлүгүн Кушан падышалыгы, кийинчерээк Эфталиттер падышалыгы басып алды.



**Кол башчы Чандрагупта.**
*Азыркы сүрөт*

**Эсте сакта!**
Грек-македониянын кошуундары айдап жиберилгенден кийин Чандрагупта Түндүк Индиядагы бардык мамлекеттерди өз ичине алган, борбору Паталипутра болгон Маурья мамлекетин негиздеген.



**Маурья мамлекети падышасы – Ашока**



Индиялыктар ойлоп тапкан шахмат




Санскрит жазуусу



Сиддхартха Гаутама

## Илим жана маданият

Биздин заманга чейинки 1-миң жылдыкта Индия илим, атап айтканда, астрономия жана математика жаатында жогорку деңгээлге жетишет. Индилер 360 күндөн турган Күн календарын түзүшөт. Бул доордо саноо жана эсептөөнүн ондук системасы кеңири таралат: алар «нөл»дү туюнткан атайын белгини ойлоп табышат, цифраларды болсо азыркы күндө бүткүл дүйнө колдонуп турган бир тартипте жаза турган болушат. Биз бул цифраларды араб цифралары деп атайбыз, анткени бул цифраларды индилерден кабыл алган арабдардын арасында алар кеңири таралган эле. Ошол мамлекетте ойлоп табылган, индилердин өзү «*кошуундардын төрт түрү*» деп атаган оюн азыркы күндө бүткүл дүйнөдө «шахмат» аталышы менен кеңири белгилүү.

Индилер биринчи болуп кант тростнигинен кум шекер алышкан. Металлдарды иштетүү жаатында да алар таң каларлык натыйжаларга жетишкен. Азыркы күнгө чейин *Дели* шаарында сакталган нукура темирден куюлган мунаранын устуну дат баспаган, коррозия кубулушу ага кылымдар бою өз таасирин тийгизе албаган.

Байыркы инди тилдеринин негизинде жаңы адабий тил саналган санскрит иштеп чыгылды. «*Махабхарата*» «*Рамаяна*», «*Панчатантра*» поэмалары жана башка чыгармалар ошол тилде жазылган болуп, алар бүгүнкү күнгө чейин жетип келген.

***Өзүңдү сынап көр!***

***Паталипутра – бул …***
***Санскрит – бул …***
***«Кошуундардын төрт түрү» – деп …***

## «Кудайларсыз дин»

Коомдук өзгөрүүлөрдүн таасиринде индилердин диний ишенимдери реформага жолукту.

Жаңы *буддавийлик* дининин жаралышына *Будда* псевдоними менен кеңири таанылган шаазада *Сиддхартха Гаутама* себепчи болгон.

Уламыштарда айтылышынча, Сиддхартха Гаутама 20 жашка толгонго чейин падыша атасынын сарайында жыргал турмушта жашаган. Күндөрдүн биринде сейилдеп жүрүп, картайган абышканын кейпин кийген, айыккыс ооруга чалдыккан бир жигитти, андан кийин сөөк коюу салтын көрөт. Бул окуялар шаазада Сиддхартха Гаутаманын турмушун таптакыр өзгөртүп жиберет. Ал сарайдагы жыргал турмуштан кол жууп, жашоонун мазмунун издеп табуу үчүн саякатка аттанат.

Күндөрдүн биринде Будда адам баласы эсеп жеткис жолу төрөлүшүн жана дүйнөдөн кайтышын түшүнүп жетет. Кийинки жашоодо адамдын ким болуп төрөлүшү анын жасаган иштеринен көз каранды. Будда жана анын жолун жолдоочулар – буддавийлер адам жалган сөз сүйлөбөстүгү, мал-дүйнө чогултпастыгы, тирүү жаныбарлардын канын төкпөстүгү керек деп эсептешкен. Адам баласы ар кандай каалоо-тилектерден кол жуушу керек, анткени каалоолор азапка салат. Буддавийлер Жердин бетиндеги курт-кумурскаларды басып алып, аларга азап бербестик үчүн атүгүл кышында да жылаңаяк жүрүшкөн.

Баштап буддавийлерде кудай болбогон, анткени алар кудайлар адамдардын азаптарын жеңилдете албайт, деп эсептешкен. Бирок көп убакыт өтпөй Будданын өзү кудайга айланды. Азыркы күндө да буддавийлик ибадаканаларында анын айкелдерин көрүүгө болот. Будда суу гулү – лотостун үстүндө терең ойго баткан түрдө, камырабастан кабагын салып, буттарын айкаштырып олтурган түрдө сүрөттөлөт.

Жаңы дин адамдын аброю кастадан да, коомдо туткан ордунан да көз карандысыз экендиги менен башка диндерден айырмаланган. Буддавийлердин

**Эсте сакта!**

Будда динине Будда атын алган шаазада Сиддхартха Гаутама негиз салган.



**Будда**

**Эсте сакта!**

Баштап буддавийлерде кудай болбогон. Анткени алар кудайлар адамдын тарткан азаптарын жеңилдете алышпайт, деп эсептешкен.

**Эсте сакта!**

Байыркы инди тилдеринин негизинде адабий тил саналган санскрит иштеп чыгылды. «Махабхарата» жана «Рамаяна» аттуу элдик эпостор мына ошол тилде жазылган болуп, алар бүгүнкү күнгө чейин жетип келген.

оюнча, бардык нерсе адамдын өзүнөн көз каранды: анын жеткилеңдикке умтулуусу, керексиз нерселерден баш тартышы руханий жактан өнүгүүгө өбөлгө түзөт.


*Таяныч конспект*

- б. з. ч. VII – VI кылымдар – Магадха, Кошала, Малла мамлекеттери
- б. з. ч. 327-жыл Македониялык Александрдын Индияга жортуулдары
- Чандрагупта – борбору Паталипутра болгон Маурья мамлекетинин негиздөөчүсү
- Б. з. ч. III кылым – Ашоканын бийлиги – гүлдөп-жайнаган доору
- ойлоп табуулар, цифралар, «нөл» цифрасы, шахмат
- «Махабхарата», «Рамаяна», «Панчатантра» – элдик дастандар
- Буддавийлик – «кудайсыздардын дини»

*Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Б. з.ч. VII – VI кылымдарда Индияда кайсы мамлекеттер пайда болгон?
2. Улуу жаaангерлерден кайсы бирине Индия мамлекетин өзүнө баш ийдирүү буюрбаган? Эмне үчүн?
3. Маурья мамлекетинин негиздөөчүсүнүн атын айт.
4. Кайсы падышанын доорунда Маурья мамлекети өнүгүүнүн туу чокусуна чыкты?
5. Индилердин эң маанилүү ойлоп табуулары жана ачылыштарын айтып бер.
6. Индилер кайсы динди «кудайларсыз дини» деп аташкан? Эмне үчүн?

## 18-§. Кытайдын байыркы цивилизациялары



**Шаар сакчылары мунарасынын нускасы. Б. з. ч. I кылым**

**Кытайда цивилизациянын бүчүрлөрү**

Египет, Месопотамия жана Индиядагы сыяктуу Кытайда да алгачкы цивилизациялар *Хуанхе* жана *Янцзы* деген ири дарыялардын жээктеринде **б. з. ч. 3 – 2-миң жылдыктарда** пайда боло баштаган. Байыркы Кытай мамлекети Хуанхе дарыясынын ортоңку агымында пайда болот (кытайча «Хуанхе» – «*Сары дарыя*» дегенде билдирет).

Кытайлар «*туруксуз дарыя*», «*миңдеген кырсыктар дарыясы*» деп да мүнөздөшкөн Хуанхе

дарыясы өзүнүн өзөнүн бат-бат өзгөртүп турган. Орточо эки-үч жылда бир жолу күчтүү жана көп зыян келтирген суу ташкындары болуп турган. Адамдар бул суу ташкындарында дөңсөөлөрдө жан сакташкан.

**Биздин заманга чейинки 3-миң жылдыкта** Кы-тайда уруу союздары пайда боло баштайт.



Кытай төбөлү





Байыркы Кытай

**Эсте сакта!**

Кытайда алгачкы цивилизациялар **Хуанхе** жана **Янцзы** дарыяларынын жээктеринде **б. з. ч. 3 – 2-миң** жылдыктарда пайда болгон.

Биздин заманга чейинки 2-миң жылдыктын орто-лорунда союз-шаарлар мамлекетке биригет, бул мамлекеттин аталышы да анын башкы шаарынын аталышы сыяктуу "*Шан*" деп аталган. Биздин заманга чейинки 2-миң жылдыктын аягында Шанга кошуна *чжоу* уруусу бастырып кирет, анын падышасы Шандын жерлерин кошуп алат жана "*Чжоу*" деген ири мамлекетти курат. Мамлекет



Шалы талаасы

чоң болгондуктан, аны “*Көктөгү падышалык*”, же “*Ортоңку падышалык*” деп, өздөрүн болсо “Асман уулдары” деп аташат. Бүткүл Борбордук Кытай мына ошол мамлекеттин курамына кирген.



**Шаардын сакчылар мунарасы**

**Калктын турмуш-тиричилиги**

Дыйканчылык Кытайда эзелтеден абройлуу жана сыймыктуу кесип саналган. Негизги дыйканчылык эгиндери буудай менен кара буудай болгон. Кийинчерээк кытайлар шалы өстүрө башташкан. Шалынын үрөнүн Индиядан алып келишкен. Шалы өстүрүү оңой иш эмес. Үрөн себүүдөн мурда жер соко кошулган өгүз менен айдалган. Айдалгандан кийин жер кыска тиштүү оор мала менен тегизделген. Үрөн мурдатан сууга чылап коюлгандыктан бат өнө баштайт. Өнгөн шалынын көчөтү жерге отургузулган. Эгиле турган талаа көлдөтүп сугарылган, көчөт бою 20-25 см болгондо талаага сайылган. Шалыпая 5-10 см тереңдикте көлдөтүп сугарылган. Болжол менен 100 күндөн кийин шалы бышып жетилет. Түшүм жыйнап алынгандан кийин жыгачтан жасалган чынжырлар менен жанчылат.



**Чжоу мамлекетинин өкүмдары**

Кытайдын калкы кийинчерээк «чай» дарагын да өстүрө баштаган. Анын жалбырактарынан дарылуу ичимдик «чай» даярдалган. Чай бат эле бүткүл дүйнөгө таралды.

Тыт дарагын өстүрүү Кытай калкынын негизги жумуштарынан бири болгон. Тыттын жалбырагы менен жибек курту багылган. Жибек курту пил-лаларга жибек оройт, пилладан абдан жеңил жана таза кездеме эсептелген жибек даярдалган.

***Өзүңдү сынап көр!***

***Хуанхе жана Янцзы – бул***
***Шан – бул ...***
***Чжоу – бул ...***

**«Кытай көп падышалык»тардын доорунда**

Биздин эрага чейинки VIII – VII кылымдарда Чжоу мамлекетинде борбордук бийлик алсыздана баштайт. Кээ бир аймактардын жетекчилери падышанын бийлигинен чыгууга умтулган. Кытайга көчмөн уруулардын кол салганынан пайдаланган элет аймактарынын калкы бөлүнүп чыгып, өз мамлекеттерин түзө баштайт. Ошонун айынан **биздин заманга чейинки VII – V кылымдардагы** чоң доордун тарыхы «*көп падышалыктар*» доору деп аталып калган. Кытайда ошол эле учурда «*күрөшүп жаткан падышалыктар*» доору да башталат. «Көктөгү падышалык» империясынын падышалары менен бөлүнүп чыккан мамлекеттердин падышаларынын ортосунда башталган согуш 200 жылдан көпкө созулган. Бул доор Цинь мамлекетинин падышасы өзүнүн душмандарын жок кылып салып, биздин заманга чейинки III кылымда жеке мамлекетти түзүшү менен аяктады.



Кагаз өндүрүү

***Таяныч конспект***

- Б. з. ч. 3 –2-миң жылдыктар – Кытайда цивилизациянын пайда болушу
- Хуанхе – «туруксуз дарыя», «миңдеген кырсыктар дарыясы»
- Б. з. ч. 2-миң жылдык – Шан, Чжоу мамлекеттери
  - дыйканчылык – шалы – чай – жибекчилик
  - б. з. ч. VII – V кылымдар – «көп падышалыктар доору»
  - б. з. ч. III кылым – Цинь мамлекетинин пайда болушу

*Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Кайсы дарыялардын өрөөндөрүндө Кытайдын алгачкы цивилизациялары пайда боло баштаган?
2. Эмне үчүн Хуанхени «туруксуз дарыя» деп аташкан?
3. Кытайда биринчи мамлекет качан түзүлгөн? Ал кандай аталган?
4. Кытайдын кайсы байыркы мамлекети «Көктөгү падышалык» деп аталган? Эмне үчүн ошондой аталган?
5. Байыркы Кытай калкынын негизги жумуштарын айтып бер.
6. Кытай тарыхындагы «көп падышалыктар» жана «күрөшүп жаткан падышалыктар» доорлору аттарынын маанисин түшүндүрүп бер.



Сөөккө жазылган Кытай жазуусу

## 19-§. Биздин заманга чейинки III – биздин замандын II кылымдарында Кытай



Цинь Шихуанди – борборлошкон Кытайдын падышасы

**Борборлошкон мамлекеттин түзүлүшү**

Кытайды жеке мамлекетке бириктирүү процессинде Кытай мамлекеттеринен бири болгон *Цинь мамлекетинин* падышасы башчылык кылат. Цинь мамлекетинин падышасы душмандарын жок кылып, Кытайды өзү-нүн падышалыгына бириктирет. Ошондон кийин ал *Цинь Шихуанди* (б. з. ч. 246 – 210 жылдар) деген атты кабыл алат, бул ат «*Циндин алгачкы падышасы*» деген маанини билдирген. Өзүнүн мамлекетин 36 аймакка бөлгөн падыша алардын ар бирине өкүлдөрүн башчы кылып дайындайт.

Дээринде ырайымсыз болгон Цинь Шихуанди өзүнүн душмандарын аёосуз кырган. Анын падышалыгы доорунда Кытай гүлдөп-жайнаган: дыйканчылык, кол өнөрчүлүк жана соода өнүккөн.

Цинь Шихуанди көзү тирүүлүгүндө эле өзүнө арнап күмбөз курууга буйрук берет. Кооздугу жана жасалгалары менен бул мунара Египеттин пирамидалары менен теңтайлаша алган. Күмбөздү 720 миң адам 37 жыл бою курган. Күмбөздүн негизи бир нече квадрат километр аянтты ээлеген. Цинь Шихуандинин мүрзөсүнөн өкүмдарды «коргоо» үчүн орнотулган 6 миң чопо жоокерлердин айкелчелери да табылган.



Улуу Кытай дубалы

**Улуу Кытай дубалы**

Цинь Шихуандинин бийлиги тушунда Кытайды көчмөн гунндардын кезкезде жасаган чабуулдарынан коргонуу максатында *Улуу дубалды* куруу баштап жиберилди. Дубалдын бийиктиги 12 метрди, туурасы 5 метрди жана узундугу дээрлик 4 миң километрди түзгөн. Байыркы замандарда ал душман кошуундарынын жолун тосуу үчүн кызмат кылган, анткени атчан кошуун андан ашып өтө алган эмес, чепти штурм менен алууну болсо али көчмөндөр билише элек болчу.

**Эсте сакта!**

Кытайда Цинь Шихуандинин доорунда көчмөнчү гунндардын чабуулдарынан коргонуу үчүн Улуу дубалды куруу башталган.

Падыша жана анын төбөлдөрү жүз миндеген дыйкандарды дубалдын курулушунда тегинге иштеп берүүгө аргасыз кылышкан. Улуу дубалды күрөктөрдүн, керкилердин жана замбилдердин жардамында курушкан. Ошол доорлордо дыйкандын үй-бүлөсүндө эркек бала төрөлсө, оор кайгы ордунда көрүшкөн: эресеге жеткенден кийин аны сөзсүз дубалдын курулушуна жөнөтүшкөн, ал жерден тирүү кайтуу ар кимге деле буюра бербеген.



**Хан династиясынын падышасы – У-Ди**

Миңдеген кулдар жана туткундар дубалдын курулушундагы ченден ашкан оор эмгектин айынан курман болушкан. Кайтыш кылгандарды ошол жердин өзүнө көтөрмөлөргө көөмп салышкан.

**Кытайда элдик көтөрүлүштөр**

**Б. з. ч. 206-жылы** Цинь династиясына каршы дыйкандардын көтөрүлүшү алоолонуп кетет. Ага *Лю Бан* деген адам башчылык кылган. Көтөрүлүшчүлөр борборду ээлеп алышат. Империянын урандыларында *Хан* династиясынын жетекчилигинде жаңы мамлекет курулат. Бул династиянын мамлекети *У-Динин* падышалыгы доорунда (б. з. ч. 140 – 87-жылдар) эң күчтүү мамлекетке айланган жана биздин замандын 220-жылына чейин турган.



**Жоокерлердин чопо айкелдери. Цинь Шихуанди күмбөзү**

Чыгыштагы башка мамлекеттердеги сыяктуу Кытайда да жерлер падышаныкы эсептелип, калк натура түрүндө салык төлөгөн, ар түрдүү эмгек милдеттенмелерин аткарган. Оор эмгектин натыйжасында алынган түшүм көбүнчө дыйкандын өзүнө буюрбаган. Түшүм жыйналгандан кийин төбөлдөр менен кароолдор келишкен. Эгерде дыйкан салыкты өз убагында төлөй албаса, же карзын кайтара албаса, анда ал ошол карыздарынын ордуна балдарынан бирин берип жиберген. Түшкөн акчага болсо үй-бүлөнүн калган мүчөлөрүн кийинки түшүм жыйнаганга чейин багып туруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон.



**Кытайда элдик көтөрүлүш**

Оор абалдан наразылык түрүндө кийинчерээк дыйкандардын көтөрүлүшүнө айланып кеткен уюш-

паган козголоңдор пайда болуп турган. Алардан бири «*кызыл каштуулардын көтөрүлүшү*» деп аталган, анткени көтөрүлүшчүлөр өз адамдарын адаштырып койбостук үчүн каштарын кызыл түскө боёп алышкан.

*«Сары жоолукчандардын көтөрүлүшү»* II кылымдагы эң ири көтөрүлүш болгон. Бул көтөрүлүшкө жакшы даярдык көрүлгөн, көтөрүлүшчүлөрдүн ичинде аскердик өнөрдү мыкты билгендер да болгон. Көтөрүлүш бүткүл мамлекетти өз ичине алат. Бул көтөрүлүштү падышанын мыкты куралданган жана жакшы аскердик билим алган кошуундары гана токтото алган. Бирок элдик көтөрүлүштөр мамлекеттин башка аймактарында улантыла берди. *Гунндардын* чабуулу күчөшү менен мамлекет да алсызданып калды, **биздин замандын IV кылымында** Кытай империясы үч падышалыкка бөлүнүп кетти.




Сейсмограф



Кытай чынысы



Кытайда ойлоп табылган компас



Кытайдын бамбук китеби

**Байыркы Кытайдын маданияты**

Байыркы Кытайда бир сөздү толук түшүнтүргөн иероглиф жазуусу болгон. Баштап кытайлыктар бамбуктарга жазышкан. Кытайлыктар бамбукту узун-узун тактайларга бөлүп, учу жонулган жыгач таякча менен аларга иероглифтерди дарактын ширесинен даярдалган сыя менен жазышкан. Ичке жана узун тактайларга мамыча түрүндө гана жазууга мүмкүн болгон, ошондуктан кийинчерээк жогорудан ылдый карай жазуу түрү сакталып калды. Бамбук тактайларынын жогору жагынан көзөнөк ачып, аларды топ кылып байлашкан. Бамбук тактайчаларынын байламы ошол эле учурда байыркы Кытай китеби да эле.

Мындан 2,5 миң жыл илгери бамбуктун ордуна жибектен пайдаланууга өтүлдү. Жибекке таякча менен эмес, кыл калем менен жазылган. Эми китеп жибектин узун бөлүгүнө окшогондуктан, аны таякчага түрмөктөшкөн. Б. з. ч. I кылымда кагаз ойлоп табылды.

Кытайлыктардын дагы бир укмуштуу ойлоп тапкандарынан бири *компас* болгон. Ал магниттелген

темирден жасалган узун саптуу чоң кашыкты эстетчү. Бул курулманы чакмактарга бөлүнгөн, алтындын суусу ширетилген жыгачка орнотушкан, анын сабы болсо ар дайым түштүктү көрсөтүп турган. Кытайлыктар компастан керектү жерлерде, кургактыкта жана деңизде пайдаланышкан.

Кытайда жер титирөөнү алдын ала айтып берген *сейсмограф* да ойлоп табылган эле. Кытайдын окумуштуулары тарых, астрономия жана медицинага таандык көптөгөн чыгармалар жаратышкан.

> **Эсте сакта!**
> Кытайлыктар мындан эки миң беш жүз жыл мурда жибектен жазуу максаттарында пайдалана баштакан

### *Таяныч конспект*

- Цинь Шихуанди – Цинь мамлекетинин падышасы
- Улуу Кытай дубалынын курулушу
- элдик көтөрүлүштөр:
  - б. з. ч. 206-жыл – Лю Бан
  - «кызыл каштуулардын көтөрүлүшү»
  - биздин замандын II кылымы – «сары жоолукчандардын көтөрүлүшү»
- ойлоп табуулар: иероглифтер, кагаз, компас, сейсмограф


**Байыркы Кытай тарыхчысы Сим- Цянь**

*Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Кытайды жеке мамлекетке бириктирген падышанын атын айт. Бул окуя качан болгон?
2. Падыша Цинь Шихуанди жөнүндө сүйлөп бер, ага баа бер.
3. Улуу Кытай дубалы жөнүндө эмнелерди билесиң?
4. Кытайда кандай элдик көтөрүлүштөр болуп өттү? Алардын себептерин айт.
5. Кытайлыктардын ойлоп тапкандарын айтып бер. Кайсыларынан азыр да пайдаланабыз?

## 20-§. Өзбекстандын аймагындагы алгачкы мамлекеттер

**Байыркы калктын этникалык түзүлүшү жана аймактык жайгашуусу**

Жазма булактар күбөлүк бергендей, **б. з. ч. VII – VI кылымдарда** Өзбекстандын аймагында *согдийлер*, *бактриялыктар, харезмдиктер*, *сак* жана *массагет* уруулары жашаган. Зерафшан жана Кашкадарыя оазисинде дыйканчылык менен

> **Эсте сакта!**
> **Согд** – Зерафшан жана Кашкадарыя өрөөнүндө, **Харезм** – Амударыянын төмөнкү бөлүгүндө, **Бактрия** – Сурхандарыя өрөөнүндө, түндүк Ооганстандын жана түштүк Тажикстандын аймактарында жайлашкан.



**Орто Азия элдери б.з.ч. VI кылымда.** ***Реконструкция***

тиричилик кылган көптөгөн калктар жашаган. Жазма булактарда бул аймак *Согда* («Авесто»до), *Согуда* (Бехистун жазууларында), Арриан, Страбон, Квинт Курсий Руфтун чыгармаларында болсо *Согдиана* деп аталган. Бул аймакта жашаган калк согдийлер деп аталган.




**Орто Азия жана Байыркы чыгыш**

Амударыянын төмөнкү агымында жашаган отуруктуу дыйкан уруулары *харезмдиктер* болгон. Алардын мекенине *Хваризам* («Авесто»до), *Хваразмиш* (Бехистун жазууларында), *Хорасмия* (Арриан, Страбон чыгармаларында) дейилген.

Согдийлердин эң жакын кошуналары *бактриялыктар* болуп, алардын конушу Сурхан оазисинде, Ооганстандын түндүк, Тажикстандын түштүк аймактарында жайлашкан. Жазма булактарда ал *Бахди* («Авесто»до), *Бактриш* (Бехистун жазууларында) деп аталган. Грек-римдик авторлор аны *Бактриана* же *Бактрия* деп аташкан.



**Сак жоокери.** *Реконструкция*

Чөлдөрдө жана Амударыянын жээгинде көчмөн *массагет* уруулары жашашкан. Борбордук Азиянын тоолуу, талаа жана чөл жерлеринде негизги тиричилиги мал чарбачылыгы болгон *сактар* жашашкан. Б. з. ч. VI кылымда алар өздөрүнүн жер-

лерин башка уруулардын чабуулунан коргоо үчүн жоокердик уруу союзун түзүшөт.

Байыркы грек-рим тарыхчыларынын жазгандары боюнча сактар үч топко бөлүнгөн. Алардын көпчүлүк бөлүгү *сака-тиграхауда*, же шуштугуй кийиз калпак кийип жүрүүчү сактар деп аталган. Алар азыркы Ташкент аймагында жана Түштүк Казакстандын жерлеринде жашашкан.

Экинчи топ *сака-тиайрадараййа*, же дарыянын аркы өйүзүндө жашоочу сактар деп аталган. Алар Арал деңизинин жээктеринде, Сырдарыянын (Яксарт) төмөнкү агымында жашашкан.

Памирдин тоолуу райондорунда жана Ферганада *сака-хаумаварка* деп аталган сактар жашашкан.



**Көчмөн**

***Өзүңдү сынап көр!***

*Сака* → ***тиграхауда – бул...***
→ ***тиайтарадараййа – бул...***
→ ***хаумаварка – бул...***

**Б. з. ч. VII – VI кылымдарда экономиканын өнүгүшү**


Харезм, Согдиана жана Бактрия калкынын негизги турмуш-тиричилиги ошол кезде жасалма сугатка ылайыкташкан дыйканчылык болгон. Коомдун турмушунда кол өнөрчүлүк менен сооданын орду өзгөчө болгон. Турактардан жогорку сапаттуу карапа идиштер, темир жана коло буюмдар табылган.



**Карапачылык чаркында чопо идиш жасоо**

Көчмөн сак, массагет урууларынын негизги тиричилиги мал чарба болуп, алар үйүр-үйүр төө, жылкы жана короо-короо кой-эчки кармашкан.

Жаныбарлардын терисинен бут кийим, кийим-кече, чатыр тигип, дан жана мөмөгө алмаштырышкан. Орто Азиянын элдери Чыгыш мамлекеттери менен тыгыз маданий байланышта болушкан. Ошентип Орто Азиянын отуруктуу жана көчмөн калкынын ортосунда өз ара соода иштери жүргөн.



**Бактрия турак-жайынын сакталып калган дубал бөлүктөрү.** *Б.з.ч. VI – V кылымдар*



Байыркы Бактриянын үй-чеби. Сурхандарыя өрөөнү. Б. з. ч. VII – IV кылымдар

Көл өнөрчүлүктүн жана сооданын өнүгүшү натыйжасында б. з. ч. VII – VI кылымдарда байыркы шаарлар өнүгүп өскөн. Алар бекем чептер менен курчалган болуп, кол өнөрчүлүк менен сооданын борбору болгон.

**Б. з. ч. VII – VI кылымдарда шаар маданияты**

Тарыхчылар байыркы *Афрасияб* (Самарканд), *Жеркоргон, Узункыр* (Кашкадарыя), *Көзөлүү кыр* (Харезм), *Кызылдөбө* (Сурхандарыя) шаарларын изилдешкен.

Жалпы белги – бул алардын коргонуу дубалдары менен курчалгандыгы. Шаарда аким жашаган чеп болгон. Чепте чийки кыштан курулган чоң сарай жайлашкан. Шаарлардын бир тобу соода менен кол өнөрчүлүктүн борбору болсо, башкалары өз алдынча райондордун жана аймактардын борборлору саналган. Мисалы, алгачкы Кызылдөбө шаары бекем коргонуу дубалдары менен тосулуп, дубал суу толтурулган аң менен курчалган. Дубалда сепилдер жана ок атуу үчүн атайын көзөнөктөр болгон. Шаардын ичинде турак-жайлар жана кол өнөрчүлүк устаканалары жайлашкан.

**Байыркы мамлекеттер**

**Б. з. ч. VII кылымда** түзүлгөн Байыркы Бактрия Орто Азия аймагындагы байыркы мамлекеттерден саналат.

Маргиана менен Согдиана да Бактриянын саясий жана маданий таасиринде болгон. Ошондуктан ага байыркы замандарда бири-бирине тууган болгон уруулардын мамлекеттик бирикмеси дейилген. Биздин заманга чейинки VII – VI кылымдарда Сурхандарыя, Кашкадарыя, Зерафшан өрөөндөрү жана Өзбекстанга чектеш аймактар байыркы Бактрия мамлекетинин таасиринде болгон. Кызылдөбө, Узункыр, Жеркоргон жана Афрасиябдын ордунда Бактрия менен Согддун борбордук шаарлары жайгашкан. Бул шаарлар Өзбекстандын аймагында эң байыркылары болуп, алардын жашы 2 700 жылдан кем эмес.



Кызылдөбөнүн чопо идиштери

Дагы бир байыркы мамлекет Харезм аймагында түзүлгөн. Бул мамлекет Харезмден сыртта болгон

жерлерди да бириктирген. Байыркы Харезмдин борборлорунан бири Көзөлүү кыр шаары эле. Ал калың, бекем коргонуу дубалдары менен курчалган. Анын дыйканчылык менен алектенген калкы ар түрдүү үйчептерде жана кыштактарда жашашкан. Байыркы Харезмде кол өнөрчүлүк, куруучулук жана соода жогору деңгээлде өнүккөн.

Карапа, курал-жарак, зергерлик буюмдарынын атагы башка өлкөлөргө да кеңири таралган. Шаарларда соода өнүккөн. Харезмдиктер чебер кол өнөрчү келишкен.

Ошентип б. з. ч. IX – VIII кылымдарда Өзбекстандын аймагында алгачкы темир дооруна өтүү башталган. Б. з. ч. VII –VI кылымдарда бул жерде байыркы ири мамлекеттер пайда болгон. Шаарларда кол өнөрчүлүк, соода өнүккөн. Байыркы чыгыш мамлекеттери менен маданий байланыштар орнотулган. Байыркы доордо мамлекетчиликтин өнүгүшү жергиликтүү калктын жогорку деңгээлде өнүккөн дыйканчылыгына негизделген эле.

**Эсте сакта!**

**Афрасияб** – азыркы Самарканддын чыгыш чек арасы аймактарында б.з.ч. VIII – VII кылымдарда негиз салынган байыркы шаар. Бул жерде Самарканддын байыркы бөлүгү жайлашкан. Байыркы шаардын чептери, турак-жайлардын урандылары азыркы күнгө чейин сакталып калган.

### *Таяныч конспект*

→ Б. з. ч. VII – VI кылымдарда – согдийлер, бактриялыктар, харезмдиктер, сактар, массагеттер
→ Согда → Согуда → Согдиана
→ Хваризам → Хваразмиш → Хоресмия
→ Бахди → Бактриш → Бактриана (Бактрия)
→ Амударыя (Окс) — массагеттер, сактар
→ б.з.ч. VII кылым – Байыркы Бактрия мамлекети Кызылдөбө, Жеркоргон, Узункыр, Афрасияб
→ Харезм – Көзөлүү кыр



**Байыркы шаардын урандылары**

*Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Биздин заманга чейинки VII – VI кылымдарда Өзбекстандын аймагында кайсы уруулар жана элдер жашаган?
2. Биздин заманга чейинки VII – VI кылымдарда Өзбекстандын аймагында өнүккөн кол өнөрчүлүктүн түрлөрүн айт.
4. Өзбекстандын байыркы мамлекеттери кайсылар?
5. Өзбекстандын алгачкы шаарлары кандай көрүнүштө болгон?
6. Жазуусуз картада алгачкы шаарларды белгиле.
7. Өзбекстандын кайсы аймактарында эң байыркы шаарлар жана мамлекеттер түзүлгөн?

## 21 – 22-§§. Зороастризм

**Зороастризмдин пайда болуу тарыхы**

**Биздин заманга чейинки 1-миң жылдыкта** Орто Азияда *зороастризм* деп аталган дин кеңири таралат. Бул дин адамдар жаратылышты ыйыкташтырган мезгилдерде эле пайда боло баштаган. Зороастризмди жактоочулар отко (Күн), топуракка, сууга, айга, жылдыздарга сыйынышкан, аларды ыйык тутунушкан.



**Зороастр. Азыркы күндө тартылган сүрөт**

«Зороастризм» сөзү да *Зороастр* (түрдүү тилдерде *Заратуштра, Зардушт*) атынан улам пайда болгон. Ал б. з. ч. 1-миң жылдыктын биринчи жарымында жашап өткөн тарыхый инсан.

Кийинчерээк Грецияда бул пайгамбардын аты «Зороастр» деп айтыла баштады (грекче «*астрон*» – «жылдыз» сөзүнөн алынган), анткени Грецияда аны биринчи орунда даанышман, жылдыз таануучу, астроном катары билишкен. Зороастрдын атынан келип чыккан түрдө анын окуусу да зороастризм дини деп айтыла баштады.

Зороастризмдин жаралышы жөнүндө төмөнкүдөй бир уламыш бар. Күндөрдүн биринде таң заарда Зороастр суу алуу үчүн дарыянын жээгине барат. Тунук сууда ал Ахурамазданын элчилеринен биринин элесин көрүп калат, элес нур аркылуу кайсы жакка барууга жол көрсөтөт. Зороастр сыйкырдуу нурдун артынан ээрчийт, көпкө созулбай жогорку кудайдын алдына барып калат. Ахурамазда ага кудай Ахурамазда жана анын изги иштери жөнүндөгү билимдерди таратуу үчүн тандап алынганын айтат.

**Эсте сакта!**

**Зороастр** – зороастризм дининин негиздөөчүсү.

Ошентип Зороастр 30 жашында жаңы диний окуунун пайгамбарына айланат. «Пайгамбар» сөзүнүн өзү болсо «изги иштер жөнүндө кабар берүүчү» деген маанини билдирет.

«Авесто»нун алгачкы бөлүгү б. з. ч. IX–VIII кылымдарда пайда болгон. Зороастрдын кайрылуулары тексттеринин бардыгы биздин заманга

чейинки III кылымда 21 китепке чогултулган, бул китептер «Авесто»нун негизин түзгөн. «Авесто»нун тексттерине түшүндүрмө «Занд» деп аталган.



**Ахурамазда**

**Зороастризмдин таралышы**

Зороастризм тарала баштаган кездерде ибадатканалар да, адамдар баталардын тексттерин үйрөнүшү үчүн атайын китептер да болгон эмес. Диний салттар ачык асмандын астында, жалындын каршысында же үйдө очоктогу оттун айланасында өткөрүлгөн.

Биздин заманга чейинки 1-миң жылдыктын баштарында баскынчылар менен болгон күрөштө түрдүү урууларды бириктирүү зарылчылыгы туулду. Зороастр өзүнүн кайрылуусунда биримдикке үндөгөн.

**Эсте сакта!**

*Астролог* – жылдыздардын жайгашуусуна карай төлгө салган адам.

Зороастрдын акыркы кайрылуулары дин кызматкерлери тарабынан жазып алынган. Зороастризмдин төлгөчүлөрү диний тексттерди жаттап динди жактоочуларга окуп беришкен. Зороастр кайтыш кылгандан кийин бир топ кылымдар өтүп, диний каада-салттар, гимндер жана диний тексттер Зороастрдын жактоочулары үчүн ыйык саналган бир китепке чогултулган. Бул китептин аты «Авесто» болуп, «сөзсүз аткарылууга тийиш болгон мыйзам-эрежелер» деген маанини билдирет.

Окумуштуулардын изденүүлөрү натыйжасында бүгүнкү күндө биз зороастризмдин ыйык китеби «Авесто»нун тексттери менен таанышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болдук. «Авесто»нун кээ бир бөлүктөрүн алгачкы жолу француз окумуштуусу А. Дюперрон которгон.



**Зороастризмдин жактоочулары сыйынган күндүн чыгышы**

**Зороастризмдин кудайлары, окуусу жана салттары**

Зороастризмдин чоң сыйурматка татыктуу болгон кудайлары – булар *Ахурамазда, Митра* жана *Анахита*. Ахурамазда зороастризмди жактоочулардын улуу жана

даанышман жогорку кудайы саналган. Митра – Күн менен жарыктын кудайы, дыйкандар менен малчыларга мол түшүм, жыргал турмуш жана малдүйнө берген демөөрчү. Митра Ахурамазда менен адамдардын ортосунда башкы ортомчу болгон. Митра өспүрүм жоокер көрүнүшүндө сүрөттөлгөн. Алты чагылгандын жардамында ал кара өзгөйлүктүн жана өлүмдүн кудайы Ахриман менен согушат. Жамгырдан кийин пайда болгон күндүн желеси Митранын жебе атып жаткан жаасындай ийилген. Анахита зороастризмде түшүмдүүлүктүн жана суунун кудайы эсептелген. Зороастризмдин диний окуусу жалпы адамзаттын Изгилик жана Жамандык жөнүндөгү дуалистикалык көз караштарынын өнүгүүсүнө чоң таасирин тийгизди.




**Митра – Күндүн кудайы**

***Өзүңдү сынап көр!***

|  |  |
|---|---|
| ***Ахурамазда – бул …*** | ***Митра – бул …*** |
| ***Ахриман – бул …*** | ***Анахита – бул …*** |

Зороастризмдин окуусу боюнча бүткүл Аалам жана бизди курчап турган бардык нерсе эки башаттан, башкача айтканда Изгилик менен Жамандыктан түзүлгөн. Изгилик менен жамандыктын ортосунда токтоосуз күрөш жүрүп турат. Мисалы, жарык караңгы менен, жашоо өлүм менен, жакшылык жамандык менен, укук укуксуздук менен күрөшөт.

Зороастризмди жактоочулардын жашоосунун түпкү маңызы изги иш, изги сөз, изги ойдон турган болушу керек. Адам баласынын негизги милдети эң мурда адилеттүү турмуш мүнөзү эсептелген. Жамандык менен болгон күрөштө Изгиликке жардам берүү керек: калп сүйлөбөө, алдабоо, убаданы аткаруу, жалаң изги иштерди гана жасоо.




**Зороастризмдин төлгөчүлөрү**

Зороастризм окуусу боюнча адам баласы өз жолун өзү тандайт, кимге жан тартууну жана кимди коргоону да өзү чечет.

Жалынды, топуракты, сууну жана абаны зороастризмди жактоочулар ыйык санашкан. Алар-

ды жамандыкты туюнткан буюмдар менен чаташтырбоо керек.

Жер жүзүндөгү эң коркунучтуу жамандык болуп өлүм эсептелген. Ошондуктан зороастризмде дүйнөдөн кайткан адамдын сөөгүн коюу боюнча өзүнчө салт пайда болгон. Адам кайтыш кылганда бул абал ага жамандыктын башаты – өлүмдүн көчүп өткөнүн туюнтат, бул жамандык менен изгиликтин символу болгон топуракты булгабастык керек. Маркумдун сөөгүн жерге берүүгө да, отто күйдүрүүгө да, сууга таштоого да болбойт. Ошондуктан сөөктү канаттуулар менен айбанаттар жеп кетиши үчүн атайын курулмада калтырышкан. Жамгырда жуулуп, күндө кургаган сөөктөрдү атайын чопо табытчаларда – *оссуарийлерде* жерге беришкен.



**Оссуарий**

***Таяныч конспект***

Зороастризм (б. з. ч. 1-миң жылдык)
- → Зороастр – жаңы диндин негиздөөчүсү
- → Зороастр - «астролог»
- → «Авесто»
- → уруулардын биригүү зарылчылыгы
- → отко сыйынуу
- → Митра, Ахурамазда, Ахриман, Анахита
- → Занд – «Авесто»го түшүндүрмө
- → Изгилик менен Жамандыктын күрөшү
- → сөөк коюу салттары
- → оссуарийлар

*Суроолор жана тапшырмалар:*


1. Зороастризмдин алгачкы үгүттөөчүсү ким болгон?
2. Орто Азия аймагында зороастризм тараган доорду айтып бер.
3. Зороастризмди жактоочулар сыйынган жогорку кудайдын атын айт.
4. Зороастризмге таандык кандай салттарды билесиң?
5. Зороастризмдин ыйык китеби «Авесто» кандай тарбиялык мааниге ээ?

**Эсте сакта!**

Зороастризмди жактоочулардын жашоосунун түпкү маңызы изги иш, изги сөз, изги ойдон турган болушу керек. Адам баласынын негизги милдети эң мурда адилеттүү жашоо мүнөзү эсептелген.



# III БӨЛҮМ
# БАЙЫРКЫ ГРЕЦИЯ



Байыркы Грециянын аскалуу жээктери

## 23-§. Антикалык тарыхтын башталышы

**Аймак жана турмуш-тиричилик**

Байыркы Греция – *Балкан жарым аралы* менен *Жер Ортолук деңизи* аралдарындагы байыркы грек мамлекеттеринин жалпы аталышы. Байыркы Грецияны түндүктөн башка бардык жагынан Жер Ортолук деңизи курчап турат.

Греция аймагынын үчтөн бир бөлүгүн тоолор ээлеген. Грециянын эң бийик тоосу – *Олимп*. Бул тоо мамлекеттин түндүк-чыгыш жагында жайгашкан.

Түшүмдүү талаалар өрөөндөрдө гана болгон. Тоолор чөп жана бадалдар менен капталган. Гректер үчүн өтө кадырлуу болгон ийне жалбырактуу токойлор Грециянын түндүгүндө жана




Байыркы Греция

*Пелопоннесте* өскөн. Бадал сымал дарактардан отун иретинде пайдаланышкан, алардын кабыгы менен жалбырактары кой-эчкилерге жемдин ордуна берилген.

Байыркы замандарда Грециянын тоолорунда доңуз, аюу, карышкыр, ал тургай арстандар да жашаган.



**Гректер дарыяда**

### Цивилизациянын пайда болушу

Гректер байыркы замандарда дыйканчылык жана мал чарбачылыгы менен алектенишкен. Дыйканчылыктын эмгек шаймaны соко болгон. Кой-эчкилерди багып көбөйтүшкөн. Курал иретинде жаадан пайдаланышкан.


Б. з. ч. 2-миң жылдыкга алгачкы шаар-мамлекеттер пайда боло баштады, алсак: *Кносс, Микен, Тиринф, Пилос*. Б. з. ч. 2-миң жылдыкта Крит аралында цивилизация пайда болот. Мифологиялык падыша Миностун атынан аны *Миной цивилизациясы* деп атaшкан. Крит аралындагы бул цивилизация күчтүү жер титирөө менен суу ташкынына себепчи болгон вулкан атылышы натыйжасында ойрондолот. Көпкө узабай кайра калыбына келтирилет. Б. з. ч. 1450-жылдары континенттеги Грециядан *микена* уруулары бастырып кирет, анын туруктуу калкын *ахейлер* дешкен. Ахейлер Миной цивилизациясына чек коюшат. Б. з. ч. 1 200-жылы *дорийлер* түштүк Грецияга бастырып киришет, Микен мамлекетинин тыптыйпылын чыгарып, Спарта мамлекетине негиз салышат.



**Миной цивилизациясы курулушунун урандылары**


### Гректердин деңиз саякаттары

Эгей деңизиндеги көп сандуу аралдар, деңиз жээктери жана булуңдар гректердин арасында деңизчиликтин өнүгүшүнө шарт түздү. Бирок гректерде чоң кемелер болгон эмес, ал эми чакан калактуу кайыктар менен жээктен алыска сүзүү кооптуу эле. Андан тышкары компас болбогондуктан, адашып калуудан коопсурап, көзгө көрүнүп турган кыска аралыктарга – аралдан



**Микен шаары.**
*Реконструкция*

аралга же жээкке жакын жерлерде гана сүзүшкөн. Тажрыйбалуу деңизчилер болсо парустардан пайдаланып, кемелерде алыскы саякаттарга – Египетке, Жер Ортолук деңизи менен Кара деңиздин жээктериндеги шаарларга сүзүп барышкан. Адамдар жашаган аймактарды гректер *Ойкумена* деп аташкан.




**Грек гоплити**

***Таяныч конспектт***

- Балкан жарым аралы, Пелопоннес жарым аралы
- Б. з. ч. 2-миң жылдыкта – Микен, Крит мамлекеттери
- ахейлер (микена уруулары) – Миной (Крит) цивилизациясын урандыга айландырышты
- б. з. ч. 1200-жыл – дорийлер Миней мамлекетин урандыга айландырышты

*Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Картадан Байыркы Греция жана Крит аралынын аймактарын көрсөт. Мамлекеттин географиялык ордун мүнөздөп бер.
2. Байыркы Грециядагы алгачкы цивилизация каерде пайда болду? Эмне үчүн ал ойрон болду?
3. Байыркы Грециянын географиялык ордунун өзгөчөлүгү эмнеде?
4. Кандай географиялыкк шарттар байыркы гректердин турмуш-тиричилигине таасирин тийгизди?
5. Эмне үчүн Байыркы Грециянын тарыхына «антикалык» сын атоочу кошо айтылат. Ал кандай маанини билдирет?



**Афина портунда**

## 24 – 25-§§. Байыркы Грециянын өнүгүшү

**Грек шаарлары**


Б. з. ч. IX – VII кылымдарда дыйканчылык менен кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү натыйжасында турактар менен шаарлардын саны көбөйүп отурду. Грек шаарларынын көпчүлүгү бир нече турактардын биригүүсү аркылуу түзүлгөн. Шаарлар менен алардын тегерегинде жайгашкан кыштактар шаар-мамлекеттерди түзгөн. Эң ирилери *Афина, Спарта* мамлекеттери болгон.

**Эсте сакта!**

Афина жана Спарта мамлекеттери Байыркы Грециянын эң ири шаар-мамлекеттери болгон.

«*Полис*» деп аталган бардык шаар-мамлекеттер өздөрүнүн армияларына ээ болушкан (грекче «полис» – «шаар» ). Полистер бири-бири менен бат-бат согушуп турушкан, ошондуктан

жоокерлерге билим жана тарбия берүүгө, аларды мыкты куралдандырууга умтулушкан. Армиянын негизин оор куралдалган жоокерлер – *гоплиттер* түзгөн. Алар төрт бурчтук формасындагы бири-бирине кыналып турган тыгыз катарлар менен согушка киришкен. Согуштук катарга мындайча тизилүү *фаланга* деп аталган. Эгерде алдында бараткан гоплит курман болсо, артындагы жоокер анын ордун ээлеген. Жоокерлер канжар жана найзалар менен куралданышкан, аларды колодон жана териден жасалган чарайна менен жыгачтан жасалып тери капталган калкандар сактаган. Баштарын болсо колодон жасалган катуу шлем калкалап турган.




**Грек жөө аскерлеринин катарга тыгыз турушу (фаланга)**

***Өзүңдү сынап көр!***

| | |
|---|---|
| ***Шаар мамлекеттер – бул ...*** | ***Полистер – бул ...*** |
| ***Гоплиттер – бул ...*** | ***Фаланга – бул ...*** |

**Афина мамлекети**

Ортоңку Грециянын түштүк-чыгыш бөлүгүндө тоолуу Аттика өлкөсү жайгашкан жарым арал бар. Б. з. ч. 2-миң жылдыкта Аттиканын батыш бөлүгүндө гректер «*Акрополь*», башкача айтканда «*Жогорку шаар*» деп аталган чепти курушат. Барган сайын Акрополдун тегерегине адамдар көчүп келип орношо башташат, ошентип Афина шаары пайда болот.



**Афинанын жарандары**

Аттиканын калкы үч ири топко бөлүнгөн эле, алсак: *кулдар, чет өлкөлүктөр – метектер* жана *жарандар*. Атасы менен энеси эркин болгон афиналык эркектер гана Афинанын жараны боло алышкан. Афина мамлекетинин жараны болуу сыймыктуу гана эмес, пайдалуу да болгон, анткени б. з. ч. V кылымдан баштап мамлекеттик органда иштегендерге кандайдыр акы төлөнө баштаган.

**Эсте сакта!**

Аттиканын калкы үч ири топко бөлүнгөн эле, алсак: **кулдар, метектер жана жарандар**.

Жарандар гана бардык укуктардан пайдалана алышкан. Алар оор эмгектен жана ден соолукка зыян жеткирген жумуштардан азат кылынган. Фарстардын үстүнөн жеңишке жетишкенден кийин кул ээлөөчүлөр кулдардын жашоосуна барк албай коюшкан, алар болор-болбос акчага сатылган.

**Эсте сакта!**

Грек скульпторлору айкелдер аркылуу ар бир өспүрүм – күчтүү, дени соо жана Мекенин коргоого ар дайым даяр болушу керектигин туюнтушкан.


Күмүш кендеринин продукциялары жана туз казып алуу Афина мамлекетине чоң пайда алып келген. Мындан тышкары Афинанын деңиздик союзу калыптанышы менен деңиз соодасы да өнүгөт. Анын негизги порту Пирейден мамлекетке миңдеген кулдар, түркүн товарлар алып келинген.

Афина деңиздик союзунун казнасы Афина шаарында жайлашкан, шаардын башчылары андан өзүнүн каалоосу боюнча пайдаланышкан.

### Афинада билим берүү

Афинада мамлекеттик мектептер болбогон. Ата-эне перзентин окутуу үчүн педагогго акы төлөшкөн (грекче «*педагог» – «баланы жолдо коштоп баруучу*»). Мыйзам боюнча билим алуу эркек балдар үчүн гана милдетүү болгон.

Жети жашынан балдарга жазуу жана эсеп үйрөтүлгөн. Металл таякча – *стиль* менен мом чапталган тактайларга тамга жазышкан. Көпчүлүк жарандар үчүн билим алуу ушуну менен гана чектелген. Акчалуу ата-энелердин перзенттери билим алууну *палестра* – менчик гимнастика мектептеринде улантышкан. Ал жерде адабият окутулган, ыр жазуу, музыка үйрөтүлгөн.




**Диск ыргытуучу. Скульптор Мирон**

Эркек балдар 14 жашынан гимнастика менен машыгышкан. Ошону менен бирге аларга күрөшүү, найза жана диск ыргытуу, узундукка жана бийиктикке секирүү, чуркоо үйрөтүлгөн. Ошондой эле өспүрүмдөр мушташканды, жоокердик иштер менен атта салт жүргөндү үйрөнүшкөн.

Палестраларда белгилүү скульпторлор иштеген айкелдер турган. Мисалы палестралардын

биринде Мирондун «*Диск ыргытуучу*» жана Поликлеттин «*Найзабардар*» деген айкелдери орнотулган. Айкелдер аркылуу жигиттин кандай болушу – күчтүү, дени соо болушу жана мекенин коргоого даяр турушу керектиги уктурулган.

Афинада жогорку маалымат берген окуу жайлары да болгон. Бирок аларда өтө бай ата-энелердин перзенттери гана окушкан. Ал жерде астрономия, геометрия, география, тарых окутулган. Билим алуу мөөнөтү 3–4 жылга созулган. Мына ошондон кийин гана мамлекеттик органда белгилүү бир ишке орношууга мүмкүн болгон.



Спартанын жарандары (спарталыктар)

***Өзүңдү сынап көр!***

| | |
|---|---|
| ***Педагог – бул ...*** | ***Палестр – бул...*** |
| ***Стиль – бул...*** | ***Мирон – бул ...*** |



Спарталыктар салгылашууда

### Спарта

**Б. з. ч. XII кылымда** Түштүк Греция (*Лаконика*)нын жерлерине дорийлер уруусу бастырып кирет. Алар жергиликтүү урууларды багындырып, Спарта мамлекетине негиз салышат. Спарта эң ири грек мамлекеттеринен бирине айланат. Спарталыктар кулга айландырган жергиликтүү калк – *илоттор* да түпкүлүгүндө гректер болуп, алар менен бир тилде сүйлөшкөн.


Б. з. ч. VIII – VII кылымдарда кулдардын саны көп болбогон Афинадан айырмалуу түрдө Спартада кулга айландырылган калк көпчүлүктү түзгөн, алар да спарталыктарды өтө жек көрүшкөн. Мындай жагдайда бийликти күч менен гана сактап калууга мүмкүн эле. Ошондуктан спарталыктар өздөрүнүн мамлекетинде атайын шарттарды түзүшөт. Алсак, бардык адамдар баш ийүүгө тийиш болгон катуу тартип, анык пландаштырылган жашоо мүнөзү жана жеңилгендерге каршы ырайымсыз болуу.



Спарталык жоокер

Спарта согушка даярданып жаткан шаарга окшоп калган. Чет өлкөлүктөр шаарга киргизил-

беген. Соода начар өнүккөн, көркөм өнөр чыгармалары, кооз ибадатканалар жана турак-жай имараттары да болгон эмес. Бардык үйлөр бирибирине окшош болгон. Спартада ойчулдар да, сүрөтчүлөр да , окумуштуулар да болгон эмес.



**Периек карапачылар иш үстүндө**

Илоттор бүткүл мамлекет боюнча чакан кыштактарда жашашкан. Алар жалпы мамлекеттин мүлкү эсептелген. Алар спарталыктардын жерлерин иштетишкен, малдарын багышкан жана башка көптөгөн милдеттерди аткарышкан. Спарталыктар дыйканчылык менен да, мал чарбачылыгы менен да алектенишпеген, алар куралдарын колдон коюшпаган.

**Эсте сакта!**


Спарталыктар тарабынан кулдукка салынган жергиликтүү калк – илоттор да гректер болгон. Алардан тышкары Спартада жарандык укугуна толук ээ болбогондор – периектер да жашашкан.

Илоттордон тышкары Спартада толук укукка ээ болбогон жарандар – *периектер* да жашашкан. Алар эркин адамдар эсептелсе да, Элдик кеңеште катыша алышкан эмес, армия кызматына да кабыл алынбаган.

Байыркы Спартада күчтүү жана чыдамкай адамдар өтө баркталган. Балдар катуу шарттарда эресеге жетишкен. Башынан көз карандысыздыкка үйрөтүү максатында аларга дээрлик карашпаган. Алар өздөрү үчүн тамак-аш табууга аргасыз кылынган. Мындай кыйын шарттарда балдардын уурулук кылуудан башка аргасы калбаган.

Спартанын мектептеринде балдарды аскердик иштерге үйрөтүшкөн, аларды күчтүү жана чыдамкай кылып тарбиялашкан.

Спарталык аялдар да дене тарбиялык машыгууларды аткарууга жана спорттук мелдештерде катышууга аргасыз кылынган.



**Илоттор түшүм жыйноодо**

**Жаңы жерлерди өздөштүрүүнүн себептери**

Байыркы Грецияда ак сөөктөрдөн карыз болуп калган, өзүнүн жери жана мүлкү болбогон көптөгөн адамдар, ошондой эле түнөксүз, жылаңач жана ачка адамдар пайда боло баштайт. Алардан көпчүлүгү мекенин таштап кетүүгө, жат өлкөлөрдө бакытын сынап көрүүгө аргасыз болушкан.

Грек соодагерлери кемелерде деңиз артындагы өлкөлөргө бат-бат барып турушкан. Алар Жер Ортолук деңизинин жээктериндеги ээсиз жаткан түшүмдүү жерлер жөнүндө көп айтып келишчү.

Кур жалак калган дыйкандар жолго аттана баштайт. Бай кул ээлөөчүлөр кетип жаткандарга жардам беришет. Жер которуп жаткандар какталган балык, ун, зайтун майы, эмгек шаймандары жана запас парустарды алышкан. Ошондой эле аларга деңиздеги жолдорду мыкты билген жана көчүп жаткандар барчу жерлерде болуп кайткан жол көрсөтүүчү да берилген.



Грек тыйындары




**Улуу грек колониялаштыруусу**

Аттанаар алдынан гректер кудайларга курмандык чалышкан. Өзүлөрү менен бирге ылай сүртүлгөн камыштан согулган себетчелерде от да алышкан. От ошол эле учурда алар түбөлүккө таштап кетип жаткан мекендеринин бир бөлүгү эле.



Гректердин Кара деңиздин жээктерине орношуусу

**Грек колонияларынын түзүлүшү**

Грециядан көчүп келгендер Сицилия аралынын жээгине жана Апеннин жарым аралынын түштүгүнө орношот. Алардын турактары



**Херсонес шаарындагы ибадаткананын устундары**

Жер Ортолук деңизинин жана Кара деңиздин жээктеринде да пайда болот.

Гректердин турактары акырындык менен шаар-мамлекетке айланып олтурат. Алар өздөрүнүн кошуунун түзүшөт жана мыйзамдарын иштеп чыгышат. Аларда соода жана кол өнөрчүлүк өнүгөт.

Дээрлик бардык колониялар өз алдынча турган кул ээлөөчүлүк мамлекети болгон. Алардын калкы Грециянын шаарлары – полистери менен үзгүлтүксүз түрдө карым-катышта болгон. Гректер өздөрүн түптүү эл – *эллиндер* деп билишкен, мекендерин Эллада деп аташкан. Алар өздөрүн «варварлар»га каршы коюшкан, алар өздөштүргөн жерлердин айланасында жашаган, грек болбогон элдерди ошондой аташкан.

**Эсте сакта!**

Улуу грек колониялаштыруусу б. з. ч. VIII кылымдан VI кылымга чейин созулган.

Массалык жер которуу жана колониялар түзүү биздин заманга чейинки VIII кылымдан VI кылымга чейин созулган. Бул доор тарыхта *«Улуу грек колониялаштыруусу»* деген наам алган. Кара деңиздин жээгин бойлой *Ольвия, Херсонес, Пантикапей, Танаис, Фасис, Трапезунд* жана башка ири колониялар пайда боло баштайт. Жер Ортолук деңизинин жээктеринде жүздөн ашуун грек колониялары түзүлөт.

Жаңы мамлекеттер менен таанышуу грек маданиятын байытты. Мисалы, биздин заманга чейинки VIII кылымда Грецияда Финикия алиппесине негизделген жаңы жазуу пайда болду. Алиппе 24 тамгадан турган. Алардын ичинде үндүү тамгалар да болгон. Колониялар менен грек шаарларынын ортосундагы товар алмашуу соода жана кол өнөрчүлүктүн өнүгүшүнө өбөлгө түздү. Элладага дан, металл жана кулдар алып келинген. Колонияларга болсо сатуу үчүн вино, зайтун майы, карапачылык буюмдары, темирчилер жана зергерлер жасаган буюмдар алып келинген.



**Пантикапейдеги Элдик чогулуш**

### *Таяныч конспект*

- б. з. ч. IX – VIII кылымдар – турактардын шаар-мамлекет (полис)терге айланышы
- гоплит → фаланга
- Акрополь → «жогорку шаар»
- кулдар → метектер → жарандар
- педагог — «баланы жолдо коштоп баруучу»
- стиль
- палестра
- Мирон – «Диск ыргытуучу», Поликлет – «Найзабардар»
- Б. з. ч. XII кылым дорийлер Спартаны басып алышты
- периектер – илоттор
- б. з. ч. VIII – VI кылымдар Херсонес, Пантикапей, Танаис, Фасис, Трапезунд колониялары

**Эсте сакта!**

Кара деңиздин жээктеринде Ольвия, Пантикапей, Танаис, Трапезунд жана башка ири колониялар пайда болду. Жер Ортолук деңизинин жээктеринде жүздөн ашуун колониялар түзүлдү.

*Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Грек шаарлары кандайча түзүлгөн?
2. Полис деген эмне? Полистин өзгөчөлүгү эмнеде?
3. Аттиканын калкы кандай топторго бөлүнгөн?
4. Эмне үчүн Афинанын жараны болуу сыймыктуу гана эмес, пайдалуу да болгон?
5. Афинада балдарга эмнелер үйрөтүлгөн?
6. Спарта мамлекети кандайча түзүлгөн? Бул мамлекеттин калкын кандай аташкан?
7. Спарталыктар кандай мыйзамдардын негизинде жашашкан?
8. Илоттор менен периектер кимдер? Өздөрүнүн орду боюнча эмнеси менен айырмаланган?
9. Грек колониялаштыруусунун башталуу себеби эмнеде?
10. Эмне үчүн мамлекет колониялоону колдоп-кубаттады?
11. Картадан грек колонияларын көрсөт.
12. Жер которгондордун атынан аңгеме жаз. Эмне үчүн Грециядан жөнөп кеткениң, жаңы жашап жаткан жериңде эмнелерди көргөнүң жөнүндө баянда.




**Афина. Ортодо – Акрополь**

## 26-§. Афинада демократия

**Демократиянын калыптанышы**

Афинада борбордук аянт болуп, анын айланасын түрдүү имараттар курчап турган. Аянт *агора* деп аталган. Шаар калкынын көпчүлүгүн кол өнөрчүлөр менен соодагерлер түзгөн.

Афина шаарында бардык эркек жарандар мамлекетти башкаруу жөнүндөгү өздөрүнүн ой-



**Оратордун Афинанын жарандары алдында сөз сүйлөшү**

пикирлерин айта алышкан. Алар пайда болгон көйгөйлөрдү жана жаңы мыйзамдарды талкуулоо үчүн айына төрт жолу Акрополго чогулушкан. Бардык токтомдор добуш берүү жолу менен кабыл алынган. Башкаруунун мындай формасы *демократия* деп аталган, башкача айтканда бул термин «элдик бийлик» деген маанини билдирген («демос» – эл + «кратос» – бийлик).



**Драконттун мыйзамдары боюнча өлүм жазасы**

**Драконттун мыйзамдары**

Б.з.ч. VII кылымда Афинаны башкарууда Аксакалдар кеңеши чоң роль ойногон. Кеңеш акимдер менен судьяларды шайлаган. Шайлангандар да ак сөөктөрдөн гана турган. Калктын бир бөлүгү – ак сөөктөр (аристократия) мал-мүлккө жана байлыктын дээрлик бардыгына ээлик кылган, калган бөлүгү (демос) болсо алардын пайдасына иштөөгө аргасыз болгон. Куду ушул жагдай мамлекеттин калкы ортосундагы келишпестиктердин жана нааразычылыктардын булагы болгон.

**Эсте сакта!**

Афинанын калкы *аристократия* (ак сөөк) жана *демос* болуп экиге жиктелди.

Адилеттүүлүк орнотулушун каалаган эки жак тең *Драконт* деген падышага кайрылат. Алар Драконттон укук жана милдеттер боюнча бардыгы үчүн бирдей мыйзамдар түзүүнү суранышат. **Б.з.ч. 621-жылы** Драконт элдик башкарууну четке каккан мыйзамдарды жазат жана колдонууга киргизет. Бул мыйзамдар өтө катуу жана аёосуз болгондуктан, афиналыктар ага «сыя менен эмес, кан менен жазылган» деп баа беришкен. Мыйзамды аз жерден бузган үчүн да Драконт жалгыз жазаны – өлүм жазасын белгилеген. Мисалы, Драконттун мыйзамы боюнча бирөөнүн багынан алма уурдаган адам өлүмгө өкүм кылынган, карызы барлар болсо кулдукка дайындалган.



**Гректердин Солондун реформаларынан кийин кулдуктан кайтышы**

Баштап афиналыктар мыйзамга баш ийишкен, кийинчерээк нааразы болушуп, мыйзам чыгарган Драконтту шаардан кууп салышкан.

**Солондун реформалары**

Калктын турмушу барган сайын начарлап, адамдар өз укуктары үчүн күрөшүүгө аттанат. Жыгач, союл, керки жана соколор менен куралданган жакырлар ак сөөктөрдүн короолоруна кол сала баштайт. Жерлеринен жана жандарынан түңүлгөн ак сөөктөр макул болууну, элдик талаптардын бир бөлүгүн аткарууну чечишет.

*Солон* деген акылман аристократ калкка жеңилдик берүүнү жактап чыгат. Ал ак сөөктөргө карата: «Грециянын көп жерлеринде болдум. Калктын ак сөөктөргө каршы көтөрүлгөнүн өз көзүм менен көрдүм, кедейлерге кулдар келип кошулбастан туруп, элдик талаптардын бир бөлүгүн аткаруу керек», – деп айткан.

Ак сөөктөр Солонго ишеништи жана аны Афинанын падышасы кылып шайлашты. **Б. з. ч. 594-жылы** Солон мамлекетти башкаруунун мурунку формасын өзгөрттү. *Аристократияны* (ак сөөк адамдардын бийлиги) Солон *демократияга* (элдик бийлик) айландырды. Мамлекетти башкарууда жарандар гана катыша алган. Аялдар жана чет өлкөлүктөр (метектер) кабыл алынып жаткан мыйзамдардын талкуусунда жана добуш берүүдө катыша алышпаган.

Солондун реформалары дыйкандардын карыздарын жана кулдукту жоюуга каратылган. Солон ак сөөктөргө каршы барганды каалабаган, бирок элдик көтөрүлүштөрдүн алдын алуу керек эле. Мамлекетти башкаруудагы реформа Элдик чогулуштун ишкердүүлүгүн калыбына келтирүүнү жана ата тегине карабастан афиналыктар үчүн мамлекеттик кызматтарды ээлөө мүмкүнчүлүгүн көздө туткөн. Солондун реформасынан кийин Аттиканын калкы жарандарга жана кулдарга ажыратыла турган болду.


**Эсте сакта!**

Б. з. ч. 594-жылы Солон мамлекетти башкаруунун мурунку, аристократиялык формасын демократияга алмаштырды.



**Афина мамлекетинин өкүмдары – Солон**

*Элдик чогулуш*
↓
*Стратег*
↓
*Беш жүздүктөр кеңеши*
↓
*Элдик сот*



Беш жүздүктөр кеңешинин чогулушу

**Афинада демократиянын өнүгүшү**

Эркек жынысына таандык бардык жарандар 20 жашынан баштап Элдик чогулушта катышкан. Элдик чогулуштун чоң бөлүгү колунда жок кол өнөрчүлөрдөн, соодагерлерден, жалданма жумушчулардан, дыйкандардан турган. Элдик чогулушта масса үчүн пайдалуу токтомдор кабыл алынган.


Кезектеги чогулуш өткөрүлө турган күн алдын ала жарыяланган. Чогулуш эртерээкке белгиленген, анткени эмгекчилер күндүзү чогулушка келе алышпаган. Курсакты тойгузганга тамак табуу үчүн эмгектенүү керек эле.

Афинада кызмат адамдары Элдик чогулуш тарабынан белгилүү мөөнөткө шайланышкан жана чогулушка эсеп беришкен. Эгерде кызмат адамы өзүнүн милдеттерин аткара албаса, Элдик чогулуш бул адамды мөөнөтүнөн мурда кызматынан бошоткон.

Элдик чогулуш жаңы мыйзамдарды бекиткен, эски мыйзамдарды четке каккан, жаңы имараттардын курулушуна, армияга жана башкаларга каражат ажыратуу жөнүндө токтом кабыл алган.

Жыл сайын шайлана турган *Беш жүздүктөр кеңеши* күндөлүк маселелерди чечкен. Анын токтомдору Элдик чогулушта бекитилген. Беш жүздүктөр кеңешине *стратег* жетекчилик кылган.

*Элдик сот* да Афинада маанилүү мамлекеттик орган болгон. 70 жашка толгон жарандар анын иштердигинде катыша алган. Сотто күнөөлүү өзүн-өзү коргой алууга, же сөзгө чечен жана мыйзамдарды мыкты билген адамды жалдоого тийиш болгон.



Элдик чогулуш

**Периклдин кылымы**


**Б.з.ч. 443 – 429 жылдары** 15 жолу стратег кызматына шайланган *Периклдин* падышалыгы доорунда Афина эң күчтүү мамлекет болду, мамлекетте демократия өнүктү. Ошондуктан бул доор «Периклдин кылымы»

деп аталган. Жазуучулар, окумуштуулар жана сүрөтчүлөр Периклдин достору болгон ( тарыхчы Геродот, скульптор Фидий). Ал чоң абройго жана урмат-сыйга ээ болуп, ишендирүү күчүнө таянып иш жүргүздү. Перикл эч качан саясий теңтайлаштарын жана өзүнүн аракеттерин сынга алган адамдарды куугунтукка албаган.

Перикл Элдик чогулуштагы кызматтарга эмгек акы төлөөнү киргизди. Эми кедей жарандар да мамлекеттик иштерге аралаша турган болду. Периклдин тушунда Афинада ири курулуш иштери аткарылды. Акрополдогу *Парфенон* – кудай Афи-нанын ибадатканасы эң белгилүү имарат эле.

Фарстар жеңилгенден кийин Спарта Афинанын негизги душманына айланды. Шаарды кооптон сактоо үчүн Перикл Афинадан Пирей деңиз портуна чейин коргонуу дубалдарын куруу жөнүндө буйрук берди.

Периклдин ишкердиги бай шаардыктарга жакпаган, ал ак сөөктөрдүн соккуларын кайтарып турууга аргасыз болгон. Холера оорусуна чалдыккан Перикл дүйнөдөн кайткандан кийин ал киргизген көптөгөн жаңылыктар четке кагылды.



**Перикл – Афинанын стратеги**

**Эсте сакта!**

**Б. з. ч 443 – 429 жылдары** стратег кызматына 15 жолу шайланган Периклдин тушунда Афина эң күчтүү мамлекет болду, мамлекетте демократия өнүктү.

***Өзүңдү сынап көр!***

| | |
|---|---|
| ***Беш жүздүктөр кеңеши – бул...*** | ***Перикл – бул ...*** |
| ***Стратег – бул...*** | ***Парфенон – бул...*** |

***Таяныч конспект***


- Агора – элдик чогулуштар үчүн аянт
- демократия
- аристократтар → демос
- б. з. ч. 621-жыл — Драконттун мыйзамдары
- б. з. ч. 594-жыл— Солондун реформалары
- б. з. ч. 443 – 429-жыл – Перикл 15 жолу стратег кызматына кайра шайланган
- Парфенон – кудай Афинанын ибадатканасы.



**Афиналыктардын демөөрчүсү – Афина**

*Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Картадан Афина мамлекетин көрсөт жана аны мүнөздөп бер.
2. Демократия деген эмне? Афинада демократия кайсы формада пайда болду?
3. Солондун реформалары жүргүзүлгөндөн кийин калктын турмушунда эмнелер өзгөрдү?
4. Солондун реформалары боюнча Афинадагы мамлекеттик башкаруунун негизги органдарын айт.
5. «Периклдин кылымы» деген эмне?




Грециянын жээктериндеги фарс кемелери

## 27-§. Грек-фарс согуштары

**Гректер – фарстар**

Б. з. ч. V кылымдын баштарында Грецияга фарстар кооп сала баштайт. Доро I бийлик жүргүзүп жаткан Фарс мамлекети жаңы-жаңы мамлекеттерди басып алууга умтулат. Фарстардын Грецияга жасаган аскердик жортуулдары грек-фарс согуштары деп аталган жана алар **биздин заманга чейинки 490-жылы башталып, 449-жылга чейин** созулган.

Грециянын бардык шаарларында фарс элчилери пайда болот, алар: «Биздин өкүмдар, падышалардын падышасы улуу Доро, күн чыгыштан күн батышка чейин болгон жерлердеги бардык адамдардын жападан жалгыз ээси, силерден жер жана суу талап кылып жатат», деп ачыктан-ачык айтышкан.



Фарс жоокерлери

Грециядагы кээ бир шаарлардын калкы фарстарга каршылык көрсөтүүдөн пайда жок деп эсептешкен, алар падышалардын падышасы Доро I дин койгон талаптарын аткарууга ыраазы болушкан. Афина менен Спарта баскынчыларга баш ийбөөнү чечет. Фарс элчилери Афинага келгенде шаардын калкы ачуусунан аларды өлтүрүп, аскадан ары таштап жиберишет. Элчилерди терең кудукка таштап салышкан спарталыктар болсо, какшыктоо менен: «Жетиштүү сууну да, жерди да кудуктун түбүнөн табасыңар!», дешкен экен.




Грек-фарс согуштары




Фарс жоокерлери. Тегиз бетке иштелген бөртмө айкел

**Б.з.ч. VI кылымдын аягында** Фарс падышалары Кичи Азиядагы грек шаар-мамлекеттерин басып алышат. Афинанын падышасы грек полистерине жардам колун созот. Мындан ачууланган Доро I Афинадан аёосуз өч алууну чечет.

### Марафон салгылашуусу

Биздин заманга чейинки 490-жылдын сентябр айында фарстардын аскердик флоту Эгей деңизин кесип өтөт жана Аттиканын жээгине якорун таштайт. Фарстардын кемелери олдоксон курулган болуп, кыйынчылык менен бурулган. *Марафон түздүгүндө* жаа менен куралданган фарс атчандары кемеден түшө баштайт. Бул түздүк атчандардын кыймылы үчүн ыңгайлуу эле. Фарстар куду ушул жерде салгылашууну чечишет. Гректер фарстарга караганда кыйлага аз болчу, ошондуктан алар фарс атчандары жетип бара албай турган аскаларга орношуп алышат.

Гректердин кошууну фарстарды Аттиканын ичкерисине бара турган жолдордон тосуп коёт. Бирок түздөн-түз салгылашуудан коркушкан. Бир жума өтөт. Фарстар айла иштетишет. Түнкүсүн алар ат-



Марафон өрөөнүндөгү салгылашуунун схемасы

**Эсте сакта!**

Фарстар менен гректердин Марафон салгылашуусу **б.з.ч. 490-жылы** болуп, гректердин жеңиши менен аяктаган.

чан кошуунду кемелерге жүктөшөт да, Аттиканы айланып өтүп, күтүлбөгөн сокку менен Афинаны басып алууну чечишет. Грек кошуундарына кол башчылык кылган Мильтиад эртең менен болуп өткөн окуядан кабар таап, Марафон өрөөнүндө калган фарс кошуундарын кырып салууну чечет. Грек жөө аскерлери фаланга болуп катарга турушат. Фарстар анын ортосун жарып өтөт. Бирок грек фалангаларынын эки четинде жайгашкан күчтүү отряд фарстарды туш тарапка качууга аргасыз кылат.



**Фермопиль салгылашуусу**

Ошол кезде гректер түздүктө калган фарс кошуундарынын артынан кирип барышат. Туткун болуудан чочуган фарстар кемелерин карай кача баштайт. Гректер бул салгылашууда фарстардын жети кемесин ээлеп алышат. Калган душмандарды кырышкан, же туткун алышкан. Ошентип гректер жеңиштин ырахатына бөлөнүшөт.

Мильтиаддын буйругу менен бир жоокер жеңиш жөнүндөгү кабарды жеткирүү үчүн Афина шаарын көздөй чуркайт. Туптуура 42 километр жолду басып өткөн жоокер «Жеңиш! Жеңиш! …» деп кыйкырат да, аба жетпестен өлөр абалда жыгылат. Кийинчерээк алыс аралыкка чуркоо *Марафондук чуркоо* деп аталып калды.

**Эсте сакта!**

Фермопиль салгылашуусу **б. з. ч. 480-жылы** болуп өткөн.

## Фермопиль салгылашуусу

Жаңы согушка даярдык көрүлүп жатканда Доро I дүйнөдөн кайтат. Кошуунду Грецияга анын уулу Ксеркс баштап келет.

Фарстардын кошуундары ар түрдүү уруулардан түзүлгөн, курал-жарактары жана согушуу усулдары да түрдүүчө эле.

**Б.з.ч. 480-жылы** Ксеркстин кошуундары *Геллеспонтко* жетип келет. Падышанын буйругу менен бир километрден узун көпүрө курулат.

Грециянын жерлерине өткөн Ксеркстин кошууну түндүк Грецияны басып ала баштайт.


Тоолордогу *Фермопиль капчыгайы* Грециянын түндүгүнөн түштүгүнө алып барган жалгыз жол болгон. Гректер ошол жерге буктурма коюуну чечишет, бирок бир чыккынчы фарстарга тоо аркылуу өткөн жолду көрсөтүп берет. Грек кошуундарына Спартанын падышасы *Леонид* башчылык кылган. Ал 300 спарталыктан башка бардык грек жоокерлерине чегинүүгө буйрук берет. Спартанын мыйзамдары боюнча спарталык жоокерлерге согуш талаасынан чегинүүгө мүмкүн эмес эле. Алардын бардыгы баатырларча курман болушат. Бул окуя *«Үч жүз спарталыктын эрдиги»* аты менен тарыхта калды. Фермопиль салгылашуусунан кийин Ксеркстин кошуундары Ортоңку Грецияга жетип барып, Афинаны алышкан.

**Эсте сакта!**

**Б.з.ч. 479-жылы** фарстар дагы Афинаны басып алууга урунуп көрүшөт. Гректердин бириккен кошууну **Платея** шаарына жакын жерде фарс кошуундарын талкалайт.

**Саламин салгылашуусу** Аскедик-деңиз кошуундун башчысы Фемистоклдун кеңеши менен гректер 200 аскердик кеме – *триера* курушат. Бул аскердик кемелер аскалардын арасынан жана тайыз жерлерден сүзүп өтө алган жана өз доору үчүн жогорку ылдамдыкта – саатына 18 километр ылдамдыкта сүзгөн.

Чечүүчү деңиз салгылашуусу **б. з. ч. 480-жылы** тар *Саламин булуңунда* болуп өтөт. Грек мамлекеттеринин бириккен флоту фарстардын аскердик флотунан күчтүү экендигин белгилүү болот. Жеңилген Ксеркс флоттун калдыктары менен Грециядан чыгып кетүүгө аргасыз болот.



Саламин салгылашуусундагы гректердин кемеси

**Б. з. ч. 479-жылы** фарстар кайра Афинаны басып алууга урунушат. Гректердин бириккен кошууну Платея шаарына жакын жерде фарс кошуундарын талкалайт. Бул грек-фарс согуштарындагы акыркы салгылашуу эле. Жаңы түзүлгөн келишим боюнча фарс падышасы Алдынкы Азиядагы бардык грек полистеринин көз карандысыздыгын кабыл алат жана гректерге каршы чыкпоого убада берет.

**Эсте сакта!**

**Саламин** булуңундагы салгылашуу **биздин заманга чейинки 480-жылы** болуп өткөн.

Ошентип, грек шаарларынын биримдүүлүгү жана эркиндиги үчүн күрөшкөн гректердин баа-

тырдыгы аябай күчтүү болгон душмандын үстүнөн жеңишке жетишүүгө өбөлгө түздү. 40 жылга созулган грек-фарс согуштары гректердин толук жеңиши менен аяктады.

***Өзүңдү сынап көр!***

***Б. з. ч. 490-жыл – бул...*** ***Б. з. ч. 479-жыл – бул...***
***Б. з. ч. 480-жыл – бул...***

***Таяныч конспект***

- б. з. ч. 490 – 449-жылдар – грек-фарс согуштары
- б. з. ч. 490-жыл – Марафон салгылашуусу
- б. з. ч. 480-жыл – Фермопиль салгылашуусу – үч жүз спарталыктын эрдиги
- б. з. ч. 480-жыл – Саламин салгылашуусу
- б. з. ч. 479-жыл – Платея салгылашуусу – гректердин жеңиши

*Суроолор жана тапшырмалар*

1. Фарстардын Элладага бастырып киришинин себептерин айт.
2. Картадан фарстардын Элладага жасаган жортуулдарынын негизги багыттарын көрсөт.
3. Марафон салгылашуусу катышуучусунун атынан аңгеме түз (фарс же грек армиясынын жоокери).
4. Саламин салылашуусу кандай өттү? Эмне менен аяктады?
5. Саламин аралында Фарс мамлекети флотунун жеңилишинин негизги себептерин айт.



**Демосфен өспүрүм кезинен оратор болууну эңсеген. Бирок ал өтө жай сүйлөгөн жана дудуктанган. Үнүн бийиктетүү үчүн ал деңиз жээгине келип шоо-кумдан бийигирээк сүйлөөгө аракеттенген.**

## 28-§. Грециянын Македония тарабынан басыл алынышы

**Грециянын жеңилишинин себептери**

Гректер бири-бири менен согушуп жаткан кезде Македо-ниянын падышасы *Филипп II* Элладаны басып алуу максатында согуш тактикасын өркүндөтөт жана кошуун чогултат. Анын кошуундары атчан жана жөө аскерлерден турган. Жөө аскерлер 16 катардан турган *фалангага* сап тарткан. Фаланганын 6-катарындагы найза биринчи катардагы жоокерди калкалаган. Салгы-

лашуу учурунда бүткүл фаланга чопкуттуу темир макулукка окшоп калган. Фаланганын канаттарын атчандар коргоого алган.


Эсте сакта!

Фаланга – жөө аскерлердин 16 сап болуп тыгыз жайлашуусу.

Гректер Филипп II тартип орнотот жана полистердин ортосунда тынчтыкты камсыз кылат деп үмүттөнүшкөн. Белгилүү оратор *Демосфен* Эллада шаарларын кыдырып, калкты биригүүгө жана македониялыктарга каршы күрөшүүгө чакырат. Бирок болгону Фива шаарынын калкы гана Филипп II нин кошуундарына каршы Афина шаарларынын союзуна кошулат.

### Херонея босогосундагы салгылашуу

Демосфен Филипп II ге баскынчы иретинде кароону улanta берет жана грек мамлекеттеринин башчыларын душманга каршы күрөшүү үчүн биригүүгө чакырат. Демосфен грек шаармамлекеттери падышаларынын бир бөлүгүн ишендирет жана алар биригишет. Катуу каршылык көрсөтүшүнө карабастан, Филипп II шаарларды биринин артынан бирин жеңип ала баштайт. **Б.з.ч. 338-жылдын 2-августунда** гректер менен македониялыктардын негизги күчтөрү Херонея шаарына жакын жердеги *Беотияда* кагылышат. Кошуундар сан жагынан тең болгон. Бирок гректердин каршысында Македониянын эркин жарандарынан түзүлгөн жана мыкты аскердик билимге ээ жоокерлер турган. Грек кошуундары болсо белгилүү акы үчүн салгылашууга жалданган аскерлер эле




**Филипп II нин жөө аскерлери**

Эсте сакта!

Македония Грецияны б. з. ч. 338-жылы Херонеяга жакын жердеги салгылашууда гректердин жеңилүүсүнөн кийин басып алды.

Айыгышкан салгылашуу көпкө созулат. Аскердик айла иштеткен гректер үстөмдүккө жетишет. Македониялыктар чегине башташат. Жеңип жаткандарына ишенген гректер алардын артынан түшүшөт. Ошол учурда грек кошууну экиге бөлүнөт. Бөлүктөрдүн бирине Филипп II нин уулу Александр кол башчылык кылган атчандар кошууну какшаткыч сокку берет. Грек кошуундарынын башка бир бөлүгү артка чегине

баштайт жана талкаланат. Салгылашууда көпчүлүк гректер курман болгон. «Херонеяга жакын жердеги салгылашууда, — деп жазат ошол доордо жашап өткөн автор, – курман болгон гректердин сөөгү менен бирге алардын азаттыгы менен эрки да кошо жерге коюлган эле». Жеңилүүнүн натыйжасында Греция Македонияга көз каранды болуп калат.



**Филипп II**

**Греция Македониянын курамында**

«Гректердин азаттыгы Херонеянын босогосунда курман болгондор менен кошо жерге коюлган», деген эле Демосфен. Бул жеңилүүдөн кийин Грециянын калкы өз тагдырын коркунуч менен күтө баштайт. Бирок Филипп II өзүн гректердин падышасы деп жарыялабайт. Ал гректер менен фарстарга каршы союз түзөт жана өзүн бириккен кошуундардын башкы кол башчысы деп жарыялайт. Грек шаарларына болсо азат экендиктери, мамлекеттин кийинки тагдыры жөнүндө өз ара келишим түзүү керектиги жөнүндө жарыя берет.


**Эсте сакта!**

Биздин заманга чейинки 337-жылы Спартадан башка бардык грек шаар-мамлекеттеринин өкүлдөрү Коринфге чогулушат жана Македониянын бийлиги астында грек мамлекеттеринин союзун түзүшөт.

**Биздин заманга чейинки 337-жылы** Спартадан башка бардык грек шаар-мамлекеттеринин өкүлдөрү Коринфге чогулушат жана Македониянын бийлиги астында грек мамлекеттеринин союзун түзүшөт. Алар тынч жашоо, өз ара согуш жүргүзбөө жана бири-биринин ички иштерине кийлигишпөө жөнүндө келишим түзүшөт. Анда ар кандай келишпөөчүлүктөрдү грек шаар-мамлекеттеринин кеңеши жөнгө салышы керектиги көздө тутулган.

Фарс мамлекетин басып алуу үчүн пландаштырылган кошуундун уюткусун гректер түзүүгө тийиш эле. Филипп II согушуу үчүн гректерди канааттандыра турган шылтоо ойлоп табат: грек-фарс согуштары учурунда жеткирилген зыян үчүн өч алуу жана падыша Ксеркс Иранга алып кеткен грек кудайларынын айкелдерин туткундан бошотуу!

Бирок ал фарстарга каршы жортуулун ишке ашыра албады. Ал **биздин заманга чейинки 336-жылы** өзүнүн сарай кызматкерлери тарабынан чыккынчылык менен өлтүрүлгөн. Анын уулу Македониялык Александр атасынын жолун жолдоп падышалык тактыга олтурат.



Гераклдын арстан менен күрөшү

### *Таяныч конспект*

- Македониянын падышасы Филипп II
- б. з. ч. 398-жыл – Херонея салгылашуусу
- б. з. ч. 337-жыл – Коринф союзунун пайда болушу
- бардык келишпөөчүлүктөрдү жана наразылыктарды грек шаар-мамлекеттеринин кеңеши жөнгө салат
- б. з. ч. 336-жылы – Филипп II өлтүрүлдү – Александр

*Суроолор жана тапшырмалар*

1. Сенин оюңча, эмне үчүн гректер өз мамлекетинин көз карандысыздыгын сактап кала алышпады?
2. Демосфен Эллада калкына кандай кызмат өтөдү?
3. Картадан Филипп II жортуулдарынын багыттарын көрсөт.
4. Македониянын кошуундары гректердикинен эмнеси менен айырмаланган?
5. Греция качан жана кайсы согушта басып алынды?
6. Филипп II Грецияны басып алгандан кийин грек полистеринин башкаруусунда кандай өзгөрүүлөр болду?

## 29 – 30-§§. Байыркы Грециянын маданияты


**Жарандар тарбиясы**

Бала кезинен гректердин мээсине коомдук иштер өзүмдүк жумуштардан жогору турушу жөнүндөгү көз караштар сиңдирилген. Мектептер активдүү жарандарды жана мамлекет коргоочуларын тарбиялоого тийиш болгон. Спорттун өнүктүрүлүшү жана Олимпия оюндарына жалпы кызыгуу да ошого кызмат кылган. Балалыктан эле эркек балдарга поэзия жана музыкага болгон сүйүү сезими сиңдирилген.



Билим берүү процесси

Арстанды жеңген Гераклдын айкелин карап көрөлү. Байыркы грек скульптору Гераклды келбети келишкен баатыр көрүнүшүндө сүрөттөгөн. Арткы



**Олимпия стадионуна кирүү**

буттарына туруп алган айбаттуу арстан болсо Гераклдын мүрүсүнө да жетпейт. Бирок эмне үчүн Геракл кийимсиз сүрөттөлгөн? Бул байыркы грек көркөм сүрөт өнөрүнүн өзүнө мүнөздүү жактарынан бири. Скульптордун оюнча, Гераклдын күч-кудуретин көрсөтүү маанилүү саналган. Эгерде чебер скульптор баатырды кийимде сүрөттөсө, биз анын арстанды жеңип жаткан булчуңдарын жана колдорундагы күчтү байкабаган, күчкө толгон, машыгуу көргөн денесинин сулуулугун сезбеген болор элек.

Жалпы билимден тышкары эркек балдар эки жылдык аскердик билим да алышкан. Алгачкы жылы алар үйлөрүндө жашашкан жана сапка туруну, курал тагынып жүрүүнү, ачкалыкка жана суукка чыдамдуу болууну үйрөнүшкөн. Экинчи жылы болсо айрымдары Аттиканын чек ара чептеринде аскердик кызмат өтөшсө, башкалары Пирей портунда деңизчилик өнөрү негиздерин үйрөнүшкөн.

**Эсте сакта!**

Олимпия оюндары **б.з.ч. 776-жылдан б.з. 394-жылына чейин** өткөрүлгөн. **1896-жылы** Олимпия оюндары кайра калыбына келтирилип, азыркы күнгө чейин улантылып келүүдө.

Мамлекетти коргоо зарылчылыгы туулганда 30 жашка толбогон эркектердин бардыгы курал-жарактары жана аскердик кийим-кечелери менен карроого жетип келүүгө тийиш болгон. Андан кийин өздөрүнүн кудайлары, үйү жана мекени үчүн согушка аттанышкан. Мекенге болгон сүйүү ар бир жарандын ыйык милдети жана эрдиги саналган.

Гректерде патриоттуулук сезими өтө күчтүү болгон. Мекенди коргоо үчүн курман болгондор баатырлар деп жарыяланган. Баатырлардын сөөгү коюлган жерлерде курмандыктар чалынган.

**Олимпия оюндары**

Спорт бардык гректер үчүн сүйгөн машыгуу саналган. **Б.з.ч. 776-жылы** алгачкы жолу өткөрүлгөн Олимпия оюндары ар түрдүү спорт мелдештеринин арасынан эң негизгиси саналган. Ошол датадан баштап төрт жылда бир жолу Олимп тоосунда ыйык от Күндүн нурунан туташтырылып, Грециянын төрт бурчунан келген спортчулар беш күрөш боюнча мелдешишкен. Беш күрөш болсо




**Олимпия оюндарындагы чуркоо мелдештери. Идишке тартылган сүрөт**

узундукка секирүүдөн, диск ыргытуудан, жаа атуудан, чуркоодон жана күрөштөн турган. Ипподромдо болсо арабалардын жана күлүктөрдүн байгеси уюштурулган. Адамдар менен спортчулар олимпиадага эсен-соо жетип келиши үчүн оюн өткөрүлүп жаткан учурда согуштар токтотулган.

Грециядагы Олимпия оюндары Олимптин кудайы *Зевске* арнап өткөрүлгөн. Уламыштарда айтылышынча, бул оюндардын негиздөөчүсү Геракл болгон. Оюндарда атына так түшүрбөгөн эркин грек гана катышуу укугуна ээ болгон.

Жеңүүчүлөр ыйык зайтун дарагынын бутактарынан жасалган гүлчамбар менен сыйланган. Аялдар Олимпия оюндарында катыша алышпаган. Ал тургай оюндар учурунда Олимп тоосуна жакындай да алышпаган. Аялдар үчүн чуркоо боюнча атайын мелдештер өткөрүлгөн.

**394-жылы** кайталанган жер титирөөлөрдүн натыйжасында Олимпия кыйроого чалдыккандыгы себептүү байыркы Олимпия оюндары да өткөрүлбөй калды. **1896-жылы** гана бул оюндар кайра башталды. Оюндар баштала турган күнү факел жагуу адаты азыркыга чейин сакталып калган. Күндүн нурунан от алган факел Олимпия мелдештери өткөрүлчү жайга алып келинет.




**Күрөшчүнүн айкели. Олимпия оюндарынын жеңүүчүсү**

**Эсте сакта!**

394-жылы болуп өткөн жер титирөөнүн натыйжасында Олимпия кыйрагандыгы себептүү Олимпиада оюндары өткөрүлбөй койгон.

### Гомердин «Илиада» жана «Одиссея» поэмалары

**Б. з. ч. 1200-жылдарда** гректер Кичи Азияда жайлашкан Трояга жортуул жасашкан. Алар олжонун артынан согуш жүргүзүшкөн. Бирок грек уламыштарында башка бир себеп жөнүндө да сөз болот. Эң сулуу аял Спарта падышасынын аялы Елена Сулуу болгон. Троянын падышасы Парис Спартанын падышасыныкына келет жана Елена Сулууну Трояга ала качып кетет. Спартанын падышасы Паристен өч алууну чечет жана бардык спарталыктарды Трояга каршы согушка чакырат. Гректер тогуз жыл Трояны бөөдө курчап турушат.



**Гомер – Байыркы грек акыны**



**Троя аты**

«Илиада» аттуу белгилүү грек поэмасы мына ошол согуштун акыркы онунчу жылы жөнүндө баяндайт. Одиссейдин кеңеши менен гректер айла жасашат: ичи көңдөйлүү чоң жыгач ат жасашат. Грек кошуундарынын бир бөлүгү ошол жыгач аттын ичине жашынат, калган бөлүгү жакын аралдардын бирине орношуп алат. Троялыктар гректер куршоону токтотушуп, Троянын демөөрчүсү Афина Палладага жагынуу үчүн ат белек кылышкан го, деп ойлошот жана жыгач атты шаарга алып киришет.


Түнкүсүн аттын ичинен чыккан жоокерлер дарбазаларды ачып жиберишет. Троя басып алынат. Азыркы тилдерде *«Троя аты»* деген сөз касиетсиз белек дегенди билдирип калган.



**«Ахиллес таманы»**

«Илиада» поэмасынын башкы каарманы – *Ахиллес*. Уулунун түбөлүктүү жашоосун каалаган эне бөбөгүн Стикс дарыясыныг суусуна матырып алат. Ошондо энеси таманынан кармаган жерине суу тийбей калат. Салгылашуулардын биринде Ахиллес таманына сайылган жебеден курман болот. Ошондон улам *«Ахиллестин таманы»* деген сөз адамдын коргоосуз жерин билдирип калган

Байыркы грек акыны Гомер – «Илиада», «Одиссея» поэмаларынын автору. Ал жөнүндө дээрлик эч нерсе сакталбаган. Ал сокур болгон жана өзүнүн ырларын музыкалык аспаптын коштоосунда эл кыдырып жүрүп ырдаган, деген сөздөр бар.



**Троя согушу**

Троя согушу аягына чыгат. Гректер Трояны талап, көптөгөн олжо менен үйгө кайтмакчы болушат. Алар Эгей деңизи аркылуу узак жана кооптуу жолду басып өтүшү керек. Бирок эң көп кыйынчылыктар Одиссейдин жана анын шериктеринин чегине түшөт. Одиссей акыры сүйүктүү Итака өлкөсүнө жетип келгенге чейин деңизде жана чоочун журттарда тентип жүрөт.

Эгерде окумуштуулардын колунда «Илиада» жана «Одиссея» поэмалары болбогондо, биз

мындан үч миң жыл мурда жашаган гректердин турмушу жөнүндө эч нерсени билбейт болчубуз.

XIX кылымдын аягында немец окумуштуусу Генрих Шлиман Гомердин чыгармаларын изилдеп, Троя жайлашкан жерди аныктайт. 1870-жылы окумуштуу Түркиядагы Гисарлык дөңсөөсүнүн урандыларында казуу иштерин баштап жиберет, чындап эле Троянын калдыктарын табат.

**Эсте сакта!**

XIX кылымдын аягында немец окумуштуусу Генрих Шлиман Гомердин поэмасын окуп, Троя жайлашкан жерди аныктайт.

***Өзүңдү сынап көр!***

| | |
|---|---|
| ***Троя – бул...*** | ***Шлиман – бул ...*** |
| ***Гомер – бул ...*** | ***«Ахиллестин таманы» деген сөз...*** |


**Грецияда театр**

Мындан эки жарым миң жыл илгери Грецияда театр пайда болду. *«Театр»* сөзү грекчеден которгондо *«тамаша жайы», «тамашакана»* деген маанини билдирет. Афина театры 17 миң көрүүчүгө болжолдонгон. Тамашалар майрамдарда гана уюштурулуп, таң заардан башталган жана күн бою улантылган. Көрүүчүлөргө пьесалар көрсөтүлгөн.



**Театрдын бет каптары**

Театрга кирүү үчүн анчалык көп болбогон тама-ша акы алынган. Жакыр жарандарга театрга баруу үчүн акча берилген. Алдыңкы катарлардагы орундар тегин болуп, алар төлгөчүлөр, стратегдер, мамлекетке маанилүү эмгек сиңирген адамдар сыяктуу ардактуу көрүүчүлөргө арналган.




**Грек театры**

Өз ара күрөштөр көрсөтүлгөн, адатта катышуучулардын курман болушу менен аяктаган пьесаларга *трагедия* дейилген. «*Падыша Эдип*» жана «*Антигона*» сыяктуу эң белгилүү трагедияларды Софокл жазган эле.

Укмуш каймана сөздөргө, күлкүлүү окуяларга жана назик юморго бай *комедиялар* болсо адамдардын кемчиликтерин сынга алат. Аристофан комедия жазуунун чебери болгон. «*Аарылар*», «*Канаттуулар*», «*Бакалар*» сыяктуу белгилүү комедиялар анын калемине таандык.

**Эсте сакта!**


Эң белгилүү трагедияларды Софокл жазган. Аристофан болсо комедия жазуунун чебери болгон.



**Зевс жана Аполлон. Парфенон порта-лынын жогорку бөлүгү**



**Парфенон**




**Аристофан – комедиялардын автору**

***Өзүңдү сынап көр!***

| | |
|---|---|
| ***Трагедия – бул...*** <br> ***Комедия – бул...*** | ***«Театр» сөзү грек тилинен которулганда...*** |

### Скульптура жана архитектура

Гректер падышалар жана ак сөөктөр үчүн сарай жана күмбөздөр гана эмес, ошондой эле жалпы эл үчүн да коомдук имараттар курушкан. Айкелдер жана башка скульптуралык чыгармалар сарай кызматкерлеринин үйүн гана эмес, шаар аянтарынын, ибадатканалардын, бардыгы үчүн ачык болгон сейил бактар менен стадиондордун көркүнө көрк кошуп турган.


Б. з. ч. VII кылымдан баштап ибадатканалар жана башка коомдук имараттар таштан курулат, бул учурда менчик үйлөр кыштан жана ылайдан курулган. Устундар коомдук имараттардын, ибадатканалардын өзгөчө жасалгасы, көркү болгон.

Байыркы Египет айкелдеринде фараондор сүрөттөлгөн болсо, Грециянын чебер скульпторлору замандаштарынын айкелдерин жасашкан. Алар айкелдерде шамдагайлык, күч-кудурет, дени соолук, сулуулук сыяктуу жарандын тарбиясында керектүү сапаттарды өзгөчө апыртып көрсөтүүгө аракеттенишкен. Бул айныкса Мирондун «Диск ыргытуучу» деген скульптуралык чыгармасында таасын чагылдырылган. Грек скульпторлору баатырлардын, Олимпия оюндары жеңүүчүлөрүнүн же согушта жеңип чыккандардын урматына эстеликтер жасашкан. Айкелдердин көптүгүнөн тарыхчылар Афинада тирүү адамдарга караганда жансыз айкелдер көбүрөөк, деп жазышкан.

Залкар скульпторлордон бири *Фидий* болгон. Ал Афинада Парфенонду курууда жана Акрополду кайра курууда жетекчилик кылган. Анын белгилүү чыгармаларынан бири жер жүзүндөгү жети укмуштун бири саналган Олимпиалык Зевстин айке-

ли болгон. Архитектор жана скульптор *Дедал Минос* деген падыша үчүн белгилүү лабиринт сарайын курган.

Акрополдун борборунда Парфенон тургузулду. Ал Грециядагы эн жогорку сапаттуу мрамордон курулган. Жарыктын түшүшүнө карай ал түсүн алтын түстөн көгүлтүр, же боз түскө чейин өзгөртүп түрлөнүп турган. Бийик дөңсөө болсо Парфенондун фундаменти кызматын өтөгөн. Ибадаткана куду аскага жуурулушуп кетип, анын бир бөлүгүнө айланып калгандай сезилет. Устундары менен имараттын алдына чыгып турган порталдар Парфенонго өзгөчө көрк берген. Порталдын жогорку бөлүгүндө кудайлардын элеси сүрөттөлгөн.



Грек уламыштарынан: баатыр Гераклдын тогуз баштуу ажыдаар менен салгылашуусу

### *Таяныч конспект*

- Олимпия оюндары
  - б. з. ч. 776-жыл – алгачкы жолу
  - б. з. ч. 394-жыл – акыркы жолу
  - 1896-жыл – кайрадан
- Гомер
  - «Иллиада» — Троя согушу жөнүндө
  - «Одиссея» — Одиссейдин башынан өткөргөндөрү жөнүндө
- 1870-жыл – Генрих Шлиман – Троя шаары жайлашкан жер
- театр
  - трагедиялар → Софокл
  - комедиялар → Аристофан
- Фидий → Парфенон



Геракл Фракиянын падышасы Диомеддин жапайы аттарын багындырууда

### *Суроолор жана тапшырмалар*

1. Байыркы Греция мугалимдеринин алдына кандай максат коюлган? Грек мектептери азыркы мектептерден эмнеси менен айырмаланат?
2. Олимпиянын катышуучусу атынан аңгеме түз. Сен ал жерде эмнелерди көргөндүгүң жөнүндө сүйлөп бер.
3. Гомердин «Одиссея» аттуу баатырдык поэмасында эмнелер баяндалат?
4. Кайсы поэмада Троя аты жөнүндөгү уламыш сүрөттөлөт? Ушундай окуя чындап эле болушу мүмкүнбү?
5. Байыркы Грецияда театр кандай көрүнүштө болгон?
6. Грек архитектурасынын өзгөчөлүгү жөнүндө сүйлөп бер.
7. Кайсы грек скульпторлорун, чыгармаларын билесиң?

## 31 – 32- §§. Окумуштуулар жана ойчулдар




Байыркы грек ойчулу Диоген жашаган бочка

**Илим**

Байыркы Грецияда ойчулдарды даанышман, турмуштун устаттары катары билишкен.

Грек ойчулдары Ааламдын түзүлүшү жана адам жашоосунун маңызын түшүндүрүүгө аракеттенишкен. Алар өсүмдүктөрдү, жаныбарларды, адамдын денесин, Күндү жана жылдыздарды үйрөнүшкөн.

Белгилүү ойчул *Гераклит* бардык нерсе оттон жаралган деп уктурган. «Бир дарыяга эки жолу кирүүгө болбойт», «Бардык нерсе агат, бардык нерсе өзгөрүүчөн», деген накыл сөздөр ага таандык.




Фракиялык ойчул Гераклит

Фракиялык *Демокрит* деген ойчул Гераклиттин пикирине каршы чыгып, бизди курчап турган бардык нерсе көзгө көрүнбөгөн майда бөлүкчө – атомдордон түзүлгөн деген ойду айткан.

Грек ойчулу *Диоген* адамда эч кандай керектөө болбостугу керек, деген пикирди өз окуусуна негиз кылып алат. Жашоодогу бардык жыргалчылыктан кечкен Диоген бочканын ичинде жашаган. Македониялык Александр андан: «Сага кандай жардам беришим мүмкүн?» деп сураганда, Диоген: «Ары турчу, күндү тососуң!» деп какшыктаган экен.

Б. з. ч. V кылымда жашаган *Геродот* «Тарых» деп аталган китеп жазган. Египет, Месопотамия, Түндүк Кара деңиз жээктериндеги колонияларга жасаган саякаты учурунда Геродотту Грецияда бирөө тааныбайт болчу. Мекендештерин «Грек-фарс согуштары жөнүндөгү тарых» аттуу чыгармасы менен тааныштыргандан кийин заматта белгилүү инсанга айланат. Көзү барда эле Геродотко *«тарыхтын атасы»* деген наам ыйгарылган.



Арасту (Аристотель) – Байыркы грек ойчулу

Байыркы грек окумуштуусу *Аристотель* чогултулган билимдерди тармактарга ажыратат жана аларга өз алдынча илим катары мүнөздөмө берет.

Аристотелди Чыгышта «Арасту» аты менен атоо кийинчерээк адатка айланган.

Бардык замандарда окумуштуулар илимий маселенин чечимин тапкан грек физик-математиги *Архимеддин* «Эврика!» («Таптым! Таптым!») сөзүн кайталап жүрүшөт. Балким бул бир уламыш чыгар, бирок гректер Архимед күзгүлөр системасынан пайдаланып, жарыкты бир багытта чогултканы жана римдиктердин кемелерин өрттөп салганы жөнүндө айтып жүрүшөт. Архимед ийиндер мыйзамын жараткан жана жалпыга белгилүү төмөнкү сөздөр ага таандык: «Таяныч чекитин таап берсең, мен Жерди оодарып саламын!»



**Архимед жана рим жоокери**

Ал баш-оту менен илим деңизине чумкуган окумуштуунун элесине айланган. Римдиктер анын сүйүктүү шаары Сиракузаны басып алышканда, ал кумда чийме чийген бойдон математикага тиешелүү маселени чыгарып олтурган экен. Рим жоокери жетип келгенде болгону: «Менин чиймелериме кол тийгизбе!» дешке араң үлгүрөт: Архимеддин денесин найза көзөп өткөн.



**Байыркы грек ойчулу Платон**

***Өзүңдү сынап көр!***

| | |
|---|---|
| ***Гераклит айтат...*** | ***Геродот — ...*** |
| ***Диоген — ...*** | ***Демокрит айтат...*** |
| ***Философия — бул...*** | ***Архимед — ...*** |

**Афиналык дааныщмандар**


Афиналык ойчул *Сократ* (Чыгышта – «*Сукрат*» ) өзүнүн акылдуу сөздөрү аркылуу шаардын эң акылман адамы деп жарыяланган. Жооп иретинде Сократ: «Менин акылмандыгым – эч нерсени билбестигимди билишимде», – деп айткан экен.

Сократ өзүнүн пикирлерин оозеки баяндаган. Анын идеялары Атлантида деген ойдогу (идеалдык) мамлекет жөнүндөгү окууну жараткан *Платон* деген дагы бир грек ойчулу аркылуу бизге чейин жетип келген. Платонду эми биз «*Афлатун*» аты



**Архимед римдиктердин кемесин өрттөөдө**

менен да билебиз. Ошондой эле бизге чейин Платондун дагы бир накыл сөзү да жетип келген: «Кудай – биздин өзүбүздө!»



**Кол жазманы окуп жаткан окумуштуу**


Сократ жарандардын ахлактык-руханий тарбиясына өзгөчө көңүл бурган. Дельфия ибадатканасындагы жазуу анын сүйгөн сөздөрү экен: «Өзүң-өзүңдү таанып бил жана түшүн!»

Сократ, айныкса, ач көздүк жана дүйнөкорлук сыяктуу кемчиликтерди катуу сындаган. Базар айланып, сейилдеп жүргөндө минтип айткан экен: «Буларсыз да жашоо мүмкүн болгон ушунча нерсенин бар экендиги да кандай жакшы!»

Афинадагы кээ бир тартиптерди коркпостон сынга алгандыгы үчүн аны өлүмгө өкүм кылышкан. Сократ тарыхта адамкерчиликтин, сабырдуулуктун жана эр жүрөктүүлүктүн символу болуп калды.

### *Таяныч конспект*

- ойчулдар → Гераклит, Демокрит, Диоген, Аристотель, Платон, Сократ
- Геродот → «Тарых» — «тарыхтын атасы»
- Архимед — «Эврика!»



**Сократ**

### *Суроолор жана тапшырмалар*

1. Грек окумуштууларынын ачылыштары жана жетишкендиктери жөнүндө сүйлөп бер.
2. Архимеддин «Таяныч чекитин таап берсең, мен Жерди оодарып салам» деген сөздөрүнүн маанисин түшүндүрүп бер.
3. Сенин оюңча, Сократтын «Өзүңдү-өзүң таанып бил!» деген сөздөрү эмнени билдирет?
4. Сократ жөнүндө эмнелерди билесиң? Сократтын кайсы идеяларын макулдабайсың?

## 33 – 34- §§. Байыркы Грециянын уламыштары

**Уламыштар: чындык жана миф**

Грек уламыштары – кудайлар жана баатырлар жөнүндөгү рабаяттардын каармандарын ар түрдүү *титандар* (кудайлардан төрөлгөн күч-түү баатырлар), жырткыч макулуктар, *сиреналар* (жарымы канаттуулар, жарымы аялдар), *кентаврлар* (жарымы аттар, жарымы адамдар), *циклоптор* – маңдайында бир көзү болгон мифологиялык макулуктар түзгөн. Уламыштар (грек тилинде «*миф*») мамлекеттин тарыхындагы байыркы доор жөнүндө көп нерселерди билүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Алар Ааламдын жаралышы, Жер жүзүндө жашоонун жана адамдын пайда болушу, каармандардын эрдиги жана деңиз саякаттары жөнүндө баяндайт.



Сиреналардын сүрөттөлүшү


Грек уламыштары ар түрдүү жана өтө кызык-туу. Ааламдын жаралышы жана кудайлардын келип чыгышы жөнүндөгү уламыштар да абдан кызыктуу. Эң мурда Жер жана Асман – *Гея* менен *Уран* жаралган. Алар Ааламды башкарып турган титандарды жаратышкан, *Олимп тоосунда* жашаган кудайлар аларды тактан түшүргөнгө чейин бийлик жүргүзүшкөн.



Кентавр жана жоокер

Уламыштарда айтылышынча, башталышында Жер бардык тарабынан деңиз менен курчалган. Баштап анын падышасы *Океан* деген титан болгон. Аябагандай чоң асман күмбөзү *Атлас* деген титандын желкесинде турган.

Грек уламыштары *Геракл, Ахиллес, Тесей* жана *Аякс* сыяктуу баатыр каармандардын эр-диктери жөнүндө баяндайт. Алардын бардыгы чыдамкайлык, күч-кудурет жана аң-сезимдүүлүк сыяктуу касиеттерге ээ болгон. Он эки жолу эрдик көрсөткөндүгү үчүн Геракл Олимп тоосундагы кудайлардын салтанатында ардактуу орунга татыктуу болгон экен.



Циклоп

*Өзүңдү сынап көр!*

| | |
|---|---|
| ***Титандар – бул...*** | ***Сиреналар – бул...*** |
| ***Кентаврлар – бул...*** | ***Циклоптор – бул...*** |



**Гефест – темирчиликтин жана кол өнөрчүлүктүн кудайы**

**Байыркы грректердин кудайлары**

Байыркы гректер да алардын турмушу жана айлана-чөйрө көзгө көрүнбөгөн сырдуу күчтөрдөн көз каранды экендигине ишенишкен. Бул көрүнбөс күчтөрдү гректер кудайлар деп аташкан. Кудайлар алардын Жер жүзүндөгү жана маркумдар дүйнөсүндөгү падышалыгында бийлик жүргүзүшкөн. Байыркы гректердин үч кудайы ааламда бийлик жүргүзгөн: *Зевс* асманда, *Посейдон* деңизде, *Аид* маркумдар дүйнөсүндө жогорку кудай эсептелген. Калган кудайлар болсо дыйканчылык менен кол өнөрчүлүктүн, көркөм өнөр менен поэзиянын, сүйүү-махабат менен сулуулуктун демөөрчүлөрү саналган. Согуш менен жеңиштин, юстициянын, уйку менен таңкы күн чыгуунун да кудайлары болгон. *Сатирлер* жана *нимфалар* деген төмөнкү даражалуу кудайлар да болгон. Алар токойлордо, дарыяларда жана тоолордо жашашат деп элестетилген.



**Артемида – аң уулоонун кудайы**

**Байыркы грректердин кудайлары**

| | |
|---|---|
| Зевс | жогорку кудай жана бардык кудайлардын башчысы |
| Посейдон | Зевстин иниси, деңиздин падышасы |
| Афина | Зевстин кызы, жоокер аял, даанышмандыктын кудайы |
| Аполлон | Зевстин уулу, жарыктын, музыка менен поэзиянын кудайы |
| Гелиос | Күндүн кудайы |
| Деметра | дыйканчылык жана түшүмдүүлүктүн кудайы |
| Гея | Жердин кудайы |
| Фемида | юстициянын кудайы |
| Гефест | темирчилер менен кол өнөрчүлөрдүн кудайы |
| Афродита | махабаттын жана сулуулуктун кудайы |




**Арес – согуштун кудайы**

| | |
|---|---|
| Арес | согуштун кудайы |
| Дионис | шараптын кудайы |
| Гермес | сооданын кудайы |
| Ника | жеңиштин кудайы |
| Хронос | замананын кудайы |
| Артемида | токойдун жана аңчылыктын кудайы |
| Гипноз | уйкунун кудайы |



**Деметра – дыйканчылыктын жана түшүмдүүлүктүн кудайы**

Гректердин ишениминде кудайлар Македония жана Фессалиянын чек арасындагы тоодо, Грециянын жерлеринен бири Элидада, Олимп тоосунда жашашкан. Байыркы гректердин эркек жана аял кудайлары да адамдарга кыйла окшойт. Олимп тоосу кудайларынын элесин сүрөттөгөндө гректер кудайларды кызганчаак жана ырайымсыз, күндү той-тамаша жана оюн күлкү менен өткөрүшөт, бири-бири менен талашып тартышышат, деп эсептешкен. Кудайлар таш боор жана кекчил. Гректердин кудайлары каалоосуна каршы чыккандарды аёосуз жазалайт. Ошондуктан да гректер өзүлөрү жараткан кудайлардан коркушкан, аларга курмандык чалышкан жана аларга арнап көптөгөн ибадатканалар курушкан.



**Аид – маркумдар дүйнөсүнүн кудайы**

### *Таяныч конспект*

- Уламыштардын каармандары
  - титандар
  - кентаврлар
  - циклоптор
  - Геракл (12 эрдик)
- Байыркы грек кудайлары

*Суроолор жана тапшырмалар*

1. Байыркы Грециянын тарыхын үйрөнүүдө уламыштар кандай мааниге ээ?
2. Гректердин кудайлар жөнүндөгү уламыштарында Байыркы Грециянын мифтери түрдүү жаратылыш кубулуштарын кандайча түшүндүрүшкөн?
3. Грек уламыштарынын негизги каармандарын айтып бер.
4. Эмне үчүн гректер кудайларды кызганчаак, ырайымсыз, күндү талаш-тартыш менен өткөрүшөт, деп эсептешкен?



**Дионис – шараптын кудайы**



# IV БӨЛҮМ

# Б. З. Ч. VI – БИЗДИН ЗАМАНДЫН IV КЫЛЫМДАРЫНДА ОРТО АЗИЯ

## 35 – 36- §§. Ахаманийлердин Орто Азияга жасаган баскынчылык жортуулдары



**Томарис – массагеттердин ханышасы**

### Кир II жана анын баскынчылык жортуулдары

Б.з.ч. VI кылымдын ортолорунда Ахаманийлер династиясынын падышалары курамына дүйнөнүн бардык ири өлкөлөрү жана шаарлары кирген империя түзүүгө киришет. *Кир II* Орто Азиянын жерлерин басып алууга аракеттенип көргөн биринчи фарс падышасы болгон. **Б.з.ч. 545- жана 540-жылдар**дын аралыгында ал Парфия, Маргиана, Бактрияны басып алат. **Б.з.ч. 530-жылы** Кир II көп сандаган кол менен массагеттердин үстүнө жортуулга чыгат.

Жортуул жөнүндө «Тарыхтын атасы» Геродоттун баяндашынча, фарстар массагеттердин жерине бастырып киргенде алардын ханышасы Томарис баскынчыларга эсен-соо кайра тартканды сунуш кылат. Падыша бул сунушту четке кагат жана Амударыядан кечип өтүүгө буйрук берет.

Геродот салгылашуу жөнүндө минтип жазат: «Бул салгылашуу... бардык салгылашуулардан да коркунучтуураак эле. Баштап эки душман күчтөр бири-бирине каршы согуштук сапка турушуп, жаадан жебелерди жамгырдай жаадырышты. Жебелер түгөнгөндөн кийин, колдоруна канжар, найзаларын алышып, душман үстүнө бастырып киришти. Салгылашуу көпкө созулду. Эч ким чегинүүнү ойлогон жок. Көп кан төгүлдү. Акыры барып массагеттер жеңип чыкты. Фарс кошуундарынын көпчүлүгү кырылды. Согуш талаасында Кир II нин өзү да курман болду».

**Эсте сакта!**

Көптөгөн мамлекеттерди басып алган Ахаманийлер династиясынын өкүлү Кир II – б. з. ч. 530-жылы массагеттер менен болгон салгылашууларда курман болгон.




**Орто Азия Ахаманийлер мамлекетинин курамында**



**Фарс падышасы**

**Доро I дин сактарга каршы жортуулу**

**Б.з.ч. 522-жылы** Ахаманийлер династиясынын өкүлү Доро I такка отурат. Ал б.з.ч. 522–486-жылдарда бийлик жүргүзгөн.

Анын падышалыгынын биринчи жылы Маргианада фарс баскынчыларына каршы ири элдик көтөрүлүш жүрөт. Көтөрүлүшкө *Фрада* жетекчилик кылат. Көтөрүлүшчүлөр менен фарс кошуундарынын ортосундагы салгылашуу **б.з.ч. 522-жылы** болуп өтөт. Фрада туткунга алынып, **б.з.ч. 521-жылы** өлтүрүлөт. Бул жөнүндөгү маалымат Бехистун аска жазууларында келтирилген.

Доро I бийлигинин үчүнчү жылы **(б.з.ч. 519-жылы)** сактардын үстүнө жортуул жасайт. Бехистун жазууларында мындай дейилген: «Падыша Доро айтат: андан кийин сактар мамлекетине кошуун тарттым. Шуштугуй калпак кийген сактар согушка кирди. Дарыядан өткөндөн кийин мен сактардын тыптыйпылын чыгардым, калгандарын туткунга алдым… Алардын *Скунха* деген кол башчысын колго түшүрүшүп, менин алдыма алып келишти. Ошондо мен аларга башка кол башчы дайындадым. Мен ушундай болушун каалайдым. Андан кийин бул мамлекет мага көз каранды болду».

**Эсте сакта!**

**Б.з.ч. 522-жылы** – Доро I дин падышалыгынын биринчи жылы Маргианада фарс баскынчыларына каршы элдик көтөрүлүш жүрөт. Көтөрүлүшкө **Фрада** жетекчилик кылат.



**Ширак**



Ширак фарстарды баштап барууда

Ошону менен бирге бул жортуул жөнүндө тарыхчы *Полиен* (б. з. ч. II кылым) келтирген башка уламыш да бар. Сактардын уламышына негизделип, анда баяндалышынча: фарстардын алдына сак уруусунан чабан *Ширак* келет, ал фарс кошуундарын өзүнөн башка эч ким билбеген жалгыз аяк жол менен сактардын арт жагына баштап барышын айтат. Суусуз эрме чөлдө жети күн жол жүрүшкөндөн кийин, суусуздуктан тозок азабына туш болгон фарстар алдангандыктарын сезип калышат. Фарстар эр жүрөк чабанды кылыч менен чаап салышат, Доро I дин сактардын үстүнө жасаган жортуулу ийгиликсиз аяктайт.

***Өзүңдү сынап көр!***

| | |
|---|---|
| ***Доро I — бул..*** | ***Ширак — бул...*** |
| ***Фрада — бул...*** | |



Орто Азиялык жоокердин колодон жасалган шлёму

### Ахаманийлердин бийлиги тушунда мамлекеттик башкаруу

Басып алынган мамлекеттерди кол астында кармоо үчүн ахаманийлер мамлекетти өз алдынча аймактарга – *сатраптыктарга* (фарсча «хшатра» – «аймак») бөлүп салат. Аймактын башчысы – *сатрапка* чектелбеген бийлик берилген эле. Сатраптардын көпчүлүгү ахаманийлер династиясынын өкүлдөрү болгон.

Орто Азиянын фарстар басып алган аймактары үч сатраптыкка бөлүнөт. Ар бир сатраптык жылдык салык төлөгөн, көз каранды элдер сарай жана ибадаткана курулуштарына да тартылган. Салыкты күмүш, чарба малдары (жылкы, төө, кой), кол өнөрчүлүк буюмдары (чопо идиштер, курал-жарактар, жасалгалар), кийим-кече жана жаныбарлардын терилери менен төлөшкөн.



Орто Азиялык жоокерлер

Доро I дин, анын мураскору Ксеркстин падышалыгы тушунда (б.з.ч. 486–465-жылдар) басып алынган аймактардын ичинен Орто Азиянын

элдери саясий турмушта, грек-фарс согуштарында да катышкан. Белгилүү марафон салгылашуусунда (б.з.ч. 490-жыл) фарс кошуундарынын ортосунда согушкан сактар өздөрүн көрсөтө алышкан.

Геродот Ксеркстин жетекчилигинде гректерге каршы чыккан Орто Азиялык жоокерлердин куралдарын толук сүрөттөгөн. Бактриялыктар жаа, найзалар менен, сактар канжар, айбалталар менен, харезмийлер менен согдийлер бактриялыктардыкы сыяктуу куралдар менен салгылашкан. Сак жана бактриялык атчандар Ксеркстин кошуунунда эң мыкты жоокерлер саналган.



**Массагеттердин кийими жана куралжарактары**

Грек драматургу *Эсхил* өзүнүн «Фарстар» аттуу трагедиясында Саламин алдындагы деңиз салгылашуусунда курман болгон жаш бактриялык жоокерлер жөнүндө сөз кылат.

Орто Азия калктарынын үстүнөн ахаманийлердин бийлиги 200 жылдан көбүрөөк убакытка созулган. Б. з. ч. IV кылымда гана сактар менен массагеттер Ахаманийлер мамлекетинин курамынан чыгып, көз карандысыз болушкан.

### Маданияттын өнүгүшү

Б.з.ч. VI – IV кылымдардагы маданияттын өнүгүшү жазма жана археологиялык булактардын негизинде үйрөнүлгөн. Алар Орто Азия элдеринде кол өнөрчүлүк, зергерлик, тигүүчүлүк, карапачылык жана куруучулуктун өнүккөнүнөн күбөлүк берет.

Сурхан, Кашкадарыя, Зерафшан оазистеринде, Амударыянын төмөнкү агымында Кызылдөбө, Узункыр, Афрасияб, Көзөлүү кыр, Жеркоргон сыяктуу ири кол өнөрчүлүк борборлору болгон.

Булактарда алтын, күмүш, лаал, фируза минералдары казып алынгандыгы, жез жана темир эритилгендиги, карапачылыктын өнүккөндүгү, Орто Азиянын Чыгыш мамлекеттери менен туташтырган байыркы кербен жолдорунда алып барган соода иштери жөнүндө кабар берилет.

> **Эсте сакта!**
>
> **Ахаманийлердин тушунда** Кызылдөбө, Узункыр, Афрасияб, Көзөлүү кыр – ири кол өнөрчүлүк борборлору болгон.



**Алтын билерик. Амударыя казнасынан**

Б.з.ч. V – IV кылымдарда Орто Азия аймагында алгачкы тыйындар болгон. Зергердик өнөрүнүн өнүккөндүгүнө Британия музейинде сакталып жаткан, 1877-жылы *Амударыя казнасынан* табылган алтын жана күмүш буюмдар таасын мисал боло алат.

Ар бир шаардын борборунда арктар болгон. Алардын тегерегинде дыйкан чарбаларынын үй-бүлөлөрү жашашкан. Дыйканчылык үй-чептери үйлөрдөн, жардамчы чарбалык имараттардан турган.


Археологдор шаар менен коргондордун тегерегиндеги талааларга суу алып келген каналдар менен арыктардын издерин табышкан.



**Орто Азиянын тургундары. Б.з.ч. VI к.**

### *Таяныч конспект*

- → б. з. ч. 545- жана 540-жылдар – Кир II Парфия, Маргиана жана Бактрияны басып алды
- → б. з. ч. 530-жыл – Кир II массагеттер менен болгон салгылашууда курман болду (Томарис)
- → б. з. ч. 522-жыл – Фраданын көтөрүлүшү
- → б. з. ч. 519-жыл – Доро I сактар (Полиен Ширактын эрдиги жөнүндө)
- → сатраптыктар → Орто Азия — үч сатраптык
- → б.з.ч. IV кылым – харезмийлер, сактар жана массагеттер Ахаманийлердин эзүүсүнөн азат болду
- → б.з.ч. VI – IV кылымдар – шаарлар - Кызылдөбө, Жеркоргон, Узункыр, Афрасияб, Көзөлүү кыр



**Алтындан жасалган арабанын нускасы. Б.з.ч. V–IV кылымдарда**

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Кир II Орто Азия аймагына качан бастырып кирди?
2. Орто Азиянын кайсы мамлекеттери Кир II тарабынан басып алынды?
3. Кир II нин кезектеги согушу кимге каршы багытталган эле?
4. Маргианада Доро I ге каршы качан көтөрүлүш чыкты? Ага ким башчылык кылган?
5. Жазуусуз картадан Орто Азия боюнча баскынчылардын жолун көрсөт.
6. Ахаманийлер Орто Азияда кандай салыктарды киргизишкен?
7. Ширактын туткан жолун кандай баалайсың?


## 37 – 38-§§. Орто Азия калкынын грек-македония баскынчыларына каршы күрөшү

**Б. з. ч. IV кылымда Македониянын өнүгүшү**

Александр биздин заманга чейинки 336-жылы Македониянын падышасы болот. Ошол жылы ал 20 жашка толгон эле.

Македониялык Александр адаттан тышкары эр жүрөк болуп, жан жолдоштору жана кошуундары ага өтө берилген эле. **Б.з.ч. 334-жылы** ал Чыгышка жортуулга чыгат, бул согуш 10 жылга созулат. Мына ошол жортуулда ал Кичи Азия, Сирия, Египет, Иран жана Индиянын чоң-чоң жерлерин басып алат. Македониялык Александр чоң аймакта грек маданиятынын таралышына мүмкүнчүлүк түзүү максатында басып алынган шаарларга гректерди жайлаштырат. Македониялык Александрдын жортуулдарында катышкан тарыхчы *Аристобул* алар жөнүндө толук маалымат калтырган.

> **Эсте сакта!**
> Македониялык Александрдын жортуулдарында катышкан тарыхчы Аристобул алар жөнүндө толук маалымат калтырган.



Македониялык Александр

***Өзүңдү сынап көр!***

***Александр — ...***

**Орто Азия элдеринин курал-жарагы жана аскердик өнөрү**

Биздин заманга чейинки VII – IV кылымдарда Орто Азиянын жоокерлери кандай куралданышкан? Жоокерлер салгылашууга соот кийип киришкен, баштарында шлем болгон. Канжар, согуш айбалталары жана найзалар менен куралданышкан. Жебенин түпөктөрү жана чапкылар темир менен жезден жасалган. Жоокерлер атчан да, жөө да салгылаша алышкан.

Орто Азия элдеринде канжар *«акинак»*, ал эми согуш айбалтасы болсо *«сагарис»* деп аталган. Алыскы аралыктан туруп согушуу үчүн жебелерден пайдаланышкан. Согуш аттарынын жонуна жана төшүнө темирден согулган чопкуттар тагылган.



Акинак



Сагарис – жоокердик айбалта

***Өзүңдү сынап көр!***

| | |
|---|---|
| ***Акинак — бул...*** | ***Сагарис — бул...*** |

Душманга каршы чабуулду атчан аскерлер баштап беришкен. Алар ат үстүндө баратып жаа атып, найза же кылыч менен душманга чабуул жасашкан. Атчандар толгомо тактикасынан да мыкты пайдаланышкан: жалгандан чегинүү жасап, артынан түшкөн душмандарды буктурмадагылар курчоого алып кырып таштаган.

Чептер менен шаарларды коргоодо жаа жана палакмандардан пайдаланышкан. Таштарды атышкан жана үстүлөрүнүн кайнаган сууну төгүшкөн. Коргонуу максатында таш жана күйдүрүлгөн кыштын сыныктарынан да пайдаланышкан.


**Эсте сакта!**

**Б.з.ч. VII–IV кылымдарда** Кызылдөбө, Афрасияб жана Узункыр сыяктуу ири шаарлар сепилдери жана согуштук көзөнөктөрү болгон бекем дубалдар менен курчалган.

Биздин заманга чейинки VII – IV кылымдарда Кызылдөбө, Афрасияб жана Узункыр сыяктуу шаарлар сепилдери жана согуштук көзөнөктөрү болгон бекем дубалдар менен курчалган. Дубалдардын үстүндө жаачылар үчүн жол салынган. Дубалдын сырт жагындагы сепил жана көзөнөктөргө жаачылар коюлган. Суу толтурулган терең жана кең аңдар чепке баруучу жолду тосуп турган.

### Македониялык Александрдын баскынчылыгы

**Б.з.ч. 330-жылы** Македониялык Александр Байыркы Фарс мамлекетинин Ахаманийлер династиясынан болгон акыркы падыша *Доро III* түн кошуундарын талкалайт. Ал Индияга жортуулдан мурда кошуунунун арт жагын коопто сактоо максатында Амударыянын аркы өйүзүндө жашаган элдерди багындырмакчы болот.



Македониялык Александрдын жоокерлери

Биринчи болуп анын жолун тоскон шаар Бактриянын борбору *Бактра (Зариасп)* болду. Бул жерде сатрап Ахаманийлер династиясынан чыккан *Бесс* эле. Ал Бактра шаарын коргоочуларга таштап, Амударыянын аркы өйүзүнө качып өткөн.





**Македониялык Александрдын жортуулдары**

Согдиана көз карандысыз бойдон турган. Македониялык Александр устаты Аристотелдин Амударыядан эки падыша – Кир II менен Доро I дин өткөндүгү, экөө теӊ жеӊилгендиги, ошондуктан жортуулга мыкты даярдык көрүү зарылдыгы жөнүндөгү кеӊешин эсинде бекем сактаган.

### Мараканданын басып алынышы

**Б.з.ч. 329-жылы** Александрдын кошуундары *Окс* – Амударыядан өтө баштайт. Александрдын жоокерлери бул тоскоолдон өтүп алат. Кошуундун каршысында эми *Наутака* (Кашкадарыя өрөөнүнүн чыгыш бөлүгү) жана *Мараканда* (Самарканд) шаарлары турду.


**Б.з.ч. 329-жылы** Македониялык Александрдын кошууну Мараканданы ээлеп алат. Александр кошуундарынын бир бөлүгүн калтырып, өзү *Курушкат* (Кирополис) шаарын басып алуу үчүн негизги күчтөр менен Сырдарыянын жээктерин көздөй



**Бактриялык төөчү**

жүрө баштайт. Уламышка караганда бул шаарды Кир II негиздеген экен.

Согдиананын эли баскынчыларга каршы көтөрүлүш чыгарышат. Тез арада согдийлерге бактриялыктар, сактар жана массагеттер кошулат. Көтөрүлүшкө таланттуу жетекчи жана кол башчы *Спитамен* башчылык кылат.



**Спитамен**

Кыйла кошуун чогулткан Спитамен Мараканданы курчоого алат. Александр курчоодо калгандарга жардамга үч миңге жакын жоокерден турган кошуун жиберет. Байыркы замандарда «*Политимет*» деп аталган Зерафшан дарыясынын жээгинде македониялыктарга буктурма койгон Спитамен душмандын тобун толугу менен кырып салат. Ошондо Александрдын өзү көтөрүлүштү бастырууга аттанат. Гректердин ири күчтөрү жакындап келе жатканынан кабар тапкан Спитамен курчоону токтотот, кошуундарды чөлдү көздөй баштап кетет.

> **Эсте сакта!**
>
> **Б.з.ч. 329-жылы** грек-македония кошуундары Мараканданы ээлешет. Аларга каршы көтөрүлүшкө **Спитамен** жетекчилик кылат.

Сактар менен массагеттерге каршы күрөшүү үчүн Александр Сырдарыянын жээгинде, Хожентке жакын жерде таяныч турагын куруу жөнүндө буйрук берет. Бул чеп *Александрия Эсхата* (алыстагы Александрия) деп аталат.

Александр Маракандада гарнизонду – аскердик атайын кошуунду калтырып, негизги кошуундары менен кыштоо үчүн *Зариаспка* (Бактра) жөнөйт. Ошол жылдын жазында Александр көтөрүлүштү бастыруунун камын көрөт. Жоокерлерин үч бөлүккө бөлүп, Согдиананы ал четинен бул четине чейин кыдырып чыгат жана тынч жашаган 120 миң элди кырып салат.



**Буктурма**

**Б.з.ч. 328-жылдын** күзүндө Спитамендин Александр менен чечүүчү салгылашуусу болуп өтөт. Күчтөр тең болбогондуктан Спитамен жеңилип, кайрадан чөлгө чегинет. Ошол жерде көчмөн уруулардын башчылары аны кыянаттык менен өлтүрүшөт.

***Өзүңдү сынап көр!***

| | |
|---|---|
| ***Окс — бул...*** | ***Курушкат — бул...*** |
| ***Наутака — бул...*** | ***Спитамен — бул...*** |
| ***Мараканда — бул...*** | ***Бактрия — бул...*** |

**Күрөштүн улантылышы**

Спитамендин өлүмү согдийлер менен бактриялыктардын мизин кайтара албады.

Согд ак сөөктөрү *Хориен* менен *Оксиарттын* Гисар тоолорунда жайлашкан тоо чептерин колго алып, Александр Оксиарттын кызы *Равшанакка* үйлөнөт. Ошентип Александр абройлуу согд уруу башчыларынан бири менен туугандашып калат.


Орто Азиянын жерлерин басып алуу үчүн Македониялык Александр дээрлик үч жыл урунган, бирок Маргиана, Бактрия, Согдиана жана азыркы Бекабад жана Хоженттен турган Сырдарыянын жээктерин гана баш ийдирүүгө жетишкен.

Спитамендин көтөрүлүшү бастырылганына карабастан, грек-македониянын кошуундары алгачкы жолу жеңилүүгө дуушар болушат.

**Баскынчылыктын натыйжалары**

Грек-македония кошуундарынын баскынчылык жортуулдары Орто Азиянын жерлерин урандыга айландырды, калктын чоң бөлүгү кырылып кетти, көптөгөн шаарлар кыйрады.

Грек тарыхчыларынын жазышынча, Македониялык Александр Орто Азияда бир нече шаар курдурган. Алар *Окстагы Александрия, Александрия Эсхата, Маргиана Александриясы* деп аталган. Алардын кээ бирлери Согдиана менен Бактриянын талкаланган шаарларынын ордуна, башкалары болсо таяныч чеп иретинде жаңыдан курулган. Бул шаарларда грек-македониянын жөө жана атчан аскерлери жайгашкан. Б.з.ч. 324-жылдан баштап бул жоокерлердин сейректешкен саптары Македониянын тартибинде куралдандырылган Бактрия менен Согдиананын жаштары эсебинен толукталган.



**Салгылашуунун сүрөттөлүшү**

**Эсте сакта!**

Александр Орто Азиянын жерлерин басып алуу үчүн үч жыл аракеттенди. Бирок ал анчалык чоң болбогон аймакты гана баш ийдирүүгө жетишти.

Күндөр өтүп кол өнөрчүлүк жана соода кайрадан калыбына келет. Жергиликтүү жана грек маданияттарынын салттары өз ара жуурулуша баштайт. Ошонун негизинде Орто Азияда Грек-Бактрия жана Парфия сыяктуу антикалык мамлекеттер өнүгө баштайт.



**Александрдын тыйыны**

**Эсте сакта!**

Б. з. ч. 323-жылы Македониялык Александр кайтыш кылат. Ал түзгөн мамлекет үч бөлүккө бөлүнүп кетет: Македония, Египет, Сирия. Орто Азиянын жерлери Сирия мамлекетине кирген.


***Таяныч конспект***

- б. з. ч. 334-жыл – Александрдын Чыгышка жортуулу
- Александрдын жортуулдарын тарыхчы Аристобул баяндаган
- курал-жарак: акинак, сагарис
- б. з. ч. VII – IV кылымдар – шаарлар - Кызылдөбө, Афрасияб, Узункыр
- Бесс – Бактриянын сатрабы
- б. з. ч. 329-жыл – Мараканданын басып алынышы → Спитамен
- Политиметтин (Зерафшан дарыясы) жээгиндеги салгылашуу
- Александрия Эсхата
- Б. з. ч. 328-жыл – Спитамендин жеңилиши

*Суроолор жана тапшырмалар*

1. Орто Азиялык жоокерлердин куралдарын сүрөттөп бер.
2. Александр Согдианага качан жортуулга чыкты?
3. Македониялык Александр басып алынган аймактарда өзүнүн бийлигин кайсы жолдор менен орнотту?
4. Спитамендин көтөрүлүшү качан болуп өттү?
6. Грек-македония кошуундарынын Орто Азияга бастырып киришинин терс натыйжаларын сана.
5. Жазуусуз картадан македониялык Александрдын Орто Азияда жүргөн жолдорун көрсөт.

## 39 – 40-§§. Салавкийлер мамлекети жана Грек-Бактрия падышалыгы



**Салавка**

**Орто Азия Салавкийлер мамлекетинин курамында**

Б.з.ч. 323-жылдын 13-июнунда Македониялык Александр кайтыш кылат. Ал түзгөн мамлекет үч бөлүккө: Македония, Египет жана Сирияга бөлүнүп кетет.

Бул мамлекеттер Александрдын эң жакын кол башчылары тарабынан башкарылган.

Көпкө созулган өз ара согуштардан кийин, **биздин заманга чейинки 312-жылы** Македониялык Александрдын кол башчыларынан бири *Салавка* Вавилон (Месопотамия) мамлекетинин падышасы болот. Салавканын мамлекети курамына Месопотамия, Иран, Парфия, Бактрия, Согдиана жана Маргиана кирген.



**Салавкийлердин кошууну**

Салавка мамлекетинин курамына кирген Орто Азияны өз алдынча сатраптыктарга бөлөт, алардын ар биринде жетекчи сатрап бийлик жүргүзгөн. Мамлекетти коргоо жана кошуун түзүү менен мурдагы кол башчылардан дайындалган *стратег* алектенген.

**Б.з.ч. 293-жылы** Салавка Чыгыш аймак – Парфия, Маргиана, Бактрия жана Согдиана боюнча орун басар кылып уулу Антиохту дайындайт. Б.з.ч. 280-жылы Салавка дүйнөдөн кайткандан кийин Антиох ири мамлекеттин падышасына айланат жана 20 жылга жакын мамлекетти башкарат.



**Салавкийлер жоокери**

Акырындык менен Согдиана, Бактрия жана Маргианада тынч жашоо кайра калыбына келе баштайт. Бул жерлерде жаңы турактар, шаарлар пайда болот, соода, дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк өнүгө баштайт. Бактра, Мараканда, Антиохтун Маргианасы (Мерв), Термез ири шаар жана маданият борборлоруна айланат.

Грек-македония баскынчылыгынан кийин Орто Азиянын тарыхында *антикалык* же *эллиндештирүү* доору башталды. Бул жортуулдар акырында барып Батыш менен Чыгыштын ортосундагы маданий карым-катыштардын жана алмашуулардын кеңейишине алып келди. Бактрияда грек жазуусу, грек оордук чен бирдиктери, акча мамилелери, кол өнөрчүлүк жана көркөм өнөр буюмдары таралды. Өз кезегинде гректер да Бактриянын куруучулук жана кол өнөрчүлүк салттарын өздөштүрүштү.

**Эсте сакта!**

Эллиндештирүү – Чыгышта б. з. ч. III – II кылымдарда грек маданиятынын таралышы жана жаңы, жалпылашкан маданияттын (грек жана жергиликтүү чыгыш маданияты) пайда болушу.

**Грек-Бактрия мамлекети**

**Биздин заманга чейинки III кылымдын ортолорунда** Бактрия Салавкийлер мамлекети курамынан бөлүнүп чыгат. Антикалык доор тарыхчыларынын маалыматтарына караганда *Диодот* – Бактрия шаарынын башчысы өзүн падыша деп жарыялайт. Ошол окуядан Грек-Бактрия мамлекетинин тарыхы башталат. **Б.з.ч. 250-жылы** Салавкийлер мамлекетинин курамынан бөлүнүп чыккан Парфия Бактриянын душманына айланат. Бактриядан тышкары Грек-Бактрия падышалыгынын курамына Согдиана менен Маргиана да кирген.



**Байыркы Бактриянын тоолору**




**Б. з. ч. II кылымдын баштарындагы Грек-Бактрия мамлекети**

**Эсте сакта!**

Грек-Бактрия мамлекетинин падышалары – Диодот, Евтидем, Деметрий.

Диодоттон кийин Грек-Бактрияда бийлик мамлекеттин тарыхында сезилерлүү из калтырбаган *Евтидемге* өтөт. Евтидемдин уулу *Деметрийдин* падышалыгы доорунда (б.з.ч. 199–167-жж.) Грек-Бактрия падышалыгынын аймагы чоңоёт. Индиянын бир бөлүгү мамлекетке кошуп алынат.

Парфияда бийлик *Митридат I* дин колуна өтүшү менен Бактрияга каршы аскердик басым жасоону күчөтөт. Грек-Бактрия мамлекети тынымсыз согуш жүргүзүүгө аргасыз болгондук-

тан, мындай жагдай анын алсызданышына себеп болот. Мындан пайдаланган көчмөн юечжи уруулары **б.з.ч. 140–130-жылдары** Грек-Бактрия мамлекетин басып алышат.

**Маданияттын өнүгүшү**

Грек-Бактрия мамлекети 120 жыл жашайт. Ошол доордун ичинде анын экономикасы жана маданияты өнүгүп, көптөгөн шаарлар курулат. Бактрия, Согдиана жана Маргиянын кол өнөрчүлөрү жасаган буюмдар көптөгөн кошуна шаарлар менен мамлекеттерге таралат.

Грек-Бактрия мамлекетинде тыйындарга падышанын сүрөтү түшүрүлгөн. Тигр дарыясынын жээги – Салавкиядан Бактрияга чейин кербен жолу салынгандан кийин эл аралык соода жана маданий карым-катыштар өнүгөт. Бактрия аркылуу Кытайдан Индияга барчу кербен жолу, ошондой эле Улуу жибек жолунун түштүк тармактары өткөн.



**Грек-Бактрия мамлекетинин тыйындары**

***Таяныч конспект***

- → б. з. ч. 323-жыл – Македониялык Александр кайтыш кылган
- → падышалык — Македония, Египет, Сирия
- → б. з. ч. 310-жыл Салавка – Салавкийлер мамлекетинин негиздөөчүсү
- → б. з. ч 280-жыл Антиох – Салавкийлер мамлекетинин падышасы
- → эллинизм (антикалык) доору
- → эллиндештирүү → Греция жана Чыгыш маданияттарынын жуурулушу
- → б. з. ч. III кылымдын ортолору —Грек-Бактрия мамлекетинин түзүлүшү — Диодот, Евтидем, Деметрий
- → б. з. ч. 140- же 130-жыл – юечжилер (кушандар) тарабынан басып алынышы

**Эсте сакта!**

Б. з. ч. 140 – 130-жылдары Грек-Бак-трия мамлекети юечжи уруулары тарабынан басып алынат.

*Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Македониялык Александрдын империясы кайсы көз карандысыз мамлекеттерге бөлүнүп кетти?

**Эстек сакта!**


Бактра, Мараканда, Антиохтун Маргианасы (Мерв) жана Термез – Салавкийлердин ири шаарларынан саналган.

2. Салавка жана Антиох жөнүндө эмнелерди билесиң?
3. Парфия менен Бактрия качан Салавкийлер мамлекетинен көз карандысыз мамлекетке айланды?
4. Грек-Бактрия падышалыгы качан түзүлдү?
5. Грек-Бактрия мамлекетинин тарыхында көчмөн юечжилердин орду кандай?
6. «Эллиндештирүү» терминининн маанисин түшүндүрүп бер.
7. Жазуусуз картадан Салавкийлер мамлекетинин жана Грек-Бактрия падышалыгы аймактарынын чек арасын көрсөт.

## 41-§. Байыркы Харезм, Канг жана Даван мамлекеттери

**Байыркы Харезм**

**Б.з.ч. IV кылымда** Харезм ахаманийлер мамлекетинен көз карандысыз мамлекетке айланат. Македониялык Александрдын жана Салавкийлердин доорунда да Харезм мамлекети көз карандысыз болгон. Бул өлкө калкынын турмуш-тиричилигинин негизин дыйканчылык түзгөн.



**Койкырылганкалаа.** *Реконструкция*

Харезмде шаар курулушунун башталышы б.з.ч. VII кылымга барат (Көзөлүү кыр шаары). Б.з.ч. V – IV кылымдарда бул жерде жергиликтүү падышанын ордосу болгон ири чеп курулган болчу (Калаалуу кыр шаарынын урандылары).

Б.з.ч. III – II кылымдарда Харезмде байыркы Жанбаскалаа жана Койкырылганкалаа шаарлары болгон. Койкырылганкалаанын урандылары астынан айлана формасында курулган ибадатькананын калдыктары табылган.



**Байыркы харезмдиктердин көрүнүшү**


Биздин замандын II–III кылымдарында *Топураккалаа* шаарында мындан да салабаттуу жана кооз курулуш иштери жүргүзүлгөн. Шаар бийик чептер менен курчалган жана чептин бурчтарында сепилдер болгон. Борбордон өткөн көчө шаарды эки бөлүккө бөлгөн, андан болсо ар тарапка көчөлөр кеткен, маалалар бири-биринен ажырап турган. Борбордук аянтта кооз сарай жана ибадатканалар орун алган.

Хан сарайдын дубалдары падышалардын, жоокерлердин, ырчылардын, жаныбарлардын жана канаттуулардын сүрөттөрү менен коздолгон. Залдардын бири дубалды бойлой кеткен бийик постаментке 20 дан ашуун боёлгон айкелдер орнотулган.

Харезмде кол өнөрчүлүк абдан өнүккөн. Карапачылык, зергердик буюмдарына, темир, жез аспаптар менен курал-жарактарга талап күчтүү болгон. Харезмдин калкы Согдиана, Маргиана, Бактрия жана чөл көчмөндөрү менен жылуу соода мамилелерин орнотушкан. Бул өлкөдөн манилүү кербен жолдору өткөн. Б.з.ч. I кылымда, биз-дин замандын алгачкы кылымдарында Харезмде күмүш жана жез тыйындар мамилеге киргизилген.

Харезм аймагынан Орто Азиядагы эң байыркы жазуулар табылган. Булар *Айбойиркалаа* (б. з. ч. V – IV кылымдар) эстелигиндеги көзөнүн сыртына чегилген жазуу жана Койкырылганкалаадан (б. з. ч. IV – III кылымдар) табылган айрым жергиликтүү жазуулар эле.

Биздин замандын I кылымында Харезмде иштеп чыгылган жергиликтүү календардан харезмдиктер VIII кылымга чейин пайдаланышкан.



Шаар чебинин дубалы. Харезм. Б.з.ч. III-II кк..

**Эсте сакта!**

Харезмде шаар курулушунун башталышы биздин заманга чейинки VII кылымга барып такалат.

### Канг мамлекети

Кытай булактарынан бул мамлекеттин *Кангюй* деп аталгандыгы белгилүү. **Биздин заманга чейинки III кылымда** аны сактар негиздешкен. Тарыхчылардын аныкташынча, Ташкент областынын Аккоргон районундагы Кангха шаарынын урандылары сактардын ошол кездердеги борбору *Кангдез* болуп, ал б. з. ч. III кылымда негизделген. Кытай тарыхчылары бул шаарды *Битянь* деп аташкан.

Канг мамлекетинин негизги шаарлары Сырдарыянын жээктерин бойлой жайлашкан

Б. з. ч. II кылымдын аягында Канг уруулардын эң күчтүү мамлекеттик бирикмесине айланат.



Байыркы харезм жоокери

**Эсте сакта!**


Кангха (Кангюй) – азыркы Ташкент оазиси Чимкент областы менен Сырдарыянын бассейниндеги жерлерди ээлеген байыркы мамлекеттик бирикме.

Падышалары өздөрүнүн атынан тыйын чыгарышат. Канг мамлекетинде чептер, шаар ибадатканалары, соода жана кол өнөрчүлүк маалалари курулат.

Мамлекеттин борборлорунан бири Ташкент оазиси болгон. Мына ошол аймакта отуруктуу дыйканчылык жана соода-кол өнөрчүлүк маданияты пайда болгон.

***Өзүңдү сынап көр!***

***Кангха – бул ...*** ***Кангюй – бул …***
***Кангдез – бул ...*** ***Канг – бул …***




Улуу Жибек жолунун түндүк тармагы мамлекет экономикасынын өнүгүшүнө шарт түздү. Бирок ушул эле жагдай Кытай менен болгон согуштардын келип чыгышына да себеп болду. Бул согуштарда көбүнесе кангарлар (Канг мамлекетинин калкын ушундай аташкан) жеңип чыккан.

Биздин замандын III кылымына келип Канг мамлекети ойрон болгон.

### Даван мамлекети

Мамлекетчилигибиздин тарыхы боюнча али ачыла элек маселелер кыйла бар. Даван-дын тарыхында (Кытай булактарында бул өлкө ушундай аталыш менен тилге алынат, башка булактарда Паркана дейилген) тарыхчылар үчүн маанилүү саналган анын түзүлгөн жана кыйрай баштаган жылдары аныкталбаган. Бул мамлекет болжол менен биздин заманга чейинки III кылымдан биздин замандын II кылымына чейин болуп, Ферганада жайгашкан.



**Жылкынын айкелчеси**

Даван мамлекетинин тарыхы жөнүндө толук маалымат Кытай жылнаамаларында кездешет жана алар биздин замандын I–II кылымдарына таандык. Кытай тарыхчысынын жазышы боюнча, бул мамлекеттин калкы 70 тен ашуун шаарларда жашашкан. Мисалы, Даванда болгон кытай саякатчысы *Чжан Цянь* минтип жазат: «Даван

өлкөсүндө 70 чактуу чоң-кичүү шаарлар бар; калкынын саны бир нече жүз миңге жетет. Жаа жана найзалар менен куралданышкан. Эли ат үстүнөн жаа атууга чебер». Башка бир кытай жылнаамасында: «Аньсинин (Иран) шаарлары Давандагыга окшош келет», деп жазылган.

Кытай тарыхчыларынын күбөлүк беришинче, Даван мамлекетинин жерлери азыркы Ташкент оазисине чейин барган: «Хань династиясы доорунда Шинин (Ташкент) мүлктөрү Даван мамлекетинин түндүк райондорун түзгөн жана түндүктө Канга мамлекетине, түштүктө болсо юечжилердин өлкөсүнө чейин барган».

Кытай падышалары бир нече жолу бул мамлекетти басып алмакчы болот, бирок алардын аракеттери бөөдө кетет. Жортуулардын биринде алар Даван мамлекетинин борбору Эршини колго алышат, бирок калктын басымы астында кун эсебине аны таштап чыгууга аргасыз болушат.

Даван мамлекети эл аралык соодада маанилүү роль ойногон. Кытай падышаларын көбүрөөк Ферғананын асыл тукум жылкылары кызыктырган. Жылкынын бир тукумун алар *«Асман жылкылары»* деп аташкан. Мындай жылкылар өтө көрктүү жана сымбаттуу келген.

Далилдер Кытай жылнаамаларындагы маалыматтарды ырастайт: биздин заманга чейинки II – I кылымдарда Фергана өтө өнүккөн, калкынын саны көп, тажрыйбалуу куралдуу күчтөргө ээ мамлекет болгон.

Фергана мамлекетинин *Шоробашат, Үчкоргон* жана башка шаарларынын тегерегиндеги калк жерди иштетүүдө, шалы жана буудай өстүрүүдө, бакчылыкта жана жүзүм өстүрүүдө чон ийгиликтерге жетишкен.

Окумуштуулардын аныкташынча, биздин замандын II кылымында Фергана мамлекети жоюлган.

**Эсте сакта!**

Даван (Кытай булактарында бул өлкө ушундай аталыш менен тилге алынат, башка булактарда Паркана дейилген) мамлекетинин борбору – Эрши (Эриш). Шоробашаттын, Үчкоргондун калкы дыйканчылык менен алектенген.



**Салгылашуу сахнасы**

### *Өзүңдү сынап көр!*

***Паркана – бул …*** ***Эрши – бул …***
***«Асман жылкылары» – бул ...***
***Давандын дыйканчылык жерлери – бул …***



«Асман жылкылары»



### *Таяныч конспект*

**Байыркы Харезм мамлекети (б. з. ч. IV кылымдан биздин замандын IV кылымына чейин)**
- сугаруу тармактары
- кол өнөрчүлүк жана соода
- шаар жана чептер
- курулуштун жогорку деңгээлде өнүгүшү
- скульптура жана дубалга сүрөт иштөө өнөрү
- Байыркы Харезм жазуусу
- Жанбаскалаа, Койкырылганкалаа, Топураккалаа

**Канг мамлекети (б. з. ч. III кылымдан биздин замандын III кылымына чейин)**
- Кангюй (Канг)
- кангхалар
- Канка – Кангдез (Битянь)
- Кытай менен согуштар
- көчмөндөр тарабынан басып алынышы


**Даван-Фергана мамлекети (б. з. ч. III кылым – биздин замандын II кылымы)**
- Паркана
- 70 шаар
- Кытай менен согуштар
- Эрши – борбор
- «асман жылкылары»
- Шоробашат, Үчкоргон
- көчмөндөр тарабынан басып алынышы

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Харезм качан Ахаманийлерден бөлүнүп чыкты?
2. Харезм кол өнөрчүлүгүн мүнөздөп бер.
3. Байыркы Харезмдин шаарлары жөнүндө эмне билесиң?
4. Харезм маданиятынын өзгөчөлүгү жөнүндө сүйлөп бер.
5. Канг мамлекети түрдүүчө булактарда кандайча аталган?
6. Канг мамлекети кайсы замандарда өкүм сүргөн?
7. Жазуусуз картада Канг мамлекетинин жерлерин белгиле.
8. Эмне себептен Канг мамлекети жоюлду?
9. Даван мамлекеттик бирикмеси жөнүндө эмнелерди билесиң?
10. Давандын кандай дыйканчылык өрөндөрүн билесиң?

9. Жазуусуз картада Даван мамлекетинин болжолдуу аймактарын белгиле.

## 42 – 43-§§. Кушан падышалыгы



Б. з. ч. II – I кылымдарга таандык кумура

**Кушан мамлекетинин түзүлүшү**

**Б.з.ч. 140–130-жылдары** көчмөн юечжи уруулары Грек-Бактрия мамлекетинин жерлерине бастырып кирет. Тарыхта бул уруулар *«кушандар»* деген ат менен тилге алынат. Кушандардын Грек-Бактрия мамлекетине бастырып кириши анын биротоло ойрон болушуна алып келет. Кушандар Түндүк Бактриянын жерлерине көчүп келип орношот.




Кушан падышалыгы (I – III кылымдар)



**Өспүрүмдүн башы.** *Дубалдагы сүрөт*

Бириккен беш юечжи урууларынын биринчи падышасы *Кудзула Кадфиз* болгон.

Кудзула Кадфиздин бийлиги доорунда Ооганстан менен Кашмир Кушан мамлекетине кошуп алынган. Анын мураскору *Вима Кадфиздин* падышалыгы доорунда Кушан мамлекетинин аймагы аябай кеңеет. Падыша *Канишканын* бийлиги доорунда борбор Бактриядан Пешаварга көчүрүлөт, Кушан мамлекети болсо ири өлкөгө айланат. Ал өз ичине Индия менен Хотандан Өзбекстандын түштүк аймактары жана Ооганстанга чейин болгон жерлерди камтыган. Рим,



**Кушан падышасы**

**Эсте сакта!**

Кушан мамлекетине б. з. ч. I кылымда юечжи, көчмөн уруу тарабынан негиз салынган.



Кушан падышалыгынын тыйындары



Күү чертип жаткан аялдын сүрөтү

Парфия , Кытай мамлекеттери катары Кушан да улуу империялардан бирине айланат. Биздин замандын III кылымында тынымсыз согуштар натыйжасында Кушан мамлекети кыйрай баштайт жана IV кылымда ыдырап кетет.

***Өзүңдү сынап көр!***

***Кудзула Кадфиз – бул ...***
***Канишка – бул ...***
***Вима Кадфиз – бул …***

**Чарбанын өнүгүшү**

Вима Кадфиздин бийлиги доорунан Кушан падышалыгында падышанын аты көрсөтүлгөн тыйын чыгарыла баштайт. Падыша акча реформасын өткөрөт, чыгарылган тыйындардын кадыр-баркы ашат. Тыйындар алтын, күмүш жана жезден жасалган.

**Биздин замандын I–II кылымдарында** *Канишканын* бийлиги доорунда (биздин замандын 78–123-жылдары) Кушан мамлекети өнүгүүсүнүн туу чокусуна чыгат. Жаңы-жаңы шаарлар курулат, Индия, Кытай жана Рим империясы менен соода жана элчилик мамилелери жолго коюлат.

Кол өнөрчүлүк да жогорку деңгээлде өнүгөт. Кушан мамлекетинин эстеликтери саналган *Калчаян, Далварзиндөбө, Айрытам, Зардөбө, Карадөбө* жана башкаларды үйрөнүү процессинде аныкталган табылгалар да муну далилдейт.

Экономиканын негизин сугарма дыйканчылык, соода жана кол өнөрчүлүк түзгөн.

Кушан мамлекети доорунда суу тегирменинен жана чыгырдын түрлөрүнөн кеңири пайдаланылган, жерди иштетүү куралдары өркүндөтүлгөн.

**Кушан мамлекети жазуусу**

Кушан мамлекетинде жашаган элдердин өз ара маданий жана соода байланыштарынын натыйжасында Орто Азияда байыркы оромий жазуусу кеңири таралган. Бул жазуу Батыш Азияда

пайда болуп, алиппеге негизделгендиктен, аны өздөштүрүү кыйла оңой болгон.

Байыркы Термиз эстеликтеринен оромий жазуусунун негизинде түзүлгөн кушан-бактрия алиппесиндеги жазуунун үлгүлөрү табылган.

Дагы бир жазуу – кушандын фигуралуу жазуусу да болгон, мында тамгалар бурчтуу, төрт бурчтуу жана айлана формасында болгон.

Падышалыкта жазуунун болгондугун *Сурхкотал* (Ооганстан) эстелигинде табылган грек алиппесиндеги кушан жазуулары да далилдейт.

Амударыянын төмөнкү агымында, Зерафшан, Кашкадарыя оазистеринде оромий алиппеси негизиндеги харезмий, согдий жазуулары да кеңири таралган эле.

Жазуунун ар түрдүү көрүнүштөрүнө таандык табылгалар Кушан империясынын дүйнөнүн көптөгөн мамлекеттери менен кеңири көлөмдөгү карым-катышынан күбөлүк берет.

**Диний ишеним**

Кушан мамлекети түзүлө баштаганда Бактрия менен Согдиананын негизги калкы зороастризм навчиде болгон. Канишканын доорунда Индиянын бир бөлүгү кошуп алынып, жакындан байланыш түзүлгөндөн кийин Кушан мамлекетинин жерлерине кирип келе баштаган буддавийлик дини зороастризм менен бирге биздин замандын VIII кылымына чейин Орто Азияда өкүм сүргөн.

Эски Термез, Айрытам жана Далвазиндөбөдө кооз буддавийлик ибадатканалары болгон. Мына ушул жерден буддавийлик Орто Азияны бойлой кеңири тарала баштайт.

**Архитектура жана көркөм өнөр**

Кушандар доорунда азыркы Өзбекстандын аймагында куруучулук жана архитектура жогорку деңгээлде өнүктү. Далварзин жана Эски Термез сыяктуу шаарлар чийки кыштан курулган



**Чыыр – суу чыгаруучу механизм**



**Аял киши баш түзүлүшүнүн айкели**

**Эсте сакта!**

Калчаян, Далварзиндөбө, Айрытам, Карадөбө Кушан мамлекетинин маданий эстеликтери болуп эсептелет.



**Кушан шаа- заадасынын сүрөттөлүшү**

бекем чеп дубалдар менен курчалган. Дубалдардын артында болсо падыша резиденциясы жайлашкан. Шаарлар кол өнөрчүлөрдүн маалалари менен турак-жай массивдерине бөлүнгөн.

Сарайлар менен ибадатканалардын курулушуна өзгөчө көңүл бурулган. Калчаяндагы (Сурхан оазиси) Кушан падышасынын сарайы, Эски Термез (Карадөбө, Фаяздөбө) менен Далварзиндөбөдөгү буддавийлик ибадатканаларында дубал сүрөттөрү жана скульптуранын көркөм үлгүлөрү сакталган. Шаазаадалардын, сарай кызматкерлеринин, жоокерлердин сүрөттөлүштөрү, Будданын айкели, уд музыкалык аспабын чертип жаткан аялдар сүрөттөлгөн белгилүү Айрытам фризи ошолордун катарына кирет.


**Эсте сакта!**

Чыгыр – суу чыгара турган курулма.

***Өзүңдү сынап көр!***

| | |
|---|---|
| ***Чыгыр – бул...*** | ***Буддавийлик – бул ...*** |
| ***Кушан жазуусу – бул ...*** | ***Оромий жазуусу – бул ...*** |

Темирге, сөөккө чегүү өнөрү да жогору деңгээлде өнүккөн. Далварзиндөбөдө пилдин сөөгүнөн жасалган шахмат таштары табылган. Кушан көркөм өнөрүндө жергиликтүү салттар, Байыркы Чыгыш, Байыркы Грециянын эллинистикалык көркөм өнөрүнүн усулдары өз өнүгүүсүн уланткан.



**Будданын башынын сүрөттөлүшү. Далварзиндөбө. II – III кылымдын баштары**

***Таяныч конспект***

Кушан мамлекети (б. з. ч. I кылым – биздин замандын IV кылымы)

- → б. з. ч. 140 – 130-жылдар – юечжилердин баскыны
- → юечжилер → кушандар
- → Бактрияга жайлашуусу
- → Далварзиндөбө, Айрытам, Калчаян
- → Кудзула Кадфиз
- → Вима Кадфиз
- → Канишка
- → Жазуулар
- → Зороатризм, буддавийлик

*Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Кушандар Бактрияга качан бастырып киришкен?
2. Канишканын доорунда Кушан падышалыгында кандай өзгөрүүлөр болгон?
3. Кайсы падышанын тушунда өкүмдардын аты жазылган тыйындар чыгарыла баштады?
4. Мамлекетте кол өнөрчүлүктүн кайсы түрү өнүккөн?
5. Кушан падышалыгында кайсы диндер таралган эле?

## 44-§. Улуу Жибек жолу

**Пайда болушу жана анын тармактары**

Биздин замандын XVI кылымына чейин Чыгыш жана Батыш элдеринин ортосунда тарыхый-маданий жана соода мамилелеринин өнүгүшүндө Улуу Жибек жолу маанилүү роль ойногон. Бул жол б. з. ч. II кылымда пайда болгон жана *«Улуу меридиалдык жол»* деп аталган. «Жибек жолу» аталышы 1877-жылы немец географы Ф.Рихтгофен тарабынан ыйгарылган.

Улуу Жибек жолу ачылбастан мурда Орто Азия менен Байыркы Чыгыштын жерлеринде соода жана маданий алакалар үчүн түрдүү-түмөн жолдор болгон.

Эң байыркы жолдордон бири б. з. ч. 3 – 2-миң жылдыктардагы *«Лаал жолу»* эле. Ал Памирден башталып, Иран, Алдыңкы Азия, Египет аркылуу өткөн. Памирдин баалуу лаал ташын (лазурит) Байыркы Чыгыш мамлекеттеринин зергерлери жогору баалаган. Бадахшандын лаалы иштетилген буюмдар фараондордун күмбөздөрүнөн да табылган.

Башка бир кербен жолу Иран ахаманийлери династиясынын жолу болуп, *«Падыша жолу»* деп аталган. Ал б.з.ч. VI – IV кылымдарда Кичи Азиянын, Жер Ортолук деңизи боюндагы *Эфес*, *Сард* шаарларын Ирандын борборлорунан бири – *Суза* менен байланыштырган. Дагы бир жол Иран, Бактрия аркылуу Согдиана, Ташкент оазиси жана Казакстан аймагынан өткөн жана Алтайга чейин барган.



**Домбурачы. Айрытам эстеликтеринен үлгү**



**Төө минген чабандестин айкелчеси**

**Эсте сакта!**

Улуу Жибек жолу Сары деңиздин жээгинен Жер Ортолук деңизинин боюна чейин созулган. Бул жол 12 миң километр узундукта болгон.

**Эсте сакта!**

У**луу Жибек жолу** биздин заманга чейинки II кылымда пайда болгон жана «Улуу меридиалдык жол» деп аталган. Бул жолго «Жибек жолу» деген ат 1877-жылы немец географы **Ф.Рихтгофен** тарабынан ыйгарылган.




**Улуу Жибек жолу**



**Пилдин сөөгүнөн иштелген шахмат таштары**



**Чопо идиштер**

Улуу Жибек жолунун узундугу12 миң километр болгон. Сары деңиздин жээгинен башталып, Чыгыш Түркстан, Орто Азия, Иран, Месопотамия аркылуу Жер Ортолук деңизинин жээктерине чыккан. Бул жолдо *Циань, Дунхуан, Жаркент, Самарканд, Бухара, Термез, Мерв* жана башка бир топ байыркы шаарлар жайлашкан.

Согдианадан Кытайга жүн кездеме, килем, зергерлик буюмдары жана кымбат баалуу таштар алып барылган. Бактриядан төөлөр, ФергANAдан асыл тукум жылкылар, Бадахшандан лаал; Индиядан Орто Азияга жип-кездеме жана пахтанын чигити жүктөлгөн кербендер келген; Кытайдан күрүч алып келинген; Орто Азиядан Кытайга жүзүм, жаңгак, анар жана башка дыйканчылык продукциялары ташылган.


***Өзүңдү сынап көр!***

| | |
|---|---|
| ***Ф.Рихтгофен – бул...*** | ***«Падыша жолу» – бул ...*** |
| ***«Лаал жолу» – бул ...*** | ***«Улуу Жибек жолу» – бул...*** |

**Улуу Жибек жол Чжан Цяндын сүрөттөөсүндө**

Б.з.ч. 138-жылы Кытай императору У-Ди элчи Чжан Цянды көчмөн гунн урууларына каршы күрөштө союздаш жана шерик табуу үчүн жөнөтөт. Гунндар Кытайдын түндүк

районлорун талап-тоноп турган. Элчи гунндардын колуна туткунга түшүп, он жылга жакын түрмөдө жатат. Туткундан качып, Борбордук Тянь-Шандын ашуулары менен Ысык-Көлгө өтөт. Нарын дарыясын жээктеп Фергана өрөөнүнө келет жана өзү үчүн өрөөндөгү шаарларды ачат. Элчи Кытайдын гунндарга каршы күрөшүндө Фергана падышасынын жардамынан пайдаланмакчы болот. Падыша соода мамилелерин орнотуу тилегин гана билдирет. Чжан Цянь саякатын түштүктү беттей улантат. Алайдан өтүп кайра дагы гунндардын колуна түшүп калат. Бир жылдан кийин мекенине кайтып, императорго көргөн-билгендерин сүйлөп берет. Ал Кытайга Ферганапын жылкыларынан бирди жана беденин үрөнүн алып келген. Бул жылкыны кытайлыклар *«асман жылкысы»* деп аташкан. Император У-Ди сарайга жакын жерге беденин үрөнүн септирет. Кийинчерээк ал бүткүл Түндүк Кытайда өстүрүлө баштайт. Кытайлыклар анар, жүзүм, бадыраң жана жаңгак жетиштирүүнү да жолго коюшкан.



Улуу Жибек жолунда

**Эсте сакта!**

Чжан Цяндын жүргөн жолу улуу жибек жолуна негиз болгон.

Чжан Цянь жүргөн жол менен б. з. ч. II – I кылымдарда Кытай мамлекетин Борбордук жана Батыш Азия менен туташтырган Улуу Жибек жолу деп аталган кербен жолу ачылат. Фергана өрөөнүндө жибек жолу эки жакка тармакталат. Биринчиси Өзгөндөн *Ахсы* шаары, *Камчык* ашуусу аркылуу (жайында) *Илак* оазисине жана Ташкентке келген. Экинчиси түштүк тармак болуп, Өзгөндөн Ош, Кува, Маргылан, Кокон аркылуу Хожент, Самарканд жана Бухарага өткөн.

### Улуу Жибек жолунун мааниси

Бул жолдун тарыхы Чыгыш жана Батыш элдеринин кең көлөмдөгү маданий байланыштарынын, соода мамилелеринин тарыхы болуп эсептелет. Бул тарых өз ара шериктештиктин жана маданияттар байышынын тарыхы болуп, тынчтык-



Чөлдөгү кум дөбөлөр

тын жана өнүгүүнүн негизин түзгөн. Өзбекстандын аймагы бул жолдун тоомунда турган.

Борбордук Азиянын элдери Улуу Жибек жолу себептүү Чыгыш жана Батыш мамлекеттеринин экономикасы жана маданияты менен таанышкан. Батыш мамлекеттеринин элдери болсо өздөрү үчүн Борбордук Азия элдеринин жогорку деңгээлде өнүккөн маданиятын ачышкан. Өзбекстандын калкы Кытайдын жибегин кадырласа, Кытайда Согдиананын килемдерине, жүн кездемелерине, кол өнөрчүлүк буюмдарына талап күчтүү болгон.

Орто Азия бул жолдун негизги багыттары кесилишкен борбордо жайлашкан. Бул жерге ар түрдүү мамлекеттерден соодагерлер, кол өнөрчүлөр, окумуштуулар жана музыканттар келип турушкан.


Улуу Жибек жолу аркылуу Орто Азиянын элдери Батыш жана Чыгыштын экономикалык жана маданий жетишкендиктери менен таанышкан.

**Эсте сакта!**

Улуу Жибек жолу Чыгыш жана Батыш мамлекеттеринин элдерине өз ара маданий карым-катышта болуу мүмкүнчүлүгүн берди.

### *Таяныч конспект*

Улуу Жибек жолу (б. з. ч. II – биздин замандын XVI кылымы)
- → 1877-жыл – Ф. Рихтгофен
- → 12 миң километр
- → Кытай, Орто Азия, Иран, Месопотамия, Алдыңкы Азия
- → Сиан – Дунхуан – Жаркенд – Самарканд – Бухара – Мерв
- → багыттар
  - Мерв → Багдад → Дамаск
  - Самарканд →Термез → Балх → Индия
- → өз ара байланыштар: маданий жана соода




**Жибек куртунун пилласы**

*Суроолор жана тапшырмалар:*


1. Көптөгөн мамлекеттерди байланыштырган кербен жолун ким биринчи болуп «Жибек жолу» деп атаган?
2. Улуу Жибек жолунун узундугу канча?
3. Өзбекстандын кайсы шаарлары ошол жолдо жайгашкан?
4. Жазуусуз картадан Улуу Жибек жолунун Өзбекстандын аймагындагы тармактарын белгиле.
5. Соодагерлер Улуу Жибек жолу аркылуу кайсы мамлекеттерден эмнелерди алып келишкен?
6. Улуу Жибек жолу дүйнө мамлекеттеринин, айныкса Орто Азиянын тарыхында кандай роль ойногон?

# V БӨЛҮМ
# БАЙЫРКЫ РИМ



## 45-§. Италия жана анын калкы

### Аймагы жана табигый шарттары



Римдиктердин байыркы турагы

*Апеннин* жарым аралында климат жылуу болуп, жыл бою жамгыр орточо жааган. Жарым аралды толук ээлеген *Италия* мамлекетинде кур-гакчылык да, катуу суук да болбогон. Азык-түлүк продуктуларынын молдугу жана топурактын түшүм-дүүлүгү натыйжасында көп кылымдар бою Байыр-кы Италия калкынын негизги турмуш-тиричилиги дыйканчылык жана мал чарбачылыгы болгон. Байыртадан Апеннин жарым аралында ар түрдүү уруулар жашашкан. *Лигурлар* Италиянын байыркы урууларынан болуп, мал чарбачылыгы менен алектенген.

«Италия» сөзү грекчеден «музоолор өлкөсү» түрүндө которулат. **Б.з.ч. VII–VI кылымдарда** Италиянын жээктеринде колонияларга негиз салган гректер бул өлкөдө уйларды багуу үчүн укмуш жайлоо табышкан.




Байыркы Италия

Апеннин жарым аралындагы эң чоң дарыя – По дарыясы. Жарым аралдын бардык уруулары *италиктер* деп аталган. Алардын арасында *латиндер, самнийлер* жана *сабинийлер* көпчүлүктү түзүп, б.з.ч. I-миң жылдыктын баштарынан Италиянын түрдүү



**Байыркы Римдин калкы. Помпейдеги дубалга тартылган сүрөт**

аймактарына жайгашат. Италиянын түндүк-батыш бөлүгүндө *этрусктар* жашаган. Алардын негизги турмуш-тиричилиги дыйканчылык болгон. Б.з.ч. VIII кылымда этрусктар Италияда 12 шаар-мамлекетти түзүшөт. Б.з.ч. VII кылымда Чыгыш өлкөлөрү менен эркин соода жүргүзүү максатында грек колониялары менен күрөш башташат. Африканын түндүгүндөгү Финикия колониясынын Карфаген шаар-мамлекети да аларга кошулат. Баштап Карфагендер менен этрусктар жеңет, бирок көп узабай грек кошуундары аларды кургактыкта жана деңизде талкалап салат. Ошентип, Италиянын аймагында жашаган этрусктардын цивилизациясы кыйрайт, бирок анын көптөгөн жетишкендиктерине Рим калкы татыктуу мураскор болуп калат.

***Өзүңдү сынап көр!***

***«Италия»нын мааниси – бул ...***
***Италиктер – бул...*** ***Этрусктер – бул...***

**Эсте сакта!**

Б. з. ч. 753-жыл Римге негиз салынган дата деп кабыл алынган.

**Римдин негизделиши**

Рим шаары *Тибр* дарыясы жээгиндеги чакан дыйканчылык турактарынан башталган. Бул чакан турактар биригип, чоң шаарга айланган. Рим жети дөңсөөдө жайгашкан. Тибр ташкындаган учурда дөңсөөлөрдүн ортосундагы өрөөн адам өтө алгыс сазга айланган. Шаардын жайлашуусу аскердик көз караштан абдан ыңгайлуу болгон. Дарыя менен саздар латиндерди кошуна уруулардын чабуулдарынан коргогон.


Уламыштарга караганда **биздин заманга чейинки 753-жылы** Рим шаарына ага-ини Ромул жана Рем тарабынан негиз салынган. Төрөлүшү менен ымыркайларды Тибр дарыясынын жээгине таштап кетишет. Дарыянын жээгинде аларды Эне карышкыр таап алат жана бир койчу келип алып кеткенге дейре ага-инилерди эмизип карайт. Эресеге жеткен ага-инилер Тибрдин жээгине шаар курууну чечишет. Ага-инилердин ортосунда чыр



**Рем менен Ромулду эмизип жаткан Эне карышкырдын айкели**

чыгып, Ромул инисин өлтүрүп салат, шаарга болсо өзүнүн атын коёт. Бүгүнкү күндө да, уламышта айтылгандай, ага-инини эмизген Эне карышкыр Римдин символу саналат.

Биздин заманга чейинки VI кылымда Рим ири шаарга айланат. Капитолий дөңсөөсүндө болсо душмандардан коргонуу үчүн чеп курулат.



Тарквинийдин шаардан кууп салынышы

### Байыркы Римде башкаруу


Илгери римдиктер өздөрүнүн падышаларын шайлашкан. Падышалар кол башчынын да, соттун да, төлгөчүнүн да милдетин аткарышкан. Бул **биздин заманга чейинки 509-жылга** чейин улантылган. «Сыймыктуу» аты менен элге таанылган Тарквиний деген адам шайлап коюлган падышаны өлтүрүп бийликке ээ чыгат. Ачууланган эл көтөрүлүш чыгарып, Тарквинийди шаардан кууп салат. Шаардын эли бардык бийлик бир адамдын колунда чогулушуна жол бербей турган башкаруу формасына өтүүгө токтом кылышат. Падышалык бийликтин кулашы Рим республикасына негиз болду.

**Эсте сакта!**

Тарквиний кууп салынгандан кийин, **б.з.ч. 509-жылы** Рим республика деп жарыяланды.

### *Таяныч конспект*

- Апеннин жарым аралы
- Италия – «музоолор өлкөсү»
- латиндер, самнийлер, сабинийлер, этрусктар
- б. з. ч. VIII кылым – 12 шаар-мамлекет союзу
- б. з. ч. 753-жыл – Тибр дарыясынын жээгинде Рим шаарына негиз салынышы



**Рим ибадатканасы.** *Реконструкция*

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Картадан Италиянын аймагын көрсөт жана анын географиялык өзгөчөлүктөрүн сүйлөп бер.
2. Италияга адамдардын көчүп келип жайгашуусу качан болуп өткөн? Анын калкы кандай аталган?
3. «Италия» сөзү кандайча пайда болгон? Бул сөз кандай маанини билдирет?
4. Эмне үчүн Эне карышкыр Римдин символу болуп эсептелет?
5. Байыркы Римде башкаруу кандайча иш жүзүнө ашырылган?

## 46-§. Рим республикасы

**Республиканы башкаруу**

Рим падышалары маанилүү маселелерди талкуулоо үчүн *Элдик чогулушту* чакырган. Элдик чогулуш согуш жарыялаган, келишим түзгөн, мыйзам кабыл алган жана аны четке каккан, бардык жогорку кызмат адамдарын кызматка дайындаган. Бул чогулуштун токтомдорун *Сенат* бекиткен, латинчеден которгондо «сенат» сөзү *«аксакалдар кеңеши»* деген маанини билдирет. Сенаторлордун урпактары *патрицийлер*, Римдин жөнөкөй эли болсо *плебейлер* деп аталган. Римди башкарууда патрицийлер гана катышкан. Б. з. ч. VI кылымдын баштарынан Рим мамлекети *республика* деп атала баштаган.

**Эсте сакта!**

Латинчеден которгондо **«сенат»** сөзү «Аксакалдар кеңеши» деген маанини билдирет. Сенаторлордун урпактары **патрицийлер**, жөнөкөй эл болсо **плебейлер** деп аталган.

Латинчеден которгондо «республика» сөзү «элдик иш, жалпы иш» деген маанилерди билдирет («рес» – иш, «публика» – эл). Чындыгында болсо Рим Республикасын башкарууда ак сөөк кул ээлөөчүлөр гана катышкан.



**Римдин борбордук бөлүгү**

Мамлекеттик иштегилерге акы төлөнбөгөндүгү себептүү жакыр адам, мисалы, консул боло албаган. Шайлоолорду уюштуруу үчүн чоң акча сарпталган. Бай кул ээлөөчүлөр түрдүүчө жолдор менен шайлоочуларды өз жагына оодуруп алышкан, мисалы, тегинге түшкү тамак уюштурушкан, белек-бечкек таратышкан жана ушуга окшош иштерди жасашкан.


Шайлоо күнү консулдукка өзүнүн талапкерлигин койгон бай кул ээлөөчүлөр ак жибектен тигилип, *«кандида»* деп аталган жука кийим кийип алышкан. Азыркы «кандидат», башкача айтканда кандайдыр бир кызматты ээлөөгө аракет кылган талапкер адам деген маанини түшүндүргөн сөз да «кандида»дан келип чыккан. Ак түс талапкердин абийири да анын кийиминдей таза экендигин билдирип турган.

**Эсте сакта!**

Б. з. ч. VI кылымдын аягынан баштап Рим мамлекети республика деп атала баштаган.

***Өзүңдү сынап көр!***

| | |
|---|---|
| ***Сенат – бул ...*** | ***Патрицийлер – бул ...*** |
| ***Плебейлер – бул ...*** | ***Республика – бул ...*** |




**Консулдар**

Сенат өлкөдө чоң бийликке ээ болгон. Эч кандай мыйзам Сенатта талкууланбастан туруп, Элдик чогулуш тарабынан кабыл алынбаган. Негизги кызмат адамдары – *консулдар* болсо тикедентике мамлекетти башкарышкан. Эгерде байыркы доордо тажрыйбалуу жана абройлуу адамдар сенаттан орун алышкан болсо, убакыттын өтүшү менен консулдар эч бир шайлоосуз Сенатта орунга ээ боло турган жана анын түбөлүктүү мүчөсүнө – сенаторго айланган артыкчылыкка жетишет. Согуш учурунда же элдик көтөрүлүш чыгып калса *диктатор* жана орун басары – атчан аскерлердин башчысы кылып дайындалган. Диктатор чексиз бийликке ээ болгон. Бирок ал бийликте алты айдан көпкө тура албаган.


**Эсте сакта!**

Сенат 300 адамдан турган. Эч кандай мыйзам Сенатта талкууланбастан туруп, Элдик чогулуш тарабынан кабыл алынбаган.

***Рим республикасы***




Ар бир консулду 12 адамдан турган ардактуу сакчылар – *ликторлор* коштоп жүргөн. Консулдун кылмышкерлерди жазалоо мүмкүнчүлүгүнө ээ экендигинин белгиси иретинде ликторлор желкелерине ортосуна балта асылган ийилгич аркандарды асып жүрүшкөн



**Плебейлердин көтөрүлүшү**

Консулдар экөө болуп, алар маанилүү маселелерди чечип жатканда бири-бири менен кеңешип алууга тийиш эле. Консулдар жыл бою Рим республикасын башкарып, римдиктерди соттоп турушкан. Аскердик доорлордо болсо алар

кошуундарга кол башчылык кылышкан. Ар жылы алар Элдик чогулушка эсеп берип турушкан. Рим республикасында *элдик трибун* кызматы да түзүлгөн. Элдик трибундар жакыр римдиктердин таламын талашкан. Алар чогулуштарда бардык жарандардын тең жана жашыруун добуш бериши аркылуу шайланган. Элдик трибунга *«вето»* (тыюу саламын) сөзүн айтуу мүмкүн болгон, мындай жагдайда мыйзам кабыл алынган эмес.

**Эсте сакта!**

Элдик трибундар Римдин жакыр калкынын кызыкчылыктарын туюнтушкан. Алар чогулуштарда бардык жарандар тарабынан тең жана жашырын добуш берүү аркылуу шайланышкан.


***Өзүңдү сынап көр!***

| | |
|---|---|
| ***Консулдар – бул ...*** | ***Ликтор – бул ...*** |
| ***Диктатор – бул ...*** | ***Элдик трибун – бул ...*** |

**«12 жадыбалдан турган мыйзамдар»**

Байыркы Рим мыйзамдуулугу оозеки мыйзамдарга негизделген эле. Соттордо көбүнесе адилетсиз өкүм чыгарган патрицийлер чогулуш өткөрүшкөн. Плебейлер талабы боюнча узакка созулган талкуулардан кийин Сенат тарабынан мыйзамдар жазылат. Аларды он жез (пластина) тактайга чегип жазышкан жана бардык эл көрсүн үчүн илип коюшкан.


Патрицийлерди бул мыйзамдар канааттандырбайт, анткени алар Грециянын падышасы Солондун мыйзамдарына негизделген болуп, жакыр калктын таламын көздөгөн. Турган сөз, мыйзамдар четке кагылат. Ошондо негизинен плебейлерден турган Рим кошуундары козголоң көтөрүшөт. Алар Римге жакын жердеги Ыйык тоого кетип калышат, өзүнүн мыйзамдарына ээ болгон жаңы шаар түзөбүз деп эскертишет. Ошентип патрицийлер 12 жадыбалдан турган жаңы мыйзамдарды кабыл алууга аргасыз болот.



**Кылмышкерлерге карата дене жазасы колдонулган**

Мыйзамдар менчик мүлктү кол тийгис деп жарыялайт. Көптөгөн мыйзамдар плебейлердин жана патрицийлердин тең эместигин мыйзамдаштырганы менен плебейлерди патрицийлердин

зордугунан куткарган эле. Биздин заманга чейинки IV кылымдын ортолоруна келип гана Римдин бардык жарандары туткан ордуна карабастан мыйзамдын алдында тең деп эсептеле турган мыйзамдар кабыл алынат.



**Мыйзамдар кулдарга тиешелүү болбогон. Аларды базарларда ачык сатышкан.**

***Таяныч конспект***

- республиканын жогорку бийлиги – Элдик чогулуш
- Сенат – «аксакалдар кеңеши»
- патрицийлер – сенаторлордун урпактары
- плебейлер – эл
- республика – «элдик иш»
- консулдар – республиканын башкы кызмат адамдары
- диктатор – согуш учурунда мамлекет башчысы
- элдик трибун – Сенаттагы Римдин жакыр калкынын өкүлдөрү
- вето – «тыюу саламын»
- «12 жадыбалдан турган мыйзамдар»


*Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Римде республиканы башкаруу кандай ишке ашырылган?
2. «Республика» сөзү кандай маанини билдирет?
3. Диктатор деген ким? Кандай учурларда ал Римдин башчысына айланган?
4. Рим мыйзамдуулугу жөнүндө сүйлөп бер. Анын өзгөчөлүгү эмнеде? «12 жадыбалдан турган мыйзамдар» кимдердин таламын жактаган?

## 47-§. Рим Республикасы калкынын турмушу


**Шаарлардагы турмуш**

Империянын аймагы кеңейип барган сайын шаарлар да көбөйөт. Римдин шаарлары алдын ала мыкты иштелген пландын негизинде курулган. Шаарларда көптөгөн кооз коомдук жана турак-жай имараттары, ибадатканалар, мончолор, соода катарлары жана дарыканалар болгон. Көпчүлүк адамдар 2–3 кабаттуу үйлөрдө жашашкан. Бай адамдар болсо өздөрүнө заңгыраган үй куруп алышкан. Мындай үйдө борбордук ысытуу системасы болгон: полдор




**Форум – Римдин борбордук аянты**

ысытылган, ноолор аркылуу үйгө суу агып келген. Үй *мозаикалар* — айнектин же таштын сыныктарынан иштелген сүрөттөр менен коозодолгон. Мындай заңгыраган үйлөр – *виллалардын* дубалдарын *фрескалар* – кургай элек шыбакка тартылган сүрөттөр коздоп турган. Ар бир шаардын борборундагы *Форумда* базар аянты, Элдик чогулуштар үчүн жер жана борбордук ибадаткана болгон. Суу шаарга бир нече кабаттуу көпүрөгө окшоп кеткен *акведук* аркылуу агып келген. Тамак бышыруу жана ысытуу үчүн жыгач көмүр күйүп турган очоктордон пайдаланышкан.



**Акведук (асма суу ноолору)**

Римдин базарларында эң эле өтүмдүү товар кулдар болгон. Ар бир шаарда атайын кулдардын базары болгон.



**Римдиктин кийими – тога**

Адамдардын үстүндөгү кийимдери алардын коомдогу ордун билдирип турган. Мисалы: эркек балдар 14 жашка толгонго чейин күлгүн кызыл тилкелүү тога кийишкен. 14 жашка киргенде алар эресеге жеткен делип эсептелген жана аппак тогу кие башташкан. Куду ушундай жука жибек тогуну сенаторлор да кийишкен. Римдик аялдар ар түрдүү түстөгү көйнөктөрдү кийишкен, баштарына жана желкелерине жоолук жамынышкан.

***Өзүңдү сынап көр!***

***Мозаика – бул ...*** ***Акведук – бул ...***
***Фреска – бул ...*** ***Тога — bu...***




**Меркурий – сооданын кудайы**

**Байыркы римдиктердин кудайлары**

Күндөлүк турмушта Римдиктер өз кудайларына жардам жана колдоо сурап көбүрөөк кайрылышкан. Кудайлар үчүн чоң-чоң ибадатканалар курушкан. Ар бир римдик үй-бүлөдө өзүнүн кудайы болгон. Алардын кудайларынын көпчүлүгү гректердин кудайларын эске салат. Маанилүү бир ишти баштаардан мурда римдиктер бул иште колдошу үчүн кудайларга курмандык чалышкан.

Кудайлар турмуштун ар түрдүү жактарын башкарган. Мисалы, согушта жеңилгидей болушса, демек, кандайдыр иш менен согуштун кудайы *Марстын* каарын келтирдик деген ойго барышкан (салыштыр: гректерде согуштун кудайы Арес).



**Нептун – деңиздин кудайы**

Асмандын, күн күркүрөөнүн жана чагылгандын падышасы *Юпитер* Римдин башкы кудайы саналган. Юпитер Рим мамлекетинин демөөрчүсү, элдердин жана мамлекеттин тагдырын башкарып турат деп эсептелген. *Нептун* деңиздин кудайы, *Морфей* уйкунун кудайы, *Диана* аңчылыктын кудайы эсептелген. Римдиктер *Вулканды* оттун жана темирчилердин кудайы деп эсептешкен. *Венера* жаздын жана сүйүүнүн, *Бахус* шараптын кудайы болгон. *Юстиция* Римдин адилеттүү соттоочу кудайы эсептелген. Бул кудай адатта көздөрү байланган аял көрүнүшүндө сүрөттөлгөн. Юстициянын оң колундагы кылыч жазанын символу саналган, ал эми сол колундагы тараза менен кудай кылмышкерлик менен күнөөсүздүктү салыштырып өлчөгөн. *Фортуна* Римде тагдырдын кудайы эсептелген. Фортунаны көбүнесе тагдырлардын башчысы иретинде колунда руль менен, кээде болсо тагдырдын туруксуздугунун символу иретиндеги шар менен сүрөттөшкөн. Римдин өч менен кектин кудайлары болгон *Фуриялар* тажаал, кекчил аялдардын көрүнүшүндө сүрөттөлгөн.




**Юпитер – чагылгандын жана күн күркүрөөнүн кудайы**


***Өзүңдү сынап көр!***

> ***Байыркы римдиктердин кудайлары – бул ...***
> ***Альтар – бул ...*** ***Нектар – бул ...***

Ибадатканада римдин башкы кудайы Юпитердин чоң айкели орнотулган. Ибадаткананын алдында *альтар* – курмандык чалына турган көтөрмө жай болгон. Адатта курмандыкка өгүз, кой, чочко же эчки чалынган.



**Вулкан – оттун жана темирчилердин кудайы**



**Рим ибадатканасы**



**Юстиция – адилеттүү соттун кудайы**



**Фортуна – тагдырдын кудайы**

**Диний майрамдар**

Диний каада-салттардын өткөрүлүшүн төлгөчүлөр – *понтификтер* – Римдин дин адамдары көзөмөлдөп турган. Понтификтер маарекелердин календарларын, алардагы салттардын аткарылуу тартибин түзүшкөн. 5 тен 15 ге че-йин дин адамы кирген понтификтер президиумуна Улуу понтифик башчылык кылган. Ал кудайлар менен кеңешип, тыянак жасайт деп эсептешкен.

Римдиктер иштерин төлгө салуудан башташкан. Төлгө салуу төлгөчүлөр – авгурлардын жардамында ишке ашырылган. *Авгурлар* канаттуулардын учушуна, күн күркүрөөгө, канаттууларга себилген данга, жаңырыкка жана башка ушул сыяктууларга карап төлгө салышкан. Эгерде белгилер көңүлдөгүдөй чыкпай калса, аткарыла турган иш белгилүү мөөнөткө кечиктирилген.


Үй-бүлө очогунун кудайы *Вестанын* ибадатканасында ыйык от сакталган. Ыйык отту асыроо аял төлгөчүлөрдүн милдети болгон. От жалындап турса, демек, мамлекет да жашап жатат деп эсептешкен. Ошондуктан весталка – аял төлгөчүлөрдүн таасири да, аброю да чоң болгон.

***Таянч конспект***

- мозаика
- фрескалар
- форум
- акведук
- кудайлар
  - Марс
  - Юпитер
  - Нептун
  - Морфей
  - Вулкан
  - Юстиция
  - Фортуна
- төлгөчүлөр – понтификтер, авгурлар, весталкалар

***Өзүңдү сынап көр!***

> ***Понтификтер — бул...***
> ***Авгурлар — бул...*** ***Весталкалар — бул...***




Рим жоокерлери салгылашуууда

*Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Рим шаары калкынын турмушу жөнүндө сүйлөп бер.
2. Римдиктердин кийимдери эмнеси менен айырмаланган?
3. Римдин кудайларын санап бер. Алар грек кудайларынан эмнеси менен айырмаланган?
4. Понтифик төлгөчүлөр менен авгур төлгөчүлөр кимдер?
5. Весталка төлгөчүлөрүнүн негизги милдеттерин айтып бер

## 48-§. Жер Ортолук деңизинде бийлик үчүн күрөш

**Рим армиясы** Республиканы тышкы душмандардан коргоо зарыл эле. Армияда 17 жаштан 46 жашка чейин болгон эркек жарандар кызмат кыла алышкан. 80 адамдан түзүлгөн жоокерлердин тобуна *центурийлер* дейилген. Бир нече центурийлер *когортаны*, 10 когорта болсо *легионду* түзгөн. Жоокерлердин көпчүлүгү мыкты билим алган аскерлер болуп, алар үчүн аскердик кызмат өтөө өмүр бою милдетке айланган. Кызмат мөөнөтү 25 жыл болгон. Ошончо мөөнөттөгү кызматы үчүн легионер туракжайлуу болуу, дурус кана эмгек акы алуу жана Римдин курамындагы башка өлкөлөрдү көрүү мүмкүнчүлүктөрүнө да ээ болушкан.




Жараланган Рим жоокери

Римдиктер өздөрүнө мүнөздүү болгон согуш жүргүзүү тактикасын иштеп чыгышкан: мында баштап шаар курчоого алынган, андан кийин *катапульта* деген куралдан пайдалануу менен дубалдарды тешишкен жана шаарга бастырып киришкен. Катуу металл тактайлардан жасалган узун көтөрмө мунаралардын жардамында бийик дубалдардан ашып өтүшкөн.



Римдеги Жеңиш – триумф аркасы

Аскердик топтор империянын жерлеринде бат аракеттениши үчүн мамлекетте тегиз жолдор тармагы курулган. Бул жолдор менен империянын каалагандай жерине бат жетип барууга мүмкүн болгон. Империянын чек араларында болсо таштан чептер курулган.



**Ок атуу куралы – катапульта**

Салгылашуулардагы жеңиштен кийин Сенаттын токтому боюнча Римдин кошуундары жеңишти (триумф) салтанаттуу түрдө майрамдашкан. Кошуундардын алдында төрт аргымак чегилген арабада башына лавр гүлчамбарын кийип алган жеңген кол башчы барган. Кол башчынын артынан олжолорду алып барышкан. Капитолий дөңсөөсүндө колго киргизилген жеңиш үчүн ыраазычылык иретинде кудайларга курмандыктар чалынган.

***Өзүңдү сынап көр!***

| | |
|---|---|
| *Центурийлер — бул...* | *Легион — бул...* |
| *Когорта — бул...* | *Триумф — бул...* |



**Рим жөө аскерлеринин коргонуу куралдары**

**Пуни согуштары**

Рим мамлекетинин аймагы тынымсыз кеңее берди. Б.з.ч. III кылымдын ортолоруна келип Римдин кол башчылары мамлекеттин түндүк бөлүгүнөн башка бүткүл Италияны басып алышат. Көп узабай алардын баскынчылык план-дары чектеш аймактарга да жайыла баштайт.

Бул учурда *Түндүк Африканын* жээктерин, *Сардиния, Корсика* аралдарын камтыган кудуреттүү мамлекет – *Карфагендин* кул ээлөөчүлөрү Сицилия аралынын батыш бөлүгүн ээлешкен. Сицилия маселеси жана Жер Ортолук деңизинде бийликти колго алууга урунуу Рим менен Карфагендин ортосунда согуш башталышына алып келет.



**Ганнибал**


Чоң жана күчтүү флоту болгондуктан, Карфаген аскердик жактан Римге караганда үстөмдүккө ээ эле. Карфагенде жалданма аскерлерден турган чоң кошуун да болгон. Жалданма аскерлердин жалгыз

максаты аскердик олжо болуп, өздөрү үчүн ыңгайлуу учурда душман жакка өтүп кетишкен. Бул Карфаген кошуундарынын назик жери эле.

Римдиктер Карфаген менен үч жолу согушкан. Бул согуштар тарыхка *Пуни согуштары* аталышы менен кирген, анткени римдиктер Карфагенди Пуна деп аташкан. Биринчи согушта римдиктер жеңип чыгышат, Сицилияны басып алып, карфагендиктерди салык төлөөгө аргасыз кылышат. Эки жылдан кийин римдиктер *Корсика* жана *Сардиния* аралдарын басып алышат. Рим Жер Ортолук деңизи регионундагы эң күчтүү мамлекетке айланат. Бирок Карфаген Жер Ортолук деңизиндеги аралдар үстүндөгү согушта Римдин кооптуу душманы болуп кала берет. Сицилиядагы жоготуулар үчүн өздөрүн сыйлоо жана канааттандыруу максатында Карфагендин кул ээлөөчүлөрү Испаниянын чоң бөлүгүн басып алышат. Карфагендин армиясына тажрыйбалуу *Ганнибал* башчылык кылган. Испанияда жалданма кошуундарга башчылык кылганда Ганнибал бир жолу да жеңилбеген.

**Эсте сакта!**

Карфаген армиясына тажрыйбалуу кол башчы Ганнибал жетекчилик кылган. Рим армиясын болсо – кол башчы Сципион жетектеген.



**Ганнибалдын жоокерлери**

***Өзүңдү сынап көр!***

***Карфаген – бул ...*** ***Ганнибал – ...*** ***Пундар – бул ...***

**Карфагендин талкаланышы**

Батыш Жер Ортолук деңизинде жалгыз кожоюнга айлануу үчүн римдиктер Карфаген менен согушка даярдык көрө баштайт. Римдиктер карфагендиктерге эки жактан сокку берүүнү чечишет. Армиянын бири Испанияда Ганнибалдын армиясын талкалоого, башкасы Карфагенди басып алууга тийиш болгон. Бирок Ганнибал бардык пландарды бузуп салат. Өтүүгө мүмкүн болбогондой сезилген тоолордон ашып өткөн Ганнибал Италиянын жерлерине бастырып кирет жана **б.з.ч. 216-жылы** *Каннга* жакын жердеги салгылашууда римдиктердин армиясын талкалап




**Римдин жөө аскерлери салгылашууда**

салат. Бул салгылашууда 70 миң римдик легионер курман болот.

Эсте сакта!

**Б. з. ч. 202-жылы** Зама шаарына жакын жерде Ганнибалдын армиясы римдиктер тарабынан талкаланган.

Жеңилгенден кийин римдиктер чечкиндүү салгылашуулардан өздөрүн тыя башташты. Италиянын калкы Ганнибалды колдоп-кубаттабады, анткени Карфагендин жалданма аскерлери мамлекетти талап-тоноп таштаган эле. Римдик кол башчы *Сципион* күтүлбөгөн жерден кошууну менен Африканын жээгине келип түшкөндө, Ганнибал Карфагенди коргоого шашты, бирок **б.з.ч. 202-жылы** анын кошууну *Зама* шаарына жакын жерде римдиктер тарабынан талкаланат. Б.з.ч. 183-жылы Ганнибал сүргүндө жүргөндө, аны римдиктерге тапшыруу үчүн колго алууга урунушат, ал уу ичип өлөт. Рим Батыш Жер Ортолук деңизинде абсолюттук бийликке ээ болот. Сирия менен Македонияны басып алгандан кийин римдиктер Карфагенди да басып алууну чечишет.



**Карфагендин талкаланышы**

Биздин заманга чейинки II кылымдын ортолорунда үчүнчү Пуни согушу башталат. Римдиктер Карфагенди курчап алышат, бирок калк аны коргоо үчүн аттанат. Карфаген шаарынын калкы эки жыл бою өз шаарларын коргошот, шаарда ачкачылык башталат. Римдик легионерлер үйлөргө чабуул жасап, аларды бир-бирден басып алган, жолунан кездешкен нерсени тоноп, калгандарын өрттөп салышкан.



**Рим армиясынын «таш бака» деп аталган коргонуу калканы**

Карфаген он жети күн өрт-жалындын ичинде калат. Элдин тажрыйбасын жана даанышмандыгын сактап келген үйлөр жана китепканалар күйүп күл болот. Карфаген курулган жер болсо Сенаттын токтому менен каргыш тийген жер деп жарыяланат. Бул жерде турак-жай курууга жана дыйканчылык менен алектенүүгө тыюу салынат. Ошентип б. з. ч. 146-жылы Карфаген таптакыр ойрондолот. Римдин кошуундары жеңиш шаттыгы, тонолгон олжо жана миңдеген кулдар менен Италияга кайтып келет.

**Рим тарабынан басып алынган аймактар**

Пуни согуштарынан кийин Италиянын жерлеринен кыйла алыста болгон чоң-чон аймактар да Рим бийлигине өтөт. Басып алынган жерлерди римдиктер *провинция* деп аташкан. *Сицилия, Корсика, Сардиния, Испания* жана башка аймактар ошолордун катарына кирген. Провинцияларды башкарууга өкүлдөр – *проконсулдар* дайындалган.

Алар чектелбеген бийликке ээ болушкан. Проконсулдар адатта бир жылга шайланган жана алар кол астындагы мамлекетти аёосуз тоногон. Провинциялар Римге каршы күрөштө бирикпестиги үчүн римдиктер «Бөлүп салып, бийлей бер» принцибине негизделип иш жүргүзүшкөн. Римдиктер кээ бир шаарларга башкалар аларды көрө албастыктары жана алар бири-бири менен жаңжалдашуусу үчүн атайын артыкчылыктар беришкен. Бирок провинцияларда токтоосуз көтөрүлүштөр болуп турган, римдиктер ал жерлерде душмандын курчоосунда калган шаарда жашагандай жашашкан.

**Эсте сакта!**

Басып алган жерлерин римдиктер провинция деп аташкан. Провинцияларды башкарууга өкүлдөр – проконсулдар дайындалган.



**Рим армиясы**

***Таяныч конспект***

- центурий → когорта → легион
- Триумф
- Пуни согуштары
  - Карфаген → Ганнибал
  - Рим → Сципион
- б.з.ч. 216-жыл–Рим армиясынын талкаланышы–Канн салгылашуусу
- б. з. ч. 146-жыл – Карфагендин талкаланышы
- провинциялар
- проконсулдар
- «Бөлүп салып, бийлей бер»

*Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Триумф деген эмне? Кайсы учурларда триумф белгиленген?
2. Рим кошуундары кимдерден түзүлгөн эле?
3. Рим кошуундары Карфагендиктердиинен эмнеси менен айырмаланган?
4. Пуни согуштарынын негизги себептерин айт

5. Картадан Ганнибалдын жортуулдары багыттарын көрсөт.
6. Римдиктердин «Бөлүп салып, бийлей бер» принцибин түшүндүрүп бер.
7. Рим армиясы центурионунун атынан аңгеме түз.
8. Картадан Рим армиясы тарабынан басып алынган аймактарды көрсөт.
9. Римдиктер Карфагенди кандай басып алышкан?
10. Римдиктер кандай жерлерди провинция деп аташкан жана аны кандайча башкарышкан?



**Таш жонуудагы кулдар**


## 49-§. Кулдар жана гладиаторлор

**Римде кул ээлөөчүлүк**

Жеңиштүү жортуулдар натыйжасында кулдардын саны аябай көбөйөт. Египетте да, Грецияда да кулдардын саны Римдегичелик көп болбогон.

Эркин римдиктердин түшүнүгүндө кул таптакыр кул ээлөөчүнүн карамагындагы буюмдай болгон. Кулдардын кадыры болбогон, анткени алар өтө арзан баада сатылган

Согуштардын, басып алынган мамлекеттердеги кулдардын эсебине Римде кулдар аябай көбөйгөндүктөн, римдиктерде алардан пайдалануу үчүн ар дайым эле чарбалык жумуштар боло бербеген. Оокаттуу римдиктердин бош убактысы көп болгон, анткени бардык жумуштарды кулдар аткарган.



**Рим кул ээлөөчүсү**

Рим мамлекетиндеги кулдарда эмгектен пайда табуу сезими таптакыр болбогон. Сабалоо жана аёосуз мамиле менен аларды жакшы иштөөгө, чарба малдарын жана эмгек продукцияларын асыроого үндөөнүн да пайдасы болбогон.

Биздин замандын I–II кылымдарында кулдардын эмгеги кул ээлөөчүлөр үчүн пайдалуу эместиги билинет. Көптөгөн кул ээлөөчүлөр кулдарды жердин ижарачыларына айландыра башташат. Кулдардын көтөрүлүшүнөн корккон, түшүмдүүлүктү жогорулатууга умтулган жер ээлери өздөрүнүн жерлерин майда бөлүктөргө бөлүп, эркин жакырларга ижарага бере баштайт. Алар

жерди канчалык жакшы иштетишсе, түшүмдүн ошончолук көп үлүшү өздөрүнө берилген.

Майда жер ижарачылары *колондор* деп аталган. Жерден пайдалангандыктары үчүн акысын жетиштирген продукция менен төлөшкөн.

Кийинчерээк таптакыр көз каранды кулдардын саны азаят. Кээ бир жер ээлери кулдарга эмгек шаймандары, үрөн беришкен жана алар үй-бүлөсү менен чогуу жашашкан.

Мындай кулдарга «үйлүү кулдар» дейилген. Алар да жерге акы төлөшкөн, бирок өздөрүнүн тагдыры кожоюндун колунда болгон.

Кулдар менен колондор Рим империясынын эң эзилген калкы болуп кала беришкен, алар биригип кул ээлөөчүлөргө каршы күрөшүүнү башташат.

**Эсте сакта!**

*«Үйлүү кулдар»* – бул кул ээлөөчүлөр тарабынан чакан жер, эмгек куралдары, үрөн менен камсыз кылынган кулдар. Аларга үй-бүлөлүү болууга жана турак-жай курууга да уруксат берилген.


***Өзүңдү сынап көр!***

***Колондор – бул ...*** ***«Үйлүү кулдар» – бул ...***

### Гладиаторлордун салгылашуулары

Римдиктер сүйгөн тамашалардан бири *гладиаторлордун* салгылашуусу болгон. Гладиаторлор негизинен кулдар, же кылмышкерлерден турган. Аларга атайын жабык мектептерде билим беришкен, андан кийин аларды бири-бири менен салгылашууга – көрүүчүлөрдүн көңүлүн көтөрүүгө аргасыз кылышкан.


Ар бир гладиатордун өлүмү же жашоосу көрүүчүлөрдүн каалоосунан көз каранды болгон. Салгылашуу аягында көрүүчүлөр жеңилген гладиатордун тирүү калыш-калбасын чечкен. Эгерде көпчүлүк көрүүчү оң кол баш манжасын жогору көтөрсө, гладиатор тирүү калган, ылдый түшүрсө, аны көрүүчүлөрдүн көз алдында өлтүрүп салышкан. Салгылашуулар ири таш стадиондордо, *амфитеатрларда* болуп өткөн. 50 миң көрүүчү баткан *Колизей* эң чоң амфитеатр болгон.



**Колизейдин тыштан көрүнүшү**

Кээде гладиаторлор топтордо салгылашышкан, анда сахна согуш майданына окшоп калган: өлтүрүлгөн, жараланган жана жан талашып жаткан гладиаторлор бардык жакта өлүм алдында чачылып калган. Дагы да кызыктуу болушу үчүн гладиаторлордун салгылашуулары күчтөрү бирдей каршылаштардын ортосунда өткөрүлгөн. Биреөсүндө кылыч менен калкан гана болсо, башкасында тор менен айры (үч тиштүү найза) болгон. Тор жана айры менен куралданган гладиатор өзүн эч нерсе менен коргой албаганы менен, душманын тор менен чырмап алы-шы жана айры менен өлтүрүшү мүмкүн болгон.






Гладиаторлор салгылашуусу

***Өзүңдү сынап көр!***

| | |
|---|---|
| ***Гладиаторлор – бул...*** | ***Колизей – бул...*** |
| ***Амфитеатр – бул...*** | ***Айры – бул...*** |



Колизей



Рим бүркүтү. Ал Рим падышасынын символу эсептелген

### Спартактын көтөрүлүшү

Эзилген кулдар өздөрүнүн зулум эзүүчүлөрүн жек көрүшкөн, алардан кутулуу үчүн көтөрүлүш чыгарышкан.

**Б. з. ч. 74-жылы** башталган Спартак жетекчилигиндеги кулдардын көтөрүлүшү байыркы дүйнөдө массалык уюшкан көтөрүлүштөрдөн бири болгон.

Рим армиясында кызмат кылуудан баш тарткандыгы үчүн Капуя шаарындагы гладиаторлук

мектебине сатып жиберилген фракиялык кул Спартак кулдарды көтөрүлүш чыгарууга чакырат. Бирок кимдир бирөө бул жөнүндө римдиктерге кабар берип коёт. Ошондо Спартак жана анын 200 гө жакын жактоочулары сакчыларга чабуул жасашат жана качып чыгып кетишет. Шаарда жашырынуу мүмкүнчүлүгү болбогондуктан, алар *Везувий* тоосундагы аскага чыгып алышат. Акырындык менен башка кулдар аларга келип кошула баштайт жана көтөрүлүшчүлөрдүн катары кеңейип отурат. Көп узабай алардын саны 10 миңге жетет.




**Спартактын көтөрүлүшү**

Көтөрүлүш чыгарган кулдарды жок кылууга жиберилген үч миң жоокерден турган кошуун Везувий тоолоруна жакын жерде аскердик лагерь курат.

> **Эсте сакта!**
>
> Спартактын көтөрүлүшү **б. з. ч. 74 – 71-жылдар** ичинде болуп, көтөрүлүш кулдардын жеңилиши менен аякталган.

Курчоо башталат. Бирок Спартак күтүлбөгөн планды ишке ашырат. Кулдар жүзүмдүн бутактарынан шаты жасап, асканын көрүнбөгөн жагынан ылдыйга түшүп алышат. Римдиктер тобунун арт жагынан сокку берген Спартак алардын быт-чытын чыгарат. Көтөрүлүшчүлөрдүн ортосунда талаш чыгат. Кулдардын бир бөлүгү Римди таштап, өздөрүнүн өлкөлөрүнө кайтууну макул көрөт. Көпчүлүк кулдар болсо мамлекеттен чыгып кетпөөнү, Римди талкалоону жана кул ээлөөчүлөрдөн өч алууну чечишет.


Спартакка каршы тажрыйбалуу кол башчы *Марк Красстын* жетекчилигинде көп миң сандуу кошуун жиберилет. **Биздин заманга чейинки 71-жылдын** жазында болуп өткөн чечүүчү салгылашууда Спартактын кошууну жеңилип калат, өзү болсо курман болот. 6 миңден ашуун туткундар Рим менен Капуянын ортосундагы жолдун боюндагы мамыларга керип салынган. Көтөрүлүшчүлөрдүн өз алдынча топтору болсо дагы 10 жыл бою күрөштү улантышкан.



**Спартактын курман болушу**

***Таяныч конспект***

- → кулдардын эмгегинен пайда жоктугугу билинди
- → колондор – майда жер ижарачылары
- → «үйлүү кулдар»
- → гладиаторлор
- → Колизей амфитеатры
- → б. з. ч. 74- жыл — Спартактын көтөрүлүшү
- → Везувий тоосундагы лагерь
- → Б. з. ч. 71-жыл — Спартак армиясынын талкаланышы



Рим жоокерлери эс алышууда

*Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Римде кулдардын саны кимдердин эсебине көбөйдү?
2. Кулдар, колондор жана «үйлүү кулдар»дын орду бири-биринен кандай айырмаланган?
3. Римдиктер кулдарга карата кандай мамиледе болушкан?
4. Спартактын жетекчилигинде көтөрүлүшкө чыккан кулдардын көтөрүлүш жерлерин жана багыттарын картадан көрсөт.
5. Спартактын көтөрүлүшү Рим кулдарынын башка көтөрүлүштөрүнөн эмнеси менен айырмаланат?
6. Рим гладиаторлорунун биринин атынан аңгеме түз.
7. Көтөрүлүшкө чыккан кулдар эмне үчүн жеңишке жете алышпайт?

## 50-§. Рим республикасынын кулашы



Римдиктер-дин туулары

**Себептери** Кулдардын көтөрүлүштөрү кул ээлөөчүлөрдү катуу коркунучка салып коёт. Кул ээлөөчүлөрдүн алдында күчтүү бийлик саналган *аскердик диктатуранын* орнотулушу зарыл экендиги жөнүндөгү маселе кабыргасынан турган. Сенаторлор менен аз сандагы мамлекеттик кызмат адамдары ири мамлекетти ойдогудай башкарууну камсыз кыла алышпаган.

**Б.з.ч. I кылымда** регулярдуу жалданма кошуундарга таянган аскер башчылар реалдуу күчкө айланышкан. Жалданма аскерлерди Римдин аскердик күч-кудурети жана мамлекеттин өнүгүшү эмес, олжо гана кызыктырган. Жалданма аскерлер үчүн кимдер менен согушуунун же кимдерди талап-тоноонун айырмасы болбогон.

Римде болсо мамлекетти бийлөөнү каалаган бир нече кол башчы бар болчу.

**Цезарь бийлигинин орнотулушу**


Спартактын көтөрүлүшү бастырылып, кыйратылгандан кийин *Красс* менен *Помпей* бийлик үчүн кыйлага чейин күрөшүшөт, бирок Рим империясы жүргүзүп жаткан согуштардын биринде Красс курман болот. Эми Помпей үчүн *Цезарь* жападан-жалгыз кооптуу душман болуп калат. *Галлия* согуштарындагы жеңиштеринин натыйжасында Цезардын кадыр-баркы ашат. Жалданма аскерлер анын аскердик талантына ишенип, артынан айткан жерине баруура даяр турушкан. Мындан тышкары, эгерде Сенаттын чогулушуна катышса, бизге жер бөлүп берет жана карыздарыбызды жокко чыгарат деп үмүттөнүшкөн кедейлер да Цезарды колдоп-кубатташкан.



Цезарь – Римдин императору

Юлий Цезарь **б.з.ч. 49-жылы** Галлиядагы жеңиштүү согуштан кийин Римге барчу жолдогу *Рубикон* дарыясынан өтөрү менен, жеке бийлик үчүн ашкере күрөштү баштап жиберет. Цезарь ошондо минтип айткан: «Чүкө атылды!»

Рим калкынын колдоосу чоң роль ойнойт. Помпейдин кошууну Испанияда эле. Цезарь жеңип чыгат. Ал Римдин императору жана диктатору – чексиз бийликке ээ өкүмдарга айланат. Анын каалоосу Рим үчүн мыйзам күчүнө ээ эле. Эч кандай шайлоолорсуз кызмат адамдарын дайындап, Сенатка жана Элдик чогулушка эсеп бербей коёт.



Император Цезардын өлтүрүлүшү

Мындай жагдай көпкө созулбайт. Цезардын чектелбеген бийлигинен наразы болгон сенаторлор кутум уюштурушат. Алар Цезарды өлтүрүүнү, Сенатка мурунку аброюн кайтарып берүүнү чечишет. Кутумга Цезардын эң жакын досторунан болгон *Брут* жетекчилик кылат. Сенаттагы чогулуш учурунда алар Цезарды курчап алышат жана ага канжарлар менен сокку бере

башташат. Цезарь ошол жердин өзүндө курман болот.

**Биздин заманга чейинки 44-жылы** Юлий Цезардын бийлиги аяктайт. Бирок анын өлтүрүлүшү республиканын кайра калыбына келтирилишине алып келбеген. Кол башчылардын ортосунда жарандар согушу башталып кетет.



Юлий Цезардын динары. Б. з. ч. 49 – 48-жж

***Өзүңдү сынап көр!***


> ***Красс, Помпей, Цезарь –***
> ***Император – бул ...*** ***Брут – ...***

**Бийлик үчүн күрөштүн натыйжалары**

Цезардан кийин Брут республиканы кайра калыбына келтирүүгө урунуп көрөт. Бирок сенаторлор мурдагы тартиптерге кайтууну калашпайт. Көпчүлүгү байлыктарын Цезардын тушунда тапкан эле. Брут жана анын жактоочулары Грецияга качып кетүүгө аргасыз болот.

Ошол учурда Римде Цезардын небереси саналган, император аны асырап алганда Гай Юлий Цезарь Октавиан деген ыйгарым атка ээ болгон *Октавий* пайда болот. Ал Брут жана анын жакточчуларына каршы күрөш баштайт.


Брут түндүк Грецияда кошуун чогултуп, Римге олуттуу кооп туудура баштайт. Октавиан *Марк Антоний* менен союз түзөт жана алар республикачыларды талкалап салышат. Брут болсо Октавианга туткунга түшүүнү каалабастан, өзүн кылычтын мизине таштап курман болот. Ошондон кийин Октавиан Рим мамлекетинин Батыш бөлүгүн, ал эми Антоний болсо Чыгыш бөлүгүн башкарууну өз колуна алат.



Клеопатра – Египеттин канышасы

Египетке келген Антоний Египеттин канышасы *Клеопатрага* үйлөнөт. Никелешүү белеги иретинде Антоний Клеопатрага Римдин чыгыш провинцияларын берет. Бул Октавиандын наразылыгына себеп

болот, б.з.ч. 31-жылы Грециянын жээктеринде Антоний жана Октавиан флотторунун ортосунда салгылашуу жүрөт. Салгылашуунун туу чокусунда Клеопатра менен Антоний *Александрия* шаарына качышат. Армия менен флот Октавианга багынат. Кийинки жылы Октавиан кошуундары менен Египетке жетип келет. Антоний менен Клеопатра өздөрүн өлтүрүшөт, Египет болсо Рим империясынын провинциясына айланат. Ошентип Октавиан бүткүл Рим империясынын жеке падышасы болуп калат.




Марк Антоний

**Б.з.ч. 29-жылы** Октавиан Сенаттан император наамын жана *Август* деген ыйгарым ат алат. Ал Рим империясынын негиздөөчүсүнө айланат. Октавиан бир топ реформаларды жүргүзөт. Октавион Август сенаторлордун жана Рим армиясынын легиондорунун санын кыскартат. Жоокерлердин кызмат мөөнөтү 20 жыл деп белгиленет. Октавиан Августтун тушунда Рим империясы армиясынын жалпы саны 300 миңге жетет. Император кең көлөмдө курулуш иштерин алып барат. Анын доорунда Римде көптөгөн сарайлар жана ибадатканалар курулган.

**Эсте сакта!**
Б. з. ч. 29-жылы Октавиан Сенаттан императорлук наамын жана Август атын алат. Октавиан Рим империясынын негиздөөчүсү болуп саналат.

Октавиан Август биздин замандын 14-жылында дүйнөдөн кайтат. Анын мураскорлору саналган *Калигула* менен *Неронду*н тушунда империянын кризиси башталат. Биздин замандын II кылымынын ортолорунда гана Римдин күч-кудурети кайра калыбына келет. Бул доор Рим империясынын «алтын кылымы» деген наам алган.




Император Октавиан Август

**Биздин замандын 98-жылында** *Траян Рим* императорунун тактын ээлейт. Траяндын тушунда Дунай дарыясынын жээктеринде жашаган *дактар* менен согуштар алып барылат. Бийиктиги 40 метр келген *Траян устунунун бетине* тартылган дактар менен болгон согуштун эпизоддору бул жөнүндө баяндап турат. Ассирия менен Месопотамиянын жерлери Рим империясынын курамына кирет. Траян Парфия менен болгон согуштарда ийгиликке

жетишет. Анын бийлиги доорунда жалган чагымга негизделип өлүм жазасына өкүм кылуу жоюлган.

*Өзүңдү сынап көр!*

| | |
|---|---|
| *Октавиан Август –* | *Цезарь Октавиан – …* |
| *Траян – …* | *Клеопатра – …* |



Траян устуну

### *Таяныч конспект*

- бийлик үчүн күрөш: Красс жана Помпей
- б. з. ч. 49-жыл – Юлий Цезарь – Рим императору
- Цезардын өлтүрүлүшү → Брут
- Б. з. ч. 31-жыл – Антоний менен Октавиандын салгылашуусу
- Октавиан – император Август
- б. з. II кылымы – Рим империясынын «алтын кылымы»
- биздин замандын 98-жылы – император Траян → Траян устуну

*Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Римде республиканын кулашынын негизги себебин айт.
2. Римде Цезардын бийлиги кандайча орнотулган?
3. Юлий Цезарды өлтүрүүнү ким жана эмне үчүн уюштурду?
4. Юлий Цезардан кийин Римде кандай өзгөрүүлөр болду?
5. Бийлик үчүн күрөштө эмне үчүн Октавиан жеңип чыкты?




Рим жөө аскерлери

## 51-§. Рим империясынын кыйрашы

**Империянын кулашы**


Биздин замандын III кылымында Рим империясы алсыздана баштайт. Императорду эми армия шайлап калган, армиянын өзүндө да түрдүү топтордун ортосунда күрөш жүрүп турган. Император Траяндын доорунан баштап римдиктер баскынчылык согуштарын жүргүзүшпөгөн.

Ошол учурда империя чек араларынын түндүк-батыш жагында көчмөн уруулар пайда боло баштайт. Римдиктер аларга «варварлар» деп ат коюшкан жана чек арада чоң армияны сактап турууга аргасыз болушкан.

Баштап гректер тили түшүнүксүз болгон бардык уруулар жана элдерди «варварлар» деп аташкан. Римдиктер болсо, алардын оюнча, маданий өнүгүүнүн кыйла төмөнкү баскычында турган элдерди ушундай аташкан.

***Өзүңдү сынап көр!***

> ***«Варварлар» деп …***



**Римдин босогосундагы варварлар**

**Империянын кулашы** Император *Константиндин* тушунда, **биздин замандын 330-жылында** Босфор кысыгындагы *Византий* шаары Рим империясынын борбору деп жарыяланды. Императордун буйругу менен шаардагы бардык эски имараттар бузуп салынды жана жаңы шаар курулду, Римден, Афинадан жана Коринфтен алып келинген айкелдер менен коллоналар орнотулду. Шаар императордун урматына *Константинополь* деп атала башталды.


Ири империяны Константинополдон туруп башкаруу кыйын болгон. Император Феодесийдин өлүмүнөн кийин **биздин замандын 395-жылы** Рим империясы анын эки уулунун ортосунда Батыш жана Чыгыш бөлүктөргө бөлүнөт. Чыгыш Рим империясында императордун жеке бийлиги сакталып, Батыш Рим империясы өз алдынча мамлекеттерге бөлүнө баштайт.

> **Эсте сакта!**
> Император Феодесийдин өлүмүнөн кийин биздин замандын 395-жылы Рим империясы анын эки уулунун ортосунда Батыш жана Чыгыш бөлүктөргө бөлүнөт.

**Готтор Римде** Биздин замандын IV – V кылымдарында бүткүл Рим империясын кулдар менен колондордун көтөрүлүштөрү басып кетет. Жерлерди жана көптөгөн олжолорду колго киргизүү максатын көздөгөн «варвар»лардын империяга жасаган чабуулдары да күчөп барат. Бул доор 150 жылдан көпкө созулат.

**Биздин замандын 410-жылында** *Аларихтин* башчылыгындагы готтор Римди курчап алат. Римдиктер алар менен сүйлөшүүгө киришет,

бирок түнкүсүн кулдар дарбазаларды ачат жана баскынчылар шаарга жабыла киришет. Готтор айкелдерди талкалап, баалуу китептерди өрттөшкөнчө туптуура үч күн Римди талап-тоношот.



**Готтор Римди талап-тоноодо**

Германдар сабатсыз болуп, театр, китепкана дегенди билишпеген. Рим империясы жерлерине киргенден кийин Римдин имараттарына, архитектурасы менен айкелдеринин коолдугуна татыктуу баа беришпеген. Алардын бардыгын аёосуздук менен жок кылып салышкан. Коргондорун бекемдөө үчүн Римдин ибадатканалары менен китепканаларынан таш тактайларды көчүрүп алып кетишкен. Китептер, айкелдер, көркөм өнөр чыгармалары жок кылынган.

> **Эсте сакта!**
> Рим **410-жылы Аларих** башчылыгындагы готтор тарабынан жексен кылынды.

**Батыш Рим империясынын кулашы**

Готтордун Римди басып алышы империя калкынын үрөйүн учурду. Жүздөгөн жылдар бою римдиктер өздөрүн бүткүл дүйнөнүн падышасы эсептеп, Римди «*түбөлүктүү шаар*» санашкан. Римдиктердин күч-кудурети чеги жоктой сезилген. Эми келип бүткүл дүйнөдөн алып келинген баа жеткис байлыктар казнасы жапайы уруулардын олжосуна айланып олтурат. Римдин кулашы жөнүндө ошол замандын тарыхчысы өкүнүч менен минтип жазган: «Бүткүл жер жүзүн багындырган дүйнөнүн шамы да өчтү». Рим калкынын көпчүлүгү Рим кыйроого жолуккандан кийин бүткүл дүйнө жок болуп кетет, деп ишенишкен. Бирок дүйнө жоголбоду. Аларих да өлдү, бирок Римдин андан да коркунучтуу душманы – *Атилла* башчылыгындагы *гунн* уруулары пайда болду. Аттила Чыгыш рим империясына чабуул уюштура баштайт. **Биздин замандын 452-жылында** гунндар Италияга бастырып киришет.



**Вандал жоокери**

**Биздин замандын 455-жылында** Римге германдардын вандал уруулары кол салат. Алар өздөрү менен алып кете албаган нерселерди




**Салгылашуунун сүрөттөлүшү**

жок кылышат. 476-жылы император сарайы сакчыларынын башчысы акыркы император *Ромулду* сарайдан кууп салат, падышанын таажысын Константинополго жөнөтөт. Мурунку Батыш Рим империясынын жерлерин герман уруулары ээлеп алат. **Биздин замандын 476-жылы** Батыш Рим империясынын кулашы жана Байыркы дүйнө тарыхынын аякталыш датасы болуп тарыхка кирет. Ошол датадан Орто кылымдардын тарыхы башталат.

**Эсте сакта!**

**Биздин замандын 455-жылында** Римге германдардын вандал уруулары кол салат, алар эки жума бою шаарды талап-тоношот.



**Римдиктердин вандал кошуундары менен салгылашуусунун сүрөттөлүшү**

### *Таяныч конспект*

- 330-жыл – Рим империясынын борбору – Византия (Константинополь)
- 395-жыл – Рим империясы — Батыш / Чыгыш
- 410-жыл – Римдин готтор тарабынан урандыга айландырылышы – Аларих
- 452- жыл — гунндардын Италияга баскыны — Атилла
- 455- жыл — герман вандал урууларынын баскыны
- 476- жыл — Батыш Рим империясынын кулашы

### *Суроолор жана тапшырмалар*

1. Рим армиясы жөнүндө сүйлөп бер.
2. Римдиктер кимдерди «варварлар» деп аташкан? Римдиктер варварлардын кайсы уруулары менен кагылышкан?
3. Рим империясынын Батыш жана Чыгыш империяларга бөлүнүп кетишинин себеби эмнеде?
4. Римдин басып алынышы жөнүндө сүйлөп бер.
5. Батыш Рим империясы кулашынын себептерин айт.

**Эсте сакта!**

**476-жылы** Батыш Рим империясы кулады.

## 52 – 53-§. Байыркы Рим маданияты



Бай римдиктин үйү

**Римде кул ээлөөчүлөрдүн жана кулдардын турмушу**

Байыркы замандарда римдиктердин турмушу өтө жөнөкөйлүгү менен өзгөчөлөнүп турган. Римдик ак сөөктөр саналган патрицийлер бир кабаттуу жөнөкөй үйлөрдө жашашкан, чарбасында кулдар да анчалык көп болбогон.


Биздин замандын I кылымына келип римдиктердин турмушунда олуттуу өзгөрүүлөр болуп өттү. Бай адамдар жашаган дөңсөөлөрдүн кучагында сейил бактар жана чарбактар көп, аба болсо түздөгүгө караганда таза болгон. Императордун жакын адамдары кооз имараттарга ээлик кылышкан.



**Рим термдери.** *Азыркы заман фотосу*

Карапайым римдиктер түздүктөрдө жашаган. Бул жердеги көчөлөр тар жана булганычтуу болгон: таштандыларды да көчөнүн өзүнө чыгарып салышкан. Рим калкынын саны токтоосуз көбөйүп отурган, анткени Италиянын төрт бурчунан жакырданган дыйкандар борборго көчүп келе баштагкан. Иши оңолгон адам бир бурчту же бөлмөнү ижарага алган, ал эми селсаяктар менен кедейлер тепкичтердин астында, нымдуу жана караңгы жер төлөлөрдө же ачык көчөлөрдө түнөшкөн.

Римдик кедейлердин ишеничине кирүүгө умтулган императорлор борбордун калкы үчүн «термдер» деп аталган кооз мончолор курдурушкан (грекче «ысык» сөзүнөн алынган, «термос» сөзү да ушундан келип чыккан). Аз гана акчага ар бир римдик термдерге түшүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Бул жерде сүзүү үчүн бассейндер, спорт залдары болгон. Термдердин алдында билим алуу жана илим менен алектенүү үчүн китепкана да болгон.



Мом менен капталган жазуу тактайы

**Билим берүү**

Маданияттын негизги белгиси болгон билим берүү Римде өзүнө мүнөздүү эле. Балдардын мектепте билим

алышы ата-энелердин акы төлөө мүмкүнчүлүгүнөн көз каранды болгон. Кедей римдиктердин балдары чарбалык жумуштарда ата-энелерине жардам бергендиги себептүү мектепте окушпаган. Бай үй-бүлөлөрдүн перзенттери болсо 6 жашынан мектепке барышкан. Жазууну үйрөнүп жаткан балдар *стиль* деген металл ручка менен тамгаларды мом капталган тактайларга кытыратып, оюп жазышкан.

**Эсте сакта!**

*Стиль* – мом менен капталган тактайга жазуу үчүн темир таякчалар.



Окууну, жазууну жана эсепти үйрөнгөндөн кийин көпчүлүк билим алууну токтоткон. Айрымдары окууну грамматикада (орто мектепте) улантышкан. Ал жерде тарых, география, геометрия, музыка жана астрономия окутулган. Грек тилин үйрөнүүгө өзгөчө көңүл бурушкан, анткени илимдин түрдүү тармагына таандык болгон китептердин көпчүлүгү грек тилинде жазылган эле. Саясий кызматчы болууну каалаган ар бир адам ораторлук менен *риториканы* – чечен сүйлөө өнөрүн үйрөнүшкөн.





**Латинче цифралар**

### Архитектура жана скульптура

Рим империясында курулуш иштери аябай өнүккөн эле. Амфитеатрлар, цирктер, театрлар, ибадатканалар, сарайлар,триумфалдык арктар жана көп кабаттуу үйлөр курулган. Шаарды бийик дубалдар курчап турган.

Рим архитектурасы грек архитектурасынан имараттардын ар түрдүүлүгү жана коюздугу менен айырмаланган. Биздин замандын I кылымында Рим эң чоң жана калкы көп шаар болгон. Ошол




**Римдеги жол курулушу**

> **Эсте сакта!**
>
> Рим империясында курулуш иштери абдан өнүккөн. Амфитеатрлар, цирктер, театрлар, ибадатканалалар, сарайлар, триумфалдык арктар жана көп кабаттуу үйлөр курулган.



**Пантеон – бардык кудайлардын ибадатканасы**



**Акведуктун курулушу**

> **Эсте сакта!**
>
> Бардык кудайлардын ибадатканасы – Пантеонго Рим империясында жашаган ар бир адам келип өзү ишенген кудайга сыйынуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон.

кездерде ал тургай мындай макал да пайда болгон: «Бардык жолдор Римге алып барат». Миңдеген кулдар токой, тоо жана баткактар аркылуу жол ачышкан. Жолдор менен бирге Рим суу түтүктөрү – ноолордун калдыктары да азыркы күнгө чейин сакталып калган. Суу түтүктөрү жантык негизде курулган болуп, тоодогу булактардан суунун өзү агып келген. Ноолорду жар, капчыгай жана өрөөндөрдөн өткөрүү үчүн *акведуктар* – үстү жагынан каналдар өткөрүлгөн көпүрөлөр курулган.

Чоң көпүрөлөрдү толугу менен таштан куруу кымбатка турган жана узакка созулган. Римдиктер жаңы курулуш материалы саналган бетонду ойлоп табышат. Куруучулар кыштан эки ичке дубал тургузушкан, алардын ортосундагы көңдөй аралыкты болсо бетон менен толтурушкан. Каткандан кийин ал таштан да бекем болуп калган. Бетондун колдонулушу римдиктерге аз убакытта бекем имараттарды куруу мүмкүнчүлүгүн берген.

Өзүнө он миңдеген көрүүчүлөрдү батырган Амфитеатр Римдега эң чоң имарат болгон. Бул жерде гладиаторлордун күрөшү жана аскердик кемелердин салгылашуусу өткөрүлгөн. Жер ас-

тындагы чуңкур жерде сахнаны сууга толтуруу мүмкүнчүлүгүн берген курулма курулган. Римдин эң чоң амфитеатры саналган Колизей тарыхтагы улуулуктун күбөсү иретинде азырга чейин сакталып калган.

**Эсте сакта!**

Тит Ливий, Тацит, Плутарх – Рим тарыхчылары.




**Архитектуралык стилдер**

**Эсте сакта!**

Римдиктер жаңы курулуш материалы – бетонду ачышкан.

Бетон ойлоп табылгандан кийин шыптар күмбөз формасында устундарсыз курула турган болду. Римдеги Пантеон ошондой ыкмада курулган (грекчеден «бардык кудайлардын ибадатканасы» маанисин билдирет). Рим империясында жашаган ар бир адам Пантеонго келип өзү ишенген кудайга сыйынуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон: египеттик – Осириске, грек – Зевске, римдик – Юпитерге сыйынган.


Улуу жеңиштерди белгилөө үчүн кооз триумфалдык аркалар курулган.

### Христиандыктын пайда болушу

Эки миң жыл илгери Римдин бийлиги астында болгон Кичи Азия жана Палестин жергесиндеги *Назарет* шаарында жыгач уста *Иосиф* жана анын аялы *Марямдардын* үй-бүлөсүндө «Кудайдын уулу» деген наам алган *Иса Масихтин* (Иисус Христос) төрөлгөндүгү жөнүндө уламыштар


**Эсте сакта!**

Христиан дини биздин замандын I кылымында пайда болгон.



тарала баштайт. 30 жашында Иса чөлдө жашоочу дин үгүттөөчүсү *Чокундуруучу Иоанндын* колунда Иордан дарыясында чокундурулат. Күнөөлүү иш жасагандар Иоаннга тобо кылуу үчүн келишкен. Иса бейкүнөө болсо да, Жаратканга карай жол тазалоочу тобо кылуудан башталышын көрсөтүп берүү үчүн чокунат.


Ал он эки *апостол* менен бирге Палестин боюнча саякат жасап, Кудайдын аяттары жөнүндө баяндап берет жана аларды иш жүзүндө көрсөтөт – өлгөндөрдү тирилтет, жашоодон үмүтүн үзгөн, айыкпас ооруга чалдыккан оорулууларды айыктырат. Еврей руханийлери пайгамбар Исаны диний чындыктарды бузуп түшүндүргөндүктө күнөөлөп, аны өлүм жазасына өкүм кылышат. Рим прокутарору *Понтий Пилат* бул өкүмдү бекитүүгө тийиш болгон. Баштап Понтий Пилат бул ишти аткаруудан баш тарткан, бирок руханийлердин басымы астында макул болот. Исаны жер жүзүндөгү алгачкы адам – Адам Атанын сөөгү коюлган Голгофа тоосунда мамыга керишет. Пайгамбар Иса 3 күндө, оор азаптардын ичинде дүйнөдөн көз жумат. Көзү өткөндөн кийин анын сөөгүн бир үңкүргө коюшат. Үчүнчү күнү сөөгүн жерге берүү үчүн келишкенде, Иса пайгамбардын сөөгү коюлган ордунда жок экендигин көрүшөт. Иса пайгамбар кайра тирилген жана асманга көтөрүлгөн, кайтыш кылган жана тирүү адамдардын жасаган иштерин баалоо үчүн Жер жүзүнө кайра келүүгө убада берген.



**Исанын мамыга керилиши**

***Өзүңдү сынап көр!***


| | |
|---|---|
| ***Иса Масих (Иисус Христос) – …*** | ***Евангелие – …*** |
| ***Понтий Пилат – …*** | ***Епископтор – бул …*** |
| ***Голгофа – бул …*** | ***Апостолдор – бул …*** |



**Император Константин**

Иса жөнүндөгү уламыштар *Евангелие (Инжил)* деп аталган (грекче «Жакшы кабар»). Иса

пайгамбардын окуусун жактоочулар христиандар (насранийлер), ал эми шакирттери болсо апостолдор (хаварийлер) болгон. Христиандардын жамааттарына *епископтор* башчылык кылат. Биздин замандын I кылымы христиандык пайда болгон дата саналат. Рим падышалары христиандарды куугунтуктоого алышкан, жырткыч айбандардын чеңгелине ташташкан, ар түрдүү кыйноолорго салышкан. **Биздин замандын 313-жылында** император Константин христиан дини башка диндер менен тең болгон дин деп жарыя кылынган буйрук чыгарат. Бул буйрук христиандарга ибадатканалар куруу жана ашкере сыйынуу мүмкүнчүлүгүн берет.



**Квинт Курций Руф**



**Плутарх**



**Тит Ливий**

### *Таяныч конспект*

- термдер
- риторика
- архитектуралык стилдер
  - Коринф
  - Ион
  - Дорий
- бетондун ойлоп табылышы
- Пантеон
- тарыхчылар
  - Тит, Ливий,
  - Тацит
- (Иса Масих) Иисус Христос
  - Понтий Пилат
  - Голгофа
  - I кылым
  - Евангелие

*Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Кул ээлөөчү же жакыр римдиктин атынан аңгеме жаз.
2. Рим мамлекетинде билим берүүнүн кандай түрлөрү болгон, эмнелерди окутушкан?
3. Рим архитектурасынын өзгөчөлүктөрүн айт.
4. Римдеги эң чоң курулуштардын аттарын айт.
5. Рим Пантеону жөнүндө эмнелерди билесиң?
6. Иса пайгамбар ким болгон? Христиандык жөнүндө эмнелерди билесиң?

## 54-§. Руханият булактарында

**Эсте сакта!**

Адамзаттын рухани жактан жеткилеңдикке жетүү процесси терең тамырларга жана байыркы салттарга ээ.

Сен жыл бою алгачкы общиналык түзүлүштөн башталган байыркы дүйнө тарыхы менен тааныштың. Эмгек шаймандары өркүндөтүлүп, түшүмдүүлүк жогорулагандан кийин теңсиздик пайда боло баштаган, кул ээлөөчүлөр, кулдар пайда болгон, алгачкы мамлекеттер калыптанган. Жазуу пайда болгондон кийин адамдар өздөрү жашаган коом боюнча мыйзамдар жаза баштаган.

Адамдар илгертеден баасы жок ойлоп табуулар менен ачылыштардан пайдаланып келет. Булар дыйканчылык усулдары, дөңгөлөк, ноо, алиппе, календарь, цифралар, үй жана ушул сыяктуулар.



**Жаратуучулук ар дайым кадырланып келген**

Биз байыркы дүйнө элдери жараткан маданий эстеликтерден таң калабыз. Байыркы авторлордун көптөгөн чыгармалары бизди эмгекти, мекенди сүйүүгө жана айкөлдүккө чакырат.

Жаратуучулук ар дайым кадыр таап келген. Ал тургай байыркы доордо, алыскы ата-бабаларыбыздын жашоосу коопко, көйгөйлөргө толуп – алардын негизги максаты тамак-аш табуу болгондо да адам баласы ааламды түшүнүп жетүүгө аракеттенген. Адам баласынын руханий өркүндөө процесси ошентип башталган.



... Кухитангдын аскаларына, азыркы күндө Зарауткамар же Алтын От деп аталган капчыгайларда байыркы кыл калемдин ээлери кызыл боёк менен жапайы өгүздөргө аң уулоону чагылдырган сүрөттөрдү тартышкан. Алар драмалык кырдаалдарга бай. Бул сүрөттөрдө аң уулоонун жеңиш менен аякташы, аңчылардын шаттыгы жана адамдын аң-сезиминин улуулугу сүрөттөлгөн.

***Өзүңдү сынап көр!***

***Материалдык маданият – бул ...***
***Руханий маданият – бул ...***
***Көркөм өнөр – бул ...***

Эми сен дүйнө тарыхы жана Өзбекстандын тарыхы канча миң жылдарга сүңгүп барышын жакшы билесиң. Ошол алыскы тарыхта биздин өлкөбүздө бай маданий мурастын өнүгүшү үчүн негиз салынган эле. Бул жерде байыркы шаарлар жана мамлекеттер түзүлгөн. Дыйкандар, кол өнөрчүлөр жана куруучулар өздөрүнүн жаратуучулук эмгеги менен өлкөнүн атагын ааламга таратышкан.




**Жаратуучулук – руханияттын негизи саналат**

Мекенге болгон сүйүү көп сандуу баскынчыларга каршы күрөшкөн элдик баатырлардын эрдиктеринде таасын көрүнөт. Томарис, Ширак, Спитамен жана башка көптөгөн эр жүрөк баатырлар мекендин эркиндигин өздөрүнүн жашоосунан жогору коюшкан.

Алгачкы жазма булак – «Авесто»до зороастризмдин улуу жана даанышман жогорку кудайы Ахурамазда тарабынан жаратылган эң мыкты мамлекет иретинде Өзбекстандын байыркы дыйканчылык аймактары баса белгиленет.


Амударыянын этектеринде, байыркы Харезм жерлеринде, Сурхан, Кашкадарыя жана Зерафшан тоолору менен оазистеринде зороастризм дининин үгүттөөчүлөрү изгилик менен жамандыктын ортосундагы түбөлүктүү күрөш жөнүндөгү ыйык оданы ырдашкан. Алар адамдарды тынчтыкка, адилеттүүлүккө жана изгиликке чакырган. Адамдар үй-бүлөгө, үйгө, сууга жана жерге урмат менен карашкан, перзенттерине адам баласынын коомдогу жогорку орду жөнүндөгү түшүнүктү сиңдиришкен. Зороастризм идеясы байыркы коомдун өнүгүшүн белгилеп берген.



**Мырза Улукбектин эстелиги**

Ар кандай коомдун өнүгүшү жаратуучулук идеясынын бар экендиги менен белгиленет.

Ата-бабаларыбыздын тарыхтагы баатырдыгы, эрдиги мекенди сүйүү сезимин тарбиялайт, өз Мекенинин кызыкчылыктарын коргоого үйрөтөт.




**Амир Тимурдун эстелиги**

Өзбекстан Республикасынын Президенти Ислам Каримов улуттук көз карандысыздык идеясынын маани-маңызын ачып берүүдө мамлекетибиздин өнүгүшүн улутуна, тилине жана динине карабастан бүткүл Өзбекстандын жарандары түзгөн коомдун руханий гүлдөп-жайнашы жана жеткилең инсанды тарбиялоо менен тыгыз байланыштырат.

Элибиз изгиликке, тынчтыкка жана жаратуучулукка умтулат. Бул умтулуу бай руханиятка негизделген жана мамлекетибиздин бүгүнкү жана келечектеги өнүгүшү, гүлдөп-жайнашы менен тыгыз байланышта.

Биз Мекенибиздин материалдык жана руханий маданиятын асырап-абайлап көбөйтүргөн түрдө ата-бабаларыбыздын изги иштерин улантууга тийишпиз.



**Алишер Навоийнин эстелиги**

Президентибиз Ислам Каримов өзүнүн «Жогорку руханият – жеңилгис күч» аттуу китебинде «Биз элибиздин дүйнөдө эч кимден кем болбостугу, перзенттерибиздин бизден көрө күчтүү, билимдүү, акылдуу жана сөзсүз бактылуу болуп жашашы үчүн бар күч жана мүмкүнчүлүктөрүбүздү жумшап жатканыбызда руханий тарбия маселеси, шексиз түрдө чоң роль ойнойт», деп баса белгилеген. Руханиятыбызды жогорулатуу жаатындагы максат жана милдеттерди ишке ашыруу үчүн ар бир адам өзүн өлкөсүнүн чыныгы жараны деп туюуга, тарыхты, залкар ата-бабаларыбыздын бай мурасын жана маданиятын терең үйрөнүүгө, бүгүнкү күндөгү дүйнөлүк өзгөрүүлөргө бай реалдуулукту аң-сезимдүү түрдө түшүнүүгө, коомубуз менен мамле-кетибиздин өнүгүшүнө өзүнүн да тиешелүү экен-дигин түшүнүп жетүүгө тийиш.

# ТАРЫХЫЙ ТЕРМИНДЕРДИН СӨЗДҮГҮ

Австролопитек – адамдын эң байыркы түрү.

Агора – Байыркы Грециянын шаарларында Элдик чогулуш өткөрүлө турган жер, борбордук аянт.

Акведук – үстүндө шаарга суу келе турган каналы болгон бийик көпүрө.

Альтамира – Испаниядагы соңку палеолитке таандык аска сүрөттөрү табылган үңкүр.

Амфитеатр – сахнанын айланасында көрүүчүлөр отурушу үчүн орнотулган курулмалар менен курчалган чатырсыз чоң имарат.

Амфора – суюк продуктуларды ташуу жана сактоо үчүн жасалган мойну ичке, кош саптуу чоң кумура.

Амулет – египеттиктердин оюнча, эгерде адам өзү менен кошо алып жүрсө, ар кандай кырсыктардан сактай турган буюм; тумар.

Анимизм – адамды курчап турган чөйрөдө жан менен рухтун бар экендигине ишенүү.

Антикалык – латинче «байыркы».

Антикалык тарых – Байыркы Греция менен Байыркы Римдин тарыхы.

Аргонавттар – алтын терини (сыйкырдуу кочкор терисин) издеп «Арго» деген көп калактуу кемеде деңиз саякатына чыккан Элладанын баатырлары.

Арийлер – байыркы калктар; котормосу «берилген», «эркин» маанисин билдирет.

Археология – материалдык булактарды үйрөнүүчү жана алар боюнча тарыхты кайра калыбына келтирүүчү илим.

Архив – мамлекетке таандык документтер сакталчу жай.

Архитектура — имараттар жана башка курулмаларды куруу өнөрү.

Будда – Сиддхартха Гаутаманын экинчи аты, «Агартылган» түрүндө которулат.

Буддавийлик – б. з. ч. VI кылымда Индияда Сиддхартха Гаутама тарабынан негиз салынган диний окуу.

Варвар – баштап: грекче сүйлөбөгөн ар кандай чет өлкөлүк адам; кийинчерээк бул сөз маданиятсыз адамдарга карата колдонулган.

Гильгамеш – Месопотомиянын мифологиялык каарманы, тарыхий инсан, Урук шаарынын падышасы.

Гоплит – Байыркы Греция жана Греция-Македония армиясынын оор куралданган жөө аскери.

Данайлар – Гомер «Илиада»да гректерди ушундай атаган.

Дельта – Нил дарыясы Жер Ортолук деңизине кепип куюлганда үч бурчтук сымал жалпы көрүнүштү пайда кылган жер.

Демократия – ар бир жаран өз мамлекетин башкаруу маселеси боюнча өз пикирин баяндай алган, ошондой эле мамлекеттин башкаруусунда катыша алган коомдук түзүлүш.

Диадохтор (мураскорлор) – Македониялык Александрдын өлүмүнөн кийин түрдүү аймактардын үстүнөн бийликти ээлеп алган кол башчылар.

Диктатор – чексиз бийликке ээ өкүмдар, «диктатура» – латинче «чексиз бийлик» түшүнүгүн билдирет.

Династия (тукум) – удаалаш бийлик жүргүзгөн падышалар тукуму; династиянын өкүлдөрү көбүнесе бир аталыш менен аталган, мисалы, ахаманийлер.

Жасалма сугаруу – каналдардын жана арыктардын жардамында эгиндерди сугаруу.

Зиккурат – үстүндө ибадатканасы болгон тепкичтүү ири мунара.

Ибадаткана – ыйык деп жарыяланган, адамдар кудайларга сыйынчу жай.

Иероглиф – байыркы гректер египеттиктердин жазуусун ушуңдай аташкан; «ыйык жазуулар» деген маанини билдирет.

«Илиада» – Гомердин Троя согушу жөнүндөгү поэмасы.

Император – латинче «өкүмдар», Байыркы Римде баштап – ардактуу аскердик наам, кийинчерээк абсолюттук өкүмдарга таандык наам.

Империя – мамлекет башчысынын чектелбеген бийлиги жүргүзүлгөн мамлекет.

Италиктер – Апеннин жарым аралында жашаган байыркы уруулар.

Карыздарлык кулдугу – карызды өз убагында кайтара албаган эркин жарандардын кулдарга айландырылуу процесси.

Курмандык чалуу – кудайлардын ботрукердигине жетишүү максатында кудайларга аталган тартуулар.

Капитолий дөңсөөсү – Римдеги эн бийик дөңсөө.

Колониялар – өз элинен таштап чыккан адамдар тарабынан башка жаңы жерлерде негиз салынган турактар жана шаарлар.

Консул – Республика доорунда Римдеги жогорку саясий кызмат. Ар жылы шайланган эки консул Сенатка жана армияга башчылык кылган.

Көчмөндөр – туруктуу жашоочу жерине ээ болбогон адамдар.

Легион – Рим армиясында эн ири согуштук бирдик.

Клинопись – шумерлердин  жана фарстардын байыркы жазуусу

Кул – башка бир адамдын мүлкү болгон жана ишчи күчү катары иштетилген эрксиз адам («сүйлөөчү эмгек куралы»); кулду сатууга жана сатып алууга мүмкүн болгон.

Метек – Афинада жашаган чет өлкөлүк.

Мозаика – түстүү чопонун же айнектин сыныктарынан шыбакка кадалып полго же дубалга иштелген көрүнүштүн сүрөтү.

Мохенжодаро – Индиядагы эң байыркы цивилизация.

Мумияланган дене – жерге коюуга даярдалган, атайын көпкө сакталуучу заттардын кошулмалары менен иштелген сөөк.

Некрополь – мүрзө; күмбөз.

«Ном»дар – Египетгеги алгачкы мамлекеттер.

Ойкумена – Жер жүзүнүн адамдар жашай турган бөлүгү, чек арасы.

Олимпиялык оюндар – Пелопенос жарым аралындагы Олимпия шаарында  төрт жылда бир жолу Олимпиялык Зевстин урматына атап өткөрүлчү жалпы грек спорт мелдештери.

Папирус – өзөгү жазуу материалын даярдоо үчүн иштетилген камыш.

Патрицийлер – сенаторлордун урпактары.

Плебейлер – жөнөкөй калк, шаардыктар, кедейлер.

Пирамида – таштан курулган ири имарат, фараондордун күмбөзү.

Республика – «жалпы иш» деген маанини билдирет, түзүлүштүн аты.

Сенат – «Аксакалдар кеңеши» деген маанини билдирет.

Стратег – Афинанын аскердик башчысы.

Сфинкс – тулкусу арстандыкы, башы адамдыкы болгон, пирамидаларды коргоочу мифологиялык жаныбар.

Термдер – байыркы Рим шаарындагы жалпы мончолор.

Тиран – абсолюттук бийликке ээ болгон падыша.

Фаланга – оор куралданган жоокерлердин бир нече, адатта 9 же 16 катар сап тартышы.

Фараон – Египеттин падышасы; «ыйык үй» маанисин билдирет.

Философия – грекче «фило» – сүйүү, «софия» – даанышмандык түшүнүктөрүн билдирет.

Фреска – кургай элек шыбакка тартылган сүрөт.

Форум – чогулуш жайы жана базар аянты болуп кызмат кылган шаардын борбору.

Шаар-мамлекет (полис) – айланасындагы аймактарды өзүнө камтыган, өзүн-өзү башкарган шаар.

Хронология – кылымдар, доорлор, убакыт өлчөмү жөнүндөгү илим; ар түрдүү тарыхый окуялардын датасы хронологиянын жардамында аныкталат жана такталат.

Цивилизация – байыркы коомдук өнүгүүнүн кыйла жогорку деңгээли (шаарлардын, жазуулардын жана мамлекеттердин өнүгүшү).

Чоппер – бир жак учу гана курчталган чоң таш курал.

Эллада – Байыркы Греция

Эллиндер – байыркы гректер; баштап Грециянын бардык калкы ушундай аталган.

## *ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ КАЙТАЛОО*

Байыркы дүйнө тарыхын үйрөнүүдө тарыхый термин жана аталыштарды кандай өздөштүргөнүңдү сынап көр. *Жоопторуңду текшерүү үчүн ошол терминдер берилген беттер да көрсөтүлгөн.*


авгурлар - 157
агора - 98
акведук- 155
альтар - 157
амфитеатр - 164
анимизм - 16
антропологдор - 8
апостолдор - 179
археологдор – 8
аска таш сүрөттөрү - 16
алгачкы общиналык түзүлүш - 10
буддавийлик - 68
гиксостор - 36
гладиаторлор - 164
гоплиттер - 92
демократия – 100
диктатор – 150
ибадаткана - 41
иероглифтер - 44
илоттор - 95
жазма булактар – 9 – 10
зороастризм - 85
зиккурат - 49
карапачылык – 20
касталар (варналар) - 65
клинопись - 54
колониялар - 97
колондор - 163
консул - 153
лингвисттер (тилчилер) - 8
ликтор - 153
матриархат - 11
мезолит- 19
метектер - 93
микролиттер - 207
миной цивилизациясы - 90
мозаика – 155
мумия - 44
мумиялоо - 42
неолит - 12
«нам»дар - 34
нумизматика - 5
ойчул - 114
оссуарий - 87
өздөштүрүүчү чарба - 14
өндүрүүчү чарба – 20
акинак - 127
палеолит - 12
палестра (мектеп) - 94
папирус - 44
патриархат - 11
патрицийлер - 152
периектер - 95
пирамидалар - 40
плебейлер - 152
полистер – 92
понтифик -157
проконсулдар - 161
провинциялар – 161
республика – 152
риторика- 176
сагарис - 128
саркофаг (таш табыт) - 41
сатрап - 122
сенат - 152
стиль - 93
стратег - 100
сфинкс - 42
термдер - 180
триера - 105
тогу - 156
төлгөчү – 39
триумф - 159
урук - 11
урук жамааты -11
фаланга - 92
фараон – 35
фетишизм -16
фреска - 155
цивилизация – 30
чопо идиш - 21
чыгыр - 143
чопперлер - 14
эллиндештирүү - 134
эллиндер - 97
энеолит – 12
эпиграфика -5
этнографтар – 8

## *БАЙЫРКЫ ДҮЙНӨ ТАРЫХЫНА ТААНДЫК ТАРЫХЫЙ ЖАНА ГЕОГРАФИЯЛЫК ТЕРМИНДЕР*


Александрия Эсхата 129
Айрытам 143
Аккад 47
Алтындөбө
Альтамира 16
Апеннин 150
Ассирия 56
Афина 93
Ашшур 96
Афрасияб 80
Бактрия (Зариасп) 128
Бактрия 128
Бехистун 9
Вавилон 52
Везувий 165
Византия 172
Ганга 62
Голгофа 178
Грек-Бактрия падышалыгы 134
Греция 90
Даван (Паркана) 139
Далварзиндөбө 143
Жанбаскалаа 137
Жаркотон 23
Байыркы Бактрия падышалыгы 81
Евфрат 47
Египет 32
Жеркоргон 80
Заманбаба 23
Зараутсай 20
Зардөбө 143
Зинж 13
Иерихон 29
Инди 62
Испания 158
Италия 150
Иудея 59
Кангха (Кангюй) 138
Калаалыкыр 137
Карадөбө 143
Карфаген 159
Койкырылганкалаа 137
Константинополь 172
Коринф 107
Корсика 160
Крит (Кносс) 91
Кошала 66
Ктесифон 171
Көлбулак 14
Курушкат (Кирополис) 129
Кушан падышалыгы 139
Кошулуш 20
Кызылдөбө 80
Көзөлүү кыр 123
Лагаш 50
Лаконика 95
Ласко 16
Ливия 37
Магадха 66
Малла 66
Македония 106
Мараканда 129
Маргиана 120
Маурья 66
Мачай 20
Мемфис 38
Месопотамия 47
Мидия 60
Митанни 56
Мохенжодаро 63
Наутака 127
Нил 23
Ниневия 57
Нубия 35
Обишир 20
Окс (Амударья) 126
Олдувай 12
Олимпия 108
Ольвия 97
Палестин 58
Пантикапей 97
Парфия 167
Паталипутра 66
Персеполь 61
Пирей 93
Платей 105
Рим 170
Саламин 104
Сапалдуу дөбө 24
Сардиния 160
Салавкийлер падышалыгы 131
Селенгур 13
Сирия 35
Согдиана 129
Сидон 58
Тибр 150
Фаяздөбө 144
Эки дарыя аралыгы 147

## БАЙЫРКЫ ДҮЙНӨ ТАРЫХЫНДАГЫ АТТАР


Аларих 173
Антоний 168
Антиох 134
Аристотель 115
Аристофан 112
Арриан 9
Архимед 115
Атилла 174
Ашшурбанапал 57
Бесс 127
Брут 168
Будда 67
Ганнибал 160
Гераклит 114
Геродот 115
Гильгамеш 50
Гомер 110
Доро I 61
Деметрий 135
Демокрит 114
Демосфен 106
Диоген 114
Диодот 135
Драконт 99
Дюперрон А. 86
Евтидем 135
Зороастр 85
Иисус Христос 178
Кадфиз Вима 143
Кадфиз Кудзула 143
Камбиз 37
Канишка 143
Квинт Курций Руф 9
Киаксар 60
Кир II 120
Клеопатра 168
Константин 172
Красс 167
Лю Бан 74
Македониялык Александр 127
Менес 34
Мильтиад 104
Минос 110
Митридат 135
Навуходаносор II 53
Нерон 169
Октавиан Август 168
Перикл 101
Понтий Пилат 179
Платон 116
Полиен 121
Помпей 167
Рихтгофен Ф. 146
Рокшанак (Роксана) 130
Ромул 151
Саргон I 51
Сардур I 57
Салавка 134
Сима Цянь 9
Скунха 121
Сократ 116
Солон 99
Софокл 112
Спартак 165
Спитамен 129
Страбон 9
Сципион 158
Тарквиний151
Траян 169
Тутанхамон 42
Тутмос II 37
Тутмос III 37
У Ди 74
Фрада 121
Хаммурапи 52
Хуфу (Хеопс) 43
Цинь Шихуанди 72
Чандрагупта 66
Шампольон Ж. 44
Ширак 121
Шлиман Г. 110
Фидий 113
Филипп II 106
Цезарь 167
Яхмос 36

## *БАЙЫРКЫ ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ ДАТАЛАРДА*

б. з. ч. 1 миллион – 100-миң жылдыктар – Орто Азияда алгачкы палеолит доору
б. з. ч. 100 – 40 -миң жылдыктар – ортоңку палеолит доору
б. з. ч. 40 – 12-миң жылдыктар – соңку палеолит доору
б. з. ч. 12 – 7-миң жылдыктар – мезолит доору
б. з. ч. 6 – 4-миң жылдыктар – неолит доору
б. з. ч. 4 – 3-миң жылдыктардын ортолору – энеолит доору
б. з. ч. 4-миң жылдыктар – Месопотамияда шумер жана аккаддардын турактары; Урук, Эриду, Лагаш, Ур шаарларынын пайда болушу
б. з. ч. 4-миң жылдык – Нилдин жээктеринде турактардын пайда болушу
б. з. ч. 2 600-жыл – Египетте Хеопс (Хуфу) пирамидасынын курулушу
б. з. ч. 3-миң жылдык – Элам мамлекетинин пайда болушу
б. з. ч. 3 – 2-миң жылдыктар – Кытайда цивилизациянын пайда болушу
б. з. ч. 3-миң жылдык – Мохенжодаро жана Хараппа шаарларынын пайда болушу
б. з. ч. 3-миң жылдыкттын ортолору – 2-миң жылдык – коло доору
б. з. ч. 3 – 2-миң жылдык – «Лаал жолу»нун өнүгүшү
б. з. ч. 2-миң жылдык – Алдынкы Азия аймактарында алгачкы ири мамлекеттердин пайда болушу: Хетт, Митанни, Ассирия
б. з. ч. 2-миң жылдык – Вавилон падышалыгынын түзүлүшү
б. з. ч. 2-миң жылдык – Заманбаба, Сапалдуу дөбө жана Жаркотон сыяктуу ири дыйканчылык турактарынын түзүлүшү
б. з. ч. 2-миң жылдык – Микен жана Крит мамлекеттеринин түзүлүшү
б. з. ч. XVIII кылым – Вавилондун падышасы Хаммурапи (б. з. ч. 1792 – 1750-жылдар) Месопотамияны жеке мамлекетке бириктирди
б. з. ч. 1 500-жыл – фараон Тутмос II нин ири баскынчылык жортуулдары
б. з. ч. XIII кылым – Ассирия мамлекети падыша Саламанасардын доорунда өз өнүгүшүнүн туу чокусуна чыккан
б. з. ч. XIII кылым – «деңиз элдери» Хаттусаны талкалашты
б. з. ч. 1 200-жыл – Микен малекетинин дарийлер тарабынан талкаланышы
б. з. ч. XII кылым – дарийлер Лакониканы жеңишти жана Спарта шаарына негиз салышты
б. з. ч. XI кылым – Израиль мамлекетинин түзүлүшү
б. з. ч. IX кылым – фарстардын Ирандын түштүгүнө жайлашуусу
б. з. ч. IX кылым – VIII кылымдын башталышы – Урарту мамлекетинин эң гүлдөп өнүккөн доору
б. з. ч. VIII – VI кылымдар – Улуу грек колониялаштыруусу
б. з. ч. VIII – VI кылымдар – Херсонес, Пантикапей, Танис, Фацис, Трапезунд колонияларынын пайда болушу
б. з. ч. 1-миң жылдык – зороастризмдин Орто Азия аймагында таралышы
б. з. ч. IX – VIII кылымдар – Орто Азияда темир кылымына өтүү доору
б. з. ч. VIII кылым – Италияда 12 шаар-союздун пайда болушу
б. з. ч. 776-жыл – Олимпия оюндарынын алгачкы жолу өткөрүлүшү
б. з. ч. 753-жыл – Римдин түзүлүшү
б. з. ч. VII кылым – Египеттин кайрадан жеке мамлекетке биригиши

б. з. ч. VII кылым – Харезмде Бактрия падышалыгынын түзүлүшү
б. з. ч. VII – IV кылымдар – Кызылдөбө, Афрасияб, Узункыр, Жеркоргон, Көзөлүү кыр шаарларынын өнүгүшү
б. з. ч. VII – VI кылымдар – Индияда Магадха, Кошала, Малла мамлекеттеринин пайда болушу
б. з. ч. VII – V кылымдар – Кытайда «көп падышалык» доору
б. з. ч. 621-жыл – Драконт мыйзамдарынын кабыл алынышы
б. з. ч. 605-жыл – Ассирия падышалыгынын кулашы
б. з. ч. 594-жыл – Афинада Солон реформаларынын өткөрүлүшү
б. з. ч. 558-жыл – Фарс падышалыгынын түзүлүшү (Кир II)
б. з. ч. 545 – 540-жылдар – Парфия, Мариана жана Бактрияны Кир II тарабынан басып алынышы
б. з. ч. 539-жыл – Вавилондун фарстар тарабынан басып алынышы
б. з. ч. 530-жыл – Кир II нин Орто Азияда курман болушу
б. з. ч. 525-жыл – Египеттин байыркы фарс падышасы Камбиз тарабынан басып алынышы
б. з. ч. 522-жыл – Доро I – империянын сатраптыктарга бөлүнүшү
б. з. ч. 522-жыл – Доро I ге каршы Фраданын көтөрүлүшү
б. з. ч. 519-жыл – сак урууларына каршы Доро I дин баскынчылык жортуулдары
б. з. ч. 509-жыл – Римде Республиканын жарыяланышы
б. з. ч. V – IV кылымдар – Орто Азия аймагында алгачкы тыйындардын таралышы
б. з. ч. 490 – 449-жылдар – грек-фарс согуштары
б. з. ч. 490-жыл – Марафон өрөөнүндөгү салгылашуу
б. з. ч. 480-жыл – Фермопиль салгылашуусу
б. з. ч. 480-жыл – гректердин фарстар менен алып барган Саламин салгылашуусу
б. з. ч. 479-жыл – Платея шаарына жакын жердеги салгылашуу – гректердин жеңиши
б. з. ч. 443 – 429-жылдар – Афинада стратег Периклдин бийлиги
б. з. ч. IV кылым – харезмийлер, сактар жана массагеттердин Ахаманийлердин эзүүсүнөн боштондукка чыгышы
б. з. ч. 338-жыл – Хероньяга жакын жердеги салгылашуу – македониялыктар тарабынан гректердин талкаланышы
б. з. ч. 337-жыл – грек шаарларынын шаар-мамлекеттер союзуна биригиши
б. з. ч. 334-жыл – Македониялык Александрдын Чыгышка жортуулу
б. з. ч. 330-жыл – Македониялык Александр тарабынан Ахаманийлер империясын басып алынышы
б. з. ч. 329-жыл – Македониялык Александрдын башчылыгындагы грек-македониялыктар тарабынан Мараканданы басып алынышы
б. з. ч. 329-жыл – Зерафшан дарыясынын жээктериндеги салгылашууда грек-македониялык кошуундардын талкаланышы
б. з. ч. 328-жыл – Македониялык Александрдын армиясы менен болгон салгылашууда Спитамендин жеңилиши
б. з. ч. 327-жыл – Македониялык Александр тарабынан Индиянын басып алынышы
б. з. ч. 323-жыл – Македониялык Александрдын кайтыш кылышы
б. з. ч. 318-жыл – Чандрагупта тарабынан грек-македониялыктардын индиядан айдап салынышы

б. з. ч. 312-жыл – Салавка падышалыгынын башталышы – Салавкийлер мамлекетинин негиздөөчүсү
б. з. ч. 280-жыл – Салавкийлер мамлекетинин падышасы Антиох
б. з. ч. III кылым – Жеке Цинь мамлекетинин түзүлүшү
б. з. ч. 250-жыл – Грек-Бактрия мамлекетинин түзүлүшү
б. з. ч. 250-жыл – Парфия мамлекетинин түзүлүшү
б. з. ч. III кылым – Зороастризм окуусунун бардык тексттери 21 китепке чогултулган
б. з. ч. III кылым – Кангха мамлекетинин түзүлүшү
б. з. ч. III кылым – Даван мамлекетинин түзүлүшү
б. з. ч. III кылым – Харезмдеги Жанбаскалаа жана Койкырылганкалаа шаарлары
б. з. ч. 246 – 210-жылдар – Кытайда Цинь Шихуандинин бийлиги
б. з. ч. 216-жыл – Каннга жакын жерде Рим армиясынын талкаланышы
б. з. ч. 206-жыл – Кытайда Цинь династиясына каршы көтөрүлүш
б. з. ч. 202-жыл – Зама шаарына жакын жерде римдиктер тарабынан Карфаген армиясынын талкаланышы
б. з. ч. 140 – 87-жылдар – Кытайда У-Ди падышалыгы
б. з. ч. II кылым – Улуу Жибек жолунун калыптанышы
б. з. ч. 146-жыл – римдиктер тарабынан Карфагендин ойрондолушу
б. з. ч. 140- же 130-жыл – Грек-Бактрия мамлекетинин юечжилер (кушандар) тарабынан басып алынышы
б. з. ч. I кылым – Парфия мамлекетинин гүлдөшү
б. з. ч. I кылым – Кытайда кагаздын ойлоп табылышы
б. з. ч. 74-жыл – Спартактын көтөрүлүшү
б. з. ч. 71-жыл – Спартактын армиясынын талкаланышы
б. з. ч. 55-жыл – Карра шаарына жакын жерде Красстын армиясынын талкаланышы
б. з. ч. 49-жыл – Юлий Цезарь – Римдин императору
б. з. ч. 29-жыл – Октавианга Сенат тарабынан император наамы менен Август атынын ыйгарылышы
биздин замандын 98-жылы – Рим императору Траяндын доорунда мамлекеттин кризистен чыгышы
биздин замандын I – II кылымдары – Кушан падышалыгынын гүлдөгөн доору
биздин замандын II кылым – Кытайдагы «сары жоолукчандар» көтөрүлүшү
биздин замандын II – III кылымдары – Харезмдеги Топураккалаа шаарынын курулушу
биздин замандын III кылымы – Кушан мамлекетинин ыдырап кетиши
биздин замандын 330-жылы – Рим империясынын борбору – Византия (Константинополь)
биздин замандын 394-жылы – Олимпия оюндары өткөрүлүшүнүн токтотулушу
биздин замандын 395-жылы – Рим империясынын бөлүнүшү: Батыш жана Чыгыш
биздин замандын 410-жылы – Аларихтин башчылыгындагы готтор тарабынан Римдин ойрондолушу
биздин замандын 452-жылы – Италияга гунндардын бастырып кириши – Атилла
биздин замандын 455-жылы – Римдин вандалдар (герман уруулары) тарабынан басып алынышы
биздин замандын 476-жылы – Батыш Рим империясынын кулашы

**ANATOLIY SAGDULLAYEVICH SAGDULLAYEV**
**VASILIY ANUFRIYEVICH KOSTETSKIY**

# TARIX

## QADIMGI DUNYO

*(Qirg'iz tilida)*

*Umumiy o'rta ta'lim maktablarining 6-sinfi uchun darslik*

Toshkent — "Yangio'l poligraf servise" — 2013

Которгон *А. Зулпихаров*
Редактору *А. Зулпихаров*
Техникалык редактору *Б. Азимов*
Компьютерде даярдаган *К. Костецкий*
Корректору *Р. Зулпихаров*

Басууга кол коюлду _______. Офсеттик басма. Форматы 70х90 1/16. "Arial" гарнитурасы. Кегль 12,10 шпондуу. Ш. б. т. 11,0. Э. б. т. 10,8. Нускасы _____. Заказ № ______.

**"Yangio'l poligraf servise" ЖЧКнын басмаканасында басылды.**
**Янгиюль ш., Самарканд көчөсү, 44.**

## Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөткөн жадыбал

| № | Окуучунун фамилиясы жана аты | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

## Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан баалоонун төмөнкү критерийлери негизинде толтурулат:

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин алгачкы ирет пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, көчпөгөн, беттеринде жазуулар жана сызыктар жок. |
| Канааттандырарлуу | Мукабасы эзилген, кыйла сызылып, четтери тытылган, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн ажыралуу абалы бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлуу ремонттолгон. Көчкөн барактары кайра калыбына келтирилген, кээ бир беттерине сызылган. |
| Канааттандырарлуу эмес | Мукабасына сызылган, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандырарлуу эмес ремонттолгон. Беттери жыртылган, барактары жетишпейт, сызып, боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |